БАКТЫЛУУЛУК КЫЛЫМЫНАН ТАРТА КҮНҮБҮЗГӨ

# Исламдын изги маданияты

4

Осман Нури ТОПБАШ



БАШАК

**ИСЛАМДЫН ИЗГИ МАДАНИЯТЫ - VI**
Осман Нури Топбаш

Published by Erkam Publications at Smashwords
Copyright © 2011 by Osman Nuri Topbas

Smashwords Edition, License Notes
All rights reserved. No part of this publication may be reproduced, stored in a retrieval system, or transmitted in any form or by any means, electronic, mechanical, photocopying, recording or otherwise, without the prior permission of the copyright owner.

E-mail: english@islamicpublishing.net
Web site: http://www.islamicpublishing.net

**МАЗМУНУ**

Баш сөз
Мамиле (муамалат)
1. Адилеттүүлүк
2. Кечиримдүүлүк жана кемчиликтерди жашыруу
3. Адам укугуна аяр мамиле жасоо
а. Ата-эненин акысы
б. Үй-бүлөнүн акы-укугу
в. Тууганддын акы-укугу (сыла-и рахим)
г. Коңшунун акы-укугу
д. Адамды баалай билүү
е. Эч кимдин көңүлүн оорутпоо жана эч кимге капа болбоо
4. Жардам берүү
5. Тынчтыкты жана бейпилдикти камсыз кылуу
6. Биримдикти жана ынтымакты камсыз кылуу
7. Кеңешүү
8. Тең салмактуулук жана жети өлчөп бир кесүү
9. Белек берүү
10. Меймандостук
11. Адеп
а. Кеп (сүйлөө) адеби
б. Сүкүт жана ой чабыт
12. Тазалык жана сыпаалык

Сөздүн эң улуусу, ыйыгы – Алланын Китеби.
Жолдун эң мыктысы, эң аруусу – сүннөт жолу.
Эң кубаттуу калкан – такыбаалык.
Айтылгандын эң шарапаттуусу – Алланын сөзү.
Топук кылып, шүгүр келтирилген азыноолак мал-мүлк топук кылынбаган көп дүнүйөдөн артык.
Эң пайдалуу илим – ирфан илими.
Эң оор дарт – өлүм алдындагы оору.
Эң жаман абал – кыяматтагы бушаймандык.
Эң чоң жаңылыштык – жалганчылык.
Эң пайдалуу байлык – топук, канаат.
Эң мыкты ыйман - жүрөктөн түнөк тапкан ыйман.
Зекетсиз, кайыр-садагасыз табылган акча акыретте ээсин жер каратат.
Кирешенин эң жаманы – кызыл кулактык менен табылган жана
пайызга алынган акча.
Сокурлуктун эң оору – жүрөктүн сокурлугу.
Ысыраптын баары – биринен-бири өткөн оор күнөө. Бирок, эң кейиштүү нерсе – адамдын өзүн-өзү ысырапка учуратышы.

## Баш сөз

Ааламдардын ардагы Азирети Мухаммадга *(саллаллаху алейхи васаллам)* бизди үммөт кылып, нагыз бак-таалайды ыроологон Улуу Алла Таалага чексиз алкыш жана даңк! Бүткүл ааламга ырайым катары жиберилип, өзүнүн үлгүлүү адамгерчилиги менен *«Исламдын изги маданиятын»* түптөп, жалпы адам баласына бейиш жолун көрсөтүп кеткен пайгамбарлардын султаны Азирети Мухаммад Мустафага сан миң салам жана сала ваттарды айтабыз!

Ааламдагы мүлдө макулуктун ичинен адамзааданы гана «ахсан-и таквим-эң көрктүү түзүлүштө» жараткан Алла Таала пендесинин бардык иш-аракетин, адеп-ахлагын, ибадаттарын, түбөлүк ааламга кайтышын эң изги таризде жүзөгө ашып туруусун каалайт. Анткени Алла Таала жер жүзүнө өкүл кылып дайындаган адампенденин бул улуу шарапатка татыктуу болуп өмүр кечиришин, натыйжада бейишти да, ал аркылуу Өз жамалын көргөзүүнү да максат кылган.

Ошол себептен адампенде өмүрү өткөнчө Куран менен сүннөттөн тайбай, изгиликтин майданында жашай алса, чыныгы инсандык баага арзыйт. Атагы алыска кеткен залкарлардын: *«Адам уулу канткенде адам болот?»* деп башкатырган суроосунун түйүнү дал ушунда жатат. Анткени ар бир макулук өз деңгээлине жараша жашап өтөт.Эгер өз деңгээлине жарашпаган иштер менен алек болуп, жаңылыш жолго түшкөн болсо, өз деңгээлине көө жапкан болот.

Маселен, жакут, бермет жана алмазды алалы. Бул таш тегиндеги заттар, адатта бекем, нары кооз кутуларда сакталып, өтө маанилүү иштерге жумшалат. Демейки шагыл таштар болсо жолдогу чуңкурларды толтуруу үчүн колдонулат. Кызыгы, баасы кымбат ошол акак, жакуттарды «эмне болсо ошо болсун, баары бир таш эмеспи» деген түшүнүк менен жолдогу чуңкурларды толтурууга жумшоо, арийне, жеткен акмактык жана жосунсуз жорук!

Мына ушул сыяктуу барча макулуктун көз кареги саналган адамзааданын өтө маанилүү, өзгөчө касиеттүү амалдарды өтөөнүн ордуна кайдыгерликте ныксырап өтүшү ашкере акмакчылык. Жа дагалса өзүнүн инсандык баркын, бийик шарапатын аңдай албоо– наадандык, нары кайдыгерлик. Мындай адамдар Алланын алдындагы ызаат-урматтан, инсандык касиеттен кол жууп, өзүнө-өзү жамандык тилеген болуп эсептелет.

Адам баласынын бул сынак дүйнөдөгү кайдыгерлигине жана наадандыгына ишаарат кылган Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деген:

*«Жакшы болуу кыйын, шермендечилик көз ачып жумганча».*

Бул багытта кеменгер ата-бабаларыбыздын:

*«Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста».*

*«Жакшыга жанаш, жамандан адаш»* деген накыл кептери бекеринен айтылган эместир

Бул өңүттөн адампенде ар дайым рухий тарбияга муктаж. А тарбия болсо адамдын табиятында жок нерсени жаратпайт. Маселен, такыбаалык менен бузукулукка, жакшылык менен

жамандыкка болгон шык адамдын табиятында бар. Рухий тарбия – киши табия-тындагы терс шыктын, ышкынын баарын өчүрүп, жакшы жактарын өөрчүтүүнүн жападан жалгыз жолу.

Ошол себептен Жараткан Алла Таала напсинин сан миң азгырыгына алданбай, ыплас жашоодон оолак болуп, табиятыбыздагы асыл сапаттарды өөрчүтүү үчүн «ахсан-и таквийм - эң мыкты түзүлүш» аттуу изги долбоорду Өзүнүн Китептери аркылуу жалпы адам баласына маалымдаган. Аны ишке ашырып, бизге таалим берсин деп пайгамбарларды жиберген.

Анткени бир нерсени жаратуу үчүн тек гана мыкты деп эсептелген жоболорду жаза кою же иштеп чыгуу жетиштүү эмес.Жол-жоболор, мыйзам-өкүмдөр канчалык кынтыксыз болбосун,алардын кагаздан жүзөгө, сөздөн ишке ашырылышын тастыктоо кажет. Тескерисинче, ал изги жоболор адамдын аң-сезимине сиңбей, куру кыял бойдон калып кетет. Бул нары катаал, нары татаал сынак дүйнөдө пендезаада үлгүгө муктаж болгону болгон. Акыйкат-чындыкты, дүйнөнүн сулуулугун, өмүрдүн баалуулугун өрнөксүз, мисалсыз аңдоо мүмкүн эмес. Үлгүнүн шарапаты менен аң-сезим агарып, жакшыны да, жаманды да таамай тааный алат. Ошондуктан адамды түбөлүк бак-таалайга жеткире турган, Жараткан койгон изгилик жоболорун жүрүм-туруму,жашоо ыңгайы менен көрсөтө турган мыкты үлгүгө, ахлактык жолбашчыга муктажбыз.

Азирети Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)*аркылуу Ыйык Курандын жиберилишиндеги аялуу сыр да мына ушул жерде жатат. Тактап айтканда, Курандагы өкүмдөрдү, буйруктарды жүзөгө ашырып, аны менен жашоо гана туура болоору Алла Элчисинин өмүр-жашоосунан кашкайып көрүнүп турат.Пайгамбарыбыз болбогондо, көрпенде напсиге алданып диндин өкүмдөрүнө кол шилтеп, аларды жүзөгө ашыруу мүмкүн эместигин жар салмак. Анткени мурунку пайгамбарлардын көзү өтүп,алар алып келген улуу мыйзамдарды орундатар адамдар калбай калган доорлордо пенделер Алланын китептериндеги нечендеген изги эреже-жоболорду, буйруктарды четке кагуу менен: «Буларды жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес!» деп өз кызыкчылыктарына жараша жеңилдетип, бузуп жок кылышкан.

Буйрулган улуу мыйзамдарды жүзөгө ашырууга чындыгында адам баласынын дарамети жетерин тажрыйба өзү көрсөткөн. Алланын акыркы Китеби саналган Ыйык Куран Азирети Мухаммаддын жүрөгүнө илхам кылынып, аты аталган жогорудагы улуу долбоор ага ыроолонгон. Жалгыз өзүнө гана ыроолонбостон аманат катары,белгиленген чекке чейинки адамдарга жеткирүү, аларга сүйдүрүү,«мыкты түзүлүшкө» өрнөктүк кылуу шарты менен берилген.

«... (Элчим!) Мурунку Китептерди тастыктоо, адамдарга жолкөрсөтүүчү жана сүйүнчү иретинде Алланын уруксаты менен сенин жүрөгүңө Жабраил Куранды салган»(Бакара сүрөсү, 97-аят).

Ардактуу Пайгамбарыбыздын жүрөгүнөн түнөк тапкан Куран заматта анын бүтүндөй турпатынан көрүнө баштайт. Денетурпатынан гана эмес, сөзүнөн да, жүрүм-турумунан да, абийири,ой пикиринен да оргуштап, көптөрдү ойго салат. Ошентип Азирети Мухаммад Мустафанын бүтүндөй жашоосу Ыйык Курандын жандуу мүнөздөмөсү, акыйкат аныктамасы, чечмелениш-тафсири болуп кала берди. Алла Таала анын жеке адамдык сапатын Өзүнүн акыйкаттары жана артыкчылыктары менен шөкөттөйт.

Адампенде өзү жактырган тарапты үлгү тутат. Бирөөгө окшошууга болгон арзуусу күчөсө, окшошууга аракет кылса, демек, анын сүйүүсү күчтүү. Өрнөк (идеал) тутунуу – катуу жактыруунун белгиси. Ар бир элдин калыптанган багыты, ошол жакшылыкты таштап кеткен көсөмү болот. Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* үлгүлүү адамгерчилигинен, сүйүүсүнөн жаңы жашоо тапкан сахабалар анын Пайгамбарлык тарбиясынан калыптанып, тарыхка «асры-саадат - бактылуулук кылымын» тартуу кылды. Хунайн казатында сахабалар андан кайрат алды, Ухуд согушунда берилүүнү жана тобокелчиликти аны менен кошо баштан кечирди. Жумушта,үй-бүлөдө, соодада, жеке мамиледе, социалдык вазийпаларда, ахлактуулукта болсун, же ибадат кылууда болсун, сахаба атпай аны үлгү тутунуп, бүтүндөй изгиликти андан алды. Пайгамбарга болгон ысык ыйман, урмат-сый жана талыкпай ээрчүүнүн натыйжасындагана алар сахаба деген улук шарапатка эгедер болуп, ахлак менен адамгерчиликте кол жеткис бийиктерге жетишти.

Куранда минтип айтылат:

«(Элчим!) Сен шек-күмөнсүз изги ахлактын сересиндесиң!» (Калам сүрөсү, 4-аят).

Азирети Пайгамбарыбызга Курандагыдан артык мүнөздөмө берүүгө мүмкүн эмес. Анткени Жараткан Алла Таала адам баласына тиешелүү барча асыл сапаттарды, ахлактуулукту, изги кулк мүнөздүн эң мыктысын Азирети Мухаммаддын боюна ширеткени чындык.

Ушул себептен болсо керек, ыймандуусу да, ыймансызы да Алла Элчисинин ажайып ахлагына жана асыл сапаттарына таң калып келет. Жадагалса, көптөгөн Ислам душмандары: «Биз сенин ишенимдүү жана чынчыл адам экендигиңди билебиз. Бирок ушу алып келгениңди каалабай турабыз» деген каардуу мушрик Абу Жахилден тарта бүгүнкү күндөгү нечелеген таанымал каапырлар да ардактуу Пайгамбарыбыздын адамдык сапатынын бийиктигин,анын улуу инсан экендигин моюнга алып жүрүшөт. Тарых анын изгилигин ошондон берки ар бир кылымда эң алдыңкы сапка каттап келет. Мына ошонун бирине назар салалы.

Америкалык илимпоз Майкл Харт 1979-жылы тээ Адам Атанын доорунан берки жашап өткөн эң таасирлүү адамды аныктоо боюнча атайын иликтөө жүргүзөт. Улуу инсандардын, залкарлардын баарыншык-жөндөмүнө, күрөшүнө, ийгилигине, ишмердигине байланыштуу толгон токой маалыматтарды топтойт. Жумушчу топтун бир нече айга созулган иликтөөсүнүн жыйынтыгында Азирети Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* дүйнөдөгү эң таасирлүү адам деп табылат.

Мындан көп өтпөй 1979-жылы Ле Поинт аттуу француздардын журналы Мухаммад Пайгамбарыбызды «жылдын адамы» деп тандайт. 1979-жылдын 29-декабрында чыккан бардык гезиттер бул тандоону: *«Азирети Мухаммад 571-632-жылдар аралыгында жашап өткөнүнө карабастан анын таасири бүгүнкү күндө артканданартып, миллиондогон адамдар ал салган чыйыр жолдон тайбай келе жатышат»* деп түшүндүрүшөт (Зафер журналы, 97/3-8).

Анткени анын жолу менен жашоо адам баласы үчүн тозоктон аман калуунун, кутулуунун, бакталайдын жападан жалгыз жолу.

Анын изинен басуу - жакшы өмүр кечирүүнүн себепкери.

Сахабалар жеткен улуу шарапатка жана ызаатка жетүү үчүн акыркы Пайгамбарды жандан артык сүйүп, бул жалгандагы бардык иш-аракеттерибизди анын сүннөтү менен салыштырып, ошого жараша багыт алышыбыз зарыл. Аны жөн гана окуп же угуп койбостон,чын жүрөктөн ыйман келтирип, башкаларга таанытып, башкаларга да сүйдүрүшүбүз абзел.

Айтылгандардын баарын жүзөгө ашыруу үчүн оболу канткенде анын жолунан тайбай баса алаарыбызды ойлонушубуз керек.Ушул ой-санаадан арылтуу, бизди түйшөлткөн бул суроого жооп берүү үчүн мурунку китептердин уландысы катары колуңуздардагы «Исламдын изги маданияты - 4» аттуу китепти жазууну эп көрдүк.Кутман Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* мыкты калыпка салынган жашоосунун изги элестерин мурдатан жаза келген ыкма менен түшүндүрүүгө аракет жасадык. Бул эмгекти жазууда мурда басылган китептерибизден жана башка белгилүү булактардан пайдаландык. Биз канчалык аракеттенсек да, бул эмгек адеп-ахлактын туу чокусуна жетип, жалаң изгиликти таштап кеткен кадырман Пайгамбарыбыздын кадыр-баркын чагылдырууда деңиздин тамчысындай эле кеп экендигин баса белгилеп койгонубуз абзел.Ал эми бул жерде айтылган жана айтылбай калган изгиликтердинбаарын акактан тунук адамгерчилигине сиңирген Пайгамбарыбыз экени түшүнүктүү. Ал таштап кеткен изгилик ааламын таанытуу үчүн жасаган далаалатыбыз, мактообуз, эскерүүбүз, арийне аздык кылат. Муну биз эле эмес, Алла Элчисин өз көзү менен көргөн сахаба Азирети Али да моюнга алган:

*«Кимге Алла Элчисинен бир хадис, же бир абал маалымдалатурган болсо, хидаят, намаз жана такыбаалык өңүтүнөн Азирети Пайгамбарыбыз ошо айтылгандардан алда канча жогору турарын билип койсун!»* (Ахмад, I, 122).

Мына ушундай сезим, ушундай кылдаттык менен адам баласына эки дүйнөдө тең пайда келтире турган, ынтымак-ырашкерликке данакер болчу ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР тууралуу ардактуу Пайгамбарыбыз коюп кеткен эреже-жоболорду мүмкүн болушунча жугумдуу, нары түшүнүктүү кылып жеткирүүгө аракет жасадык. Ошондой эле бул маселелерди дагы да ынанымдуу түшүндүрүү үчүн Алла Элчисинин руханий тарбиясында жетилген кутман сахабалардын, элчилердин мураскерлери саналган олуялардын [1] жана алардын изи менен келе жаткан инсандардын ибараттуу икаяларынан, үлгүлүү жактарынан мисал келтирдик.

Азирети Пайгамбарыбыздын, сахабалардын жана Жаратчандын сүйүктүү олуя пенделеринин бийик ахлагынан аз да болсо таалим алуу, Куранда буйрулган ахлактуулукту жашай билүү, өмүрдү Алла Таала жана Анын Элчиси ыраазы боло тургандай изгилик менен кечирүүдөн башка эч кандай

ниетибиз жок. Окурмандарыбыз бул китепти окугандан кийин ушу айтылган ниеттерге кошулса, жакшылык тапса дейбиз.

Сөз соңунда бул эмгекти даярдоодо жакындан жардам берген Мурат КАЯ баш болгон ак ниеттүү досторубуздун баарына жана китепти кыргыз тилине которгон котормочу Акылбек Халбековго чын дилден ыраазычылыгымды билдирем. Алардын бул албан мээнети эсепсиз соопко айланышын Жараткандан тилейм! Алла аларга ыраазы болуп, эки дүйнөдөгү жашоосун нурга бөлөсүн! Бул эмгек бир кишиге болсо да өз таасирин бере алса, өзүбүздү бактылуу сезебиз!

Жараткан Алла Таалам бардык жакшы ниеттерибизди кабыл кылсын, амал дептерлерибизди соопко толтурсун! Бийик ахлагы менен Курандын жандуу көрүнүшү са-налган Азирети Пайгамбарыбыздын руханий берекесин көөдөнүбүзгө жаадырсын!

Оо, Жараткан Алла Таалам, Азирети Пайгамбарыбыздын жолунда аны сүйүп, анын ахлагынан таалим алып, Исламдын изги маданиятын көтөрүүнү бизге насип кыл!

Оомийн!

***Осман Нури ТОПБАШ***
*2007-жылдын апрель айы.*
*Стамбул-Үскүдар*

**МАМИЛЕ**

– Ыйман деген эмне? – деп акылымдан сурадым.
Акылым болсо жүрөгүмдүн кулагына:
– Ыйман – адеп-ахлак.... – деш шыбырады *(Азирети Мавлана).*

## МАМИЛЕ (муамалат)

Акыйкат дин тээ Адам Атадан *(алейхис салам)* тарта ыймандык негиздери менен ахлак эрежелерин өзгөрүүсүз сактап келет. Бирок, ошентсе да, ибадат кылуу тариздери жана өз ара мамилелер жаатындагы укуктук өкүмдөр бир пайгамбардан экинчи бир пайгамбарга чейин коомдордун өзгөчөлүктөрүнө жараша ар башкача жүзөгө ашырылып келет.

Мындай өзгөрүүлөр пенделердин рухий муктаждыгына жана маданий деңгээлине жараша Алла Тааланын каалоосу менен улам өркүндөөнүн үстүндө жүзөгө ашырылып келген. Алгачкы инсан Адам Атанын *(алейхис салам)* аракети менен башталган акыйкат дин (тавхид) акыркы Пайгамбардын чакырыгы менен кемелине жеткен. Башкача айтканда, Алла Таала тарабынан жиберилип, самавий [2] диндендин эң акыркысы деп эсептелген Ислам дини иралды Жараткандын каалоосу, андан соң Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафанын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жыйырма үч жылдык чакырыгынын арты менен ахлактык өңүттөн да, мамилелер өңүтүнөн да өзүнүн туу чокусуна жеткен.

Азирети Пайгамбарыбыз аркылуу баралына жетген Ислам дини 1429 жылдан бери Жараткандын амири менен өзүнүн асыл өзөгүн, нукуралыгын сактап келаткан жалгыз дин болуп эсептелет [3].

Башка диндерге салыштырмалуу бир топ изги өзгөчөлүктөрдү өзөгүнө камтыган Ислам динин төмөнкү үч негиздин алкагынан кароого болот:

1. Тавхид акыйдасы (Алла Тааланын жалгыздыгына ишенүү).
2. Ибадаттар
3. Мамилелер (т.а. адамдык өз ара мамилелер)

Исламий эрежелер системасын өргө тартып келген түпкү негиздердин бири – бул мамиле. Далай мезгилден бери материалист, капиталист жана рационалист өңдүү чолок түшүнүктөрдүн сазына баткан көрпенделердин түркөйлүгүнүн, тескери жүрүм-турумунун натыйжасында Ислам дининдеги мамилелер өңүтүнүн солгундап калышы зээнди кейитет. Ошол себептен иралды Исламды туура түшүнүп, туура иш ашыруу үчүн динибиздин «мамилелер» жаатындагы эрежелерин үйрөнүшүбүз зарыл. Ушул олуттуу зарылдыктан улам Исламдагы мамиленин, өз ара карым-катыштын маанилүүлүгүн жана бул жааттагы айрым эрежелерди ардактуу окурмандарыбыздын эсине сала кетүүнү туура көрдүк.

Дин жеке адамдан тарта жалпы коомдун рухий абалын жана диний жашоосун ырааттуу нукка салып, өз ара мамилелерге тийиштүү өкүмдөрдү койот. Насаат сунуштоо менен гана чектелип, карым-катыштык жоболорду болбогон дин дин эмес. Адамдар тобу – бул коом. Адамсыз коомду элестетүү

мүмкүн эмес. Ошондуктан адам менен адамдын ортосундагы карым-катыштар, мамилелер нары бекем, нары адилет өкүмдөр менен корголушу керек.

Ислам дини карым-катышка олуттуу маани берип, алака-мамилелердин кандай болуш керектигин ийне-жибине чейин тактап берген. Өзүн мусулманмын деп эсептеген пенде жеке турмушун да, коомдук жашоосун да Алла Таала койгон буйруктарга ылайык кечирүүгө мажбур. Башкача айтканда, бүт жашоосун Ислам эрежелери менен өткөрүүгө милдеттүү. Муну орундатпаган жан «салих-чыныгы момундук» деңгээлге жете албайт. Азирети Пайгамбарыбыздын куттуу хидисине назар салалы:

*«Начар мамилени оңдобогон адам бейишке кире албайт»* (Тирмизий, Бирр 29/1946).

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деген:

«Адамдын окуган намазына, кармаган орозосуна эмес, туура же ката сүйлөгөнүнө, берилген аманатты сактап, сактабашына, байлык колго тийген учурда адал менен арамды айырмалаганына карап баа бергиле» (Байхаки, ас-Сунанул-кубра, VI, 288; Шуаб, IV, 230, 326).

«Замандаштарынан бирөө Азирети Умардын жанында башка бир пендени жерге-сууга тийгизбей мактап-жактап кирет. Ал сөзүн аяктагандан кийин Азирети Умар суроо жаадырат:

– Аны менен сапарлаш болдуң беле?

– Жок.

– Бирер жолу соода-сатык сыяктуу мамиле кылдыңбы?

– Же бир учурларда ага коңушу болдуң беле?

– Жок.

Жоктон башка жооп уга албаган адилет падыша минтип бүтүм чыгарат:

– Жалгыз Аллага ант этип туруп айтам, сен аны таанибайт экенсиң!» (Газали, Ихя, III, 312).

Бул ибараттуу окуяда айтылгандай, адамдын ким экендиги жеке мамиле аркылуу маалым болот. Бул жагдайды Зия Паша минтип нускалаган:

«Сөзүнө эмес, ишине карагыла. Адамдын күзгүсү – анын иши».

Демек, мусулман пенденин дини анын жеке турмушунун изгилиги коом менен болгон мамилесинин тактыгы аркылуу баралына чыгат.

Мамиле деген сөздү укканда эң оболу өз ара мамилелердеги адилеттүүлүк, кечиримдүүлүк, адамдын акысын кайтаруу, укугун коргоо, жардам берүү, кыскасын айтканда, адамгерчиликти туюнткан ахлактык асыл сапаттар эске түшөт. Эми, ушул айтылгандарды кеңири түшүндүүгө аракет кылалы.

### Адилеттүүлүк

Адилет (адл) бул – так, калыс, ачык-айкын, толук деген маанилерди билдирген арап сөзү. Ошону менен катар бардык нерсенин жана тиешеси барлардын өз акысын берүү, бирөөнүн акысын жеп коюдан сактануу, бир нерсени өз жайына кою жана нысаптуу болуу, акы-укукту сактоо жана эч кимге, эч нерсеге кордук көрсөтпөө дегенди туюнтат. Баарына тең кароо менен адилеттүүлүк жарала койбойт, кимдин кандай акысы болбосун, өзүндөй кайтаруу менен калыстык, адилетик деген баалуулуктар узун өмүр сүрө алат.

Кандай гана иш, кандай гана жагдай болбосун Алла Таала баарыбызды адилеттүү болууга буйруган. Мына ушул нерсе Ислам дининин адилеттүүлүккө канчалык маани берээрин экенин айгинелеп турат. Адам адилеттүүлүктү кура алганда гана, Алла Таала ыраазы боло тургандай деңгээлде рухий жандуулукту сактап өмүр кечире алат. Адамзаада ошондо гана эки дүйнөнүн мол жакшылыгына жана түбөлүктүү бак-таалайга ээ боло алат.

Адилетсиздик өкүм сүргөн жерде акыйкат, укук, ынсаптуулук жана теңсалмактуулук тууралуу кеп кылуу мүмкүн эмес. Бу дүйнөдө адилеттүүлүктөн тайып, башкаларды кордоп, бирөөлөрдүн акысын жеген жемкорлор мындай кылымыштары үчүн акыретте сөзсүз эрдин кырча тиштеп бушайман болоору бышык.

Адилет Ээси жана адилеттүүлүк деген маанилерди туюнткан «ал-Адл» сөзү Алла Тааланын 99 ысым-сыпатынын бири болуп эсептелет (Тирмизий, Даават, 82/3507).

Кудай Таала адамбаласынын түрдүү буттарга сыйынганын токтотуу, жеке кызыкчылык жана адилетсиздик менен курулган зөөкүрлүктү, заалым системаларды жок кылуу, жер жүзүнө адилеттүүлүктү жана акыйкатты орнотуу үчүн көп пайгамбарларды жиберген.

«Чындыгында, Алла Таала – адилеттүүлүктү, жакшылыкты жана тууган урукка кайрымдуу болууну буйуруп, уятсыздыктан сактайт. Алла силерге (ушундай) насыят берет. Балким түшүнөрсүңөр» (Нахл сүрөсү, 90-аят).

«Акыйкатта, Алла силерге тапшырылган аманатты өз ээсине тапшырууга буйрук кылат! Эгерде силер адамдардын ортосунда өкүм жүргүзө турган болсоңор, анда адилеттүү өкүм чыгаргыла. Алла үндөп жаткан нерсе кандай гана сонун! Акыйкатта, Алла Угуучу жана Көрүүчү!» (Ниса сүрөсү, 58-аят).

Адил сыпатынын анык Ээси саналган Алла Таала калыс мамиле кылган, акыйкаттуулукту жактаган пенделерин сүйөт [4]. Ардактуу Пайгамбарыбыздан бир хадис:

*«Адилеттүүлүк менен өкүм жүргүзгөн жандар кыяматта Жаратkandын оң жагындагы нурдан жасалган минбарларда [5] олтурушат… Анткени алар өкүм жүргүзгөндө да, үй-бүлөдө да, кол астындагыларга да адилеттүү болушкан»* (Ахмад, II, 160).

*«Адилет башкаруучулар кыямат күнү Алла Таалага өтө жакын жана сүйкүмдүү болушат. А заалым башкаруучулар болсо, тескерисинче, Алланын каарына калып, Андан узак болушат»* (Тирмизий, Ахкам, 4/1329; Насаи, Закат, 77).

Мусулман адам өкүм чыгарып жатканда гана эмес, нерсени таразага тартканда, күбөгө өтүп жатканда, мейли жай кезде, мейли ачуулуу учурда болсун, кыскасы, ар дайым ар кайсы жаатта адилеттүү болушу керек [6].

Куранда:

«Эй ыймандуулар! Өзүңөргө каршы же ата-энеңер, же жакын туугандар болсо да Алла үчүн адилеттүүлүктү тургузуучу, калыс күбө болгула! А эгер (силер күбөгө өтө тургандар) бай же кедей болсо, Алла аларга (силерден да) жакын. Бул маселеде көңүлүңөрдү ээрчибегиле...» (Ниса сүрөсү, 58-аят).

«Эй, момундар! Алла (ыраазылыгы) үчүн күбөлүккө бекем тургула. Айрым адамдарга болгон жек көрүүңөр силерди адилетсиздикке түртпөсүн. Адилет болгула! Ошол – нагыз такыбалыкка жакын. Алладан корккула!» деп буйрулат (Маида сүрөсү, 8-аят).

Кайсы өлкө болбосун, анын өмүрүн адилеттүүлүк гана узарта алат. Ошол себептен акылман ата-бабалар даанышмандык менен: «Адилеттүүлүк мүлктүн түркүгү» деп бекеринен айтпаса керек.

Баса белгилеп кетчү нерсе – адилеттүүлүк, акыйкаттык өз убагынан кечиктирилбеши керек. Бул жааттагы эң жаман нерсе – аны кечиктирүү! Өрт өчкөн соң суунун кимге кереги бар дегендей, Өз маалында чыгарылбаган чечим, өз маалында көрсөтүлбөгөн акыйкаттык түккө арзыбайт. Мындай учурда өз убагынан кечиктирилген өкүм заалымдык болуп эсептелет. А заалымдык болсо бушаймандыкка, азап чегүүгө себеп болот. Алла Таала бизге эскертүү берет:

«Адилеттүүлүктөн адашкандарга келсек, алар тозокко отун кылынат» (Жин сүрөсү, 15-аят).

«Заалымдарга эч кандай жардамчы жок!» (Бакара сүрөсү, 270-аят).

«(Акыретте) заалымдардын досу да, сөзүн тыңдаган шапаатчысы да болбойт!» (Мумин сүрөсү, 18-аят).

Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* заалымдык, зөөкүрлүк өтө чоң күнөөкөрлүк экенин мындайча түшүндүргөн:

*«Заалымдык кылып туугандык карым-катышка жарака кетирүү адампендени акыретте тийиштүү жазага кириптер кылуу менен бирге бу дүйнөдө Алла Таала тарабынан бериле турган жазаны тездетет»* (Абу Давуд, Адаб, 43/4902; Тирмизий, Кыяма, 57; Ибн-и Мажа, Зухд, 23).

Көптөгөн көрпенделер шумпайланып кооз сүйлөп, куйтулук менен кылган кылмышын жаап-жашырып, актанып кетишет. Адамдардын алдында актанганы менен мүлдө жандуу-жансызды көзөмөлдөп турган Алла Тааланын алдында кантип актанарын ойлошпойт бекен алар?!. Кылмышты пендеден жашырганыбыз менен Кудайдан жашыруу мүмкүн эместигин биле жүрүшүбүз керек [7]. Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа мындй деген:

*«Мен деле силердей карапайым адаммын. А силер болсо иштерди терген берүүмдү талап кылып жатасыңар. Балким, айрымдарыңар акыл-эси кем бирөөнү жетелеп келип (алдамчылык менен) пайда көргүңөр келип жаткандыр. Эсиңерде болсун, мен укканым боюнча өкүм чыгарып, маселени пайдаңарга чечип беришим мүмкүн. Бирок мен укканыма ишенип башка бирөөнүн акысын кимдин пайдасына алып берип, өкүм чыгарган болсом, ага тозоктон орун бөлүп берген болом!»* (Бухарий, Шахадат, 27, Хиял, 10, Ахкам, 20; Муслим, Акдия, 4).

Бул дүйнөдө пенденин сотунан айлакерликке салып кутулуп кеткендер Сот күнүндө «Соттордун Соту» Алла Тааланын алдында бардык жосунсуз жоруктарынын азабын мойну менен сөзсүз тартышат. Анда Азирети Пайгамбарыбыздын эскертүүсүнө назар салалы:

*«Кимдин мойнунда диндеш биртууганынын абийри, ар-намысы же мал-мүлкүнө тиешелүү акысы болсо, алтын-күмүш табылбай турган күн келгенче (кыяматка чейин) аны менен адалдашып (ыраазылыгын) алсын. Болбосо, заалымдыгын жаба ала турганчалык өлчөмдө анын жарамдуу амалдарынан алынат (акысы барга берилет). Эгер жарамдуу сообу жок болсо, кордук көргөн диндешинин күнөөлөрүнөн алынып, анын мойнуна жүктөлөт»* (Бухарий, Мазалим, 10, Рикак, 48).

*«Кордук көргөн пенденин каргышынан өтө-өтө сак болгула. Анткени анын каргышы менен Алла Тааланын ортосунда эч кандай көшөгө жок»* (Бухарий, Зекет, 41, 63; Магази, 60; Тавхид, 1; Муслим, Иман, 29, 31).

Мавлана олуя мындай дейт:

*«Адилеттүүлүк деген эмне? Бак-даракты сугаруу. Заалымдык эмне? Тикенди сугаруу».*

*«Адилеттүүлүктү билбеген адам бөлтүрүктү эмизген эчкиге окшош».*

*«Эл ишенген сот пара алууга чындилден чечим чыгарды дегиче, заалым жабырлануучудан айырмаланбай калат».*

Убактылуу кызыкчылыктын артынан түшүп акыйкатты тебелеген ким болбосун, өзүнө-өзү кудук казганга барабар. Акыйкатка артын салгандар балким болор-болбос пайда көрүшү мүмкүн. Бирок шибегени капка катууга болбосун, кыңыр иш кырк жылда билинерин, кан узатпасын, жемейдин кусмайы бар экенин убакыт өзү далилдеп келе жатат. Ошондуктан канчалык кыйын, канчалык татаал экенине карабастан адилеттүүлүктөн, акыйкаттан тайбай өмүр кечирүү ар бирибиздин мусулмандык милдетибиз.

**Изгиликтин үлгүсү**

Бир адам белгиленген мөөнөттөн мурда Алла Элчисинен аласасын доолап келет. Таалими тайыз болгондуктан Азирети Пайгамбарга өтө орой мамиле жасап, көңүлдү иренжите турган сөздөрдү айтканга чейин барат. Бул жагымсыз көрүнүшкө күбө болгон сахабалар аны эсине келтирип койууну көздөп жөөлөй баштаганда Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* аларды тосуп:

*« – Жайына койгула муну. Акыйкатта өз акысын алганга чейин аласасы барлардын карыздар адамга сөз айтууга укугу бар»* дейт (Бухарий, Истикраз, 7; Муслим, Мусакат, 118-122/1600-1601).

***

Жогорудагы окуянын башка бир вариантын Абу Саид ал-Худри баян эткен:

«Өмүрү таалим-тарбия көрбөгөн чөлдүк көчмөндөрдүн (бедуин) бири Азирети Пайгамбарыбыздан аласасын доолап келет. Адамча мамиленин ордуна орой сүйлөп жиберет:

– Карызыңды төлөмөйүн чейин тынчыңды ала берем!

Бул жагымсыз жагдайга карап туралбаган сахабалар бедуинди кекете башташат:

– Эй, тууган уялбайсыңбы каяша сүйлөгөндөн. Сен ким менен сүйлөшүп жатканыңды билбей жатат окшойсуң?!

– Мен өз акымды талап кылып жатам!

Сахабалардын кызуу кандуулукка алдырып баратканын аңдаган Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* акыйкатты жактайт:

*– Эмне үчүн силер акысы бардын тараптары эмессиңиңер?*

Азирети Пайгамбарыбыз Хавла бинт-и Кайска (Алла ага ыраазы болсун) адам жиберип, өз курмасы келгенде ордуна берерип айтып карызга курма сураттырат. Пайгамбардын кысталыш абалда калганына жүрөгү ооруган Хавла суралган өлчөмдөгү курманы берет. Ошентип бедуин аласасын алат, Пайгамбардын колунан даам сызгандан кийин:

– Карызыңды төлөп жакшы иш кылдың. Алла Таала сага мунун үзүрүн берсин! – деп батасын берет да, ыраазы боло жолуна түшөт.

Санаасы тынчыган Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деди:

*«Карызын толук төлөгөндөр адамдардын жакшысы болуп эсептелет. Машакат чеккенине карабай алсызы өз акысын ала албаган коом эч качан оңолбойт....»* (Ибн Маажа, Садакат, 17).

Азирети Мухаммад Мустафа Алла Тааланын ардактуу Элчиси болгонуна карабастан айрым учурларда карыз алууга мажбур болгон. Негизинен ал карызды төмөнкү себептерден улам алган:

а. Жардам сурап кайрылган бей-бечаралардын жана жетим-жесирлердин муктаждыгын камсыздоо.

б. Карызды кантип алып, кандай жолдор менен төлөө керектигин адамбаласына үйрөтүү үчүн.

***

Нуман бин Башр *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Атам мени Алла Элчисине алып барды да: – Менин карамагымдагы бир кулду уулума тартуу кылдым – деди. Сөздү кунт койо тыңдаган Пайгамбар атама суроо узатты:

*– Бул уулуңа бергениңди башка балдарыңа да бердиңби?*

– Жок, ушул уулума гана берип жатам.

*– Андай болсо, оюңдан кайт! Мени күбөгө тартпа. Мен заалымдыкка күбө боло албайм! –* деди (Бухарий, Хиба, 12, Шахадат, 9; Муслим, Хибат, 9-18).

Башка булактарда Азирети Пайгамбарыбыз мындай деген: *«– Алла Тааладан корккула! Балдарыңарга тегиз, адилеттүү мамиле кылгыла!»* (Муслим, Хибат, 13). Бул баарлашуудан кийин атам мага ыйгарган тартуусун дароо кайтарып алды.

***

Сахабалардын бирөө Азирети Пайгамбарыбыздын жанында олтурган. Бир маалда тестиер бала келди. Сахаба уулун кучактап өптү да тизесине отургузду. Көп өтпөй кичинекей кызы келди. Аны жөн гана жанына отургузуп койду. Жагдайга күбө болгон Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* бирин экинчисинен жогору койбой, перзентке тегиз мамиле кылуу керектигин эскертти:

*«– Балдарга адилеттүү мамиле кылуу керек эмеспи?!»* (Тахави, Шарху ма-ани-л асар, IV, 89; Байхаки, Шуабул-Иман, VII, 468; Хайсами, VIII, 156).

***

Бир мусулман Алланын ардактуу Элчиси менен ымандай сырын бөлүшкүсү келет. Жолугушкан маалда мүмкүнчүлүктөн пайдаланып көңүлүн өйүп жүргөн маселени айтат:

– Пайгамбарым, менин бир топ кулум бар. Алар ар дайым жалган сүйлөйт, жамандыктан башы чыкпайт, анысы аз келгенсип мага каршылык көрсөтүшөт. Мен кыжырым кайнагандыктан аларды зекип, сөгүп-кагып, ур-токмокко алам. Мунун айынан акыретте менин абалым эмне болот?

*– Алардын сага каршы жасаган кыянаттыгы, жалганчылыгы жана жамандыгы менен сен берген жаза акыретте таразага коюлат. Эгер сенин жазаң алардын айыбы менен тең чыкса, анда зыян тартпайсың, пайда да көрбөйсүң. Сенин жазаң алардын айыбынан аз болуп калса, бул да сенин пайдаң. Бирок, алардын күнөөсүнөн сенин жазаң ашып кеткен болсо, ортодогу айырма сенден кысас жолу менен алынат»* деген жоопту уккан сахаба эчкире ыйлап кирет. Акыйкаттыкты дагы да таасым түшүндүрүү үчүн Азирети Пайгамбарыбыз береги аятты окуйт:

«Биз кыямат күнү туура таразаларды жайгаштырабыз. Эч кимге заалымдык кылынбайт. Сары кычы данынын салмагындай эле амал болсо, аны (адилеттүү таразага) алып келебиз. Биз толук жетише турган Эсепчибиз! [8]».

Аятты уккан адам мындай дейт:

– Пайгамбарым, чынын айтайын, жакшылап ойлоп көрсөм, аларды эркиндикке чыгаргандан өтөрү жок окшойт. Өзүң күбө бол, алардын баарын азат кылдым! (Тирмизий, Тафсир, 21/3165).

Кул да адам болгондуктан, Исламдын эреже-жоболоруна ылайык кожоюн кулду дал өзүндөй жедирип-ичирип, кийиндиши керек. Ошондой эле күчү жетпеген ишти жүктөп ага заалымдык кылбашы керек. Ислам дини алып келген укуктук бул изги системага ылайык кул кармоо салты убакыттын өтүшү менен жоюлуп жок болгон.

***

Ирбаз бин Сарийа *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Айрым сахабалар менен чогуу Хайбардын мунарасына бардык. Хайбар элинин башчысы тыңсынган текебер киши экен. Алла Элчисинен сурады:

– Эй, Мухаммад! Биздин качырларыбызды сойгонго, мөмө-жемиштерибизди жегенге, аялдарыбызды сабаганга укугуңар барбы?

Муну уккан Азирети Пайгамбардын ачуусу келип чукулдан буйруп берди:

*– Эй, Ибн Авф! Атыңа мин! «Кабарыңар болсун, бейиш момун мусулмандарга гана адал. Намаз окуу үчүн жыйналгыла!» деп элге жар сал!»*

Топтолуп келген жамаатка Алла Элчиси өзү имам болуп намаз окулду. Намаздан кийин Алла Элчиси жамаатка кайрылды:

*«Араңардан бирөөлөр (жумшак) төшөккө олтуруп алып Курандан тышкары Алла Тааланын көп нерселерге арам деп тыю салганын капарына албай жүрөт окшойт. Аллага ант болсун! Кабарыңар болсун, мен силерге көп нерселерди айтып жеткирдим, бир топ нерселерге тыю салдым. Булар Курандан бир тамчысындай нерседир, балким, андан да көптүр. Китеп ээлеринин (христиан жана жөөттөр) үйүнө уруксатсыз кирип барууга Жараткан Алла тыю салган. Алардын аялдарын сабаганды, салыгын төлөгөндөн кийин алардын карамагындагы мөмө-жемиштерди жеп коюну арам кылган!»* (Абу Давуд, Хараж, 31-33/3050).

Өз душмандарынын пайдасын көздөп, укугун коргоо үчүн адилеттүүлүктү буйруган динибиз кандай гана улуу дин! Мусулман пенде акыретте оор суракка тартылаарын ойлоп каапырга да болсо заалымдык кылуудан астейдил сак болушу керек...

***

Азирети Алинин агасы Жафар бин Таййар *(Алла ага ыраазы болсун)* алгачкы мусулмандардын катарына кирет. Мекке каапырларынын зөөкүрлүгүнө, кордугуна чыдабай жубайын алып Хабашстанга (Эфиопияга) көчүүгө аргасыз болот. Көп жылдар бою Хабашстанда жашаган Жафар бин Таййар улуу көчтүн жетинчи жылы Мединага кайтат. Күндөрдүн биринде ал Азирети Пайгамбарыбыздын өтүнүчү боюнча береги окуяны баяндап берет:

«Беш-алты адам болуп чогуу олтурганбыз. Башына суу куюлган идиш көтөрүп улгайып калган кечил жаныбыздан өтүп бараткан. Дал ошол маалда каршы тараптан келаткан жаш улан өтө берип кечилди түртүп жиберди эле ал жыгылып, башындагысы жерге катуу урунгандыктан сынып калды. Биз жетип баргыча ордунан турган кечил берки жигитке кыжырлуу карап:

– Эй, заалым! Эртең Алла Тааланын Тактысы ортого курулган маалда, жашап өткөн бардык адамзат бир жерге жыйналып, колуң да, бутуң да кылмышыңды тастыктаган учурда жана жабыр тарткандардын акысы заалымдан алынган кезде, бул окуя кандайча акыйкат чечилерин ошондо көрөсүң! – деди.

Муну уккан Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* мыйыгынан жылмайып мындай деди:

*–Ал аял туура айткан. Ооба, туура айткан. Алсыздардын акысын күчтүүлөрдөн алып бере албаган коомду Алла кантип тазага чыгарсын?!»* (Ибн Мажа, Фитан, 20; Абу Яа-ла, Муснад, (Асад), IV, 7-8; Ибн Хиббан, ас-Сахих (Арнаут), XI, 443-444).

***

Хайбар казаты аяктагандан кийин Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абдулла бин Раваханы Хайбарга жөнөтөт. Жиберилген өкүл жергиликтүү тургундарга чогултула турган курма өлчөмүн жарыя кылат. Эл убакытты создуктурбастан курманы чогултула баштайт. Хайбарлык айрым жөөт багбандар Абдулла жарыя кылган өлчөмдү бергилери келбей тынчсыздана баштайт. Бул маселени өз кызыкчылыгына чечүү үчүн көпчүлүгү аялдарынын, кыздарынын кымбат баалуу, жасалгалуу зер буюмдарын топтоп, пара катары Абдуллага сунуш кылышат:

– Буларды чөнтөккө салып кой тууган. Эл алдында курманы тартып жаткан маалда бизге бираз жеңилдик көрсөткөнгө аракет кылып, таразага көз жумуп койо бер!

Мындай арам ишке аралашууну кыялданып көрбөгөн Абдулла:

– Аллага ант болсун! Көптөгөн кемчиликтериңерден улам силерге катуу ачууланганым эч кандай жеңилдикке жол ача албайт. Мен эч убакта калыстыкты аяк асты кылбайм! Силердин мага сунуштап жаткан белегиңер пара болуп эсептелет. Пара болсо арам. А биз арамды эч качан жебейбиз! – деп сунушту да, параны да четке кагат. Аргасы түгөнгөн жөөт багбандары айтылган өлчөмгө макул болушат. Жөттөрдүн арасынан көптү көргөн бир көсөмү Абдуллага мындай дейт:

«– Мына ушул адилеттүүлүк менен тактыгыңар өлбөсө, асман да, жер да өз нугунда жашай берет» (Муватта, Мусакат, 2).

***

Византия королу Геракл көп сандагы аскер менен кол салат экен деген каңшаар мусулмандардын тынчын ала баштайт. Мусулмандар чукул кеңеш өткөпүр, төлөгөн салыгын Хумус элине кайтарып беришет.

– Ушу тапта бизди душман тооруп турат. Алар бизге кокустан кол салышы мүмкүн. Биз бул салыкты силерди душмандан коргоого кепилдик катары алган элек. Силерди коргоп калууга чама-чаркыбыз жетпейт. Андыктан салыгыңарды кайтарып алгыла да, өз жаныңардын айласын өзүңөр көргүлө – дешет.

– Кудайга ант этебиз! Силердин башкарууңар жана адилеттүүлүгүңөрдүн мурдатан бизди эзип, кордоп келген зордукчул өкүмгө сашылтырмалуу асман менен жердей айырмасы бар. Биз Гераклдын аскерлерине каршы силердин шаарыңарды коргоого жардам берели. Бизди кайра өз карамагыңарга алгыла... – деп катаал жагдайды кайгыруу менен кабыл алган Хумус калкы кол кабыш кылуу максатын билдирет.

«Тооратка ант болсун! Биз кол көтөрүп жеңилип бермейин Гераклдын аскери Хумус шаарына кире албайт» де арсыз айла-амалга салган шаардын жөөттөрү бул кырдаалдан башка жол менен чыгып кетүүнү чечишет. Чечимге ылайык, шаардын дарбазаларын кулпуланып, бийик мунараларга куралдуу күчтөр жайгаштырылат.

Мусулмандар менен тынчтык келишимин түзгөн башка шаарлардын христиан жана жөөт коомчулугу да Хумустуктардын жолоюна салышат. Булар Гераклдын колу жеңишке жетсе, кайрадан мурункудай кордукчул, зордукчул заманга кириптер болобуз, эгер жеңиш мусулмандар тарапка ооп кетсе, мурунку келишимибизди кайрадан жаңылап алабыз деген ойго токтолушат.

Кудуреттүү Алланын жазмышына ылайык каапырлардын күлү көккө сапырылып, мусулмандар жеңишке жеткенден кийин жөөт, христиан коомчулугунун баары шаарларын мусулмандарга ачып, жеңиш салтанатын кошо майрамдашат. Өздөрү кеңешип мерчемдегенгей, мурунку келишимди жаңылап, салыкты кайрадан төлөй башташт [9].

Тарыхый тастыктагандай, мусулмандар мындай адилеттүүлүктү Хумуста гана эмес, баш ийип келген башка аймактарда да жүзөгө ашырган.

***

Малик бин Динар (Алла ага ырайым кылсын) баян этет:

«Умар бин Абдулазиз халифалык такка отурары менен көчмөн араптар (бедуин):

– Мусулман жамаатын башкаруу жоопкерчилигин бир салих инсан мойнуна алды – дешет.

– Аны кантип билдиңер? – деген суроого:

– Мал-жандыктын баары бейпил тартып калышты – деген жоопту узатышат.

Мухаммад бин Убайда (Алла ага ырайым кылсын) бул окуяны мындайча тактаган:

«Умар бин Абдулазиз халифа болуп турган маалда Кирман аймагында кой бакчумун. Халифанын жандүйнөсүнүн пакизалыгы жана адилеттүүлүгү себептүү кудум кой менен карышкыр чогуу жүргөндөй бейпилдик өкүм сүрө баштады. Адаттагы түндөрдүн биринде койго капыстан карышкыр тийди. Абдан таң калдым. Дал ушул маалда бүткүл дүйнө бейпилдигин жана коопсуздугун жоготуп алгандай туюлду. Анан ошо маалда: «Ушу мен жакшы көргөн Алланын сүйүктүү кулу, ошол халифанын көзү өткөн окшойт!» деген туюм мени ичиркентип жиберди. Анан иликтеп көрдүм, чын эле халифа Умар бин Абдулазиз ошол түнү дүйнө салган экен».

***

Карапайым бир инсан Алланын сүйүктүү олуясынын жанында олтуруп зордукчул заалым, каардуу башкаруучу Хажжажды ашата сөгүп, ага акаарат келтирет. Олуя зат ага береги ибаратты айтат:

«– Ага ашкере акаарат келтирбе! Анткени Кудай Таалам адамга болобу, мал-жанга болобу, заалымдык кылган жанагы Хажжажга тийиштүү жазасын берет. Акыйкат өз ордун табат. Сааты келгенде Жараткан Алла Хажжаждын абийрине, ариетине доо кетиргендерге да жазасын берет. Ошондуктан сөздү абайлап сүйлөп жүр!»

Турмуш деген турмуш.. Кордук тарткан адам пендечилик кылып азап тарттырган заалымды ашкере жектеп, анын артынан чектен чыккан сөздөрдү айтып, ага акаарат келтириши мүмкүн. Мындай жагдайда жапа тарткан адам заалымдай эле күнөөкөр деп табылышы ыктымал. Дагы да чектен чыга турган болсо, заалым акыретте андан өз акысы ала турганчалык абалга жетиши да мүмкүн [10].

Жараткан Алла Таала мындайча буйруйт:

«...Ким силерге кол салса, силер да сокку ургула, бирок Алладан корккула! Алла – такыбалар менен бирге» (Бакара сүрөсү, 194-аят).

«Эгер душманыңарга жаза бере турган болсоңор, өзүңөргө көрсөтүлгөн кордуктун чегинде гана жазалагыла. Эгер сабыр кыла турган болсоңор, албетте бул өзүңөр үчүн абдан жакшы» (Нахл сүрөсү, 126-аят).

***

Күндөрдүн биринде Таламсан падышасы Султан Яхя сарай билермандары менен чогуу шаарды кыдырып чыгат. Падышанын жана жасоолдордун алаамат сүрү жана кадыр-баркынын алдында Султанга сый-урмат көрсөтүү үчүн баары тегиз ордунан туруп: «Көп жаша падышам!» деп таазим кылышат. Дал ошол маалда падышанын назары дүйнөдөн бейкапар көпчүлүктөн оолак турган бир пендеге түшөт. Жүзүнөн нур тамылжыган ал адамдын ким экендигин шаар акиминен сурап:

– Падышам. Ал Тунистен келген атактуу динаятчы. Тоодо жалгыз жашайт деген жоопту алат.

Падышаны ал адамдын купуя турмушу кызыктырды белем, тизгинди көпчүлүктөн оолак турган динаятчы тарапка бурат. Жандүйнөсүнө бүлүк салган суроону сурагысы келет:

– Билгиним, мен кийип турган мынабул жибек кийим менен намаз окусам болобу?

Динаятчы падышанын суроосуна жооп бергиси келбей:

– Бул маселени сарайдагы молдоңуздан сурап алганыңыз дурус – деп койот сыпаа гана. Бирок падыша деген падыша экен. Көшөрүп суроолуу тигилгенинен улам каймана түрдө болсо да жооп берүүнү туура көрөт:

– Бир итти элестетип көрүңүз. Ал талаада өлгөн малдын тарпын таап алат да, баса калып жеп кирет. Натыйжада ичи-сырты ыпластыкка толгон ит өзүнө чаң жугузгусу келбей төрт шыйрагын жерге тийгизбөөнү самайт!

Ачуусу келген падыша аалымга айкырат:

– Эй, сен эмне дегиң келип жатат?!

– Сиздин ашказаныңыз менен дене-турпатыңыз өтө оор арам нерселер менен азыктанып, мойнуңузда элдин тоо көтөргүс акы-укугу бар, жеткен заалымсыз дегим келип жатат. Сиз бул жактагы абалды эске алгыңыз келбей, жибектен тигилген кийим менен намаз окуунун туура же натуура экендигин сурап олтурасыз!

Акыйкатты уккан падыша телмирип ойго батып, ак сөздүн таасирине биротоло арбалып калат. Дээриндеги чечкиндүүлүк сапаты ушул жерден оргуштап кетет, кийип турган саймалуу жибек чепкенин чечип жерге урат. Белиндеги алтын жалатылган кылычын кыны менен чечип салат да, таң калган элге кайрылат:

– Оо, калайык мусулман журтчулугу! Силерден суранаарым, мендеги акыңарды кечкиле жана өзүңөргө адилет кызмат кыла ала турган падыша таап алгыла!

Яхя падыша сөз баккан динаятчынын таалимине жандилден берилип, жүрөгү агарып, алда канча рухий жолду арбытат. Буга көзү жеткен Тунистик динаятчы дуба кылып коюну өтүнгөн калкка:

– Яхянын батасын алгыла. Эгер мен анын ордунда болгонумда, жанагындай чечкиндүүлүккө бара албас элем. Эгер падышалар ал багынткан рухий бийиктикке көтөрүлө алганда алар да Яхя сымал бүт нерсени кечип жиберишмек – дейт.

***

Селчук султаны Алуддин Кейкубад шаарга бийик мунаралуу чоң сепил курдурат. Курулуш аяктаган соң анын ачылыш салтанатына Азирети Мавлананын атасы Баха-уддин Валадды чакырат. Чакыруудагы максат, мунараны көрсөтүү жана пикирин билүү эле. Баха-уддин Валад устат курулгандын баарын көрөт да, мыйыгынан жылмая буларды айтат:

– Курган сепилиңер албууттанган селден жана душмандан коргонууга бир кыйла турушутук бере ала тургандай көрүнөт. Айтчы, султан мырза, сен кол астыңдагы акы-укугу тебеленгендердин, кордук тарып көз жаш төккөндөрдүн каргышына каршы кандай чара көрдүң? Жабыр тарткан бечаралардын каргышы сенин мынабул сепилиң сыяктуу бир гана сепил же муранары эмес, миңдеген сепилди жарып өтүп, дүйнөгө алаамат апкелет.

Эң жакшысы сен адилеттүүлүктүн жана жакшылыктын бийик мунарасын, урабас сепилин кур. Ибадаткөй, дубакөй аскер кураганга аракет жаса. Бул айтылгандар эң ишенимдүү деп эсептелген сепилден да пайдалуу. Анткени эл-журттун жана дүйнөнүн саламаттыгы, тынчтыгы дубакөй аскерлер аркылуу камсыздалат.

***

Жыйынтыктап айтканда, кысым, зордукчулдук канчалык ишенимдүү, канчалык жеңил көрүнбөсүн, арты кууш келип түнт караңгылыкка алып барат. А адилеттүүлүк, акыйкаттык канчалык кыйын, канчалык машакаттуу көрүнбөсүн, нары жарык, нары изги натыйжаларды берет. Кайсы гана жерде болбосун ар дайым, адилеттүү мамиле кылган мусулман Алла Тааланын ыраазылыгына татып, элдин сүйүүсүнө арзыйт.

Напсиге жетеленип, акыйкатка, адилеттүүлүккө далысын салган карамүртөздөр жеккөрүмчүлдөктөн, каргыштан жана Жаратkандын каарынан башка эч нерсе таба албайт. Өкүмзордук, зомбулук менен алынган байлык заалымды акыретте чоң азапка кириптер кылат.

## Кечиримдүүлүк жана кемчиликтерди жашыруу

Адамдардын кетирген кемчилигин, катасын кечирүү жана кандайдыр бир айыбын жашыруу айкөлдүктү даңазалаган маанилүү касиет болуп эсептелет. Жараткан Аллага жаккан бул бул изги касиет ыймандын жана ахлактын деңгээлинин жогорулугунан кабар берет. Анткени Алла Таала Өзү кечиримдүү. Анын кечиримдүүлүгүн «ал-Афув» көзөл ысымынан (асмаул-хусна) билсек болот. Аятта мындайча буйрулган:

«(О, Элчим!) Кечиримдүү бол! Жакшы жана жагымдуу нерселерди буюр! Наадандардан жүз үйрү!» (Аараф сүрөсү, 199-аят).

Кечиримдүүлүк – Алла Тааланы сүйүүнүн жана Анын Улуу Ысмынан ахлактык үлүш алуунун жыйынтыгы. Мүлдө макулукка Жараткандын назары менен карай билүү кечиримдүүлүктүн пайдубалын түптөйт.

Кечиримдүүлүк – жазалоого ылайыктуу болгонуна карабай айыпкерди кечирип жиберүү. Бул өңүттөн алганда напсинин тукуруусуна азгырылбай кечирим жолун тандоо ошол эле маалда башкаларга да сабак болот.

Жараткан Алла Таала пенделеринин кечиримдүү болушун каалайт. Кечиримди сүйгөн момун мусулманды өрнөк пенде катары сыпаттайт. Анткени ал чындыгында өтө кыйын ишке барып, напсинин күчүнө туруштук берип кечиримдүүлүк жана айкөлдүк сапатка ээ болушат.

«Кимде-ким сабырдуулук кылып, кечире билсе, анын бул иш-аракети шексиз үлгүлүү иштерден болуп эсептелет» (Шуара сүрөсү, 43-аят).

«(Эй, Пайгамбар!) Эми, сен аларга сылык, кечиримдүү бол жана жакшы мамиле кыл!» (Хижр сүрөсү, 85-аят).

«(Ал такыбаа пенделер) молчулукта болсун, жокчулукта болсун, Алла үчүн кайрым кылат, ачуусун басып, адамдарды кечиришет. Кайрымдуу жандарга Жараткан Алланын албан сүйүүсү бар» (Аали Имран сүрөсү, 134-аят).

Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнүн хадисинде мындай деген:

*«Садака берүүдөн мал-мүлк кемип калбайт. Пендезат башкалардын жаңылыштыгын кечирген сайын Алла Таала анын баркын көтөрөт. Кимде-ким Алла Таала үчүн айкөлдүк кылса, Алла анын даражасын көтөрөт»* (Муслим, Бирр, 69; Тирмизий, Бирр, 82).

Кудай Таала жаза берүүгө дарамети жетип турганына карабай пенделердин кемчилигин кечирген жандын кадыр-баркын көтөрөрү хадистен ачык-айкын маалымдалган. Кетирилген кемчиликтерди унчукпай кечире билүү алгач оркойгон жаңылыштык катары көрүнгөнү менен түпкүлүгүндө зор артыкчылык. Азирети Мавлана кечиримдин артындагы сырды минтип түшүндүргөн:

«Жараткан Алланын ырайымы каарынан ар дайым жогору экенин жакшы билерсиң. Мына ошол себептен бардык пайгамбарлар каршы чыккан душман атпайды жеңип алышкан. Балээни жана келишпестикти кекчилдик же заалымдык менен жою мүмкүн эмес. Тескерисинче, кечиримдүүлүк, айкөлдүк менен арылууга болот. «Кайыр-садакалар балээни жок кылат [11]» деген Пайгамбар сөзү эсиңде болсун. Мындан ары оорудан айыгуунун, балээден арылуунун усулун унутта калтырба...»

«Устатым (шейхим) Атпазари Осман мырза: «Адамзаада Жараткан Аллага болгон мамиледе моюн сунууну жана жандилден ыраазылыкты, эл менен болгон мамиледе кечиримдүүлүктү жана боорукерликти эреже катары тутунушу керек» деп эскерет атактуу суфи Бурсеви (Бурсеви, I, 238, Бакара сүрөсүнүн 177-аятынын тафсиринде).

Жана дагы ачуулуу учурда, ачуу үстүндө кечире билүү – нукура изгилик, накта нарктуулук. Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Күрөштө атаандашын жеңген жигит эмес, ачуусун жеңе алган адам чыныгы жигит болуп эсептелет»* (Бухарий, Адаб, 76; Муслим, Бирр, 107, 108).

*«Каалаганын орундатууга күчү жетип турганына карабастан ачуусун баса алган пендени Алла Таала кыямат күнү көпчүлүктүн алдында чакырып, үр кыздардын ичинен каалаганын тандоо укугун берет»* (Абу Давуд, Адаб, 3/4777; Тирмизий, Бирр, 74; Кыямат, 48; Ибн Мажа, Зухд, 18).

Алла Элчиси коом менен болгон мамиледе ар дайым жеңилдикти тандап, кыйынчылык туудурган маселелерден качуу менен кызуу кандуулукка жол берген эмес. Дин душмандарын эч бир жазага кириптер кылбай туруп кечирип жибериши, күнөө менен кемчиликтерди адамдардын абалына жараша жана өзүнө таандык ийги усул менен жөнгө салышы анын дин жолундагы көсөмдүгүн жана иш билгилигин айгинелейп келет. Ал колго түшкөн туткундарды кечирип, жеке өзүнө жамандык бапестеп, түркүн азапты тарттырып таш менен ургандарды аш менен сыйлап, мээримдүүлүк жана боорукерликтин мыкты үлгүсүн көрсөтө алган.

Жаңылыштык менен кемчиликти кечире билүүнүн түпкүлүгүндө жамандыкка жакшы мамиле кылуу, жадагалса жамандык жасаган тараптын анык Ислам жолу менен жашап кетиши үчүн дуба кылуу сыяктуу өзгөчө артыкчылык болушу керек мусулман баласында. Айрымдар муну такыр мүмкүн эместей сезип, мушка муш менен жооп кайтаруу принциби менен жашоону туура көрүшү ыктымал. Бирок буга Азирети Пайгамбарыбыздын Таифке баргандыгын, Таиф элинин аны ташбараңга алгандыгын, кансырап, жараат алгандыгына карабай бул элдин Ислам жолуна түшүшүн Жаратkандан тилеп жалбаргандыгын мисалга тартуу жетиштүү деп ойлойбуз. Жана ошондой эле динди жаңы кабылдаган мусулмандарды кайнаган аптапка кызыган кумга тирүүлөй көөмп, ит чыдагыс азаптарды тарттырган Меккелик мушриктерди Алла Элчиси эч убакта каргаган эмес, керисинче, аларга Исламды насип кылышын Жаратkандан тилеп, жалбарганы жалбарган эле. Ардактуу Пайгамбарыбыздын көз жаш төгүп тилеген дубасынын берекеси менен көптөгөн каапырлардын Исламды кабыл кылышы тарыхтагы кашкайган чындык эмеспи.

«Салих-жарамдуу амалдарды аткарып, «Мен Алла Таалага моюн сундум» деп, пенделерди Акка чакыргандан өткөн чынчыл жан болушу мүмкүн эмес! Жакшылык менен жамандык тең эмес. Сен жамандыкты эң ийкемдүү ыкма менен тосууга аракет кыл. Мына ошондо, айрым келишпес душмандарың жакын доско айланат» (Фуссилат, 33-34-аяттар).

Жаратылыш Нурунун *(саллаллаху алейхи васаллам)* ахлактык көрөңгөсүнүн бийиктигин чагылдырган береги хадис мусулмандарга изги жолду көрсөтүп келет:

*«Жакшылыкка жакшылык, заалымдыкка зулумдук кылабыз!» деп башкаларды ээрчиген адамгерчиликсиз пенделерден болбогула! Бирок өзүңөрдү жакшылык кылгандарга жакшылык кылууга, жамандык кылгандарга жамандык кылбоого көндүргүлө!»* (Тирмизий, Бирр, 63/2007).

Пайгамбарым айткандай, жакшылыкка жакшылык, жамандыкка жамандык кыпындай да пайда алып келбейт. Нукура изгилик жамандык кылгандарга, жаман ниети барларга ийкем мамиле жасап, колдон келген жакшылыкты көрсөтүүдө жатат. Мунун арты менен душманыбыз болсо, доско айланат, эгер ортодогу адам болсо, дагы да жакындайт, а эгер эң жакын адамыбыз болсо, анда ынтымак, сүйүү өтмө катар ширелишет.

Кечиримдүү болууда өтө маанилүү жагдайды эстен чыгарбоо зарыл. Кечирүү же айыпка көз жумуп кою жеке мамилелерде гана козголо турган тема болуп эсептелет. Эгер айып, күнөө жалпы коомго багытталган болсо, анда айыптууну кечиргенден көрө аны түзөлтүүгө аракет кылуу, туура менен жаңылышты ачык далилдеп адилеттүүлүктү камсыз кылуу туура кадам болуп эсептелет. Эгер оор кылымышы бар деп эсептелген айыпкерге кечирим бериле турган болсо, андан да чоң адилетсиздикке сөзсүз жол ачылары шексиз.

Дагы бир маанилүү жагдай – бул момун мусулман адамдын айыбын иликтөөчү эмес, кемчиликтерин жашыра билген ак ниет болушу керек. Тубаса кемчиликти шылдыңдабай, керисинче анын абалынан сабак алуу чоң жетишкендик. Алла Таала жамандык атпайдын жайылышына тыю салган:

«Момун мусулмандардын арасында уятсыздыктын жайылышын каалагандарга эки дүйнөдө тең жанчыдагыс азап бар!» (Нур сүрөсү, 19-аят).

Эми, Азирети Пайгамбарыбыздын хадистерине назар салалы:

*«Кимде-ким бул дүйнөдө бир пенденин кемчилигин жашырган болсо, кыяматта Алла Таала анын айыбын жашырат»* (Муслим, Бирр, 72).

*«Кимде-ким досунун кемчилигин жашырса, Алла кыяматта анын кемчилигин жашырат. Кимде-ким мусулман биртууганынын айыбын ачса, Алла Таала анын айыбын ачыкка чыгарат. Жадагалса үйүнүн ичинде жасаган жоруктарын дагы ачып, шермендесин чыгарат»* (Ибн-и Мажа, Худуд, 5).

*«Кимде-ким диндеш биртууганын күнөөсү (бирок ага тообо кылган болсо) себептүү айыптаган болсо, ал дагы ошол күнөөнү жасамайын өлбөйт»* (Тирмизий, Кыямат, 53/2505).

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* кишинин кемчилигин жашыра билүүнүн артыкчылыгын мындайча маалымдаган:

*«Момун мусулмандын айыбын жашыруу – бул топуракка тирүүлөй көмүлгөн кызын жер астынан чыгарып, тирилткенге тете»* (Ахмад, IV, 153, 158; Абу Давуд,Адаб 38/4891).

*«Маркумду жууган кезде көзгө урунган жагымсыз абалды жашырган пендени Алла Таала кырк жолу кечирет»* (Хаким, I, 506/1307; Байхаки, ас-Сунанул-кубра, III, 395).

Адамдын пенделик, үй-бүлөлүк, көмүскөдөгү жана башка абалын изилдөө чыр-чатактын келип чыгышына, үй-бүлөнүн ураганга жеткириши толук ыктымал [12]. Кемчилиги билинип, эл-журтка маалым болгон соң адамдын уялуу сезими акырындап өчө баштайт. Ариетин жоготкон адамдан бардык нерсени күтүүгө болот. Өзүнөн, коомчулуктан чочулабаганын, элдин жаман ойлоп турганын билген сайын пенде ар кандай жаман иштерге кадам ташташы ыктымал. Анткени аны шайтан тукуруп, кекчилдикти, өчүгүүнү өркүндөтүп жибериши турган иш. Мындай жараян жакшы натыйжа алып келбейт.

Жашоодогу дагы бир маанилүү нерсе – адам пендечилик кылып өзүнүн кетирген жаңылыштыгын эч убакта элге жар салбашы керек. Анткени Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Жасаган күнөөлөрүн жар салгандардан башка бардык үммөтүм кечиримге ээ болот. Түнү жасаган күнөөсүн Жараткан Алла Таала жашырганына карабастан эртелеп туруп: «Мен кечээ түтү палан иштерди жасадым» деп айтышы ашкере күнөөкөрлүк. Болбосо анын түнкү күнөөсүн Алла Өзү кечиргенин аңдабай, таң атары менен өз айыбын өзү ачкан болот»* (Бухарий, Адаб, 60; Муслим, Зухд, 52).

Жасаган күнөөсүн кудум бир чоң ийгилик катары же мыкты өнөрү бардай жарыя кылуу жамандыкты жарыялоо дегендикке жатат. Башта айтылгандай, Жараткан Алла Таала жамандыктын жайылышына көмөкчү болгондорду катуу азапка салаарын эскерткен. Бул дүйнөдө жасаган күнөөсүн уялуу менен жаап-жашыргандарды Алла Таала шерменде кылбайт деген үмүт бар.

Айрым адамдар ибадатка олуттуу маани бергени менен Кудай Тааланын маанилүү «Сатрул-уюб/айыптарды жашыруучу, кечирүүчү» сыпатын анчейин капарына албай келишет. Ошол себептен рухий өнүттөн талаптагыдай өнүгө алышпайт. А аныгында айкөлдүк, кечиримдүүлүк, айыпкердин айыбын, адамдын тубаса майыптыгын же кем жаратылган тарабын жашыра билүү анык мусуландык сапат болуп эсептелет. Ошондуктан баарыбыз Алланын буйругуна моюн сунуп, кемчиликтерди кечире билип, айкөл болушубуз керек.

**Изгиликтин үлгүсү**

Ибн Умардын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтуусуна караганда Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«–Кыямат күнү момун мусулмандын Жаратkандын жакшылыгына жана ырайымына ашкере жакындаганын ушундан билиңиз, Алла Таала аны айкөлдүгүнө алып элден жашырат жана күнөөлөрүн мойнуна алдырат:*

*«– Мынал бул күнөөлөрдү билесиңби? Мына бул күнөөнү билесиңби?»*

*«– Билем, оо, Жараткан!» деп жооп кайтарат пензедат. Алла Таала ага мындай дейт:*

*«– Мен сенин бул күнөөлөрүңдү аркы дүйнөдө жашап жүргөнүңдө эле жашырып койгон элем. Бүгүн муну кечиремин!» Андан соң ага жакшылыктары катталган дептер көрсөтүлөт»* (Бухарий, Тафсир 11/4; Адаб 60; Тавхид 36; Муслим Тавба, 52; Ибн-и Мажа, Мукаддима 13).

***

Меккелик бутпарастардын каршылыгы, чектен чыккан кордугу Жаратылыш Нурун *(саллаллаху алейхи васаллам)* ашкере кыйнап жибергендиктен арка-жөлөк болор жан чыгып калаар

деген ниетте Таифке барат. Таифтин наадан калкы, тилекке каршы, Алла Элчисине өчү бардай каршылык көрсөтүп, ташбараңга алышат. Кийими тытылып, кепичи канга толуп, оор жаракат алган Пайгамбар сыздап-сызап, аргасыздан түтөп артка кайтат. Сүйүктүү Пайгамбарынын жүрөгү ооруп турганын көргөн Кудай Таала эгер кааласа, эки тоону көчүрүп Таиф элин жер менен жексен кыларын билдирип Жабраилге кошуп кирпик ирмегиче тоолорду томкоро турган периштесин жиберет. Өзүн жарадар кылган түркөй элден көңүлү калганына карабастан ааламдарга мээрим катары жиберилген Пайгамбарыбыз:

*«– Жок, андай болушун эмес, алардын урпагынан эч убакта ширк кошпой турган ибадаткөй пенделердин чыгышын Алла Тааладан тилейм!»* дейт (Бухарий, Бадул-халк, 7: Муслим, Жихад 111).

Алланын ыраазылыгы үчүн кечиримдүү болуу Азирети Пайгамбарыбыздын эң негизги урааны эле...

***

Азирети Аиша эне *(Алла ага ыраазы болсун)* минтип эскерген:

«Алла жолунда согушууну эске албаганда аялдарынын жана кызматчыларынын эч бирине Азирети Пайгамбарымдын *(саллаллаху алейхи васаллам)* колу тийген эмес. Жамандык кылган жандан өч алуу мындай турсун, жадагалса, катуу сүйлөчү эмес. Бирок Алла Тааланын буйругун аяк асты кылынганын көрдү дегиче, Жаратткандын атынан ага сөзсүз жаза берер эле» (Муслим, Фадаил 79; Абу Давуд, Адаб 4; Ибн-и Мажа, Никах 51).

***

Эки төөсүн жетелеп тоо жактан шыр жүрүп келген бир бедуин түз эле Пайгамбар мечитинин алдына келип төөлөрүн чөгөрөт. Адамгерчиликсиз орой мамилеге көнгөн бедуин салам-аликсиз албууттана келип жакага асылып Алла Элчисин муунтат. Катуу кыскандыктан таардан тигилген чепкендин изи анын мойнуна өтө түшөт. Атасынан калган аласасы бардай алкынган түркөй көчмөн төөлөрүн жаңсап:

– Мухаммад! Казынадан мына бул эки төөгө азык-түлүк жүктөп бер! Өзүңдүн же атаңдын мүлкүнөн жүктөгөнсүбөй, жакшылап жүктөт! – дейт.

Бедуиндин адепке сыйбаган төмөн жоругуна ачууланган Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* береги сөзүн үч жолу кайталайт:

*– Сага бергидей ашып жаткан мүлкүм жок! Бирок мойнумду оорутканың үчүн жазаңды алмайын төөлөрүңө жүк жүктөлбөйт!*

– Ант болсун! Эч качан өч алдырбайм! деп орой мүнөз чабан өжөрлүккө салат. Азирети Пайгамбарыбыз шартын үч жолу кайталаганына карабастан бедуин айтканынан кайтпайт. Эсирген түркөйдү эсине келтирип койгусу келген сахабалардын кыжыры кайнап жөөлөп кеткидей абалга жетишет. Кичине ишаарат болду дегиче көк бөрү тарткандай кылып, бедуиндин таш-талканын чыгарып жиберерине көзү жеткен Пайгамбар сахабаларына кайрылат:

*– Баарыңар кулак салгыла! Мен уруксат бермейин эч ким ордунан жылбасын!*

Бир төөсүнө арпа, экинчисине курма жүктөп беришин четте турган сахабага буйруйт. Төөлөргө жүк жүктөлгөндөн кийин:

*– Эми, Алланын берекеси менен үйүңөргө тарай берсеңер болот!* – дейт (Абу Давуд, Адаб, 1/4775; Насаи, Касама, 24; Ибн-и Мажа, Либас 1)..

***

Абу Суфян Азирети Пайгамбарыбыздын жакын туугандарынын бири эле. Пайгамбарлык келе электе экөө астейдил амандык сурашып, кыл өткүстөй тыгыз алакада болбосо да, туугандыктын урматына сыпайы мамиледе болушат. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Алладан келген динди жеткирүү үчүн эл алдына чыккандан тарта Абу Суфян элдешкис душманга айланат. Исламды жаңыдан кабыл алган алсыздарды мыкаачылык менен түрдүү ыкмага салып катуу кыйнай баштайт. Өз тууганын өгөйлөп кемсинткен, шылдыңдаган маанидеги какшыктарды жазып элге таратат. Мусулман катары Алла Элчисине чаң жугузгусу келбеген ак таңдай акын Хассан бин Сабит *(Алла ага ыраазы болсун)* дин душманынын жалган жалаасына каршы татыктуу жоопторду жазат. «Ак ийилет, бирок сынбайт» демекчи, акырында Абу Суфян өзүнүн айбандык жорукгуна бушайман болот. Кечирим суроо үчүн Мединага карай аттанат. Алланын жазмышын карабайсызбы. Далай жылдар алдын киндик кан тамган жерден куулган Азирети Мухаммадка Жараткан Өзү жар болуп дин Исламды бутуна тургузуп, миңдеген ыктыярлуу колдоочуларды кошот. Ошентип абийир алдында

азап чегип, ушул азаптан кутулайын деген ниетте тигин каккан Абу Суфян жолдо он эки миңдей колду баштап Меккеге бет алган Алла Элчисине кезигет. Туугандык мындай турсун, Кудайдын динине каршы чыккан Абу Суфяндан үч көчкөн журттай көңүлү калган Пайгамбар андан жүз үйрүп, унаасын темине алдыга кетет. Анын мындай осол мамилеси катуу таасир берди көрүнөт, кетирген катасы үчүн Абу Суфян өзүн ичтен жемелейт. Арга түгөнгөндө Азирети Али үйрөткөн берегі аятты окуп кечирим сурайт:

«Алла Таалага чексиз мактоо! Чындыгында Алла Таала сенин даражаңды (бизден) көтөрүп койду. Чындыгында биз ката кетирген экенбиз!» (Юсуф сүрөсү, 91-аят).

Мээримдүүлүктүн мухити сымал чалкыган Алла Элчиси бул аятты угары менен жүрөгү жибип берегі аятты окуп, Абу Суфянды кечирип жиберет:

«Бүгүн (эски кылымышыңардан улам) силер эч кандай кекетилбейсиңер жана айыпталбайсыңар. Силерди Алла Өзү кечирсин! Ал мээримдүүлөрдүн эң Мээримдүүсү!» (Юусуф сүрөсү, 92-аят).

Кылмышы чындап аша оор болгондуктан Ислам динин кабыл кылгандан кийин деле Абу Суфян Аалам Ардагынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жүзүнө карай албай жүрүп өтөт (Вакиди, Магази, II, 810-811; Ибн-и Хишам, Сийро, IV, 20-24: Ибн- Абдулбар, ал-Истиаб, IV, 1674).

***

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Меккени караткандан кийин мусулман мушрик аралаш жергиликтүү тургундарга кайрылат:

– *Эй, Курайш жамааты! Ушу тапта силер менден эмнени күтүп жатасыңар?* Курайш жамааты:

– Биз сенден жакшылыкты гана үмүт кылабыз. Сен кең пейилсиң, жакшылыктын жүзүсүң, боордошубузсуң! Сен жүрөгүндө кири жок жапакеч тууганыбыздын уулусуң!... дешет.

Пайгамбарыбыз Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам):*

– *Азирети Юсуфтун бир туугандарына айтканы сыңары мен да силерге:*

«...Бүгүн силер айыпталбайсыңар. Алла силерди кечирээр. Ал – ырайымдуунун эң Ырайымдуусу» (Юсуф сүрөсү, 92-аят) *демекчимин. Анда эмесе бошсуңар, эркинсиңер!* дейт.

Баяндамалардын биринде Пайгамбарыбыз мындай буюрган экен:

*«Бүгүн мээримдүүлүктүн күнү! Бүгүн Алла Тааланын Курайш жамаатын Ислам менен кубаттандырып, шарапатын арттырган күн!».*

Ошентип, жеңиштен мурун бир топ мусулмандын убалына калып, мал-мүлкүнө кол салып, жазыксыз далай жанды жайраган адамдар да туура, ак жолго түшүшөт. Алла Таала Курайш бутпарастарын Өз Элчисинин колуна түшүрүп, ага баш ийдирет. Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* аларды кечирип, баарына эркиндик берет. Ошол себептүү Меккеликтер «тулака» - «эркин койо берилгендер» деп аталып калышкан эле[13] .

***

Хаббар бин Асвад Исламга кастыгын тиккен карамүртөз душмандардын алдыңкыларынан эле. Ал Меккеден Мединага көчүп бараткан Азирети Зайнапты атайлап найза менен уруп төөсүнөн кулатат. Пайгамбарыбыздын кызы агезде бойкат болуп жана катуу жыгылуудан улам жаракат алгандыктан дароо боюнан түшөт. Жаракаты кийинчерээк кайрадан ырбап Азирети Зайнаптын өлүмүнө себепкер болот. Хаббар мындан башка дагы далай оор кылмыштарды жасагандыктан, Мекке каратылгандан кийин шаардан качып кокту-колоттордо күн өткөрүп көпкө дейре колго түшпөйт. Арадан көп убакыт өткөндөн кийин күнөрдүн биринде сахабалары менен отурган Пайгамбардын алдына Хаббар капыстан кирип келет да, мусулман болгонун билдирет. Дин душмандарынын саны бир кишиге азайып, мусулмандардын саны бир адамга көбөйгөнүнө кубанган Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* аны да кечирет. Ал тургай сахабаларына Хаббарды кечирүүнү жана эски жараны козгоп аны кекетпөөнү буюрат (Вакиди, II, 857-858).

***

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бирөө жарымдын катасын көрүп, айыбын сезип турса деле эч кимди эч убакта эл арасында уят кылган эмес. Тек гана сөз нугун өзүнө ыктатып, өзүн күнөөлүүдөй кыйытып, айыптууну уяткарып койчу. Айрым учурларда кетирилген кемчиликти «сага жарашпайт» дегендей таризде эскертип койчу. Ал көп учурларда:

*«– Мага эмне болуп калган, айрымдарыңардын ушундай осол абалда көрүп турам[14] »* деп, өзүн айыптуудай көрсөтөөр эле.

Ал бирөөлөрдүн өзү тууралуу айткан жагымсыз жалаасын, ушак-айыңын уккан учурда: «Паланча мындай-мындай дептир» деп эч убакта тикелей айтчу эмес. Бирок уяткарып кою үчүн: «Адамдарга эмне болуп калган, ушундай сөздү айта башташыптыр» деп каймана түрдө какшыктап койор эле (Абу Давуд, Адаб, 4/4788).

***

Абдулла бин Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алланын ардактуу Элчиси күндөрдүн биринде минбарга чыгып жамаатка кайрылат:

*«–Тили менен мусулман болгонун билдиргени менен чын жүрөктөн ыйман кирбеген эки жүздүүлөр (мунафыктар)! Мусулмандарды кыйнабагыла, аларды сындабагыла, кемчилиги чукубагыла! Кимде-ким мусулман бирбоорунун айыбын чукуса, Алла анын кемчилигин Өзү иликтейт. Кимдин кемчилигин Алла иликтей турган болсо, мейли ал үйүнүн ичинде болсун, шермендесин чыгарып койот!»* (Тирмизий, Бирр 85/2032).

***

Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа мындай деген:

*«Кимдир бирөөнүн күңү зина кылып, анысы ачыкка чыга турган болсо, кожоюну ага жаза катары балак урсун. Бирок айыбын бетке чаап, кекетпесин. Арам жорукту экинчи ирет кайталаса, кайра балак урсун. Бирок айыбын бетке чаап, жаман айтпасын. Күң зинакорлукту үчүнчү ирет кайталаса, кожоюну аны жиптен үзүлгөн кылдын наркына болсо да сатып жиберсин»* (Бухарий, Ытк, 17, Худуд 35, 36 Бую, 66, 110; Муслим, Худуд 30).

Мына, Алла Элчисинин ажайыпкеменгер таалими... Ал өтө жаман күнөө жасаган айыпкердин көңүлүн оорутуп койбоону жана эстен кеткис жаза менен жагымсыз жоруктан кайтарууну көсөмдүк менен буйруп кеткен.

***

Кызганыч он бир бир тууганды карачечекей иниси Жусуптун көзүн тазалоого түртөт. Жакып атаны алдап чыккан уулдары ичи тардык кылып, Жусупту ээн таалаадагы кудукка таштап кете беришет. Ошентип караңгы кудукка ташталган соң кербендер тарабынан табылып, кул катары сатылып, кийин зынданга ыргытылган Жусуп *(алейхис салам)* акырында Алла Тааланын кудуреттүү амири менен Мисир өлкөсүнүн каржы тарабын жетектеп калат. Кези келип элди ачарчылык каптаганда карамүртөз биртуугандар Азирети Жусуптун жардамына муктаж болот. Жадагалса оор жаза берүү мүмкүнчүлүгү колдо турганына карабай бир туугандарын кечирип жибериши Жусуп пайгамбардын кечиримдүүлүгүн даңазалап, бул тууралуу тээ байыртадан бери дастандар айтылып келет. Бир туугандарын кечиргенден кийин алардын ыңгайсыз абалда калбоосу үчүн акылмандык менен иш кылат.

Бир туугандардын Азирети Жусуп менен кандайча жолугушканы Куранда берегидей сүрөттөлөт:

«(Бир туугандар!) Же болбосо сен Жусупсуңбу? дешти. Ал:

– Ооба, мен Жусупмун, бул болсо (Бунямин) менин бир тууганым! Чындыгында Алла Таала бизге жакшылык ыроолоду. Кимде-ким Андан коркуп, (башка түшкөнгө) сабыр кылса, Алла жакшы амалдарды жасагандардын эмгегин текке кетирбейт деди.

– Ант болсун, акыйкатта, Алла Таала сени бизден да мартабалуу кылды. Анткени биз туура эмес иш кылган экенбиз – дешти бир туугандар. Жусуп аларга (жубатуу үчүн):

– Бүгүн силерди эч ким айыптабайт. Алла силерди Өзү кечирсин! Ал мээримдүүлөрдүн эң Мээримдүүсү! – деди» (Жусуп сүрөсү, 90-92-аяттар).

Андан соң атасы Жакып пайгамбар менен жолугушкандыгы мындайча баяндалат:

«Ал ата-энесин өзүнүн тактына чыгарып отургузду. Баары (жолугушууга ыраазылык билдирип) ага ийилип таазим кылышты. Алла үчүн саждага баш коюшту. Жусуп: – Атаке, мына, (кырк жыл) мурда көргөн түшүм ушундай болуп чыкты. Кудай Таалам аны чындыкка чыгарды. Чындыгында Эгем мага көп жакшылыктарды тартуулады. (Атап айтсам,) мени зындандан чыгарды жана бир туугандарымдын мага болгон мамилесин шайтан бузгандан кийин, минтип сизди чөлдөп алып келип олтурат. Акыйкатта Жараткан Алла Өзү каалаган пендесине жакшылык ыроолойт. Шексиз Ал Билүүчү жана Даанышман!» (Жусуп сүрөсү, 100-аят).

Бул аяттар ошол эле маалда «жамандыкка жакшылык» деген эң мыкты тарбиялык усулга ишаарат кылууда. Анткени мындай айкөлдүк кек сактаган душмандын жүрөгүн ээритет, алакасы жок адамды доско айлантып, шилекей алышкан досторду кыл өткүстөй кылып жакындатат.

Азирети Жусуп *(алейхис салам)* бир нече күн бою дасторконду миңтүркүн дүйүм даамга толтуруп агаларына сый көрсөтүп, үйгө кайтуу жөнүндө ооз ачпайт. Бир туугандар болсо жаш кезде ага жасаган карасантайлыктан улам уялып, жерге кирип кеткидей болуп албырттап жүздөрү кызарып кыйналышат. Айла кеткенде бир адамды элчиликке жөнөтүп берегидей дубай-салам айттырышат:

– Сен күн-түн дебей бизди сыйлап, мейман кылып жатасың. А биз болсо балачагыңда сага каршы жасаган кылымышыбызды эстеген сайын эзилип, айлабыз кетип жатат...

Жусуп пайгамбар агаларынын көңүлүн жайгарып жубатуу үчүн мындай деп жооп айттырат:

– Мисир эли ушу кезге чейин мага зындандан чыккан кул катары карашчу. «Алла Аруу жана Улуу! Жыйырма дирхамга (акча бирдиги) сатылган кулдун мартабасын кара...» дешет. Силердин бул жакка келишиңер менен менин эл арасындагы кадыр-баркым дагы да артты. Менин силердей болгон бир туугандарымдын бар экендигин жана Ибрахим *(алейхис салам)* менин чоң атам болгондугун эл-журт жакшы билип калышты.

Ошондой эле: «Каргышка калгыр шайтан, агаларымдын мага болгон ысык мамилесин бузду» деп атасын сооротуп, эски жараны ырбатпоонун алдын алганы кандай гана кеменгерлик.

Жусуп пайгамбар жогорудагы сөздү мактануу үчүн эмес, агаларынын көңүлүн жубатуу, алардын бушаймандыгын жеңилдетүү үчүн айткан. Ким болбосун, бул икаяны окуган адам анын кечиримдүүлүгүнө жана көсөмдүгүнө күбө болот. Анткени ал агаларынын көңүлүн оорутуп коюдан кылдат сактанып айыпты такыр эстебегенге аракет жасаган. Жамандыкка жакшылык, душмандыкка айкөлдүк кылып, Жараткандын ыраазылыгы үчүн эски таарынычты унутуп, анык акылмандыктын үлгүсүн көрсөтүп кеткен.

***

Азирети Абу Бакр (*Алла ага ыраазы болсун)* Мыстах аттуу жакыр адамга кам көрүп, такай жардам берип жүрчү эле. Кызы Азирети Аишага карасантайлык менен жалаа жапкан жалаакорлордун арасында Мыстахтын бар экендигин билгенден кийин Абу Бакр ага жардам бербөөгө ант этет. Жардамдын токтошу Мыстахтын бушайманга салат. Ансыз да араң жашап жүргөн үй-бүлөсү тамак-аштан кыйнала баштайт. Бул окуяга улай Жараткан Алладан береги аят келет:

« Араңардагы кеңчилик, молчулукка ээ болгон пенделер тууган-уругуна, карып-мискиндерге жана Алла жолунда көчкөндөргө (мал-мүлкүнөн кайырым) жардам бербөө үчүн ант этишпесин. Кечиришкиле, элдешкиле. Алла Тааланын силерди кечиришин каалайсыңарбы? Алла Таал Кечиримдүү жана Боорукер!» (Нур сүрөсү, 22-аят).

«Өзүңөрдүн жакшылык кылуу, такыба болуу жана адамдарды жараштыруу үчүн берген антыңарга Алланын ысмын калкан кылбагыла! Алла Угуучу, Билүүчү» (Бакара сүрөсү, 224-аят).

Бул аяттардан Алла Тааланын пенделерине болгон мээриминин чексиздигин аңдоого болот. Ошондой эле изгиликке талпынган сүйүктүү пенделеринин бышып-жетилүүсүнө шарт түзгөндөй максат көрүнүп турат.

Аяттар маалым болору менен Азирети Абу Бакр Мыстахка болгон жардамын улантып, антты бузгандыгы үчүн каффарат (айып пул) берет (Бухарий, Магази, 34; Муслим, Тавба, 56; Табари, Тафсир, II, 546).

***

Абийирдүүлүктүн жүзү саналган Азирети Аиша энебизге каршы жасалган жалаа жабуу «Ифк» окуясына Хассан бин Сабит да аралашып калат. Хасан бин Сабиттин Алла Элчисине болгон ысык мамилесин билгендиги себептүү Азирети Аиша аны кечирет. Окуяны Урва бин Зубайр мындайча эскерет:

«Тайежем Аишанын *(Алла ага ыраазы болсун)* жанында олтуруп Хасанга ачууланып, анын жамандыгын айта баштадым. Ал «токтот!» дегендей колу менен ишаарат кылып:

– Мындан кийин ага акаарат келтирбе! Анткени ал таасирлүү ырлары менен Алла Элчисин жактаган инсан! – деди» (Бухарий, Адаб, 91).

Мына, өзүнүн намысына шек келтиригенине карабай, Жаратылыш Нуруна *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон бекем сүйүүсү үчүн өз кызыкчылыгын курмандыкка чалуунун керемет үлгүсү. Кандай гана терең сүйүү, соолугус оопалуулук көрнөгү.

***

Кандуу Ухуд айкашындагы башты көз көрбөгөн чаң-тополоңдо мусулмандардын ичинен бирөө Хузайфанын жаңы гана мусулман болгон атасын байкоостон өлтүрүп койот. Атасынын шейит кеткенин өз көзү менен көргөн Хузайфа окуяны мындайча эскерген: «Бир карасам, биздин эле мусулмандардан атамды найза менен кууп баратыптыр. Жаным чыгып кеткидей болуп:

– Эй, Алланын кулу! Ал менин атам, менин атам болот! – деп кыйкырып калдым. Кан кайнаган согуш майданында менин аталаган үнүмдү эч ким угуп койгон жок. Канчалык жаналакетке түшүп чуркабайын барыбир жетишпей калдым. Аргасыздан каңырыгым түтөп: «Кудайым силерди кечирсин!» дегенден башка сөз айта албадым».

Азирети Урва *(Алла ага ыраазы болсун)* минтип эскерет:

«– Аллага ант болсун! Хузайфанын бул айкөлдүгү жана кечиримдүүлүгү Ухуд күнү гана эмес, көзү өткөнгө чейин уланды. Билбестик кылып кылыч көтөрүп, атасын курман кылгандардын кечирилишин ар дайым тилеп, дуба кылып жүрүп өттү го кайран айкөл...» (Бухарий, Манакыбул-Ансар, 22).

Адилеттүүлүктүн атасы саналган Азирети Пайгамбарыбыз Хузайфага атасынын кунун төлөп берет. Жаратылыш Нурунун тарбиясын алган Хузайфа болсо берилген мал-мүлктү, колунда жок жакыр үй-бүлөлөргө кайрым кылып таратып берген экен (Ахмад, Наим, Тажриддин түркчө котормосу, II, 468).

***

Мусулман пенде башкалардын айыбын жар салуудан өтө сак болушу керек. Анткени Алла Таала Өзү: «Айыптарды жар салбагыла!» (Хужурат сүрөсү, 12-аят) деп, бул жагымсыз жорукка тыю салган. Окуяны Укба бин Амирдин *(Алла ага ыраазы болсун)* катчысы маалымдаган:

– Мына бул коңушуларыбыздын ичимдик ичип жүргөнүн байкап калдым. Макул десеңиз укук көзөмөлчүсүн (сакчыны) чакырып, аларды карматып берели дедим Укбага. Жылан чаккандай так секирген Укба менин пикириме каршылыгын билдирди:

– Андай кылганың дурус болбой калат. Андан көрө аларга насаат айт, эскертүү бер!

– Насаат айтып көрдүм, тилекке каршы, оңолушкан жок. Укук көзөмөлчүсүн чакырам.

– Андай кылба деп жатам! Анткени мен Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам): «Бир момун мусулмандын айыбын жана күнөөсүн жабуу топуракка көмүлгөн кызын көрүстөндөн суурup, куткарып алууга тете» дегенин уккам* (Ахмад, IV, 153).

***

«Жакшылык менен жамандык чогуу болбойт. Сен жамандыкты эң ийги ыкма менен тос. Мына ошондо сага душмандык кылган адам да жакын доско айланат» (Фуссилат сүрөсү, 34-аят) маанисиндеги аятты Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* мындайча чечмелеген:

«Аяттагы «эң ийги ыкма» деген түшүнүк ачуулуу учурдагы сабырдуулукту жана жамандыкка дуушар кылгандарга берилген кечиримди туюнтат. Кимде-ким мындай ыкманы колдоно турган болсо, Алла аны колдоого, коргоого алат, душмандарды баш ийдирет, кастык тиккендерди жакын доско айлантат» (Бухарий, Тафсир, 41/1).

***

Азирети Пайгамбарыбыз мындай деген:

*«Муктаж пенделерге карызга акча берген бир адам бар эле. Ал кызматкерине: «– Кысталышта калган бир кембагалга барганыңда, карызды кечип кой. Балким (бул иштин шарапаты менен), Алла Таала бизди кечирет» деп насаат айтат.*

*Акырында одүйнө салган ал адамды Жараткан Алла кечирип жиберет»* (Бухарий, Анбия, 54; Муслим, Мусакат 31).

Башка бир айтууга караганда, Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул окуянын жүрүшүн мындайча улаган:

*«Силерден мурда жашап өткөн үммөттөрдүн ичинен бир адам суракка тартылат. Амал дептеринен деги бир жакшылык табылбайт. Ошентсе да ал эл менен чогуу болгон бардар адам болгондугу үчүн кызматкерине кысталышта калган кембагалдардын карызын кечип коюуну буйручу экен. Кичинекей гана насааты үчүн Улуу Алла Таала:* «Ага караганда Кечиримдүү болууга Биз ылайыктуубуз. Анын күнөөлөрүн жаап койгула!» *деп буйруган (периштелерине)»* (Муслим, Мусакат, 30; Ахмад, IV, 120).

***

Күндөрдүн биринде Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«– Кимиңер Абу Дамдам сыяктуу боло аласыңар?* – деп суроо салат.

– Абу Дамдам деген ким болот? деп суроону Азирети Пайгамбардын кайра өзүнө узатышат. Ошондо ал:

*«– Абу Дамдам силерден мурда жашап өткөн бир коомдун өкүлү болчу. Ал: «Мага акаарат келтирип, тил тийгизген жана артымдан сөз таратып гыйбат кылган адамдарга дооматым жок» дечү экен»* (Абу Давуд, Адаб, 36/4887).

Мына, кечиримдүүлүктүн керемет үлгүсү... Ал ак көңүл инсан өзүнө каршы сөз чыгарып, тил тийгизип, артынан жамандагандарды кечиргенин, аларга эч кандай доомату жок экендигин Алла Таалага айткан. Ал сурагы оор болоор кыяматта ошол көрпеделер азап чегип калбасын деген санаа менен Жараткандын ыраазылыгы үчүн кечиримдүү болгон.

***

Болор-болбос акчага азгырылган ашпозу өз колу менен жасаган тамакка уу кошуп мусулман журтчулугунун халифасы Умар бин Абдулазизге берет. Эч нерседен бейкапар отурган халифа бираз тамактангандан кийин оозунан көбүк агып жыгылат. Тамакка уу кошулганын түшүнгөн Умар бин Абдулазиз ашпозчудан сурайт:

– Мени ууландыргандыгың үчүн канча акча алдың?

– Мм. Ммиң динар аа-а-алдым... – дейт үнү буулган ашпозчу.

Адилеттүү жана боорукер журт башчысы аны жемелебейт, жазага да буйрубайт. Тек гана алган акчаны мамлекеттик казынага төккөн соң аны кечирген экен. Анткени ал Улуу Жараткандын алдына толуп-ташкан ыйман, таптаза жүрөк менен кетип жаткан болчу.

***

Ашыглык отуна жангандардын көңүлүнөн түнөк тапкан Халлаж Мансур ташбараңга алынып жаткан учурда:

«– Оо, Жараткан Алла Таалам! Менден мурда мени ташбараңга алып жаткандарды Өзүң кечир!» деп жалбарган экен.

***

Шейх Саади «Гүлистан» аттуу залкар чыгармасынында мындай дейт:

«Күнөөкөр пенде илгери үмүт менен алакан жайып Алла Таалага жалбарат. Жүрөгү эзилип талыкпай дуба кылат. Алла Таала анын дубасын кабыл кылбайт. Кайра-кайра жалбарат. Акырында Жараткан Алла:

– Менин периштелерим! Талыкпай дуба кылган пендемдин тилегин кабыл кылдым, каалаганын бердим. Көшөрүп дагы көпкө олтуруп муңкана дуба кылышынан уялам! – дейт.

Шейх Саади андан ары:

– Жараткандын чексиз айкөлдүгүн кара. Күнөөнү пенде жасап жатса, Алла Таала уялып жатат – дейт».

***

Пайдасынан башка эч кимге кылчалык зыяны жок бир наабайчы бар эле. Нан сатып алуучулар кээде жасалма акча берип калса да алып койчу экен. Акчанын жасалма экендиги ачык-айкын билинип турганына карабай кардардын шагын сындырып койбоо ниетинде соода кыла берчү экен. Көпчүлүк эл анын мындай камаарыбастыгына түшүнбөй таң калчу. Акырында ичээр суусу, көрөөр күнү бүтүп баратканын сезген наабайчы Жаратканга минтип жалбарган экен:

«Атыңдан айланайын Кудай Таалам! Өзүң жакшы билесиң, көп жылдар бою адамдар мага жалган, жасалма акча апкелип жатышты. Мени алардын айыбын жүзүнө айткым келбей, каалаганын берип келдим. Оо, Жараткан! Мына, эми Өзүңдүн алдыңа жасалма таат-ибадаттар менен баратам. Суранам, менин саны бар, сапаты начар ибадаттарымды жүзүмө чаба көрбө!..»

***

Жыйынтыктап айтканда, кечиримдүүлүк жана айыпты жашырып, көрмөксөнгө салуу момун мусулмандын эң ийги сыпаты болушу керек. Чындыгында жагымсыз абалдарды, кунарсыз көрүнүштөрдү жар салгандан эч кимге эч кандай пайда жок, тескерисинче, зыян жактары бар. Андыктан бирөөлөрдүн айыбын, тубаса майыптыгын жана кемчилигин көрмөксөнгө салып кою пайдалуу. Мындай аракет жаңылыштыктын жайылып кетишин тосуп, көңүлдү оорутуп албоонун

алдын алат. Ошол эле маалда адамды туура жолго салууда кечиримдүүлүк абдан таасирлүү ыкма болуп саналат.

Негизинен кынтыксы, кемчиликсиз кул болбойт. Башкалардын кемчилигин жана жаңылыштыгын териштиргенден көрө «өз башындагы төөнү көрүп» өз жаңылыштыгын, өз катасын түзөтүүгө аракет кылуу дагы да пайдалуу. Мындай изгилик күнөөлөрдөн арылууга, туура жолдо жүрүүгө өбөлгө түзүп, рухий өнүттөн адамга оң таасир алып келет. Анткени ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деп буюрган:

*«Башкалардын кемчилиги менен алек болбой, өз жаңылыштыгын түзөтүү чарасын көргөн жанга сүйүнчү!»* (Али ал-Муттакий, XV, 865/43444).

Ар бир адам кылган күнөөсүнүн, кетирген жаңылыштыгынын кечирилип, унутулушун каалайт. Кетирилген кемчиликтин бушаймандыгынан жана абийир азабынан кутулуунун жолун издеп, туура, түз жүрүүгө, жаңылбоого аракет кылат. Керт башына ушундай камкордукту самаган адамбаласынын башкаларды кечирбей, бирөөлөрдүн кемчилигин иликтеши жеткен түркөйлүк!

Улуу Кудуреттин жардамына муктаж болуп турган учурда колдоо табуу үчүн азыртан Жараткандын кулдарын кечире билели. Бул дүйнөдө пейлибизди, ниетибизди тазартып акретте Жараткандын кечиримине татыктуу абалга жетели. Жараткан бизге кыяматка чейин төмөнкү суроону берип келет:

«...Алла Тааланын өзүңөрдү кечиришин каалайсыңарбы?» (Нур сүрөсү, 22-аят).

### 3. Адам укугуна аяр мамиле жасоо

Алла Таала биз адамбаласын эң мыкты, эң көркөм келбет-турпатта жаратканын маалымдаган [15]. Ошону менен катар пендезатка санк жеткис жакшылыктарды, нематтарды жана көптөгөн акы-укуктарды ыроологон. Кеп болуп жаткан акы-укуктардын корголушу үчүн жашоону ирээтке келтире турган зарыл мыйзамдарды, эрежелерди койгон.

Ошондуктан адамдын Алла ыроологон акысын жеп, укугун тебелөө чоң күнөө болуп эсептелет. Жараткан Алла Өзүнө каршы жасалган күнөөнү да, жаңылыштыкты да кечирерин билдирген, бирок адам укугун тебелөөнүн күнөөсүн кечирүү үчүн маанилүү шарт койгон. Тактап айтканда, адам укугуна карата жасалган күнөөнүн кечирилишин ошол запкы чеккен, жабыр тарткан тараптын эркине койгон. Жабыр тарткан тарап ыраазы болсо, кечирет, ыраазы болбосо, кечирим жок... Ошол себептен бирөөнүн акысын жегендиги же бирөөнүн укугун аяк асты кылгандыгы үчүн тооба кылган инсан иралды жабыр тарткан адамдан ыраазылык алып, адалдашып алышы зарыл. Болбосо акыретте иш чатакка айланат.

Алланын сүйүктүү Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнүн бир хадисинде:

*«Алла Таала шейиттин адамдын акы-укугуна байланышкан күнөөлөрүнөн тышкары бардык күнөөлөрүн кечирет»* (Муслим, Имара, 119) деп айткан.

Укук маселесинде Алла жолуна курман болгон шейитке да жеңилдик кылынбаган соң, башкалардын жабыркагандар менен адалдашмайын Жараткандын кечиримине ээ боло албасын өйдөкү хадис ачык тастыктап турат. Алла Таала Ыйык Куран аркылуу адамдын акысын жеп, укугун тебелөөгө тыю салган:

«Ортоңордогу мал-мүлктү, байлыкты өз ара арам жол менен жебегиле жана күнөө экенин билип туруп адамдардын байлыгынын бир бөлүгүн жеш үчүн акимдерге пара бербегиле!» (Бакара сүрөсү, 188-аят).

«Эй, ыйман келтиргендер! Эки тараптуу ыраазылыкка таянган соода келишиминен тышкары бир-бириңдин мал-мүлкүңдү арам жолдор менен жеп койбогула!...» (Ниса сүрөсү, 29-аят).

Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде:

*«– Жалган касам менен мусулмандын акысын алып койгон адамга Алла Таала бейишти арам кылып, тозокту парз кылып койот»* дейт.

«– Арзыбас нерсе болсо да өкүм өзгөрбөйбү?» деп сурашат сахабалар. Алла Элчиси:

*«– Жадагалса, эрак дарагынын бир чыбыгы болсо да!»* дегенин үч ирет кайталайт» (Муслим, Иман, 218, Муватта, Акдия, 11).

Бирөөнүн акысын жегендин акыреттеги ачуу азабы тууралуу хадисте мындай деп айтылат:

*«Айрым адамдар адилетсиздик кылып Алла Тааланын мүлкүнөн арам жол менен энчилөөгө бел байлашат. Чындыгында бул башка нерсе эмес, кыяматта алар үчүн от-жалын гана!»* (Бухарий, Хумус, 7).

*«Кимде-ким диндешинин абийр-намысына шек келтирип, мал-мүлкүн (тартып алып) жабыркаткан болсо, алтын, күмүш табылбаган кыямат келгенге чейин аны менен адалдашып алсын. Болбосо канчалык зулумдук кылган болсо, жабыр тарткан тарапка ошончолук салих амалы алынып берилет. Эгер жакшылыгы жок болсо, кордук көргөн тараптын күнөөлөрү анын (заалымдын) мойнуна жүктөлөт»* (Бухарий, Мазалим 10, Рикак 48).

Ошондой эле Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде сахабаларына кайрылат:

*– Муфлис деп кимди айтууга болот?*

Сахабалар:

– Биздин оюбузча, акчасы жана байлыгы жок адам муфлис – деп жооп беришет. Ошондо Алланын Элчиси:

*«– Үммөтүмдүн муфлиси мына бул адам; ал кыямат күнү намаз, орозо жана зекетинин сообу менен келет. Бирок, муну жабыркатып, тигиге зинакор деп жалаа жаап, дагы башкасынын малын жеп, дагы бирөөнүн канын төгүп, бирөөнү сөккөндүгү үчүн жасаган жакшылыктарынын сообу ага, буга таратылып берилет. Мойнундагы бирөөнүн акысы төлөнө электе сообу түгөнө турган болсо, жабыркагандардын күнөөсү мойнуна жүктөлүп, тозокко ташталат»* деп заматта сызга олтуруп калган адамдын абалын түшүндүрүп берген (Муслим, Бирр, 59; Тирмизий, Кыямат, 2; Ахмад, II, 303, 324, 372).

Бирөөнүн акысын жеп коюнун эң коркунучтуусу – сүткорлук кылып, пайызга акча берүү же алуу. Мындай адилетсиз иш жүргүзгөндөргө Алла Таала жан чыдагыс азаптарды даярдаган[16] . Пайызга келген акчаны турмушта колдонуу Алла Таалага жана Анын Элчисине каршы согуш жарыялаган менен барабар. Сүткорлор кыямат күнү мүрзөсүнөн шайтан урган немедей ыргыштап турат. Пайыздын акчасын жегендер сырттан көп киреше таап жаткандай көрүнгөнү менен баары бир анын берекеси жок болот. Адал жүргүзүлгөн соода-сатыкка Алла Таала мол береке берет, ал эми пайыздын акчасын жеген пенделерди эч убакта сүйбөйт [17].

Алланын ардактуу Элчисинин айтуусуна караганда, адамды бүлгүнгө учурата турган жети күнөөнүн бирөө – ушул сүткорлук[18] . Акчаны пайызга алган жана пайызга келген акчаны колдонгонго, эки тарапка ортомчу болгонго, келишимди жазган жана тараптарга күбөгө өткөн адамдарга Алла Таала наалат айтат [19]. Пайыздын акчасына сатылып алынган мал-мүлк акырында сөзсүз жок болот [20]. Сүткорлордун акыреттеги кейиштүү абалы, кан түстүү кызыл дарыяда таш жеп сүзөөрү Азирети Пайгамбарыбызга маалымдалган (Бухарий, Табир, 48).

Кылдат аракет кылбай ар кимиси өз көмөчүнө күл тарта турган болсо, соода-сатыкта жана өз ара мамилелерде адамдын акы-укугу желип, тебеленет. Алла Таала мындайча эскертүү берет:

«Өлчөгөндө толук өлчөп бергиле жана туура тараза менен өлчөгүлө! Бул – мыкты, нары сонун жыйынтык» (Исра сүрөсү, 35-аят).

«Таразадан алдагандарга азап бар! Алар өлчөп алышканда толук алышат да, башкаларга таразалаганда кемитип беришет. Алар (кыяматта) тирилүү анык экенин байкап билишпейби?! Улуу күндө, дал ошол Күнү адамдар ааламдардын Эгесине туруп келишет» (Мутаффифийн, 1-6-аяттар).

Үммөтү үчүн боюн жалынга таштагыдай болуп мээрим бапестеген Азирети Пайгамбарыбыз заттык жана рухий дарттарга каршы ар дайым акыл-насаат айтып турган. Тараза тартуу жана өлчөө менен иш жүргүзгөндөргө Азирети Пайгамбарыбыз мындай деп эскертүү берген:

*«Силер өзүңөрдөн мурунку коомдорду бүлгүнгө учураткан эки ишти мойнуңарга алып жатасыңар!»* (Тирмизий, Буйу, 9/1217).

Алла Тааланын жана Анын Элчисинин буйруктарын жана осуяттарын этибарга албай соода-сатыкта же өз ара мамилелерде кылдат иш жүргүзбөгөн алдым-жуттумдар «жемейдин кусмайы бар» дегендей, жыйынтыгында сөзсүз кыйын күнгө дуушар болушат. Анткени жабыр тарткан инсандын дубасы (каргышы) токтоосуз кабылданат, жадагалса, каңырыгы түтөгөндө «эхх!» деген аргасыз үшкүрүгү да ага терс таасирин тийгизет.

Коомдуку деп эсептелген мамлекеттик мүлк же фонддордогу каражаттарды максатсыз пайдалануу, өз чөнтөгүнө солоп койуу жана ысырапка учуратуу адамдын акысын жештин өтө кооптуу

түрү болуп саналат. Бул айтылгандар чындыгында ошол жеген адам үчүн өтө зыяндуу нерсе. Акыр-аягында бушайман болгон чакта адалдашып, кечирим сурашып алайын дегенге эч кимди таба албайт. Анткени желинип кеткен мүлк көпчүлүктүн акысы болгон.

Айрыкча эл башкарган бийлер жана мыйзамды туу туткан жооптуу кызматты аркалагандар акы-укук маселесинде өтө кылдат, так иликтөө жүргүзүшү керек. Ошол эле маалда жабыр тартуучу катары сотко кайрылып башкадан өз акысын талап кылып жаткан жаран чындыгында өзүнүн акысы бар же жок экендигин жакшылап ойлонушу керек. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* минтип буйруган:

*«Мен болгону карапайым бир адаммын. Силер болсо менин сот катары ишти калыс терген беришимди өтүнүп келип жатасыңар. Далил келтирүү жаатында кимдир бирөөңөр башкалардан өзгөчөлөнүп, дартын, максатын дагы да жакшы түшүндүрүшү ыктымал. Мен ошол себептен укканыма жараша маселени анын пайдасына чечип берем. Мен кимдин акысын (диндеш) биртууганынын пайдасына чечип берген болсом, ага тозоктон үлүш бөлгөн болуп эсептелем»* (Бухарий, Шахадат, 27; Муслим, Акдия, 4).

Бул айтылгандарга кошумча бирөөнүн мүлкүн уурдоо же уруксатсыз алуу, бирөөнүн ар-намысына доо кетирүү, тамаша иретинде болсо да капа кылуу же коркутуу, алдоо, пара берүү, пара алуу, бересесин кечиктирүү же төлөбөй кою сыяктуу жагдайлардын баары адамдын акы-укугун тебелөө болуп эсептелет.

Адамдын акысын жеп, укугун тебелөө арам болуп эсептелгендиктен, муну жасаган пенденин рухий абалы арамдын терс таасиринен улам кирдеп, жаман жагына ыктай баштайт. Пенденин арам жана шектүү нерселерди ылгабай сунугуп, бирөөнүн акы-укугуна анчейин көңүл бурбагандыгы жарамдуу-салих амалдарды аткарганга бөгөт болуп жаткандыгынын башкы себеби деп айтсак жаңылышпайбыз. Жараткандын буйруктарын жана ибадаттарды хушуу менен, берилүү менен орундатуу бирөөнүн акы-укугуна зыян келтирүүдөн кылдат сактанууга, такыбаалыкка бекем болууга байланыштуу.

**Изгиликтин үлгүсү**

Бул окуяны атын атагысы келбеген бир инсандан укканын Харб бин Сурайж *(Алла ага ыраазы болсун)* баян эткен:

«Мединага бардым. Эки адам бир эчкини соодалашып жаткан экен. Кардар сатуучудан:

– Бираз арзандатсаң боло! – деп өтүнөт. Аңгыча алды жактан бир адамдын келатканын көрүп калдым. Ошо маалда эмнегедир: «Бул ким болду экен? Кокус жанагы, Хашимден тарагандардын ичинен өз динин чанганы аз келгенсип, элди бутка табынуудан аластаткысы келген неме болуп жүрбөсүн?!» деген ой кылт эте түштү. Ал жакындай берип салам айтты. Биз анын саламына алик алдык. Ары жакта турган кардар аны чакырып калды:

– Оо, Алланын Элчиси! Буга айтып коюңузчу, бираз арзандатсынчы!

Алланын Элчиси колун узатты да, мындай деди:

*«– Мал-мүлктүн ээси өзүңөрсүңөр. Кыямат күнү Алла Тааланын алдында мага мал-мүлкүңөрдү, жаныңарды жана ар-намысыңарды жок жерден зыянга учураткан деген айып тагылышын каалабайм. Сатууда, алууда, кармоодо, берүүдө, өкүм чыгарууда жана араздашкан учурда экинчи тарапка жеңилдик көрсөткөн адамга Алла Таала мээримин төксүн...»*

Бул окуяны баяндаган инсан Алла Элчисинин жогоруда айтылган сөздөрүнөн таасирленип, ага жакындоонун чарасын издейт. Андан Ислам тууралуу суроолорду сурап, канааттандыраарлык жооп алгандан кийин: «Сенин айткандарың кандай гана жакшы экен!» деп мусулман болот да, Исламга болгон ажайып ынтызарлуу сезиминин толкуну менен буларды айтат:

«Ал ушу кезге чейин дүйнөдөгү мен эң жаман көргөн адам эле. А азыр болсо ал мен үчүн перзентимден да, ата-энемден да жана мен жакшы көргөн бардык адамдардан да сүйкүмдүү...» (Хайсами, IX, 18).

***

Анас бин Малик *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Бир топ адам Алла Элчисине келип:

– Оо, Алланын Элчиси! Баалар көтөрүлүп кетти. Өзүңүз бир бааны койуп бербесеңиз болбой калды – деп даттанышат. Алардын арыз-муңун уккан Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«– Бааларды Алла Таала Өзү койгон. Ырыскыны азайткан да, көбөйткөн да Өзү. Тирүү жанга ырыскы тартуулуп жаткан да Өзү. А мен болсо эч ким менден кан жана мал акысын талап кылбагыдай болуп Алланын алдына таза барууну каалайм»* (Абу Давуд, Буйу, 49/3451; Тирмизий, Буйу, 73/1314).

***

Мусулмандардын Хайбар казатына даярданышы Азирети Пайгамбарыбыз менен тынчтык келишимин түзгөн Мединалык жөөттөрдү тынчсыздандырып, муну алдын алуу аракеттерин көрүүгө түрткү болду. Анткени алар Пайгамбарыбыздын Кайнука, Надир жана Курайза жөөттөрүн жеңгени сыяктуу Хайбар жөөттөрүн да жеңерин айдан-ачык эле. Бул кезде бир нече жөөттүн мусулмандардан ар кандай өлчөмдө аласасы бар эле. Төмөнкү окуя буга мисал катары адамдын акы-укугуна Пайгамбарыбыздын канчалык кылдат мамиле жасаганын айкын көрсөтүп турат:

Абдуллах бин Абу Хадрат *(Алла ага ыраазы болсун)* Абу Шахм аттуу жөөттөн беш дирхамга баалап карызга арпа алган болучу. Казатка аттанаарда Абу Шахм Абдулланын астын тороп аласасын доолайт. Абдулла болсо төлөө үчүн бираз убакыт сурайт:

– Мага бираз убакыт бер. Кудай буюрса, карызымды берем. Анткени Алла Таала Пайгамбарына Хайбар олжосун убада кылды. Эй, Абу Шахм! Биз Хижаз аймагынын эң бай шаарын көздөй бет алып баратабыз – дейт.

Анда жөөт Абу Шахмдын кызганычы дагы да артып, заары жүзүнө тээп:

– Сен эмне Хайбардагы жөөттөрдү мурунку силер менен чабышкан араптардай ойлоп турасыңбы? Тооратка ант этем! Ал жерде түмөн кол чылк эрен! – дейт.

Абдуллах:

– Эй, Алланын душманы! Сен биздин карамагыбыздагы адамсың. Сени Алла Элчисинин алдына чыгарбасам элеби! – деп Пайгамбарыбызга алып барат да, маселени түшүндүрүп кирет:

– Оо, Алланын Элчиси! Бул жөөттүн эмне деп жатканын угуп тур! – деп, болгонун болгондой кылып Абу Шахмдын айтканын кайталайт. Алланын Элчиси унчукпайт. Болгону эриндеринин кыймылдаганын көрүшөт. Бирок эмне деп айтып жатканы угулбайт.

– Эй, Абул-Касым! Абдуллах менин акымды тепсеп жатат, ал карызын төлөбөй койду! – дейт ызырынган жөөт.

Алланын Элчиси Абдуллахка:

– *Мунун акысын тез кайтар!* – дейт.

Абдуллах кедей болгондуктан жагдайды түшүндүрүп, Хайбар олжосу менен карызын жабарын айтат. Акы-укукка урду-кетти мамилени жактырбаган Алла Элчиси өз сөзүн экинчи жолу кайталайт. Аргасы түгөнгөн Абдуллах базарга барып, үстүндөгү чепкенин бир жөөткө он төрт дирхамга сатып карызынан кутулат (Ахмад, III, 423; Вакиди, II, 634-635).

***

Умар бин Хаттаб *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Хайбар казаты. Сахабалардан бир топ адам келип:

– Баланча шейит кетиптир, түкүнчө шейит кетиптир! – дешти. Андан соң бир адамдын жанынан өтүп баратып:

– Баланча адам да шейит кетиптир! – дешти. Азирети Пайгамбарыбыз (алейхиссалату вассалам) бул ирет:

– *Жок! Мен аны олжодон кымтып алган бир чепкендин ичинде тозокто (куйкаланып жатканын) көрдүм. Эй, Умар! «Бейишке мусулмандар гана кире алат!» деп элге жар сал!* – деп дароо мага буйрук берди. Мен сыртка чыгып: «Бейишке мусулмандар гана кире алышат!» деп жар салдым (Муслим, Иман, 182).

Олжого келген мүлктө албетте бүтүндөй колдун акысы болот. Таратыла электе ачкөздүккө салып кичинекей болсо да жагып калган нерсени жымырып койуу ошончо аскердин акысын жегенге жатат.

Эң жогорку даражалардын бири болгон шейиттик адамдын биртоп күнөөсүн жууп кеткени менен элдин мал-мүлкүнө кылынган кыянаттыкты, тебеленген укукту жууй албайт. Ошондуктан Пайгамбарыбыз шейит кеткендиги тууралуу маалымдалган сахабанын али бөлүштүрүлө электе олжодон алган бир чепкен себептүү тозокко түшөөрүнөн кабар берип, кыянаттык менен акы-укуктун кечирилбесин үммөтүнө билдирген.

Башка өңүттөн алганда, Алла Элчисинин бардык сүннөтүнө толук моюн сунбаган пендени чыныгы мусулман деп айта албайбыз. Анткени дин Ислам үй-бүлөдө, соода-сатыкта, эл менен болгон карым-катыш сыяктуу жашоонун бардык тарабында толук кандуу иштеши керек. Бул зарылдык аятта мындайча буйрулган:

«(Сүйүтүү Элчим!) Артыңдагы тообо кылган (момун мусулман)дар менен буйруктагыдай туура жолдо болгула, чектен чыгып кетпегиле!...» (Худ сүрөсү, 112-аят).

Бул аят түшкөндөн кийин ашкере коркуп убайым тарткандыктан аалам Ардагынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* чачын да, сакалын да ак аралайт (Тирмизий, Тафсир, 56/3297).

Бирок Куранды чечмелеген тафсир аалымдарынын пикиринде, Азирети Пайгамбарыбыз жеке өзүнүн камы үчүн эмес, үммөтү үчүн санаага баткан. Үммөттүн бул жаатта кемчилик кетирип коюшунан чочулаган. Болбосо, Жараткан Алла Таала ага: «(Эй, Элчим!) Сен туура жолдосуң!» (Ясин сүрөсү, 4-аят) деп Өзү кепилдик берген.

***

Азирети Пайгамбарыбыздын кызматында Рифаа бин Зайд белекке тартуулаган Мидам аттуу өңү кара мандикери бар эле. Мидам Пайгамбарыбыздын жүгүн түшүрүп жаткан кезде, белгисиз жактан атылган окко кабылып одүйнө салат. Окуяга күбө болгон мусулмандар:

– Эй, Мидам! Бейиш сага кут болсун! Оо, Алланын Элчиси, кызматчыңа шейиттик кут болсун! – дешет шейиттикке суктанганын жашыра албай. Анда Алланын Элчиси:

*– Жок! Андай эмес. Жанымды Кудурет Күчү менен кармап турган Жараткан Аллага ант болсун! Хайбар күнү олжо бөлүштүрүлгөнгө чейин Мидам бир килем алган экен. Азыр ошол килем Мидамдын үстүндө алоолонуп күйүп жатат!* – дейт.

Пайгамбардын берген маалыматы мусулмандардын жүрөгүн титиретип, катуу ойго салат. Бул кабарды уккандан кийин бир мусулман Пайгамбарыбызга бут кийимдин боосун алып келип:

– О, Алланын Элчиси! Мен да олжо бөлүштүрүлө электе бут кийимим үчүн мына бул боолорду алган элем – дейт.

Кабатырланган Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*– Бир, эки боонун айынан сага да тозоктун азабы бар* – дейт (Бухарий, Айман, 33; Муслим, Иман, 183).

***

Халид бин Валид *(Алла ага ыраазы болсун)* Узза аттуу бутту жыгып Меккеге кайткан соң Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* аны 350 кишилик колго башчы дайындап, Исламга үгүттөө максатында Жазима уруусуна жөнөтөт. Азирети Халид бул жүрүштө түшүнбөөчүлүктөн келип чыккан бир катачылыктан улам отуз кишини өлтүрөт. Бул суук кабар Пайгамбарыбызга жетип, аны катуу кайгыга салат. Жаратканга алакан жая эки ирет: «Оо, Жараткан Алла Таалам! Халид жаңылыштыгынан оолак экенимди Сага билдирем!» деп жалбарат. Чоң өлчөмдөгү акча менен Азирети Алини Жазима уруусуна элчиликке жөнөтүп, өлтүрүлгөн адамдардын кунун төлөттүрөт. Азирети Али олжого алынган мүлктөрдүн баарын кайтарып, жарактан чыгып калган буюм-тайымдарын, алтургай иттин талкаланган казанынан өйдө төлөп берет. Артып калган акчаны мусулмандар тарабынан билип-билбей келтирилген зыяндарды жабуу үчүн Жазима уруусуна таштайт. Азирети Али Мединага келип Пайгамбарыбызга тапшырманын орундалышы тууралуу маалымат берет. Санаасы аз да болсо тынчып көңүлү ордуна түшкөн Алланын Элчиси:

*– Эң туура кадам таштапсың, азамат!* – деп Азирети Алини алкайт [21].

***

Абу Зура *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Таифке болгон казатта Карн-у Маназил аймагынан жолго аттанар алдында Пайгамбарлар Султаны Азирети Мухаммад Мустафанын төөсү Касваны токудум. Пайгамбарыбыз мингенден кийин чылбырын колуна карматып, артына учкаштым. Төөнүн жүрүшү биртоп жайланып калганда Алланын Элчиси камчы менен жумшак гана чаап, жолду арбытып жаттык. Чапкан сайын камчынын учу мага да тийип жатты. Жүзүнөн мээрим тамылжыган Пайгамбарым мага карап:

*– Сага да тийип жатабы?* – деп сурады.

– Сар-санаа болбо Пайгамбарым. Эч канчалык деле эмес – деп койдум.

Жиранага барганыбызда бир адам олжого алынган кой-эчкилерди корукта кайтарып жүрүптүр. Пайгамбарыбыз жайылып жүргөн жандыктардын кайдан келгендигин билгенден кийин үн салды:

*– Абу Зар кайда?*

– Мен бул жердемин! – деп жанына жетип бардым.

*– Мына бу малды ал! Булар сага тийген камчынын акысы!* – деди. Санаганымда жүз жыйырма баш экен. Өмүрүмдө мага эң көп пайдасы тийген нерсе Пайгамбарым берген ошол жандыктар болду» (Вакиди, III, 939)

Жаратылыш Нуру ошондо Абу Зарга өзүнүн үлүшүнө тийе турган олжодон берген. Бул окуяда Пайгамбарыбыз бүтүндөй адамзадага үлгү болгудай адамдын акы-укугуна терең маани бергени айдан ачык көрүнүп турат.

***

Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүрүнүн акыркы күндөрүндө акы-укук маселесине басым жасап момун мусулмандарга төмөнкүдөй осуяттарды айткан.

*«– Оо, калайык! Кимдин мойнунда өтүмүштөн калган карызы бар болсо, аны дароо төлөсүн. Бул дүйнөдө гана шерменде болуп, уят болушум мүмкүн деп ойлобосун. Жакшылап билип алгыла, акыреттеги шерменделиктин жанында бул дүйнөнүн шерменделиги өтө жеңил»* (Ибн Асийр, ал-Камил, II, 319).

Бул акыйкатты уккан айрым мусулмандар далай эски жаңылыштыгын жана көрсөтүлгөн саны дайынсыз кордуктарды моюнга алышып: «– Биздин кечирилишибизди тилеп, ак батаңызды берип койсоңуз!» маанисиндеги өтүнүчтү жолдошот. Бул учурда эл арасынан бир адам тура калып:

– Пайгамбарым, Алла Таалага ант болсун! Мен жалганчымын, эки жүздүү мунафыкмын. Мен жасабаган күнөө деле калган жок – дейт.

Ачуусу келген Азирети Умар аны кекетет:

– Эй, тууган! Сен ушунча элдин алдында өзүңдү шермеде кылбадыңбы?!

Жанатан бери унчукпай олтурган Пайгамбар сөзгө аралашат:

*– Эй, Умар! Бул дүйнөдөгү шерменделик акыреттеги шерменделиктен алда канча жеңил!* – деп, өз айыбын ачык мойнуна алган адамга батасын берет:

*– Оо, Жараткан Алла Таалам! Ага чындыкты жана кемелине келген ыйманды насип кыла гөр! Анын жаман иштерин жакшылыкка бурушуңду суранабыз!* (Табари, Тарих, II, 190).

Азирети Пайгамбарыбыздын адамзаттан чыккан асыл жан, акыйкатты даңазалаган татыктуу өрнөк экенин төмөнкү сөздөрүнөн аңдоого болот:

*«Мен деле силер сыяктуу катардагы бир адаммын. Ошондуктан айрымдарыңардын акысы мага өткөн болушу мүмкүн. Мен кимдин мал-мүлкүн байкабастык кылып алган болсом мына, мал-мүлкүм, келип өз акысын алып алсын! Билип койгула, мен үчүн силердин эң сүйкүмдүүңөр – келип өз акысын менден алган же аны кечип жиберген адам. Силер менен адалдашып, ыраазылыгыңарды алгандан кийин гана Эгемдин алдына көңүлүм ток барышым мүмкүн».*

*«Алла Элчисинин мага кек сактап же душман болушунан корком!» деп эч ким айтпашы керек. Анткени менде кек сактоо же душмандык деген нерсе жок...»*

Бешим намазы окулгандан кийин минбарга чыгып жамаатка бетмаңдай олутуп мурда айткан сөзүн кайра кайталайт. Бул ирет башка адам ордунан туруп сөз сүйлөөгө уруксат алып, буларды айтат:

– Пайгамбарым! Мындан бир топ мезгил илгери бир адам сизден жардам сурап келген. Ошондо сиздин өтүнүчүңүз боюнча жардам сураган адамга үч дирхам берген элем.

*– Туура айтып жатасың! Эй, Фадл бин Аббас, бул кишиге үч дирхам берип кой!* – деп буюрду (Ибн Саад, II, 255; Табари, Тарих, III, 190).

Андан соң минтип дуба кылган:

*«Оо, Жараткан Алла Таалам! Мен болгону адаммын. Кайсы мусулман баласына оор сөз айткан болсом, же урган болсом, же наалат айткан болсом, Сен муну ага, аруулукка, сыйлыкка, ырайымдуулукка себеп катары кайрым кыла көр!»* (Ахмад, III, 400)

*«Кайсы момун мусулманга оор сөз айткан болсом, Сен ал сөзүмдү кыямат күнү ошол момун мусулман үчүн Өзүңө жакындоого себеп кыла көр, оо, Жараткан Кудай Таалам!»* (Бухарий, Даават, 34; Дарими, Мукаддима, 14; Ибни Саад, II, 255; Табари, Тарих, III, 191; Халаби, 463-464)

Ааламдардын сыймыгы болгон ардактуу Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул изги кадамы жаш баладан тарта үлкөн жетекчиге чейин бүтүндөй адамзатка үлгү болорлук жагдай. Жараткан Алла тарабынан коргоого алынганына, «ма-сум/күнөөсүз» деген Пайгамбарлык сыпаттын ээси болгонуна карабастан мойнумда бирөөнүн акысы болуп жүрбөсүн деген чочулоо менен кимдин кандай акысы болсо, алып алышын ачык айтышы Азирети Мухаммаддын улуу инсан, жаркын үлгү экендигинин далили. Ал мындай аяр аракети аркылуу мүлдө адамбаласына акыйкатты, адилеттүүлүктү азиз мурас катары таштап кеткен.

***

Убада бин Самиттин небереси баян этет:

«Чоң атам Убада *(Алла ага ыраазы болсун)* күндөрдүн биринде:

– Мен азаттыкка чыгарган инсандарды, кызматкерлеримди, коңшуларымды жаныма чакыргыла – деп тапшырма берди. Айткандарынын баары чогулуп келгенден кийин буларды айтты:

– Билбейм, балким, туура айтып жаткандырмын, бүгүнкү күн мен үчүн бул жалгандагы жашап жаткан акыркы күнүм болушу ыктымал. Алдыдагы түнүм акыреттеги алгачы түнүм болоор. Ушу күнгө чейин, балким, бирөөңө жарымыңарга билип-билбей колум тийип кеткендир же көңүлүңөрдү ооруткудай бир сөз айткандырмын. Кимди капа кылган болсом көзүм тирүү турганда келип моокуму кангыча акысын алып алсын. Урган болсом, урсун, тепкен болсом, теписин, иши кылып өчүн алып алсын. Алла Таалага ант этип туруп айтып жатам, кыяматта сөзсүз өч алуу болот, мен ошондон корком!

Чоң атамды тегеректеп тургандар:

– Сиз биздин атабызсыз, бизди өстүрдүңүз, бизге таалим-тарбия бердиңиз. Анан кантип сизге өч бололу?! – дешти бир ооздон.

– Мойнумда кокус бирөө жарымыңардын акыңар болсо, кечтиңерби?

– Ооба, кечтик! Ыраазыбыз! Адал болсун!

– Оо, Жараткан! Өзүң күбө бол! – деп жеңилдегенсип, терең дем алгандан кийин мындай деди:

– Мейли, өз акыңарды албадыңар, эми, менин мынабул осуятымды оң кулак, сол кулагыңар менен угуп алгыла: Көзүм өткөндөн кийин артымдан ыйлачу болбогула! Жакшылап даарат алган соң мечитке барып намаз окугула. Мен үчүн да, өзүңөр үчүн да Алла Тааладан кечирим сурагыла. Анткени Алла Таала: «Эй, ыйман келтиргендер, сабырдуулук жана намаз менен жардам сурагыла!...» [22] деп буйруган. Айрыкча, мени жерге берүүгө ашыккыла, шам жагып артымдан келбегиле, мүрзөмүн ичине жыгач койбогула!» (Али ал-Муттакий, XIII, 55/37443).

***

Абдуллах бин Зубайр *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Жамал окуясы күнү согуш майданында атам мени жанына чакырды. Дароо жетип бардым. Атам мага жүрөктү зыркыратып керээзин айтып кирди:

– Уулум! Мен бүгүн шейиттикти самап турам. Бирок, эң негизги санаам – артымда калган карыздарым болуп жатат. Уулум! Перзент катары менин карыздарымды төлөп кой. Эгер дараметиң жетпей калса Мавламдан жардам сура! [23]

Чынын айтайын, атамдын эмне дегиси келип жатканын түшүнө албай суроо узаттым:

– Атаке түшүнбөдүм. Мавлаңыз ким?

– Мавлам – Алла Таала!

Ошентип, карыздарды эсептеп көрүп, төлөй албас бекем деп кыйналган учурда: «Зубайрдын Улуу Мавласы! Атамдын карызын төлөгөнгө Өзүң жар бол!» деп дуба кылчумун. Алла Таалам менин тилегимди орундатып, эбепке себеп болуп карыздар төлөнүп калчу.

Атамдан Габа аймагындагы жер тилкеси менен бир нече үйдөн башка эч нерсе калган эмес эле. Жарыктык атам бирөөлөр сактап берүү өтүнүчү менен аманат алып келсе, аны жоготуп алуудан, экинчиден келген адамды артка кайтарып көңүлүн оорутуп алуудан корккондуктан, баалуу буюм-тайымдарды, акчаларды аманат катары эмес, карыз катары ала берип белчеден батып калыптыр. Өмүрүндө бир аймакты башкарган аким же казы сыяктуу жоопту иштерди деле аркалаган эмес болчу. Көбүнчө Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам),* Абу Бакр, Умар жана Усмандар (Алла аларга ыраазы болсун) менен чогуу ар кайсы казаттарга катышкан. Ошентип атамдын мойнундагы карыздарын санап көрсөм, эки миллион эки жүз миңге чукулдап барды».

Ошол күндөрдө Хаким бин Хизам *(Алла ага ыраазы болсун)* Зубайрдын уулу Абдуллахка кезигип карыздын өлчөмүн сурайт. Эки миллион эки жүз миң экенин угуп:

– Менимче, буга күчүң жеткидей эмес. Каалаган учурда менден жардам сурасаң болот! деп мусулмандык камкордугун билдирет.

Андан соң Абдуллах бин Жафар *(Алла ага ыраазы болсун)* келип атасынан төрт жүз миң аласасы бар экендигин, эгер кааласа, баарын кече турганын айтат.

– Жок, бираз убакыт бер, төлөгөнгө аракет кылайын – дейт көшөрүп.

– Кайсынысын эң аягында төлөсөм экен, деген ойдо болсоң, менин аласамды акыркыга жылдырсаң болот.

– Жок, сиздин аласаңызды кечиктиргим келбейт, өз убагында алып алыңыз – деп карыздардын баарын төлөйт. Береселер берилип болгон соң, бир трууган ага-инилери жыйналып келип:

– Эми, калган мүлктү баарыбызга мураска бөлүп бер! – деп, Абдуллахтан талап кылышат.

Абдуллах аларга:

– Төрт жыл катары менен ажылык мезгилинде атабыздын кимге бересеси бар экенин жар салабыз. Аласалуулар келип аласасын алып болмоюн мурасты бөлүп бербейм! – деп шарт койот. Ошентип бир туугандар төрт жыл катары менен карыздан кутулуу үчүн элге жар салышат. Төртүнчү жылы ажылык мезгили аяктагандан кийин гана атадан калган мурасты бөлүп алышат (Бухарий, Фахрул Хумус, 13).

Бул окуя бүтүндөй сахабалардын адамзат тарыхындагы эң мыкты мууну экендигин далилдеп турат. Окуяда баяндалгандай, Зубайр *(Алла ага ыраазы болсун)* өмүрү бою адамдын акы-укугуна өтө аяр, өтө ийкемдүү мамиле жасап жүрүп өткөн ак көңүл инсан болгон. Өмүрүнүн акыркы мезгилдерине мойнундагы карыздардын баарын ээсине кайтаруу үчүн уулуна керээз калтырган. Ал Алла Тааладан корккон, ыймандуу, ыкластуу, ак менен караны таамай ажырата билген, ата үчүн күйүмдүү Абдуллахтай уулду калтырып кеткен. Көп өлчөмдөгү карыздан кутулуу оңой эместигин түшүнгөн замандаштары Абдулланын ал-абалын сурап, колдон келген жардамды аяшкан эмес. Ал эми аласасы барлар карызды кечип жиберүү же мөөнөтүн узартуу сыяктуу маселелерде мусулман биртууганына жеңилдиктерди көрсөтүүгө аракет кылышкан.

***

Бир байкуш аял көз майын сарптап, колун жоорутуп жүрүп жибектен тиккен кийимди соода-сатык менен шугулданган Имам Аазамга алып келет да, жүз дирхамга сатып алышын суранат. Кийимдин наркынын төмөндүгүнө таң калган Абу Ханифа:

– Сиз өтө арзан айтып жатасыз – дейт.

Таң калган аял дагы жүз дирхам кошот. Абу Ханифа бул ирет да кийимдин кымбат турарын айтат. Соода-сатыкта түк кездешпеген мындай ажайып окуя аялды чындап таң калтырат. Дагы эки жүз дирхам кошот. Имамдын улам наркты көтөрүп, улам кошулган бааны аз деп жатышы бул ирет аялдын кыжырын келтирет:

– Сиз эмне мени шылдыңдап жатасызбы?! – дейт.

Токтой туруңуз дегендей ишаарат кылган имам тигүү жана сатуу ишин мыкты өздөштүргөн адисти чакырат да, кийимге нарк коюп беришин өтүнөт. Көз майы сарпталып жасалган кийимди ары-бери оодарып көпкө караган соодагер аны беш жүз дирхамга баалайт. Илгери үмүт менен келген аялды куру кол кайтарбай белгиленген баага кийимди сатып алат [24].

Мына, Исламдын изги ахлагы... Соода-сатык жаатындагы көрсөтүлгөн тактыгы... Инсандын акысынын, мээнетинин жогору бааланышы... Демек, акы-укук деген аяр нерсени көзгө илбей «Кардардан эмне өөнөп калсам, өзүмө пайда!» деген чолок ой менен жүгүзүлгөн соода-сатык адампендеге акыр-түбү жакшылык алып келбесин эстен чыгарбайлы!

***

Имам Аазам Абу Ханифа напсиге каршы жүргүзүлгөн жихаттардын тайманбас каармандарынын бири болгон. Залкар аалым напсини тизгиндөө согушунда ар дайым албан жеңиштерди багынткан. Ал өмүрүнүн акыркы күндөрүндө кан төгүү менен каратылбаган таза топуракка көмүүнү керээз катары айтып калтырган [25] (Абу Захра, Абу Ханифа, 64-б.).

***

Кануни Султан Сулейман адамдын акысын билип-билбей жеп коюдан ашкере корккон жана адилеттүү падыша болууга жан үрөгөн кайратман падыша болгон. Сулейманийе Мечити менен

Медресеси курулуп бүткөндөн кийин башкы устадан карапайым кызматкерге чейинки чоң курулушка эмгеги өткөн бардык жумушчуларды жыйнайт. Алла Таалага чексиз мактоолорду айткандан кийин мындай деген:

«Ак эмгектүү менин кадырман диндештерим! Алла Таалам Өзү жар болуп мына минтип мечитибиздин курулушу аяктап олтурат. Курулуш башталгандан ушул күнгө чейин кимдир бирөөңөр унутуп же бул жерде болбой калып эмгек акыңарды албай калган болсоңор, дароо келип алып алгыла! Менин бул айткандарымды бүгүн келбей калгандарга да маалымдап койгула! Келип акысын алып кетишсин!»

Жарыяланган документтерге астейдил назар сала турган болсок, курулуш күчүнө кирип турган мезгилдерде жүк тарткан, ташыган ат, төө жана качыр өңүдүү унааларды тыныктыруу жана откоруу мөөнөтүнө өтө так каралып, жадагалса жаныбарларды кордоп, кыйнап коюдан да сактанышкан.

***

Алла Тааланын сүйүктүү пенделеринен саналган салих инсан Рамазаноглу Махмуд Сами мырза укуктук билим алганына карабастан, адамдын акы-укугун тебелеп койуудан коркуп өз кесиби менен иштөөдөн баш тартып, Тахтакаледе жайгашкан бир ишкананын эсеп иштерин жүргүзүүнү тандайт.

Бул залкар инсан адамдын акысына өтө кылдат мамиле жасаган. Маселен, кадырман устат Каракөйдөгү жумушуна күн сайын кеме менен барар эле. Кемеге белет алууда артта кезекте тургандарды күттүрүп, алардын акысын жеп коюдан корунуп, мурдатан даярдап койгон майда акчаларды бере салып дароо белетти алчу.

Каракөйдөн Тахтакале конушуна чейин жөө басып, маршруттук таксиге бере турган акчаны жандилден кайрым кылууну адатка айлантып алган эле.

Улуу инсандардын адам укугу жаатындагы мындай изгилиги биз үчүн баа жеткис үлгү.

***

Жыйынтыктап айтканда, момун мусулман сурак болор күндү эстен чыгарбашы керек жана адамзаттын акы-укугуна аяр мамиле жасашы зарыл.

*«Мусулмандарга колунун да, тилинин да зыяны тийбеген инсан – чыныгы мусулман»* (Бухарий, Иман, 4-5) деп Азирети Пайгамбарыбыз чыгыны момун мусулмандыктын бейнесин тартып берген.

Элди кордоп, зыянга учуратып, акысын жеп, укугун тебелеп, бул дүйнөдөн өтүп кеткендер акыретте оор азаптын, арылбас кайгынын кучагында жашарын баштан бери Ыйык Курандан жана Азирети Пайгамбарыбыздын хадистеринен мисал келтирип айтып өттүк. Ошол себептен адампенде билип-билбей бирөөнүн акысын алган болсо, эртең кеч болуп кала электе ушу бүгүн кайра кайтарышы керек, же көңүлүн таап акысын кечип жиберишин суранып ыраазылыгын алганы дурус жана акырында тооба кылышы зарыл. Анткени башта айтылгандай, акыреттеги шермендечиликтин жанында бул дүйнөнүн шермендечилиги өтө эле жөнөкөй нерсе. Акыреттеги адилет, калыс суракта мүйүзсүз кочкор мүйүздүү кочкордун көрсөткөн кордугу үчүн андан өз акысын ала алат жана алынбай калган акы калбайт [26]. Алла Таала баарын калыс таразалап ар кимге өз акысын кайтарып берет.

Адамбаласы бул жашоодо өзүнүн эң жакындарынан баштап ата-энеси, үй-бүлөсү, жакын туугандары, колу-коңшусу, өз ара карым-катыштагы инсандарга акы-укук жаатында өтө аяр, нары адилеттүү мамиледе болушу керек. Эми ушу кеп кылынган маселелерди кезек-кезеги менен түшүндүргөнгө аракет жасайлы.

### а. Ата-эненин акысы

Акы маселесинин өзөгүндө ата-эненин акысы жана перзент катары аларга болгон милдеттерибиз турат. Милдеттүү түрдө моюн сунуу маселесинде да Алла Таала жана Анын акыркы Элчисинен кийин ата-эне турат. Анткени биздин жарык дүйнөгө келишибизге ата-энелерибиз себепкер болгон жана алар биз үчүн эң зарыл, эң улуу жана эң кадырлуу адамдар. Эненин жүрөгү жана кучагы – изги тарбиянын ордосу, чыныгы мектеп. Үй-бүлө – бул баланы келечекке багыттаган алгачкы таалим-тарбия уясы. Ошондуктан ата-эненин перзенттерине жасаган жакшылыгын эсептей берсек өтө эле көп.

Ыймандуу ата-эне – балдары үчүн эң зарыл мээрим булагы. Таалим көргөн ыймандуу, ыкластуу эне – Жараткан Алланын адамбаласына тартуулаган мээримдүүлүк өлкөсү, үй-бүлөнүн бакыты, бейпилдиктин жана шаттыктык тийип турган күнү, бүлөсү үчүн күйүп-бышкан боорукер, камкор жан. Кудай Тааланын «ар-Рахман» жана «ар-Рахийм» ысым-сыпаттарынын бул дүйнөдөгү өзгөчө акыйкаты жана көрүнүшү.

Бизди тогуз ай курсагында, бир нече жыл кучагында, андан соң өмүр бою жүрөгүндө көтөрүп жүргөн ардактуу энелерге тең келе турган зат, аларга тең аталык сүйүүгө, сыйга татыктуу эч бир жан жартылбаптыр. Акылга салып таразалап көрсөк, үйдү тазалоо, ирээтке келтирүү, тамак бышыруу, кийимдерди жууп тазалоо, балдарга тарбия берүү сыяктуу дагы көптөгөн вазийпаларды кайратынан жазбай аркалап келаткан кутман энелер чындыгында сүйүүгө, чоң урмат-сыйга татыктуу, аларды өмүр бою башыбызга көтөрүп жүрсөк да аздык кылат.

Жаратkандын мухит сымал чалкыган мээриминин тамчысы энелердин жүрөгүндө экени талашсыз. Эненин аруу жандүйнөсүндөгү ошол оргуштаган мээриминин чен-өлчөмүн так аныктаган бир курал же бир каражат бар болду бекен? Өздөрү жебей перзентине жедирген, өздөрү кийбей перзентине кийгизген, наристесин уктатуу үчүн уйку бетин көрбөй түн күзөтүп чыккан энелерге Алла ыраазы болсун! Бул жашоонун ар кандай оор шарттарында, жан кейиткен кыйын кезеңдеринде перзентине чаң жугузбай, бүт өмүрүн биздин жыргалчылыгыбызга арнаган ата-энелердин ак эмгегин кайтаруу мүмүкүнбү? Азирети Мавлананын кебине назар салалы:

*«Эненин ак сүтүн, опол тоодой мээнетин акта! Аны башыңдын таажысы катары асырай бил! Энелер сай-сөөгү сыздап, тамыры үзүлүп кеткидей болуп толгоо тартпаганда балдар бул дүйнөгө кантип келмек эле?»*

Өзүнүн акысынан кийин ата-энени сыйлап, аларга жакшы мамиле кылуу керек экендигин Алла Таала кулпендесине негизги вазийпа катары буйруган:

«Аллага сыйынгыла жана Ага эч кимди шерик кылбагыла! Ата-энеңерге, туугандарыңарга, жетимдерге, кембагалдарга, жакын тууган, колу-коңшуларга жана тууган эмес кошунага, кесиптеш жолдошко, жолоочуга жана өзүңөрдүн кол алдыңардагыларга (кул-күң жана кызматкерлерге) жакшылык кылгыла! Акыйкатта, Алла Таала текеберди жана мактанчаакты сүйбөйт!» (Ниса, сүрөсү, 36-аят).

«Биз инсанга өз ата-энесине жакшылык кылууну буйрудук. Анткени энеси аны канчалаган кыйынчылыкты тартып (курсагында) көтөрүп жүргөн. Аны эмизүү мөөнөтү эки жыл. «Оболу Мага, андан соң ата-энеңе ыраазы бол!» деп насаат айтканбыз. Акыр-аягында Мага кайтасыңар» (Лукман сүрөсү, 14-аят).

Жараткан Алла Өзүнүн ыраазылыгын ата-энени ыраазы кылуу деген нары зарыл, нары орчундуу вазийпанын ичине каткан. Бул акыйкат тууралуу Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындайча буйруйт:

*«Алла Тааланын ыраазылыгын ата-энени ыраазы кылуу менен табууга болот. Ошондой эле ата-энени наараазы кылуу Алла Тааланын азабын алып келет»* (Тирмизий, Бирр, 3/1899).

Аалам Ардагынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* берегi батасы момундар үчүн чоң сүйүнчү:

*«Ата-энесин ыраазы кылган инсан кандай гана бактылуу! Алла Таала ага узак өмүр берсин!»* (Хайсами, VIII, 137).

Эне-атанын балдарына кылган санмиң жакшылыгын кайтаруу мүмкүн эмес. Пайгамбарыбыз куттуу хадистеринин биринде бул нерсени төмөкүдөй мисал менен түшүндүргөн:

*«Эч бир перзент атасынын аталык эмгегин кайтара албайт. Эгер аны (атасын) кул болуп жүргөн жеринен сатып алып, азаттыка чыгарса, ошондо гана анын эмгегин кайтарган болуп эсептелет»* (Муслим, Итк, 25; Абу Давуд, Адаб, 199-220; Тирмизий, Бирр, 8/1906).

Ошол себептен Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн кандайдыр бир жакшылык жасоону ниет кылган адам иралды өз ата-энесин ойлошу керек. Өз ата-энеден кийин жакындарынан узак туугандар жана башкалар...

«Мал-мүлктөн кылган кайрымдуулугуңар ата-энеңерге, туугандарыңарга, жетимдерге, кембагалдарга жана жолоочуларга арналышы керек. Кандай жакшылык кылбагыла, Алла баарын Билүүчү!» (Бакара сүрөсү, 215-аят).

Балдар ата-энеге урмат-сый көрсөтүүгө, алардын айтканын орундатууга жана аларды багууга милдеттүү. Перзент ата-энеси жашаган жерден башка жакта турса да, алардан бат-бат кабар алып,

кем-карчын толуктап, көңүлүн көтөрүп, баталарын алып турушу зарыл. Аларга кызмат кылуу, жакшы сөз айтып маанайын көтөрүп, айрыкча улгайган чакта алардын жанында болуу балдардын эң чоң милдети. Көңүлгө албайт деген ой менен ата-энени капа кылууга, каяша сүйлөөгө Алла Таала тыю салган:

«Жараткан Алла жалгыз Өзүнө гана сыйынууну жана ата-энеге жакшылык кылууну буйруду. Эгер алардын бирөө же экөө тең карыган болсо, (алтургай) аларды: «Уфф!» деп зекибе! Экөөнө тең жылуу-жумшак айт! Аларга мээрим төгүп, канатыңды кенен жайып: «Оо, Жараткан! Алар мени кичинемден чоңойтуп өстүргөндөй, Сен да аларга мээримиңди төгө көр!» деп дуба кыл!» (Исра сүрөсү, 23-24-аяттар).

Ата-энеге кызмат кылуу өтө улук, нары сооптуу жакшылык иштердин катарынан орун алат. Бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарган таалайсыз жандардын чоң жоготууга кабылаары шексиз. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз маанилүү эскертүү иретинде мындай деп буйруган:

*«Көзү тирүү кезинде улгайган ата-энесинин же алардын бирөөсүнүн (ыраазылыгын ала албастан) бейишке кире албаган жан азап тартсын, азап тартсын, азап тартсын!»* (Муслим, Бирр, 9, 10).

Сан миң жакшылыкты ыроологон өз ата-энесинин акысына көңүлкош караган адамдын башканын акысына аяр мамиле жасап жибериши мүмкүн эмес. Андайлардын ахлагы начар болгондуктан, ата-энесине пайдасын тийгизмек тургай, керисинче, аларга жамандык жасагандан кайра тартпайт.

Ата-эненин дубасы токтоосуз кабыл болчу дубалардын катарына кирет. Андыктан алардын ак батасын алганга аракет жасап, каргыш айтканчалык жаман ишке барбоо зарыл. Азирети Пайгамбарыбыз:

*«Токтоосуз кабыл боло турган үч дуба бар: Алар; ата-эненин перзенти үчүн тилеген дубасы, сапарда жүргөн жолоочунун дубасы жана кордук көргөн жандын дубасы»* (Абу Давуд, Витр, 29/1536; Тирмизий, Бирр 7/1905, Даават 47; Ибн Маажа, Дуа 11).

*«Атанын перзенти үчүн тилеген тилеги Пайгамбардын үммөтү үчүн тилеген дубасы сыяктуу (токтоосуз кабыл) болот»* (Суюти, II, 12/4199) деп буйруган.

Ал эми эненин дубасы болсо атанын дубасынан алда канча күчтүү таасирге ээ болгондуктан, хадисте айтылышын ылайык көрүшпөсө керек.

Ата-энеге каршы чыгуу мындай жагдайда шексиз чоң күнөө болуп эсептелет. Нуфай бин Харистин *(Алла ага ыраазы болсун)* айтуусуна караганда: «Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде:

– *Силерге эң оору күнөө тууралуу кабар берейинби?* – деген суроону үч жолу кайталады.

– Ооба, Пайгамбарым, айтыңыз! – деди дилгирленген сахабалар.

Ошондо Алла Элчиси:

– *Алла Таалага шерик кошуу жана ата-энеге каршы чыгуу!* – деп буйруду»[27] . Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул сөздү көпкө кайталады. Өзүн көп чаалыктырып албаса экен, токтотсо болот эле деп самап турдук» (Бухарий, Шахадат, 10, Адаб, 6, Истизан 35, Иститаба 1; Муслим, Иман 143).

Айрым риваяттарда: «акыретте Алла Таала ата-энесин нааразы кылып, аларга жамандык жасаган адамдын жүзүнө карабайт» деп айтылат [28].

Адам ата-энесине кандай мамиле жасаган болсо, кийин өз перзенттеринен дал ошондой мамилени көрөт. Азирети Пайгамбарыбыз:

*«...Өз балдарыңардан жакшылык көрүү үчүн атаңарга жакшылык кылгыла...»* (Хаким, IV, 7258) деген хадиси менен жогоруда айтылган акыйкатка ишаарат кылган. Өз ата-энесин уруп-согуп, кагып-силкип жагымсыз мамиле кылган көрпенделер кийин дал ошондой орой мамилени өз перзенттеринен көрөрү турган иш. Турмушта мындай өкүт окуялар көп эле кездешип жүргөнү баарыбызга маалым.

Адамбаласы Ислам дини койгон ахлактык эрежелердин чегинде мейли өз ата-энесине, мейли башкаларга сылык-сыпаа, жагымдуу мамиледе болгондо гана киши суктана турган бейпил коомду жарата алат. Франциялык Фрайер аттуу белдүү жазуучу Осмон коомчулугунун айрым изги сапаттарын өз көзү менен көргөн соң мындайча сүрөттөгөн:

«Осмон мамлекетинде өсүп-жетилген инсандар кырктын кырынан ашса да ата-энеси менен чогуу жашаганы үчүн сыймыктанат. Кичинекей кезинде ата-энеси кандай мээримдүүлүк кылса, чоңойгондо аларга дал ошондой мээримдүү бала болот. Ата-энеге боорукер болуп, мээрим төгүү алар үчүн чоң бактылуулук. А башка өлкөлөрдө болсо бой жеткен бала ата-энесин таштап өз алдынча жашашы керек. Заттык кызыкчылыктан улам ата-энеси менен урушуп-талашканга чейин барышат. Жадагалса өзүнүн жыргалчылыгы үчүн ата-энесин жакыр, кароосуз абалга калтыргандар четтен чыгат. Перзенттин кереги тийер маалда ата-эне менен бала бири-бирине чоочун адамдай мамиледе болуп калышат».

Ата-энелерибизге жакшылык кылган жана алардын ыраазылыгын табууну, акыретте жүзү жарык болууну жана бактылуулардын катарынан орун алууну Алла Таалам баарыбызга насип кылсын...

Оомийн!

**Изгиликтин үлгүсү**

Эне перзент үчүн нары кымбат, нары ак кызматка эң татыктуу зат экенин төмөнкү хадистен түшүнүүгө болот.Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* баяндайт:

«Бир адам Алланын Элчисине келип баарлашып калат:

– Мен кимге жакшы мамиле жасашым керек?

– *Энеңе!*

– Андан кийин кимге жакшы мамиле жасашым керек?

– *Энеңе!*

– Андан кийин?

– *Энеңе!*

– Андан кийинчи?

– *Атаңа!* – деп жооп берет Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* (Бухарий, Адаб, 2; Муслим, Бирр, 1).

***

Ушул сыяктуу эле мусулман баласы үчүн жашоонун зарыл эрежесин Абдуллах бин Масуд *(Алла ага ыраазы болсун)* баяндап калтырган:

«Мен бир топ маанилүү суроолорго Азирети Пайгамбарыбыздан жооп алдым. Анда суроо-жоопко назар салалы:

–Алла Таала кандай амал өтө жагат?

– *Өз убагында окулган намазды Алла Таала абдан жактырат.*

– Андан кийинки кезекте кайсы амал турат.

– *Ата-энеге жакшылык кылуу жана моюн сунуу.*

– Андан кийин кайсынысы?

– *Алланын жолунда күрөшүү* – деп буйруду Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* (Бухарий, Мавакит 5, Жихад 1; Муслим, Иман 137-139).

***

Азирети Аишанын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтуусуна караганда Алла Элчисинин жанына бир адам келет. Атасын ээрчитип жүргөн бул адамга Азирети Мухаммад Мустафа мындай деп насаат айтат:

*«– Атаңдан озунуп баспа, андан алдын отуруп алба! Атаңды чакырганда сенсиреп атынан айтпа жана ага акаарат келтирбе!»* (Хайсами, VIII, 137).

Бир адам экинчи бир адамдын атасын сөгүп, акаарат келтирип же орой мамиле кылышы мүмкүн. Мындай жосунсуз жорук жөн-жай жүргөн өз атасына акаарат кылган менен барабар. Анткени ыза болгон тарап сөзсүз анын атасына наалат айтып, андан да жаман сөздөр менен жооп кайтарышы толук ыктымал.

***

Сахабалардын бирөөсү Азирети Пайгамбарыбызга:

– Пайгамбарым, мен дин үчүн жер которуп, Алланын жолунда күрөшүү үчүн өзүңө кол берейин деп келдим. Мен бул кадамдарымдын сообун Алла Тааламдан күтөм – дейт.

Алла Элчиси андан сурайт:

– *Атаң же энеңдин көзү тирүүбү?*

– Ооба, экөөсү тең тирүү.

*– Сен Алла Тааладан сооп үмүт кылып турасың да, туурабы?*

– Ооба Пайгамбарым, албетте, Алладан сооп үмүт кылам.

*– Андай болсо, ата-энеңе кайт. Аларды ал-абалына дурустап кара!* – деп буйруйт (Бухарий, Жихад, 138, Муслим, Бирр 6).

***

Кутман сахабалардан бир инсан дин үчүн мусулмандардын арасына көчүп келүү жана Алла жолунда күрөшкө катышуу үчүн Йеменден Мединага келет. Алла Элчисине жолугуп дартын айтат. Көңүлүндө ыйманы көлкүп турган бул сахабага мусулман үчүн дагы да зарыл болгон вазийпалар бар экенин эскертүү үчүн айрым бир маанилүү нерселерди сурайт:

*– Йеменде жакындарың барбы?*

– Оо, Алланын Элчиси, ал жакта ата-энем бар.

*– Алар сенин бул жакка көчүп келишиңер уруксат бериштиби?*

– Жок, уруксат алалбадым.

*– Анда, артка кайт! Йеменге барып ата-энеңден уруксат сура! Чын көңүлдөн уруксат беришсе, келип казатка катышсаң болот. Эгер уруксат беришпесе эне-атаңды ыраазы кылууга аракет жаса!* (Абу Давуд, Жихад, 31/2530).

***

Мусулмандар Хунайн казатынан көптөгөн туткун жана ат, төөлөргө жүктөлгөн көп дүйнө-мүлк менен кайтышат. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* туткундардын арасындагы эмчектеш биртууганынын жана сүт энесинин урматы үчүн өз үлүшүнө түшкөн туткундарды эркин койо берет. Улуу жол башчынын мындай изги кадамын колдогон сахабалар береке-сооптон насиптеш болуу үчүн өз ыктыяры менен:

– Өз үлүшүбүзгө тийген туткундарды биз дагы Алланын Пайгамбарына арнадык! – деп, баары тегиз бошотуп жиберишет (Бухарий, Магази, 54; Ибни Хишам, IV, 134-135).

Ошол күнү күнү миңдеген туткундар акысыз бошотулат. Адамзат тарыхы буга чейин эч качан мындай көрүнүшкө туш болгон эмес. Эмми гана күбө болуп, Алла Элчисинин дээриндеги Исламдын баа жеткис ахлагынан улам бир саамда алты миң туткун, бир тыйын акы талап кылынбастан азаттыкка чыгат. Бул абал сүт акынын канчалык деңгээлде зор мааниге ээ экендигин айдан ачык көрсөтүп турат. Бул көрүнүш заалым коомдор үчүн эң сонун сабак. Тилекке каршы, оопалуулук көбүнесе китептерде сөз бойдон гана калып жүрөт.

***

Азирети Абу Бакрдын кызы Асма *(Алла ага ыраазы болсун)* биз үчүн үлгү болоорлук окуяны минтип эскерген:

«Апам ал кездерде Исламды кабыл ала элек болчу. Күндөрдүн биринде мени сагынып келип калды. Алла Элчисинин көз карашын билгим келип:

– Оо, Алланын Элчиси! Апам мени сагынып келиптир. Аны сыйлап жөнөтөйүнбү? – деп сурасам, – Ооба, апаңды жакшы сыйла! – деди (Бухарий, Хиба, 29, Адаб 8; Муслим, Зекет, 50).

***

Абу Талибдин зайыбы бактылуу Фатима абдан пазилеттүү жана кеңпейил аял болгон. Жетим калган Азирети Мухаммадка Фатима эне өз энесиндей жылуу мамиле жасап, көзүнүн агы менен тең айлана бапестеп караган. Аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* Исламды кабылдап, дин үчүн Мединага көчүп барган экинчи апасынан бат-баттан кабар алып, кээ-кээде анын үйүндө куш уйку салар эле.

Бактылуу Фатима эне көз жумганда Алланын Элчисинин акактай болгон көзүнөн жаш чертилген. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз сөөктүн жанына барып, анын ак ниет кызматына Жаратканды күбөгө тартып мындай деген:

*«Энеке! Алла сени кечирсин жана жакшылыгы менен сыйласын! Алла Таала сага мээримин төксүн! Энемдин көзү өткөндөн сен мага эне болдуң! Өзүң ач туруп, мени тойгуздуң! Өзүң кийбей туруп мага кийгиздиң! Эң таттуу нематтарды мага таттырып, өз напсиңди куру калтырчу элең! Мына ушулардын баарын Алланын ыраазылыгын жана акырет журтуңдун үзүрлүү болушун көздөп жасайт элең!...»*

Азирети Пайгамбарыбыз маркумдун сөөгүн үч жолу сууга алууну буйруйт. Атыр себүүгө кезек келгенде Алланын Элчиси кафур салынган сууну өз колу менен чачат. Андан соң өз көйнөгүн кепин катары Фатима энесине берет.

Мүрзөнүн чаранасы казылып болгондон кийин казанакты Алла Элчиси өзү казып даярдайт да, казанакта бир саам кырынан жатат. Тышкары чыккандан кийин мындай дейт:

*«Абу Талиптен кийин бул аялзаты жасаган жакшылыкты мага эч бир адам жасаган эмес! Акыретте бейиштин кийимин кийсин үчүн көйнөгүмдү ага кепин кылдым. Кабырында жылуулук болсун үчүн мүрзөсүнө бир саам жаттып чыктым!»*

*«Алла Таала тирилтет жана жанды алат. Ал эч качан өлбөйт, түбөлүккө тирүү. (Оо, Жараткан Алла Таалам!) Асаддын кызы Фатима энемдин күнөөлөрүн Өзүң кечир! Ал үчүн мүрзөнү кең кыла көр! Пайгамбарыңдын жана менден мурунку элчилериңдин урматы үчүн тилегимди кабыл кыл! Шек-күмөнсүз сен мээримдүүлөрдүн эң Мээримдүүсүсүң! ... »*

Алла Элчисинин имамдыгы астында төрт такбир менен жаназа намазы окулуп болгон соң, Азирети Абу Бакр, Азирети Аббас (Алла аларга ыраазы болсун) жана башка жоон топ сахабалардын коштоосунда сөөктү жерге беришет (Табарани, Кабийр, XXIV, Якубий II, 14; Ибн Абдулбар, IV, 1891).

***

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* түшүндө көргөнүн Азирети Аиша энебизге *(Алла ага ыраазы болсун)* айтып берген:

*«Уктап жаткам. Түшүмдө бейиште жүрүптүрмүн. Куран окуган бир адамдын үнүн уктум.*

*– Бул ким? – деп сурадым.*

*– Бул Хариса бин Нуман – деген жоопту алдым.*

Окуяны баяндап жаткан Азирети Пайгамбарыбыз сөзүнүн аягында:

– *Жакшылык деген ушундай болот! Жакшылык деген ушундай болот!* деди.

Айтууларга караганда, Хариса *(Алла ага ыраазы болсун)* энесине татыктуу мамиле кылган боорукер, күйүмдүү жан болгон. Аны бейише чыгара турган негизги себеп ушул жерде жаткан (Ахмад, VI, 151-152; Хаким, IV, 167).

***

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

Саад бин Убаданын *(Алла ага ыраазы болсун)* энеси дүйнөдөн кайтат. Энесинин көзүнө жетпей калганына муңканган Саад Алла Элчисинен кеңеш сурайт:

– Пайгамбарым! Мен жокто энем одүйнө салыптыр. Энемдин атынан кайыр-садака берсем, сообу тийеби?

–*Албетте тийет!* – деген жоопту айтат, Азирети Пайгамбар.

– Андай болсо күбө болуңуз, мол түшүм берген багымды энем үчүн элдин кызматына ыйгардым! – дейт кубанган Саад (Бухарий, Васая, 15).

***

Малик бин Рабиа *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

Күндөрдүн биринде Алла Элчиси менен чогуу олтургanбыз. Аңгыча арабызга Салим уулдарынын тобунан бир адам келип Пайгамбарга суроо узатты:

– Оо, Алланын Элчиси! Ата-энемдин көзү өткөндөн кийин алар үчүн кандай жакшылык кылсам болот?

Алланын сүйүктүү Элчиси ага мындай насаат айтат:

*«–Аларга жакшылык тилеп дуба кыл, кечирим сура. Осуяттарын орундат, туугандарына туугандай мамиледе бол, досторуна сый-урмат көрсөт»* (Абу Давуд, Адаб, 119-120/5142; Ибн Маажа, Адаб, 2).

***

Хадис илиминин жаркын жылдызы Абу Хурайра Зулхулайфада жашачу. Бир жакка сапарга чыгарда атайы энесинин үйүнө барып коштошуп, анан жөнөп кетчү экен. Мусулмандар арасында бул залкар инсандын энеси менен коштошкону аңыз кеп катары айтылып жүрөт. Анда коштошуунун маңызына назар буралы:

– Энеке, сизге Алла Тааланын берекесин, тынчтыгын, жана ырайымын тилейм!

– Кулунум, сага да Алла Тааланын берекесин, тынчтыгын, жана ырайымын тилейм!

– Мени бөпөлөп чоңойтконуң сыңары Алла Таалам сага мээримин төксүн!

– Улгайган чакта мени урматтап, перзенттик милдетинди өтөгөнүң үчүн Алла Таалам мээримин төгүп, сага санак жеткис жакшылыгын ыроолосун жана ыраазы болсун! – деп энеси жооп кайтарчу экен.

Абу Хурайра үйүнө кайткан кезде жогорудагы ак тилектер дагы кайталанчу экен (Бухарий, ал-Адабул Муфрад, № 12, 14).

***

Алланын сүйүктүү пендеси Имам Аазам (Алла аны Өз ырайымына бөлөсүн) заалымдыкка кабылып Багдаттын зынданында кыйын күндөрдү баштан кечирип жатып:

– Мени бул абалымды энекеме угуза көрбөгүлө! Ал укса, кусага чыдай албайт! Мен анын кайгы-касырет чегишине чыдай албайм!... деп энесине болгон сүйүүсүн даршан эткен.

***

Тасаввуф көсөмдөрүнөн Шах-и Накшибанддын осуят катары айтып кеткен төмөнкү насаатын уккан ар бир инсан Ислам дини адеп-ахлакка, сүйүүгө маани берээрин айттырбай түшүнөт. Ал (Алла аны өз ырайымына бөлөсүн) көзүнүн тирүүсүндө:

«Менин мүрзөмө зыяратка келүүнү каалагандар оболу энекемдин мүрзөсүнө зыярат кылсын!» деп айткан.

Бүгүнкү күндө бул Шах-и Накшибанддын мүрзөсүнө зыярат кылууну каалагандар, оболу энесинин ошол аймактагы мүрзөсүнө барып, Куран окуп, сообун багыштап кайтышат.

Энеге бапестелген сүйүү туурасында айтылуу акын Абдуррахман Жаами (Алла аны өз ырайымына бөлөсүн) мындай деген:

«Тогуз ай курсагында, өз алдындынча басканга чейин кучагында, көзү өткөнгө чейин жүрөгүндө көтөрүп жүргөн энекемди кантип сүйбөй койоюн. Энелердин көңүлүн оорута турган жагымсыз мамиледен жаман нерсе жок!»

***

Жыйынтыктап айтканда, адампенденин мойнундагы ата-эненин акысын эч бир тараза менен да, эч бир өлчөгүч курал менен да өлчөй албайбыз. Ал ошончолук маанилүү, нары баш тарткыс зарыл вазийпа. Жаратканга шерик кошууну же күнөө ишке барууну буйрумайын аларга кызмат кылуу баарыбызга парз. Ыйман келтирүүдөн кийинки эле эң негизги милдетибиз ата-энеге кызмат кылуу, аларды кубантуу экенин жадыбыздан чыгарбасак.

Бейиштин жолу ата-эненин ыраазылыгында. Алла Таала бейишти ыймандуу, ыкластуу жана ибадаткөй энелердин таман астына таштады, аталарды бейиштин ортоңку каалгасы кылып койду. Ким кааласа, ата-энесин кубантып ак батасын алсын, ким кааласа алардын көңүлүн оорутсун...

### б. Үй-бүлөнүн акы-укугу

Адамзаада өз табиятынын талабына ылайык бүлө курууга жана бир бүлөдө ынтымакчылыкта жашоого муктаж. Мындан тышкаркы жашоо түрлөрү адам баласына бейпилдикти да, бак-таалайды да тартуулай албайт. Бирок үй-бүлөдө ынтымак-ырашкерлик жана бактылуулук уялашы үчүн ар бир адам өз милдетин билип, башкалардын акы-укугуна сый, аяр мамиле жасашы керек.

Пендезаттын эң жакын адамдары албетте өзүнүн үй-бүлөсү болуп эсептелет. Андай болсо жоопкерчилик жана акы-укук маселесинде эң биринчи талап үй-бүлө мүчөлөрүнө таандык. Алла Таала бизге буйруйт:

«...Алланын өкүмүнө ылайык, бир туугандар бири-бирине башка момундардан да, мухажирлерден да жакын..» (Ахзаб сүрөсү, 6-аят).

Атанын, эненин жана балдардын өз-өзүнө тиешелүү милдети жана жоопкерчилиги бар. Меселен, үй-бүлөнү адал ырыскы менен багуу, кийиндирип, ичиндирүү, аялын жана перзенттерин тарбиялоо атанын милдети.

А эне болсо өмүрлүк жолдошуна сылык-сыпаа кайрылып, үйгө жана балдарга ээ чыгышы керек. «Жакшы аял – дөөлөт, жаман аял – мээнет», «Жакшы аял – ырыс, жаман аял – уруш», «Жакшы аял үйдүн куту» деп накыл кептерде айтылгандай, үй оокаттарын таза, тыкан, ирээттүү тутуп, күйөөнүн таап келгенин үнөмдүү, сарамжалдуу пайдалана билүү аялдын милдети. Айрыкча аялзаты колдо барга топуктуу болуп, таалим-тарбия ишин жүргүзүүдө кыраакы болушу керек.

Ата-эне балдарына адилеттүү, калыс мамиле кылып, кийиндирип, ичирүүдө, таалим-тарбия берүүдө баарына тегиз карашы керек. Бирөөнө өзгөчө мамиле кылып, экинчисине көңүл бурбай койуу адилетсиздикке жатат. А перзенттер болсо ата-энени урматтап, сүйүп, алардын айтканын эч убакта эки кылбай, тапшырманы так аткарганга көнүшү керек. Бой жетип маңдай тер менен акча таба баштагандан тарта ата-энени алаканга салып багуу ар бир уулдун милдети.

Үй-бүлө мүчөлөрүнө дин Исламдын изги таалим-тарбиясын берүү, алардын эки дүйнөдө тең бактылуу болушу үчүн кам көрүү жүзөгө ашырыла турган эң маанилүү иштерден болуп саналат. Алла Таала Ыйык Куранда мындайча буйруйт:

«Үй-бүлөңдү намаз окууга буйру! Өзүң да аны (намазды) сабырдуулук менен аткар!..» (Тоха сүрөсү, 132-аят).

«Эй, момундар! Өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү отуну адамдар мене таштардан болгон тозок отунан сактагыла!...» (Тахрим сүрөсү, 6).

Бул аятты чечмелеген тафсир аалымдары үй-бүлө мүчөлөрүн, айрыкча кыздарды, балдарды багуу жана татыктуу диний тарбия берүү негизинен атанын милдети деп белгилешет [29].

Диндик, акыреттик милдеттерден кийин дүнүйөлүк муктаждыктар келет. Муавия бин Хайда *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

– Оо, Алланын Элчиси! Биздин мойнубузда аялыбыздын кандай акысы бар?

Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул дилгир сахабанын суроосуна:

*«– Жегениңди жедир, өзүң кийингендей даражада кийинт, бетине урба, жасаган ишин, же өң-келбетин жактырбаганыңды бетине айтпа. Аялыңды (кандайдыр бир олуттуу себептен улам жаза катары) төшөктө жалгыз калтыргың келсе, аны өз үйүңдө жүзөгө ашыр»* (Абу Давуд, Никах, 40-41; Ибн Маажа, Никах, 3).

Катардагы инсан эле эмес Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* да үй-бүлөсүн багуу үчүн маңдай тер төгүп эмгектенген. Ошондой эле бул жаатташы иш-аракеттердин ибадат, садака катары кабылданаарын сүйүнчүлөгөн. Куттуу хадисте мындай деп буйрулат:

*«Алланын жолунда сарптаганың, кулду азаттыка чыгаруу үчүн каржаганың, садага кылып кембагалга бергениң жана үй-бүлөңдүн муктаждыгы үчүн жумшаганыңдын ичинен ичинен эң эле сооптуусу үй-бүлөгө жумшалганы»* (Муслим, Зекет, 39).

Үй-бүлөнү багуунун сооптуулугу Алла Тааланын момун мусулмандарга ыроологон үлкөн сыйы. Жараткан бизге ырыскыны адал жол менен табууну буйруган. Өз бүлөсүн адал ырыскы менен багуу үчүн алакан жооруткан адампенде биринчиден эч кимге зарыкпай турганын ойлоп, экинчиден сооп таап, акыреттин да камын көрүп жатканын ойлоп санаасы тынчып, көңүлү бейпил тартат.

Милдет маселесине келгенде ар ким өз дараметине, табиятына жараша жоопкерчиликти алышы керек. Маселен, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* милдеттерди бөлүштүрүүдө кызы Фатимага үй жумуштарын, күйө баласы, бир чети тууганы Алиге чарбалык иштерди жүргүзүү кеңешин берген [30].

Атанын милдети саналган турак жай, мейли ал ижаарага алынсын, мейли жеке менчик болсун, бала-бакыра бата тургандай кеңдикте, мүмкүн болсо жайлуу, тынч конушта жана жакшы коңшулардын арасында болгону дурус. Ошондой эле жок дегенде жубайын, бала-бакырасын жазгы, кышкы кылып эки катар кийим-кече менен камсыздоого милдеттүү. Жума күндөрү, айт майрамы жана той-топур сыяктуу маанилүү күндөрдө кийгенге жаңы кийим сатып берүү атанын балдарына жана жубайына тартуулаган белеги болуп калат.

Үйдүн кожоюну жубайына кабар бербей туруп узак сапарга кетпеши керек. Жубайына кабар айттырбай бейтааныш бирөөлөрдү үйгө ээрчитип келбеши керек. Тууган-уруктардан жана белгиленген чектен тышкары бетме-бет отуруу шарияттa арам деп эсептелинген бөтөн бирөөлөрдүн алдына кирип кызмат кылууну аялынан талап кылбашы керек. Айрыкча ак никелүү жубайын жана бой тартып калган кыздарын бөтөн эркектер болгон жерге аралаштырбоо кажет.

Үй-бүлө мүчөлөрүнө көңүл буруп, жогорку адеп-ахлактын үлгүсүн көрсөтүү атанын башкы милдеттеринин бири. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз өз хадисинде минтип буйруйт:

*«Силердин эң жакшыңар – өз үй-бүлөсүнө жакшы караганыңар. Араңардан үй-бүлөнү мен гана жакшы карайм»* (Тирмизий, Манаакыб, 63/3895; Ибн Маажа, Никах, 50).

*«Момун мусулман жубайына кек сактабасын. Анын бир мүнөзү жакпаса, башка мүнөзү жагат»* (Муслим, Рида, 61).

Алп турмуштун ысык-суугу болбой койбойт. Андыктан жубайлардын ортосунда махабат, боорукерлик жана мээримдүүлүк сезимдери күчтүү болушу керек. Турмушта акылды гана алга сүрөп, жүрөк сезимдерин тебелеген жандар жылдарды сумсайтып жөн гана робот сыяктуу жашап өтүшөт. Мындай жуптардын үйү качан болбосун мисирейген мүнөздөргө жараша үңкүрдөй же мүрзөдөй томсоргону томсоргон.

Үй-бүлөдө жубайлар илбериңки, ак көңүл жана кечиримдүү болушу керек. Ачуу үстүндө ант этип, касам ичип, бирок мунун жакшылык алып келбесин түшүнгөндөн кийин оюндагысынан баш тартып, антты токтоткону үчүн каффаарат берип коюшу керек. Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай дейт:

*«...Алла буйруп койгон болсо мен деле айрым бир иштерге «Валлахи» деп ант этип койом. Кийин андан да жакшысын көргөн болсом, каффаарат берем да, жакшылыкты тандайм»* (Бухарий, Айман, 1, Каффаарат 10; Муслим, Айман 7).

Пайгамбар усулуна моюн сунбай, өз бүлөсү үчүн жакшылык алып келбей турган нерсеге ант этип, беттегенин бербей көшөрүү адамды күнөөгө батырат [31]. Андан көрө ачуу үсүтүндө айтылганды бузуп, айып катары каффарат берип койгондун жарасы жеңил.

Үйдүн куту болгон аялдын ыймандуулугу, такыбаалыгы, тазалыгы, тыкандыгы жана карманган, тутунганы үй-бүлөсүнөн тарта бүтүндөй чөйрөгө үлгү болгудай, жакшы жагына шыктандыргыдай деңгээлде болушу керек. Ыймандуу, ибадатка ыкластуу салиха аял – таалайдын нурун чачкан, бейиш жыттанган гүл.

*«Салиха аял – жүзүнө караган күйөсүн кубантат, анын (шарият уруксат кылган) каалоосун орундатат. Күйөсү үйдө жок кезде мал-мүлкүн жана өз абийирин сактайт»* (Ибн Маажа, Никах, 5).

Эринин алдындагы жоопкерчилигин так өтөгөн аялзатына Азирети Пайгамбарыбыз мындай сүйүнчү айткан:

*«Күйөсүнүн ыраазылыгына татып көз жумган аял бейишке кирет»* (Тирмизий, Радаа, 10/1161; Ибн Маажа, Никах, 4).

Акылдуу аялзаты күйөсүнүн мүнөзүн, көнүмүш адаттарын жана каалоосун көзүнөн окуй билген сезимтал болот. Үйдүн ичин болсун, сыртын болсун таза, ирээттүү кармайт. Өмүрлүк жолдошун өмүр бою жагымдуу жылмая жылуу тосуп алат. Эрте менен үйдөн чыгып баратканда күйөсүнүн бою-башын түздөп, дем берип узатат. «Кирешең аз болсо да адалдан болсун, адалдан эмне алып келбе, мен баарына ыраазымын!» деп сылык гана эскертүү берет. Тамакты өз убагында даярдайт. Күйөсү жактырган, жакшы көргөн нерселерди жасаганга аракет кылат. Топуктуу жана сарамжалдуу болот.

Перзенттердин ата-энеден талап кыла турган акысы бар. Ибн Умардын айтуусуна караганда Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деп буйруган:

*«Жараткан Алла (Ыйык Куранда) айрым пенделерин «Абрар» деп атап кеткен. Анткени алар ата-энесине да, өз перзенттерине да жакшылык кылышат. Сенин мойнуңда ата-энеңдин акысы болгону сыңары, балдарыңдын да сенде (талап кыла турган) акысы бар»* (Хайсами, VIII, 268).

Алла Тааланын буйругу менен ымыркай төрөлүп үй-бүлөгө жан кошулганда оң кулагына азан, сол кулагына такбир айтып, наристеге уккулуктуу, жакшы маанини туюнткан ысымды ыйгаруу ата-эненин эң башкы милдети болуп эсептелет [32]. Мүмкүнчүлүгү барлар бала төрөлгөндөн жети күндөн кийин Жаратканга шүгүрчүлүк ниетинде бир жандыкты курмандыкка чалса болот. Бул курмандык сүннөттө «акика курмандыгы» деп аталат. Андан соң ымыркайдын чачын алып, чачтын салмагындай күмүштү кедей-кембагалдарга садака кылып берүү керек [33].

Балдар Ыйык Курандын берекеге, жакшылыкка толгон атмосферасынан, айрыкча, пайгамбарлардын икаяларын, андагы берилген насааттарды угуп, үйрөнүп чоңоюшу керек. Ата-энелер эң оболу балдарга жаштайынан зарыл деп эсептелген диний маалыматтарды үйрөтүшү зарыл. Анткени «жашында үйрөнгөнүң ташка тамга баскандай, улгайганда үйрөнгөнүң сууга жазуу жазгандай» эле кеп. Мектепти аяктагандан кийин перзенттин өзүнө да, элге да пайдасы тийе турган жакшы кесипке багыт берүү зарыл.

Үй-бүлө мүчөлөрү напсинин, шайтандын жана сырттагы кара ниеттердин айла-амалынан, азгырыгынан сактануу үчүн ар убак Алла Тааланын кудуретине баш калкалап, Аллага таянышы керек. Анткени бул нерселер касиеттүү коломтону талкалоо үчүн колдон келген жамандыктын эч биринен кайра тартышпайт. Куттуу коломтону өчүрүүгө батынгандар үчүн адеп-ахлакты

жыйыштырып коюп динди бузуу түккө турбаган иш. Бул жагдайдын маанилүүлүгүн билдирген төмөнкү хадиске көңүл буралы:

*«Иблистин (шайтан башы) аршы деңизде. Адамдарды жолдон чыгаруу үчүн шериктерин жер жүзүнө жаят. Ким көп адамды азгырса, ал анын астында кадыр-баркка ээ болот. Алардын бирөөсү келип: – Мен мындай-мындай иш кылдым! – деп маашырланат. Иблис ага: – Эч нерсе кыла албаптырсың! – дейт. Андан кийин башкасы келип: – Мен бирөөнү (алсыз тарабынан тутуп) аялы менен ажырштырганга чейин жакасына жабышып жүрдүм – дейт. Бул кабарга абдан сүйүнгөн Иблис аны өзүнө жакындатат, жанынан чыгарбай: – Сен азаматсың! – деп мактайт»* (Муслим, Мунафикийн, 66).

Момун мусулмандар напсиге жана шайтанга мүмкүнчүлүк бербестен үй-бүлө менен ынтымакта болуп, көп балалуу болуунун камын көрүшү керек. Үй-бүлөнүн акысын берип, укугун коргоого жан үрөшү керек. Үй-бүлө мүчөлөрү, айрыкча ата өз милдетин так аткарбаса, акыретте оор азапка дуушар болот. Ошондо балдары, кыздары, жубайлары келип өз жоопкерчилигин өтөй албаган атанын жакасына жабышат, сообун талашат. Акыреттеги сурактын оорлугунан улам ата баладан, бала ата-энеден, эне кыздарынан, кыскасы баары бири биринен качып, бири бирине көрүнбөөгө жан далбас ургусу келет, тилекке каршы, бул учурда кеч болуп калат...

Алла Таал мындай деп эскертүү берет:

«Адампенде кыямат күнү бир тууганынан, ата-энесинен, жубайынан жана балдарынан безе качат. Ал күнү ар кимдин башынан ашкан дарты (көйгөйү, убайым санаасы) болот» (Абаса сүрөсү, 34-37-аяттар).

Бул дүйнөдө Алла Таала көрсөткөн жолдон тайбай жашаган момун мусулмандын жүзүн күлүңдөп, кубанчы койнуна батпай турган маалда, өз милдетин так аткара албагандардын жүзү коркунучтан, кайгыдан, бушаймандыктан улам капкара болуп калат.

Алла Таала баарыбызды мойнубуздагы милдетти так аткарып, сүйүнүчтөн жүзү жаркырап бейишке сапар тарткан бактылуу кулдарынын катарына кошсун....

Оомийн!

**Изгиликтин үлгүсү**

Алланын ардактуу Элчиси Азирети Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* үй-бүлөсүнө сүйүү бапестеген, акактай тунук тарбия берген, бала-бакырасынын рухий дүйнөсүн кеңейтип, аларды акыреттеги бактылуулукка даярдаган мээримдүү жана күйүмдүү ата болгон. Ошону менен катар үй-бүлөсүнүн турмуш тиричилигин да жетиштүү камсыздаган. Азирети Пайгамбарыбыз олжого алынган курмазардын түшүмүн сатып, бүлөсүнө жеткидей кылып бир жылдык кем-карчын толуктап берчү. Түшүмдүн калган бөлүгүн элдик казынага төкчү. Алла Элчиси өмүрү бою ушундай усул менен жашап өткөн (Бухарий, Нафакат, 3; Муслим, Жихад, 49).

Алла Элчиси Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* үй-бүлөсүн багуу үчүн төө асыраган. Анын төөлөрү күндүзү Ухуд жана Жаммаа жайлоолорунда откорулуп, кечке жуук үйгө кайтчу. Төөлөрдүн кечки саалган сүтү келген конокторго берилип, андан ашканын жана эрте мененки саалган сүттү Пайгамбарыбыздын жубайлары бөлүп алышчу. Умму Саламанын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтуусуна караганда Пайгамбарыбыз сүт берген төөлөрдү жубайларына калыс бөлүп берген. Башкалардыкына караганда Алла Элчисине бөлүнгөн төө көп сүт берчү экен. Мындайча айтканда, анын бүлөсү төө, уй, кой сыяктуу жандыктар менен турмуш кечиришкен (Ибн Саад, I, 494-496).

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мечитке улай ар бир жубайы үчүн бирден жупуну бөлмө салдырып, алардын турак жай маселесин чечип берген. Ошондой эле кийин эч кимге көз каранды болбой өз алдынча тиричилик кылсын деп көзүнүн тирүүсүндө Хайбардан өз үлүшүнө тийчү кирешеден ар бир жубайына 80 васк [34] курма, жыйырма васк буудай бөлүп берген (Ибн Саад, VIII, 56, 69, 127).

Адамзатка тарбия берүү, үлгү болуу үчүн жиберилген акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«... Жубайларымдын кем-карчынан жана кызматкерлеримдин айлыгынан ашкан мал-мүлкүмдү садака кылдым»* [35] деген. Тактап айтканда, кутман Пайгамбарыбыз өзүнө тийиешелүү эгин жайларынын түшүмүнөн жубайларынын жылдык тамак-ашына, керектөөсүнө бөлүп, калган бөлүгүн жана башка кирешелерин элдин муктаждыгына жумшаган [36].

***

Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* үй-бүлөсүнө зарыл деп эсептелген маалыматтарды да үйрөтүүгө аракет кылган. Шифа бинти Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Мен Хафсанын жанында олтургам. Аңгыча Алланын Элчиси басып келип менден:

*– Буга жазуу жазганды үйрөтүпсүң, эми кумурска менен эмдеп [37] коюну да үйрөтүп койчу –* деп өтүндү» (Абу Давуд, Тыбб, 18/3878).

***

Осмон бин Маазундун *(Алла ага ыраазы болсун)* жубайы Хавла бинти Хаким кийимди асемдеп кийген аялдардын бири эле. Күндөрдүн биринде жамаачыланган эски-куску кийим менен Азирети Аишага барат. Момундардын энеси таң калгынын жашыра албай суроо салат:

– Бул эмне деген кебете?

– Күйөм түнү бою намаз окуп, күндүзү кечке чейин орозо кармап жүрөт – деп көйгөйүн айтат.

Дал ошол маалда сырттан Алланын Элчиси кирет. Азирети Аиша ага көйгөйдү түшүндүрөт. Бир жактуу түшүнүктөн келип чыккан маселени чечип, үй-бүлөнүн астындагы милдетин эскертип кою үчүн Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Осмон бин Мазунду таап мындай дейт:

*«– Осмон! (Сөзүмө кулак сал!) Бизге рухбанчылык [38] буйрулган эмес! Менде сага үлгү болгудай жакшы жагым жокпу? Аллага ант болсун! Араңарда Алла Тааладан катуу корккonуңар да, Ал койгон чектен чыкпай астейдил басканыңар да менмин»* (Ахмад, VI, 226; Ибн Хажар, ал-Исаба, IV, 291).

***

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнүн бир куттуу хадисинде бизге мындай эскертүү берет:

*«Мойнундагы милдетин аткарбай, бала-бакырасын карабай таштап салышы пендени күнөөгө белчеден баткырат»* (Муслим, Зекет, 40; Абу Давуд, Зекет, 45).

Кутман сахабалар айрым учурларда ыйман толкунунан таасирленип колундагы болгон мүлкүн кайыр-садака кылгысы келчү. Азирети Пайгамбарыбыз болсо сахабалардын ичинен Абу Бакрдын гана кайрымдуулугун бүт бойдон кабыл кылчу. Калгандардын мүлкүнүн жарымын, же үчтөн бир бөлүгүн кайрым кылууга уруксат берип, үй-бүлөнү жакыр абалга калтырбоону насаат кылган.

***

Рафи баян этет:

«Мен күндөрдүн биринде Алла Элчисинен *(саллаллаху алейхи васаллам)* сурадым:

– Пайгамбарым! Балдарыбыздын мойнунда биздин акыбыз бар. Ошол сыңары биздин мойнубузда алардын акысы барбы?

Пайгамбарым мага мындай деп жооп берди:

*«– Перзентке жазуу жазганды, сууда сүзгөндү, курал атканды үйрөтүү жана аны адал ырыскы менен багуу атанын милдети»* (Байхаки, Шуаб, VI, 401; Али ал-Муттакий, XVI, 443).

Хадисте буйрулгандай, үйдүн кожоюну саналган ата – кыз дебей, бала дебей баарына тең карап, келечекте өз алдынча турмуш куруп кетүүгө даярдап, жандүйнөсүн булгап албоо үчүн адал ырыскы менен багышы керек. Бул тууралуу айтылган дагы башка хадистерге назар буралы:

*«Балага жакшы ат кою, бой жеткенде үйлөндүрүү жана ага жазганды үйрөтүү атанын мойнундагы милдети»* (Али ал-Муттакий, XVI, 417).

*«...Перзентин турмушка татыктуу кылып өстүрүү жана ага жакшы тарбия берүү (атанын милдети)»* (Байхакий, Шуаб, VI, 401, 402).

*«Балдарыңарга сууда сүзгөндү, (мылтык, жаа) атканды, кыздарыңарга болсо жип ийригенди үйрөткүлө»* (Суйути, II, 52).

***

«Пайгамбардын жубайлары! Силер катардагы аялдардын бири эмессиңер. Эгер Алла Тааладан коркосоңор, (бөтөн эркектерди өзүңөргө) тарта тургандай тариздe наздана сүйлөбөгүлө. Жүрөгүндө дарты барлар силерге кызыгып калуусу мүмкүн. Ошондуктан (баары менен) салабаттуу болуп, маңыздуу сүйлөгүлө. Үйүңөрдө болгула. Караңгылык доордогудай болуп (кооз жасалгаларды тагынып) ачык жүрбөгүлө. Намаз окугула, зекетиңерди бергиле, Аллага жана Анын Элчисине моюн сунгула.

(Эй, Пайгамбардын) бүлөсү! Чындыгында, Алла Таала силерден арамдыкты оолак кылып, силерди (күнөөдөн) тазалоону каалайт» (Ахзаб сүрөсү, 32-33-аяттар).

Бул аяттар түшкөндөн баштап Азирети Пайгамбарыбыз багымдат намазын окууга мечитке чыгып баратып катуу чаалыккандыктан уктап калышпасын, ойгото кетейин деген ниетте:

– Пайгамбардын бүлөсү, намазга тургула! Чындыгында, Алла Таала силерден арамдыкты оолак кылып, силерди (күнөөдөн) тазалоону каалайт» деп алты айга чейин эскертүү берет» (Тирмизий, Тафсир, 33/3206).

Алла Элчиси өз жакындарынын бир чети Аллага жакын болсун, бир чети калайыкка үлгү болсун деген тилек менен кээ-кээде күйө баласы менен кызы Азирети Фатиманын каалгасын чертип:

*«– Намаз окубайсыңарбы?»* деп ойготуп турган (Бухарий, Тахажжуд, 5).

***

Зайд бин Аслам *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Эй, ыйман келтиргендер! Өзүңөрдү жана бала-бакыраңарды отуну адам жана таштан болгон тозок отунан сактагыла!...» (Тахрим сүрөсү, 6-аят).

Бул аят түшөөрү менен чочулаган сахабалар:

– Оо, Алланын Элчиси! Өзүбүздү жана үй-бүлөбүздү канткенде тозоктон сактап кала алабыз? – деген суроо менен кайрылышат. Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* аларга минтип жооп берет:

*«– Аларды Алла Таалага кул болууга, ибадат кылууга буйругула. Жаратканга каршы чыгууга жана күнөө ишке барууга тыю салгыла. Ушу айтылгандар менен сактана аласыңар»* (Алусий, XXVIII, 156).

***

Вахб бин Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

Алла Элчиси кулк мүнөзү жагынан окшош болгон Азирети Салман менен Абу Дарданы (Алла буларга ыраазы болсун) биртууган деп жарыялайт. Ошол себептен бир туугандар бири биринен бат-баттан кабар ала турган. Диндеш биртууганын зыяраттап келген Салман Абу Дарданын жубайын эски кийим кийип жүдөгөн абалда көрөт. Көңүлү түтпөй суроо узатат:

– Кудай акы, айтыңызчы, сизге эмне болгон?

– Тууганың Абу Дарда байлыкка, көңүл каалаган нерселерге анчейин маани бербейт! – деп жатканда үйдүн кожоюну сырттан кирет. Эсенчилик сурашкан соң дасторкон жайылат. Жаңы бышырылган тамак меймандын алдына коюлат.

– Тууганым, тамактан ал, мен болсо орозомун – дейт сыпаа гана. Маанайы заматта өзгөрө түшкөн Салман:

– Сен тамактан жебесең, мен да жебейм! – дейт. Биртууганын капа кылып алгысы келбеген Абу Дарда дасторконго жакын олтуруп тамактан жей баштайт. Диндеш биртуугандар бир бөлмөгө укташат. Көп өтпөй Абу Дарда тахажжут намазын окууга турат. Тахажжудка али бар дегендей ишаарат кыла:

– Уктай бер! – деп аны тургузбайт. Чай кайнам убакыт өтпөй Абу Дарда дагы тургусу келет. Салман бул ирет да аны токтотуп койот. Түн жарымдан ооп калганда ойгонгон Салман:

– Эми туруп намаз окуй берсең болот – деп Абу Дарданы тургузат. Эки сахаба чогуу намаз окушат. Намаз окулуп бүткөндөн кийин Азирети Салман биртууганына буларды айтат:

«– Сенин мойнуңда Жаратхандын акысы бар, напсиңдин акысы бар, ошондой эле үй-бүлөңдүн да акысы бар. Ар биринин акысын өз өзүнө кынтыксыз кайтар!»

Абу Дарда дагы да аныгына жетүү үчүн болуп өткөндөрдү Азирети Пайгамбарыбызга түшүндүрөт. Азирети Салмандын насаатына купулу толгон Алла Элчиси:

*«– Салман туура айтыптыр»* дейт (Бухарий, Савм, 51, Адаб, 86).

***

Жыйынтыктап айтканда, инсан эң оболу өз үй-бүлөсүнүн заттык жана рухий бардык муктаждыгын камсыздоого милдеттүү. Үй-бүлөнүн Жараткан Алла тарабынан берилген аманат экендигин билип, сезип, колдон келишинче алардын акысын берип, укугун коргогонго аракет кылышы керек. Анткени бул багыттагы күч-кайрат биринчиден Алла Тааланы ыраазы кылса, экинчиден бактылуу жашашыбызга өбөлгө түзөт. Ал эми жоопкерчиликке кайдыгер карап, милдетти илең-салаң аткарып же такыр таштап салгандардын абалы бу дүйнөдө да, акыретте да чатакка айланат.

## в. Туугандын акы-укугу (сыла-и рахим)

Тууган-урук, дос-жар менен тыгыз карым-катышта болууга, колдон келген жардамды берип, аларды коргоого динибиз абдан маани берет. Демек, бул вазийпа мусулмандын мойнундагы дагы бир милдети болуп саналат. Анткени Алла Таала туугандарды бири-бирине мураскор кылып, бир нече акы-укук жана вазийпалардын негизинде ортодогу байланышты дагы да чыңоону буйруган.

Туугандык байланыш адамды ар кандай жамандыктан коргоп келгени сыңары түрдүү жакшылыктардын, пайдалуу иштердин жасалышына да дем берет. Маселен, пайгамбарлар өз чакырыгын эң оболу жакын туугандарынан баштаган. Ошондой эле туугандарынын көмөгү менен өз вазийпасын алга жылдырган [39]. Пайгамбарлар тарыхына кылчайсак, чектен чыккан коом АзиретиШуайбга *(алейхис салам):*

«...Эгер урууң болбогондо сени сөзсүз ташбараңга алып өлтүрмөкпүз...» (Худ сүрөсү, 91) дешкен.

Ошол себептен мусулман пенде диний жана турмуштук жагдайларда жакындарына жардам берүү, жакшылык, жамандыкта алардан жардам алуу үчүн туугандык байланышты күчөтүшү керек.

«...Туугандардын акысын бербей койбогула. Шексиз Алла Таала силерди көзөмөлдөп турат!» (Ниса сүрөсү, 1-аят).

«... Энеңер, атаңар, туугандарыңар .... менен жакшы алакада болгула...» (Ниса сүрөсү, 36-аят).

Алла Таала Өзүнүн Рахман, Рахим (мээримдүү жана ырайымдуу) сыпатынын туундусу менен «рахим» деп туугандык байланышты атаган. Ошондой эле кудсий хадисте:

*«...Туугандык байланышты чыңаган адамга Мен жакшылык кылып, сыйымды жаадырам. Тескерисинче, байланышты үзгөндөр жакшылыгымдан жана ырайымымдан куру калышат»* деп буюрган (Абу Давуд, Зекет, 45/1694).

Демек, тууган-урук менен болгон байланыш Алла Тааланын Рахман сыпатынын көрүнүшү катары мээримдүүлүк жана боорукерлик менен түптөлүп, өөрчүтүлүшү керек. Бул жагдайга төмөнкү хадис аркылуу олуттуу чек койулган:

*«Тууганынын жасаган жакшылыгына жакшылык менен жооп кайтаруу аларды коргоп, канатына калкалоого жатпайт. Нагыз туугандыкты сактаган адам жакындары байланышты үзүп салганына карабай, аларга деген жардамын үзбөйт»* (Бухарий, Адаб, 15; Абу Давуд, Зекет, 45; Тирмизий, Бирр, 10).

Сахабалардын бирөөсү кайсы амал эң кайырлуу экенин сураганда Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* биринчилерден болуп байланышты үзүп койгон тууган менен тил табышуунун амалын издеп, ынтымакчылыкты бекемдөөгө жан үрөө өтө пайдалуу, нары абройлуу иш экенин маалымдаган (Ахмад, IV, 148, 158).

Башка өңүттөн ала турган болсок туугандык карым-катыш түздөн-түз ыйманга тиешелүү нерсе. Анткени Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«... Алла Таалага жана акырет күнүнө ыйман келтирген пенде тууганына жакшылык кылсын!»* деп буюрган.

Алла Таала көңүл сүйүнтөр акыбетти кандай өзгөчөлүктөгү пенделер табаарын Ыйык Куранда маалымдаган:

«Алар Алла бириктирүүнү буйруганды бириктиришет жана Эгесинен коркуп, эсептин (суроктын) жаман болушунан кооптонушат» (Рад сүрөсү, 21-аят).

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* абасы Азирети Аббасты:

*«Абдулмуталлибдин уулу Аббас Курайш уруусунун эң жоомарты жана туугандык алаканы жакшы сактаган инсан»* деп мактап калчу экен (Ахмад, I, 185; Хаким, III, 371).

Адамзатты ак жолго жетелөө үчүн жиберилген акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* кайрымдуулукту сүйгөндөргө, жакшылык жасоочуларга төмөнкүдөй насаат айткан:

*«Алгач өзүң үчүн сарпта. Бала-бакырaң үчүн жумша. Үй-бүлөңдөн бир нерсе ашкан болсо, аны жакындарыңа бер. Андан ашканын оң- солуңдагы колу-коңшуларыңа бер!»* (Насаий, Зекет, 60; Буйу, 84; Муслим, Зекет 41).

Тууган-урукка берилген кайрымдуулукта садаканын да, тууганды канатына калкалоонун да сообу бар (Тирмизий, Зекет, 26).

Жакындарга жардам берүүдө ар кандай кыйынчылыктар ортого чыгышы мүмкүн. Бирок ага ыроолоно турган акыбет абдан жогору жана салмактуу. Ардактуу Пайгамбарыбыз нагыз камкордуктун акыбети тууралуу мындай кабар айткан:

*«Ырыскынын артышын жана узак жашоону каалаган адам туугандарын колдоого алсын!»* (Бухарий, Адаб, 12, Буйу, 13; Муслим, Бирр 20, 21; Абу Давуд, Зекет, 45).

Тууганга кылынган жакшылык кайра өзүбүзгө албан пайда келтирет, Алла Тааланын ыраазылыгына жеткирет. Бул жалганда Жараткандын ыраазылыгына татыктуулуктан өткөн бактылуулук жок деп так кесе айтууга болот. Алла Таала кудсий хадисте мындай дейт:

*«...Тууган-уруктан алаканы үзбөгөндөр жана Мен үчүн бири-биринен кабар алгандар Менин сүйүүмө татыктуу»* (Ахмад, V, 229).

Бул улуу сүйүнчүнү этибарга албай өз кара башынын камын ойлоп, туугандыкты чанып кеткен мерездерге көптөгөн эскертүүлөр келген. Анда Ыйык Куранга көз жүгүртөлү:

«Алар Аллага берген убаданы бузушат, Алла коргоого алууну буйруган адамдар менен болгон алаканы үзөт жана жер бетинде бузукулук кылышат. Мына ушулар наалатка калышкан. Тозок ушулар үчүн» (Рад сүрөсү, 25-аят).

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* баян этет:

*«Алла Таала бүт нерсени жаратып болгон соң туугандык байланыш (рахим) ордунан туруп:*

*– Оо, Жараткан! Сенин алдыңдагы менин бул абалымдан туугандык байланышты үзгөндөн чочулап Өзүңө пааналагым келип турганын түшүн – дейт.*

*Алла Таала:*

*– Андай болсо, сени коргоп, сага жандилден көңүл бурган жанга көңүл буруп, сенден байланышты үзгөн жандан мээримимди үзүп салышыма ыраазы эмессиңби?*

*Туугандык байланыш:*

*– Албетте, ыраазымын!*

*Алла Таала:*

*– Анда, сага ушул укук берилди! – деп буйруйт».*

Алла Элчиси буларды айткандан кийин мындай деди.:

*– Кааласаңар (бул акыйкатты тастыктаган) төмөнкү аятты окугула*: «(Эй, эки жүздүүлөр!) Колго бир амал тийсе, анда силер жер жүзүндө бузукулукту таратып, бир туугандык байланышты үзөсүңөрбү? Алла Таала тарабынан кулактары дүлөй, көздөрү сокур кылына тургандар ушулар» (Мухаммад сүрөсү, 22-23-аяттар) (Бухарий, Тафсирус сура 47, Адаб 13, Тавхид, 35; Муслим, Бирр 16).

Бул маселеде жаңылып калбоо үчүн Азирети Пайгамбарыбыздын төмөнкү хадистерин эстен чыгарбайлы:

*«Бирөөгө зулумдук кылуу жана туугандык байланышты үзүү – бул адамды акыретте жазага сөзсүз кириптер кылуу менен бирге бул дүйнөдө Алла Тааланын бачым жиберчү жазасына эң ылайык жосун»* (Абу Давуд, Адаб, 43; Тирмизий, Кыяма, 57; Ибн Маажа, Зухд, 23).

*«Ар аптанын жума түнү адампенденин жасаган иш-аракеттери (амалдары) Алла Таалага тапшырылат. Бирок тууганы менен алакасын үзүп койгон адамдын амалдары кабыл кылынбайт»* (Ахмад, II, 484).

*««Пендзат өзүнө күнөө саналган нерсени же тууганы менен араздашууга жол ачкан нерсени тилемейин Алла анын тилеген дубасын сөзсүз кабыл кылат, же бериле турган жакшылыктын салмагындай жамандыкты андан тосот»* (Тирмизий, Даават, 115/3573; Ахмад, III, 18).

*«Тууганы менен катташпай койгон адам бейишке кире албайт»* (Бухарий, Адаб, 11; Муслим, Бирр, 18, 19).

Баштан бери айтылган аяттар жана хадистер туугандык карым-катыштын маанилүүлүгүн ортого койот. Бул жагдайдын маанилүүлүгүн ушундан билиңиз, тууганыбыз мусулман эмес болсо да ортобузда белгиленген укуктар, жоопкерчиликтер бар. Анткени Ыйы Куранда мусулман эмес ата-энелерге да жакшылык кылуу жана тирүүлүктө аларга колдон келген жардамды берип, ынтымакта болуу буйрулган .[40]

**Изгиликтин үлгүсү**

Кембагалдык Абу Талибди тооруганы аз келгенсип көп балалуу да болчу. Жокчулук кендирди кесип кыйнап жүргөн. Мына ушуга ичинен сыздап жүргөн камкор Мухаммад абасы Аббаска барып көңүлдөгү түпөйүл санаасын айтат:

– Абаке, өзүңө да маалым, абам Абу Талиб көп балалуу. Учурда элдин баары жокчулуктан кыйналып, зор турмушту баштан кечирип жатышат. Сунушумду макул көрсөң, азыр Абу Талибке баралы да, көндүргөнгө аракет кылалы. Эгер эп көрсө, балдарынын бирин кароону мен мойнума алайын, бирин сен ал! Ушундай жол менен тууганыбыздын оор жүгүн аз да болсо жеңилдеткен болорбуз.

Ининсинен калган медеринин мындай акпейил сунушун кубануу менен кабылдаган Аббас жетине албай көзүнө жаш тегеренип, бапыраңдап, Азирети Мухаммадды ээрчий Абу Талибке барат:

Жакын туугандарынын жароокер пикирин муюп уукан соң берегидей жооп узатат:

– Акилди (акыл) мага калтырып, Али менен Жафарды экөөң алгыла.

Ошентип Азирети Мухаммад кичинекей Алини, Аббас болсо Жафарды алат. Азирети Мухаммадка Пайгамбарлык келгенге чейин Али анын кол астында жетилет (Ибн Хишам, I, 264).

***

«Оболу өзүңдүн эң жакын тууганыңа (акырет азабын) эскерт!» (Шуара сүрөсү, 214-аят).

Бул аят түшкөндөн кийин Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Курайш уруусун жыйнайт. Азирети Пайгамбарыбыз айрымдарына жалпылап, айрымдарына жекече түрдө минтип кайрылат:

*«Эй, Абдушшамстан тарагандар! Эй, Кааб бин Луайдан тарагандар! Өзүңөрдү тозоктон куткарып калгыла!*

*Эй, Абдуманнафтан тарагандар! Өзүңөрдү тозоктон куткарып калгыла!*

*Эй, Хашимден тарагандар! Өзүңөрдү тозоктон куткарып калгыла!*

*Эй, Абдулматаллиптен тарагандар! Өзүңөрдү тозоктон куткарып калгыла!*

*Эй, Фатима! Өзүңдү тозоктон куткарып кал! Силерди Алланын азабынан куткарып калууга менин дараметим жетпейт! Бирок ортобуздагы туугандык байланыш бар, ошол себептен мен силерден алакамды үзбөйм»* (Муслим, Иман, 384, 351; Бухарий, Тафсир, 26/2; Тирмизий, Тафсир, 27/2).

***

Амр бин Абаса *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Исламдан мурунку караңгылык доордо көпчүлүк элдин туура эмес жолдо жашап жатканын жана акыйкатка негизделбеген ишенимге баш байлап алганын билчүмүн. Анткени алар жансыз буттарга (идолдорго) сыйынышчу. Ошол жылдары Меккелик бир адам маанилүү, укмуштай олуттуу кабарларды айтып чыкканы тууралуу кулагым чалып калды. Убакыт өткөрбөй унаамды токуп Меккеге карай тизгин кактым. Меккеге барсам, Алла Элчиси эч кимге жолукпай өзү жалгыз ибадат кылып жүрсө керек, жергиликтүү тургундар анын артынан ар кандай жаман сөздөрдү айтып, иши кылса, абалдын курч экендигин байкадым. Эки жакка кылдат көз чаптырып, ага жолугуунун жолдорун издей баштадым. «Изденип калсаң, табасың, көздөп калсаң, аласың» демекчи бактым бар экен акыры өзүнө жолугуп калдым:

– Сен кимсиң, максатың эмне?

*– Мен Пайгамбармын.*

– Пайгамбар деген эмне?

*– Алланын Элчиси дегенди билдирет. Алла Таала мени бүт ааламга Элчи кылып жиберди.*

– Эмне үчүн жиберди?

*– Ал мага жакындардын жана тууган-уруктардын акы-укугун коргоо, буттарды талкалоо, (бүт адамзатка) Алла Тааланы жалгыз деп таанытуу жана ширкчиликти жою вазийпасын берди..... деди»* (Муслим, Мусафирийн, 294).

Мурдалары тууган-урук жана коңшулар менен тыгыз байланышта болгон Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбар болгондон кийин туугандыкты чыңдоо, эл ынтымагын бекемдөө негизги милдеттеринин бири экенин ачык айткан жана өзүнүн үлгүлүү ахлагы, жашоосу менен иш жүзүндө көрсөтүп кеткен.

Византия императору Хераклиус Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* тууралуу маалымат алуу үчүн:

– Ал силерге эмне деп жатат? – деп сураганда али ыйман келтире элек Абу Суфян төмөнкүдөй жооп узаткан эле:

– Ал бизге: *«Жалгыз Жараткан Аллага ибадат кылгыла, эч бир нерсени Ага шерик кошпогула, ата-бабаңар сыйынган буттардан баш тарткыла»* дейт жана намазга жыгылууга, тууралыкка, ар-намыстуу, адамгерчиликтүү болууга, туугандар менен тыгыз байланышта, жылуу мамиледе болууга чакырууда (Бухарий, Вадул вахий, 6, Салат 1, Садакат 28; Муслим, Жихад 74).

***

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* үммөтүнө:

*«Силер кыратты (акча бирдиги) колдонгон Мисирди каратасыңар. Ал жактын элине жакшы мамиле кылууну талап кылам, осуятымды орундаткыла. Анткени аларга коопсуз экенибизди билдирип сөз берген жайыбыз бар, ошондой эле туугандык байланышыбыз да бар»* деп керээз калтырган (Муслим, Фадаилус сахаба, 226-227).

Аалымдардын айтуусуна караганда, хадисте айтылган туугандык байланыштын бр экендиги чындык:. Азирети Исмаил Алла Элчисинин чоң аталарынан болгон. Азирети Исмаилдин энеси Азирети Ажар жана Азирети Пайгамбарыбыздын жубайларынын бири Азирети Мария Мисирлик болгон. Азирети Мухаммад бул жубайынан Ибрахим аттуу уул көргөн.

Ааламдардын сыймыгы атанган ардактуу Пайгамбарыбыздын тууган-уругуна болгон күйүмдүүлүгү, баш-көз болгондугу биз, үммөтү үчүн зор мааниге ээ.

***

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде атама (Азирети Аббаска) келип мындай деди:

*– Абаке, уулуңду ээрчитип дүйшөмбү күнү эрте менен мага кел. Силерге батамды берейин. Алла Таалам менин тилегимдин берекеси менен уулуң экөөңө Өз жакшылыгын ыроолосун.*

Айтылган күнү эрте менен Алла Элчисине бардык. Бизге бирден жаңы кийим кийгизген соң:

*«Оо, Жараткан Алла Таалам! Аббастын жана уулунун билинген, билинбеген бардык күнөөлөрүн Өз ырайымың менен кечир! Оо, Жараткан! Уулунун урматына ага Өзүң жар бол!»* (Тирмизий, Манакыб, 28/3762).

Алла Таала Өзү колдоп, Жаратылыш Нурунун *(саллаллаху алейхи васаллам)* ак батасынын берекеси менен Азирети Аббас да, уулу да тафсир жана хадис илимдериндеги зор жетишкендиги, такыбаалыгы менен үммөткө үлгү болуп тарыхта калышкан.

***

Сафия эне жөөт элинин сыйлуу, салмактуу билерманы, Хуяй аттуу журт башкарган инсандын кызы болгон. Ага дин Исламды тандоо жана Азирети Мухаммадка жубай болуу бактысы ыйгарылган.

Азирети Умар Ислам дөөлөтүн башкарып турган кез. Күндөрдүн биринде Сафия эненин кызматкери мусулмандардын халифасына даттанып барат:

– Оо, момундардын халифасы! Сафия айым ишемби күнүн жакшы көрөт жана жөөттөр менен карым-катышын үзбөй жүрөт.

Халифа маселенин чоо жайын иликтөө үчүн бир адам жиберет. Сафия эне журт башчысынын тапшырмасы менен келген адамга:

– Алла Таалам мага мусулмандыкты ыроолоп, муну менен кошо жума күндү тартуу кылгандан бери ишемби күнүн жакшы көрбөй калгам. Жөөттөр тууралуу сурооңузга келсек, алардын арасында менин туугандарым бар. Туугандык вазийпамды өтөп, аларга каралашып турам – деп жооп берет.

Журт башчысынын кишиси чыгып кеткенден кийин Сафия эне кызматкерин чакырып, эмне үчүн жалаа жапканын сурайт. Ал болсо:

– Шайтан азгырды.... – деп айыбын мойнуна алат.

Сафия эненин жообу Исламдын изги ахлагын боюна канчалык сиңиргенин көрсөтө алгыдай деңгээлде мыкты эле. Тактап айтканда, жөн жерден жалаа жапкан кызматкерин:

– Эми каалаган жагыңа бара берсең болот, сага азаттык бердим! – деп эркиндикке чыгарат (Ибн Хажар, ал-Исаба, IV, 347).

Анткени Куранда мусулманга төмөнкүдөй изги усул сунуш кылынган:

«...Жамандыкты жагымдуу ыкма менен жайгар. Ошондо ортоңордо душмандык болгон адам заматта жакын доско айланат» (Фуссилат сүрөсү, 34-аят).

Окуядан маалым болгондой, кутман эне туура жолго түшүп калгысы бардыр деген илгери үмүттө жөөт туугандары менен катташып турган.

***

Бурайда *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Азирети Умардын жанында олтурган элем. Аңгыча көчө тараптан жаш баланын чыңырып ыйлаганын, боздогон кыйкырыкты кулагыбыз чалды. Жүрөгү бир жамандыкты сезген халифа абалды билип келүүгө Яфра аттуу кызматкерин жиберди. Жагдайды заматта билип кайткан Яфра:

– Курайш уруусунан бир кыз энесинин башкалар тарабынан сатылып жатканы үчүн ыйлап жатат – деп кабар айтып келди. Азирети Умар Мединадагы бардык мусулмандарды чукул жыйынга чакырган буйругун берди. Чай кайнам убакытка жетпей үйдүн ичи-тышы кишиге толуп кетти. Мусулмандардын халифасы ордунан туруп жамаатка суроо салды:

– Мухаммад Пайгамбарыбыздын账 динде туугандык байланышты үзүү деген жосун барбы?

– Жок! – дешти баары жабыла.

– Бирок бүгүнкү күндө бул жексур иш арабызда кеңири кулач жайып жаткандай туюлат! – деди да: «Демек, колго бир амал тийсе, силер жер жүзүнө бузукулукту таратып, туугандык байланыштарды үзөсүңөр, ушундайбы?» (Мухаммад сүрөсү, 22-аят) аятын окуган соң:

Оо, калайык! Байкуш бир кызды тирүүлөй жетим калтырып, анын энесин саткан адамдан өткөн заалымдык барбы? Туугандык байланышка балта чапкан мындан артык кандай кылмыш болушу мүмкүн? Чындыгында буга муктаж эмессиңер. Алла Таала силерге жакшылыгын ыроолоп, дүнүйө, байлык берди! Көзүңөрдү ачып, эсиңерге келбейсиңерби?

– Кудай жалагасын сизди! Мындай маселелерге чекит кою үчүн чара көрүңүз! деди эл арасынан бир аксакал.

Азирети Умар кыска убакыттын аралыгында бүтүндөй Ислам мамлекетинин курамындагы аймактарга «Эркиндикте жүргөн адамдын энеси сатылбасын, туугандык байланышты үзбөгүлө! Өзүңөрдүн да, башкалардын да туугандык байланышын үзүү – динибизде арам!» деген жарлыкты жар салдырат (Хаким, II, 479/3708).

Бул жерде дагы бир маанилүү жагдайды айта кетүү зарыл:

Ислам дини кул кармоону (ээлөө) сактап, улантып келген деген түшүнүк такыр жаңылыш болуп эсептелет. Ислам кулга ээлик кылуу системасын жайына койгон эмес, тескерисинче, тээ байыртадан турмуштук муктаждык катары иштеп келген бул жосунду акырындык менен жойгон. Эскерте кетчү нерсе, Ислам дини кул ээлөөчүлүктү коомдун каршылыгын туудурган наразылыкка, кан төгүүгө алып барбай, ыктыярдуу түрдө баш тарта турган компромисттик жолду тандаган. Анткени ал кездерде олжого кул алуу мурдатан калыптанган согуштук укук, жеңген тараптын акысы катары канга сиңип калгандыктан, муну дароо жойо салуу мүмкүн эмес эле. Динибиздин адам укуктары тууралуу мыйзамдары элге кеңири түшүндүрүлгөндөн тарта кулга ээлик кылуу өзүнчө машакат боло баштаган. Анткени укук маселесин жетик аңдаган мусулмандардын жоопкерчиликтүү болуп, мындай иштерге сергек мамиле жасай башташкан. Ошентип ийги усул үзүрүн берип, сан кылымдардан бери коомдун турмушуна кыттай уюп, кеңири кулач жайган кул ээлөө системасы эч кандай кысымсыз, зомбулуксуз түп тамыры менен жоюулуп жок болгон.

Караңгылыкта жол таппай каңгып калган адамзатты Ислам дини 23 жылдык мезгил ичинде эң мыкты маданиятка жетелей алган. Исламдагы эң улуу эркиндик – пенденин Жараткан Аллага кул болушу. Эң жаман кулчулук – адамдын адамга кул болушу.

Ислам халифаларынын ичинен айрыкча Азирети Умардын *(Алла ага ыраазы болсун)* кул ээлөөчүлүккө кылт этпей каршы турушу, бул жааттагы жасаган иш-аракеттери мактоого арзырлык десем жаңылышпаймын. Жогорку уюшкандыкта алып барган жигердүү иштеринин натыйжасында Арабстан боюнча кул кармоону жойгонго жетише алган.

Азирети Умар халифалыкка келээри менен динге каршы чыккан, тынчтыкка коркунуч туудурган элдер менен болгон согуштарда колго түшкөн аял-эркектин баарын кайра бошотуп жиберген. Мурдалары колго түшкөн туткундарга кул-күң катары карашкан.

Эл оозунда адилеттүү халифа атыккан Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* Мисир жана Ирак сыяктуу мамлекеттерде адамды кул катары кароого, сатууга тыю салган иш-аракеттерди жүргүзгөн. Бул ишке каршы чыккан байларга катуу эскертүүлөрдү берген. Маселен, бир жолкусунда

мусулман жоокерлер тарабынан Мисирден алынып келген туткундарды кайра бошоттуруп, өз өлкөлөрүнө кайра жеткирткен.

Ооруп калган үй кызматкерлеринен кабар албаганын угаар замат мамлекеттик жогорку кызматтарда иштеген жарандарды токтоосуз иштен айдаган учурлары болгон [41].

***

Жыйынтыктап айтканда, тууган-урук менен катташып туруу, аларга көңүл буруп, зарыл учурларда жардам берүү – бул Алла Тааланын буйругу, Азирети Пайгамбарыбыздын сүннөтү. Жакындарыбызды жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосуу, ошондой эле рухий өңүттөн дем берүү эң маанилүү туугандык вазийпа экенин эстен чыгарбайлы. Андан кийин гана алардын ар кандай заттык муктаждыгын камсыздаганга аракет кылуу, жакшы, жаман күндөрдө тикеден тик туруп кызмат кылууга, маал-маалы менен кабар алууга милдеттүүбүз.

Алла Тааланын бул жааттагы буйругунда адампенде билген жана билбеген көп берекелүү даанышмандык, аяр сыр жатат. Андыктан Жараткан Алланын буйруктарына жандилден моюн сунуу, туугандык байланышты чыңдоо, мунун үзүрүн Кудай Тааланын Өзүнөн күтүү жалпыбызга түшкөн парыз.

### г. Коңшунун акы-укугу

Акы-укук жаатындагы аяр мамилеге коңшунун да тиешеси бар. Алла Таала коңшунун укугун сыйлоону буйруп, муну кайра-кайра эскерткен. Анткени пендезат тууган-урукка караганда көбүнесе коңшулар менен өлөөр өлгөнчө канатташ жашайт.

«...Ата-энеңерге, туугандарга, жетимдерге, кембагалдарга, жакынкы жана алыскы коңшуларга, жаныңардагы досторго, жолоочуга жана карамагыңардагыларга сый мамиле жана жакшылык кылгыла...» (Ниса сүрөсү, 36-аят).

Аятта айтылган «жакынкы коңшу» тууган болсо да, тууган эмес болсо да үйү жакын диндешти туюнтат. Аларга белек-бечкек тартуулап, керек болсо жардам берип, кетирген кемчилигине, тарттырган машакатыра сабыруудук жана кечиримдүүлүк менен мамиле кылуу зарыл.

Аяттагы жакшылык кылуу буйрулган «узак коңшу» дегенди туугандык, диндештик байланыш болсун-болбосун, баарын түшүнүү кажет. Биз мусулман катары узак-жакындагы диндештердин баарына камкор болушубуз керек.

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* коңшунун коңшудагы акысын үчкө бөлүп караган:

а. Бир акысы бар кайырдин (мусулман эмес) коңшулар. Буларда болгону коңшулук акысы гана бар.

б.Эки акысы бар мусулман коңшулар. Булардын коңшулук жана диндештик акысы бар.

в. Үч акысы бар жакын тууган жана мусулман коңшулар. Буларда иралды туугандык, диндештик жана коңшулук акысы бар [42] .

Ислам дини адамдык алака, мамилелерди эң жакындан узакка карай жүргүзгөн. Ошол себептен эң жакыны дагы да көп акыга ээ болуп, ошого жараша олуттуу укугу, жоопкерчилиги болгон. Бул түзүлүш адамбаласынын табиятына да шайкеш келет [43].

Ар бир адам жакшы инсан менен коңшу болуп жашагысы келет. Бул турмуштук зарылдык, нары кашкайган акыйкат. Андыктан өзүбүздү бул эрежеге карата түздөп, бирөөлөр үчүн жакшы коңшу болууга жан үрөшүбүз керек. Анан, албетте, динге дилгир, жүрөгүндө ыйманы бар, ыкласман, такыбаа адамдар менне коңшу болуунун чарасын көргөнүбүз абзел. Анткени мусулмандын жашоосундагы бейпилдикке, бактылуулукка салих коңшулар түздөн-түз себепкер боло алат [44]. Ошол себептен Аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«Убактылуу (көчмөн турмушта) жашаган жердеги коңшу белгилүү бир мөөнөттөн кийин баары бир силерден бөлүнүп кетет. Ошондуктан туруктуу жашаган жериңердеги жаман коңшулардан (сактануу үчүн) Алладан жардам сурагыла!»* (Насаий, Истиаза, 44).

Кылымдар көөнөрсө да «Коңшулуктун белгиси – алыш-бериш, досчулуктун белгиси – барыш-келиш», «Конуш албай коңшу ал!» «Алыстагы коңшудан жакынкы коңшу артык» сыяктуу макал-лакаптар, накыл кептер өз маңызын жоготпой келет. Жогорудагы накыл сөздөр динибиз буйруган жолдон тайбай бейпилдикте жашоо үчүн кеңпейил, ак көңүл, берешен коңшулардын арасында болуунун маанилүүлүгүн таасым чагылдырып келет. Ошондой эле мечитке коңшу болууга да аракет

жасоо керек. Мындай учурда напси менен күрөшкүсү келген адамбаласы намазга чакырган азандын керемет авазына жандүйнөсүн сугарып жашайт.

Көзгө көрүнүп көрүнбөгөн көп сырды камтыган коңшулук бул жалган менен гана чектелип калбайт. Тирүүлүктө ыймандуу, такыбаа инсандардын арасында болуу турмуштук зарылдык болгону сыңары, көрүстөндө да алар менен коңшу болуу олуттуу мааниге ээ. Бул акыйкатты Алла Элчиси маалымдаган:

*«Дүйнөдөн кайткан жакыныңарды салих инсандардын арасына көмгүлө»* (Дайлами, I, 102).

Кыяматтык коңшу болгон соң анын майда-барат машакатын көтөрүп, мүшкүлүн кошо тартышкан күйүмдүү, жапакечтик мусулманга шай изгилик. Анткени оор күндөрдө Алланын ыраазылыгы үчүн коңшусуна арка-жөлөк болгон адам Жараткандын сүйүүсүнө татыйт. Алла Таала аны коңшу тарабынан келе турган ар кандай кокустуктан сактайт [45].

Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* коңшунун укугу тууралуу мындай деген:

*«Жебирейил келген сайын коңшунун акы-укугун кулагыма куйа берди. Мен ошондо коңшу коңшуга мураскор болобу деген ойдо калдым»* (Бухарий, Адаб, 28; Муслим, Бирр, 140-141).

*«…Чыныгы момун мусулмандык касиетти сактоо үчүн коңшуларыңа сый мамиле (белек берип) кыл…»* (Тирмизий, Зухд, 1/2305; Ибн Маажа, Зухд, 24).

Абу Зар (Алла ага ыраазы болсун) баян этет:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мага:

*«Шорпо жасай турган болсоң, сууну көбүрөөк куй. Андан соң коңшуларыңа жакшылап көз жүгүрт, муктаж (ачка) болгонун чакырып сыйлап кой!»* деп кеңеш берген» (Муслим, Бирр, 143).

Пайгамбарыбыздын хадисинде айтылгандай, коңшунун акысын сыйлоого кембагалчылык бөгөт боло албайт. Мүмкүнчүлүгү чектелүү адам дагы жок дегенде жылуу сөз айтып, жакшы-жаман күндөрдө коңшунун көңүлүн көтөрүп, кайрат айтып коюшу керек. Анткени хадисте:

*«Коңшусу ач отурган кезде ток жаткан адам толук мусулман эмес»* деп айтылат (Хаким, III, 15; Хайсами, VIII, 167).

Башка өңүттөн алганда, коңшулардын тынчын алуу, беймаза кылуу ыймандын тайыздыгынан. Коңшу деген бири-бирине ишенимдүү, бири-биринен кооптонбогудай абалда болушу керек. Абу Хурайранын (Алла ага ыраазы болушу керек) айтуусуна караганда Азирети Пайгамбарыбыз:

– *Аллага ант болсун! Ыймандуу деп эсептелбейт!* – деп үч жолу кайталайт. Кеп төркүнүнө түшүнө албаган сахабалар:

– Пайгамбарым, ким ыймандуу болуп эсептелбейт? – деп сурашат.

– *Коңшусу кимдин жамандыгынан корксо, ошол адам!* – деп жооп берет (Бухарий, Адаб, 29; Муслим, Иман, 73; Тирмизий, Кыямат, 60).

Коңшу үчүн ким кооптуу болсо, ошол пенденин бейишке кире албашы тууралуу маалымат хадисте айтылган [46]. Азирети Пайгамбарыбыз коңшунун акысы тууралуу мындай деген:

*«Кимде ким мал-мүлкүнө жана бала-бакырасына коңшусунун зыяны тийеринен коркуп, дарбазасын кулпулоого мажбур болсо, демек, анын коңшусу чыныгы момун мусулман эмес.*

*Силерге коңшунун коңшуда кандай акысы бар экенин айтайынбы? Жардам сураганда колкабыш кылуу, карыз сураганда берүү, кыйын абалга түшүп калганда муктаждыгын камсыз кылуу, ооруп калганда абалын сурап туруу, кандайдыр бир жакшылыкка ээ болгондо куттуктоо, башына мүшкүл иш түшкөндө көңүл айтуу, көзү өткөндө жаназа намазына катышуу, уруксат албай туруп өзүңдүн үйүңдү анын үйүнөн бийик курбоо (күндү, шамалды тоспоо), бышырган тамагыңдан (жыты менен коңшунун шилекейин агызбоо үчүн) аз да болсо анын бүлөсүнө жиберүү. Мөмө-жемиш сатып алчу болсоң, коңшуңа андан бираз салып бер. Эгер муну кыла албасаң, жемишти (сыртка көрүнбөгөн баштыкка салып) жашырып алып кел. Балаң аны сыртка алып чыгып коңшуңдун балдарын эңсетпесин!»* (Байхаи, Шуаб, VII, 83; Куртубий, V, 120-123).

Коңшунун жиберген же өз колу менен тартуулаган белегин эч убакта барктабай койбоо керек. Ар кандай жагдайларды пайдалана билип алардын көңүлүн алууга аракет жасап, ар дайым колдон келген жакшылыкты көрсөтүп туруу зарыл. Ынтымакчылыкты чыңдап, бейпилдикти камсыз кылууну самагандар үчүн Пайгамбарыбыздын төмөнкү хадиси чоң олжо:

*«Бири-бириңерге белек бергиле. Анткени белек көңүлдөгү таарынычты жазат. Алынып, берилип жаткан нерсе койдун азыноолак (бышырылган) шыйрагы болсо да, коңшу аялдар бири-биринин тартуусун эч убакта төмөнсүтпөсүн!»* (Тирмизий, Вала, 6/2130).

**Изгиликтин үлгүсү**

Абза ал-Хузаи Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен замандаш сахабалардан эле. Анын айтуусуна караганда:

«Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси минбарга чыгып сөз баштайт. Айрым бир мусулман жамааттарды жакшы эскерүү менен кеп кылгандан кийин мына буларды айтат:

*–Кээ бир адамдарга эмне болуп калган, билген маселелерин коңшуларына түшүндүрүп беришпейт, билбеген нерселерди аларга үйрөтүшпөйт, агартуу ишинде аларга көмөк көрсөтүшпөйт. Жакшылыкты буйрушпайт, жамандыктан кайтарышпайт?*

*Айрымдарга эмне болуп калган, билбегени коңшуларынан сурашпайт, түшүнө билүүгө аракет кылышпайт экен?*

*Алланын наамына касам ичип туруп айтам, билими барлар коңшуларына үйрөтүшү, алардын түшүнүгүн өстүрүп, жакшылыкты буйруп, жамандыктан тосушу керек. Билбегендер болсо коңшуларынан сурап үйрөнүп, диний маселелерди туура түшүнүүгө аракет кылышы керек, болбосо аларды (эки тайпаны тең) бул дүйнөдө эле жазалаймын».*

Сахабалардын көпчүлүгү Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул сөздөрүн кандай максатта, кимге айтып жаткандыгын түшүнө алышпай, ар кайсы жамааттарды болжолдоп көрүшөт. Кээ бирлер:

– Биздин оюбузча, (Йемендеги) Ашарилерди айтып жатат. Анткени алар укук жагынан баарынан алдыга кетишкен, коңушуларынын мүнөзү катуу, орой, ар кайсы суунун башына көчүп орун которуп эле жүрө беришет» деген ойду ортого салышат.

Бул кабар Ашарилерге да жетет. Ашарилер мунун чындыгын тактап алуу үчүн Алланын Элчисине келип ток этер жерин сурашат:

– О, Алланын Элчиси! Угушубузга караганда сен бир коомду жакшы эскерүү менен эскерип, бизди жагымсыз эскерүү менен эстептирсиң. Кайсы иштерибизден улам ушундай болуп калды?

Ааламдардын Мырзасы *(саллаллаху алейхи васаллам)* аларга эч кандай ашыкча сөз айтпайт, мурунку айткандарын гана кайталайт. Бул сөздөр менен кимдер максат кылынып жатканын түшүнө албай, Ашарилердин да башы катат. Толук түшүнүп алуу үчүн көп ирет кайталап сурашат. Алланын Элчиси ошондо да мурунку сөздөрүн кайталап, бир ооз ашыкча сөз айтпайт. Акырында кеп төркүнүн аңдаган Ашарилер:

– Ардактуу Пайгамбарыбыз! Андай болсо бизге бир жыл мөөнөт бер! – дешет.

Алардын өтүнүчүнө ылайык бир жылдык мөөнөт берилет. Алар бул убакыттын ичинде коңушулары менен тыгыз алакага барып, аларга таалим-тарбия берип, диний маселелерди үйрөтүү милдетин алышат. Андан соң Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* төмөнкү аятты окуйт:

«Исраил урпагынан каапыр болгон адамдар Давуд менен Исанын каргышына калышкан. Ал чектен аша чапкандыктан улам болду. Алар жаман иштерден бири-бирин кайтарышпайт эле. Чындыгында, алардын кылганы кандай гана ыплас иш эле!» (Маида сүрөсү, 78-79-аяттар), (Али ал-Муттакий, III, 684/8457; Хайсами, I, 164).

***

Ааламга агартуу мугалими катары жиберилген пайгамбарлар Султаны Азирети Мухаммаддын тарбиясын алган кутман сахабалар коңшунун, диндештиктин акы-укугун жакшы сактагандыгы аркылуу тарыхтан орун алган.

Умардын уулу *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Жакыр жашаган жети бүлө бар эле. Бир мусулман соопчулук үчүн булардын бирөөнө жаңы гана союлган койдун башын берет. Ал коңшум буга менден да муктаж болуп жүрбөсүн деген ойдо, койдун башын коңшусуна жиберет. Экинчи коңшу ушундай эле ой менен үчүнчү коңшуга берет. Ошентип жакшы ниет менен берилген койдун башы өзүнөн да коңшусунун жыргалчылыгын жогору койгон жети мусулмандын биринен экинчисине өтүп олтуруп алгачкы ээсинин колуна тийет» (Хаким, II, 526).

***

Муслим бин Саддын жээни Абдуллах баян этет:

«Ажыга барууга ниет кылып жаткам. Муслим тайкем мага он миң дирхам (акча бирдиги) берип:

– Мединага барганда иликтеп көрүп, буларды эң кембагал үй-бүлөгө бер! – деди.

Мединага баргандан кийин бир нече адамдан сураштырдым. Алар мага бир үйдү көрсөтүштү. Барып каалгасын черттим. Үйдүн ичинен бир аялдын үнү чыкты:

– Ким бул?

– Мен Багдаттан келген адаммын. Мен ал жактан жөнөп жатканда Мединадагы эң кембагал үй-бүлөгө кайрым кылып коюну өтүнүп бирөө мага он миң дирхам берген. Аманатты тапшырып кою үчүн эшигиңизге келип олтурам. Ушул каражатты алып коюңуздарды суранам.

– Сизге акчаны берген адам «эң кембагал үй-бүлөгө» берүү шартын кошуптур. Алдыбыздагы мынабул коңшубуздун абалы бизден да оор. Ошол жакка барыңыз.

Көрсөтүлгөн үйгө барып каалганы кактым. Биринчи үйдүн кожойкесине айткан сөзүмдү кайталадым. Ошондо экинчи үйдүн ээси:

– Коңшум экөөбүздүн абалыбыз бирдей. Ошондуктан акчаны бизге тең ортодон бөлүп берсеңиз жакшы болот – дейт (Ибнул Жавзий, Сыфатус сафва, II, 206).

***

Күндөрдүн биринде үй-бүлөсү Ибн Умарга *(Алла ага ыраазы болсун)* бир кочкор сойушат. Ибн Умар балдарынан сурайт:

– Кочкордун этинен тиги жөөт коңшуга да бердиңерби?

– Жок! – дешет балдары. Тескери жоопту уккан сахаба перзенттерине хадистен таалим айтат:

– Эттен аларга да бергиле. Анткени Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам): «Жабраил келген сайын коңшунун акы-укугун кулагыма куйа берди. Мен ошондо коңшу коңшуга мураскор болобу деген ойдо калдым»* дегенин укканмын (Абу Давуд, Адаб, 122/123/5152; Тирмизий, Бирр, 28/1943).

***

Сахабалардын бирөө Алла Элчисине келип коңшусунун көрсөткөн кордугун айтып даттанат. Кутман Пайгамбар аны сабырдуу болууга чакырат. Көп өтпөй жапа чеккен сахаба дагы келет, дагы оболку насаатын айтат. Кандай гана жагдай болбосун өз кызыкчылыгын тизгиндей билип, Алла Элчисинин кеңешине жараша иш кылган сахаба үч-төрт жолу келип даттанат. Акырында Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам):*

– *Үй оокаттарыңдын баарын чыгарып көчөнүн жээгине жыйып кой!* – деп буйруйт. Бул кеңеште бир жакшылыктын жатканын аңдаган сахаба болгон буюм-тайымдарын сыртка чыгарып салат. Жолдон ары-бери өткөндүн баары таң калгандан эмне үчүн мындай ишке барганын сурашат. Үй ээси коңшусунун көрсөткөн кордугуна чыдабай, Пайгамбардын кеңеши боюнча ушул ишке барууга аргасыз болгонун айтат. Окуянын чоо-жайын аңдагандар жаман коңшуга наалат айта башташат. Акырында элдин каргышынан корккон адам коңшусунун жанына басып келип кечирим сураган соң:

«– Буюм-тайымдарыңызды үйгө киргизип, жай-жайына коюңуз. Мындан кийин сизге эч кандай жамандык кылбайм» дейт (Абу Давуд, Адаб, 122-123/5153; Бухарий, ал-Адабул муфрад, 57; Хаким, IV, 183; Хайсамий, VIII, 170).

«Коңшусу жаман үйүн сатат!» деген макал ушул өңдүү кырдаалдардан улам жаралса керек.

***

Ибн Умар мындай деген:

Биздин замандын адамдары колундагы жылтыраган алтын-күмүштөн да (материалдык мүмкүнчүлүк) диндешинин жыргалчылыгын жогору койоор эле. Башкача айтканда, бир мусулмандын өтүнүч-суранычы эч качан четке кагылбаган заманды баштан өткөргөнбүз. А бүгүнкү күндү өз диндешибизден да дүнүйө-байлык биз үчүн дагы да сүйкүмдүү болуп баратат. Мен Пайгамбарымдын мындай деп айтканын укканмын: *«Кыямат күнү коңшусунун жакасына асылып: «Оо, Жараткан! Бул адам мени каратып туруп эшигин жаап алган! Жакшылыгын, жардамын менден аяган!» деп даттана турган көп коңшулар бар»* (Бухарий, ал-Адабул муфрад, №111).

***

Сахабалардан кийин таабиин аттуу муундун аалым, хадисчи жана суфи өкүлү Абдуллах бин Мубарак ажылыкты орундатып болгон соң Ыйык Каабага барат да, көңүлү көлкүп рух каалгасы ачылып туруп калат. Аңгыча ага көктөн эки периштен көрүнөт. Периштелердин:

«– Бул жылы 6000 адам ажылыкка келди. Шамдагы Али бин Муваффак аттуу өтүкчүнүн жасаган жакшы амалынын шарапаты менен ушу келген баарынын ажылыгы кабыл кылынды. Али бин

Муваффак ажыга барууга ниет кылганы менен мүмкүнчүлүктүн тардыгынан улам келе албай калды» дегенин кулагы чалып калат.

Бул кабар Абдуллах бин Мубаракты абдан таң калтырат. Мусулмандык парзын өтөп бүткөндүгүнө байланыштуу бир кербенге кошулуп Шамга барат. Сураштырып олтуруп периштелер кеп кылган пендени табат да, көптөн бери таң калтырып жүргөн сырдын жандырмагын сурайт:

– Сиз ажылыкка барам деп, бара албай калыптырсыз. Бирок ошого тете кандай иш кылдыңыз? Атайын ушунун себебин билүү үчүн алыстан келип олтурам. Айтып бериңизчи.

Али бин Муваффак Абдулла бин Мубарак өңдүү даңазалуу аалымдын эшигине келип олтурганына бир чети толкунданса, бир чети таң калат. Катуу толкундангандыктан эстен танат. Акырында эсине келгенден кийин буларды айтып берет:

– Мен отуз жыл бою ажыга барууну арзуу кылып келдим. Ошончо убакыттан бери өтүкчүлүк кылып 300 дирхамдай акча жыйнадым. Ушул жылы барып келейин деп ниетимди бекемдеп алдым. Аялым бойкат болчу. Күндөрдүн биринде ал мага:

– Коңшубуздун үйүнөн бышырылган эттин жыты каңылжарымды өрдөп жаным тартып туруп алды. Туура көрсөңүз, барып бир кесим эт сурап келиңизчи! – деп калды. Бойкат немени көңүлүн калтырбайын деп коңшума барып абалды түшүндүрдүм. Коңшум ыйлап туруп мындай деди:

– Айланайын кошуна! Кааласаң ишен, кааласаң ишенбе. Жокчулуктан улам балдарым бир аптадан бери наар албай ачка олтурат. Жолдо баратып арам өлгөн бир жаныбарды көрдүм. Балдарымды ойлоп анын этинен аз гана кесип алдым. Азыр ошону кайнатып перзенттеримди алаксытып олтурам. Эгер адал азык таба албасам, ошону бергенге мажбурмун. Кааласаң аны сага берейин. Бирок бул кайнап жаткан эт ачкалыктан өлүм алдында турган менин бүлөм үчүн адал, сизге арам!

Коңшумдун буркураган көз жашын, ажал оозунда турган бүлөсүнүн абалын көрүп көңүлүм түтөдү. Жүрөгүм тилингендей эле абалда калдым. Канчалаган машакат менен жыйнаган 300 дирхамды алып барып коңшумдун колуна карматтым. Андан соң: «Оо, Жараткан Алла Таалам! Ажыга барсам деген ниетимди Өзүң кабыл кыл!» деп жалбарып дуба кылдым.

Окуяны берилүү менен тыңдаган Абдуллах бин Мубарак: «Алла Таалам мага акыйкат кабарды билдирген тура» деп үйүнө кайтат.

***

Жыйынтыктап айта турган болсок, мусулман пенде коңшунун акысын берип, адилеттүү мамиле кылууга милдеттүү. Ошондуктан эң оболу коңшунун тынчын ала турган ар кандай жорук-жосундан сактануу зарыл. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* өз хадисинде: *«...Алланын барлыгына жана акыреттин болооруна ишенген адам коңшусунун тынчын албасын...»* деп буюрган [47]. Муну менен катар Алла Тааланын жалгыздыгына, барлыгына жана акыретке ишенген инсанга коңшуга жакшылык кылуу буйрулган [48]. Демек, пайдалуу, жакшы коңшу болуу Аллага жана акыретке болгон ишенимдин бекемдигине түздөн-түз байланыштуу. Хадистин маанисине ылайык, ыйманы тайыздар гана коңшуга адилетсиздик кылып, кордук көрсөтүшөөрү айдан ачык.

Чынында да, жанындагы коңшуң жакын тууганыңдан да жардамга тез жетет. Адамзааданын дартын, көйгөйүн, күйүтүн жана кубанычын, сүйүнүчүн элден мурда коңшулар тең бөлүшөт. «Коңшу коңшунун күлүнө муктаж» деген макал ошондон калса керек.

Азирети Абу Бакрдын (Алл ага ыраазы болсун):

«Конок кетет, коңшуң менен чырдашпа, коңшу кыяматка чейин жаныңда калат!» деген насааты кандай гана терең мааниге ээ.

Пайгамбардын береги кабары момун мусулмандар үчүн нагыз сүйүнчү:

*«Алла Тааланын даргөйүндө достун мыктысы – жакшылыгын достон аябаган жан. Коңшунун мыктысы – жакшылыгын коңшусунан аябаган жан»* (Тирмизий, Бирр, 28/1944).

### д. Адамды баалай билүү

Алла Таала адамзаадага Өзүнүн рухунан үйлөп жан берген [49], Өзүнүн сүйүүсүнө арзый турганчалык шык-жөндөм берген жана «ахсан-и таквийм»-кынтыксыз түзүлүштө жараткан [50]. Кудай Таала өзгөчө макам ыйгарып, улуу максат менен жараткан пенделерин абдан жакшы көрөт жана бейишке татыктуу болушубузду арзуу кылат. Ошондуктан Алла Таала Өзү баалап жараткан адамды

кордоо, жактырбоо, көңүл бурбай кою же теңсинбей бой көтөрүү пендени ыңгайсыз абалга калтырган өтө жагымсыз жана жаңылыш жорук!

Ырас, Алланын даргөйүндө кимдин канчалык орду бар экенин эч ким билбейт. Маалым болгондой, Алла Таала татыктуулук, зоболо үчүн такыбаалыкты шарт койгон. А такыбаалыктын орду жүрөктө. Жүрөктүн эшик-терезеси Алла үчүн гана ачык болушу керек. Адамдын жүрөгүндө эмнелер бар экенин билүүгө эч кимде мүмкүнчүлүк жок болгондуктан, Алла Таалага ким, канчалык деңгээлде жакын жана сүйкүмдүү экенин билүү да мүмкүн эмес.

Бул жагдайга ишаарат кылган Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бизге эскертүү берет:

*«Чач-сакалы өсүп жүдөгөн, эски-куску кийим кийип жүргөндүктөн эч ким деле маани бербеген көптөгөн адамдар бар. Алардын оозунан чыккан нерсени (каргышты, ак батаны) Алла Таала жоопсуз калтырбайт»* (Тирмизий, Манакыб, 54/3854).

*«Бейишке ким кирээрин айтайынбы? Алар алсыз болушат, эл теңине албай жогортон карайт, эч ким маани бербейт, бирок «ушундай болот» деп ант этсе, алардын көңүлүндөгү нерсени Алла жөзөгө ашырат.*

*Тозокко кимдер түшөөрүн айтайынбы?Алар таш жүрөк мерез, орой, зыкым жана бой көтөргөн текебер болушат»* (Бухарий, Айман, 9, Тафсир 68/1, Адаб 61; Муслим, Жаннат 47).

Андыктан айлана-чөйрөдөгү адамдарга жаман ойдо болбоо, урмат кылуу, көңүл буруу жана жылуу мамиледе болуу чыныгы мусулманга жараша турган иш. Алла Таала бизге мындай деп буйруган:

«Эй, ыймандуулар! Бир эл экинчи (башка) бир элди шылдыңдабасын: (анткени) балким, ал эл шылдыңдаган элден да жогору турар. Ошондой эле аялзаты башка аялзатын келекелебесин: мүмкүн тигилер беркилерден жогору турар. Өзүңөрдү (бири-бириңерди) жемелебегиле! Бири-бириңди жагымсыз аттар (лакап) менен атабагыла! Ыйманга келгенден кийинки бузукулук – кандай гана ыплас! Кимде-ким (башкаларды шылдыңдоо, келекелөөдөн баш тартып) тообо кылбаса, алар – заалымдар!» (Хужурат сүрөсү, 11-аят).

Диндешин айыптаган адам, түпкүлүгүндө өзүнө сынтаккан болуп эсептелет. Анткени Пайгамбар *(алейхис салам)* айткандай, биз момун мусулмандар бир тууганбыз, демек, бир дененин мүчөлөрү сыяктуубуз. Ошол себептен мейли тили менен, мейли колу-буту менен болсун, момун мусулманга залкасын тийгизген адам акыры келип өзү зыян тартат.

Исламда кишинин абройуна көө жапкан, айбанга же бир нерсеге теңеген, же жаманатты кылган жагымсыз жалгама ат (лакап) тагып адамды кордоого да тыю салынган. Ачууну келтирип, жүрөктү оорута турган лакап тагуу, бирөөнү шылдыңдап, ошондон ырахат алуу мусулмандын иши эмес. Анткени бирөөнү шылдыңдоону, жок жерден каралоону, көңүлгө жакпаган лакап менен чакыруу сыяктуу жаман адаттарды Алла Таала «фасык-жеткен күнөөкөрлүк, ыпластык» деп санайт. Ыпластыктын мусулманга жарашпасын, бул жаман жорукту таштап, тообо кылуунун зарылдыгын жана буйрукту этибарга албаган заалымдар жазага кириптер болорун так кесе айткан.

Бирөөнү теңсинбөө, басынтуу сөз менен ишке ашкан сыңары башка аракеттер каш-көздүн ишаараты менен да ишке ашып келет. Алла Таала төмөндөгү аят аркылуу андай жоруктарга тыю салган:

«Арттан сөз агытып, каш-көздүн ишаараты менен (шылдыңдап) ырахат алууну адатка айландыргандарга убал жок!» (Хумаза сүрөсү, 1-аят).

Бирөөнүн артынан ушак айтуу, же кыймыл аракет менен адамдарды араздаштыруу, келекелөө кордоонун бир түрү катары кабылданаарын жана мындай кылмыш каапырларга таандык экенин жогорудагы аяттын уландысынан билүүгө болот. Анткени мусулман мусулмандын бир тууганы. Момун мусулман өз бир тууганын кордобойт, аны кыйын абалга калтырбайт жана сөзсүз мусулман катары баалайт [51].

Кутман Пайгамбардан осуят:

*«Алла Таала мага: «Эч ким эч кимге заалымдык кылбасын жана чектен ашпасын! Анүчүн бири-бириңерге өтө кичипейил болгула! Ошондой эле эч ким эч кимге бой көтөрүп менменсибесин!» деп вахий жиберди»* (Муслим, Жаннат, 64; Абу Давуд, Адаб, 40; Ибн Маажа, Зухд, 16).

Жараткан Алланын мындай буйруктарына карабай учурда бири-бирин шылдыңдаган, кемсинткен элдер, адамдар бар. Бул кабарга кайдыгер карагандар акыретте чоң жазага кириптер болот. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз:

*«Диндеш биртууганын кемсинтүү мусулман үчүн жетиштүү күнөө»* деп эскерткен (Муслим, Бирр, 32).

Жүрөктө такыбаанын жоктугу жана текеберлик дарты Алланын пенделерин кордоого, кемсинтүүгө алып барат. Залкар олуя Хажы Байрам Вели: «Текеберлик – белге байланган таш сыяктуу, аны менен сүзө да, уча да албайсың» деп таамай сөздү мураска калтырып кеткен.

Азирети Пайгамбарыбыздын:

*«Жүрөгүндө күкүмчөлүк текеберлиги бар адам бейишке кире албайт»* деген сөздүн негизги маанисин түшүнгүсү келген сахабалардын бирөө:

– Адампенде жакшы кийим жана бут кийим кийгиси келет го – дейт.

– (Туура айтасың!) *Алла Таала Өзү сулуу, сулуулукту сүйөт. Текеберлик – бул акыйкатты кабыл кылбоо жана адамдарды теңсинбөө»* (Муслим, Иман, 147; Абу Давуд, Либас, 26; Тирмизий, Бирр, 61).

Теңсинбөөчүлүк жана адамды шылдыңдоо дарты эмнелер менен жыйынтыкталаарын түшүнүү үчүн төмөнкү риваяттар жетиштүү:

Алла Элчиси мындай деген:

*«Бир адам: «Кудайга ант! Тиги адамды Алла Таала кечирбейт!» деп касам ичти. Буга күбө болгон Улуу Алла Таала:*

*«–Кечирим маселесинде менин атымдан (ант эткенге) өкүм чыгарганга кимдин акысы бар?! Мен анын күнөөлөрүн кечирдим, а сенин амалыңды текке кетирдим!» деди» (Муслим, Бирр, 137).*

*«Бир адам* (башкаларга бой көтөрүп) *«Башкалар жок болду!» дей турган болсо, алардан оболу өзү жок болот»* (Муслим, Бирр, 139; Абу Давуд, Адаб, 77).

Ыйык Курандын маалыматына караганда пайгамбар жиберилген бардык коомдогу каапырлар момун мусулмандарды төмөн көрүп теңине алышкан эмес. Момундар менен жанаша басууну, дасторкондо чогуу олтурууну уят катары көрүшкөн, намыстанышкан. Маселен Нух пайгамбардын коомундагы мушриктер:

«Деңгээли төмөн немелер ээрчиген ушу сага сага моюн суналыбы?!» (Шуара сүрөсү, 111-аят) деп пайгамбардан жакырларды, алыздарды алыстатууга аракет кылышат. Алардын тайкы түшүнүгүндө коомдогу карыптар, кароосуздар моюн сунган дин акыйкат дин эмес эле. Көзүн май басып, дили карарган байларга Нух пайгамбар мындай жооп айтты:

«Эл-журт! Мен силерден мал-мүлк сурабаган жокмун. Сыйлыгым бир гана – Алладан. Мен ыйман келтиргендерди кубалагандардан эмесмин. Анткени, алар – Улуу Жаратканга (акыретте) алдына барышат. Бирок мен силерден түркөйлүктү көрүп турам. Калайык калк! Эгерде мен аларды кубалачу болсом, анда мени Алладан ким коргоп кала алат, эсиңерди жыйбайсыңарбы?!” (Худ сүрөсү, 29-30-аяттар).

Кыскасын айтканда, Нух пайгамбардын коому да, башкалар да өздөрүн тыя алышпады. Акырында азапка калышты. Анткени адашкан коомдон жана менменсинген көрпенделерден кордук көргөн жандар Алланын даргөйүндө зор этибарга арзышы ыктымал. Анткени алсыз болгону менен бүт дилин Өзүнө арнагандарды сүйөт Алла Таала. Айтууларга караганда Муса пайгамбар (алейхис салам) күндөрдүн биринде:

– Оо, Жараткан! Сени кайсы жерден издесем болот? – деп жалбарат. Ошондо Жараткан ага:

– *Мени көңүлү ооругандардын жанынан изде!* – деген жооп келет (Абу Нуайм, Хиля, II, 364).

Бул өңүттөн алганда пайгамбар ар дайым алсыз болобу, жакыр болобу, же бардар болобу, баарына кучак жайып тегиз мамиле кылып: «...Силерден кордук көргөн момундарга Алла жакшылык бербейт деп айтпаймын..» (Худ сүрөсү, 31-аят) деп буюрган.

Жогоруда айтылган тарых чындыгы Мухаммад Пайгамбардын башынан да өткөн. Меккенин мушриктери жарды-жалчыларды, алсыздарды андан оолактатууну каалаган. Алгачкы талаптан майнап чыкпаган соң жок дегенде өздөрү келген маалда аларды кетирип турууну суранышкан. Мушриктердин адамгерчиликке сыйбаган суранычы Алла Таала тарабынан четке кагылат:

«Эртеден кечке чейин Эгесине жалынып, Анын жүзүнө-ырайымына умтулгандарды кууп салба! Сен алар үчүн эч кандай жооп бербейсиң, алар да сен үчүн жооп беришпейт. Эгер аларды кууп

чыксаң, заалымдардан болосуң. “Арабыздан Алла ушуларга жакшылык кылдыбы?» деп айтуулары үчүн алардын бири-бирин Биз ушинтип сынайбыз. Алла Таала шүгүр кылуучуларды билбейби (билбейт деп ойлойсуңбу)?!» (Анаам сүрөсү, 52-53-аяттар).

Мушриктердин сөөктөн өткөн кордугун тарткан кембагалдар, кулдар жана мечитте түнөгөн карып-мискиндер кыска убакыттан кийин кылымдарды таң калтырып журт бийлеген, түмнө колдорду башкарган үлкөн кызматтарды аркалаган элдик инсан болушкан. Көпчүлүгү Исламий илимдерди түптөгөн кеменгер устаттарга айланган. Алардын ысымдары нечен кылымдан бери дүйнө элинин тилинен түшпөй келе жатат.

Карып мусулмандарды теңине албаган каапырлардын акыреттеги армандуу абалы Ыйык Куранда мындайча кабарланат:

«Бизге эмне болгон? Тиги дүйнөдө жашап жүргөндө биз жаман деп эсептеген адамдарды бул жактан көрө албай жатабыз. Аларды теңибизге албай, шылдыңдоо менен жаңылыштык кетирген бекенбиз, же көзгө илинбей жатабы? дешет» (Сад сүрөсү, 62-63-аяттар).

Азирети Мавлана Исламдын бул өңүттөгү көз карашын таамай айтылган ой учкундары менен ортого койгон:

*«Ит талпакка жатат. Көп адамдар бар, сыртынан бечара, алсыз көрүнгөнү менен акыйкатта Асхаб-ы кахфтын (үңкүр ээлеринин) ити сыяктуу чалкыган сүйүү шербетинен ичишет».*

*«Каапырлардын эч бирине жаман көз менен карабагыла! Анткени ал деле мусулман болуп көз жумушу ыктымал. Сен каапыр деп эсептеген адам өмүрдө дагы эмнелерди көрөөрүн сен билбейсиң! Эмне үчүн андан жүз үйрүп жатасың?!»*

*«Эл канчалаган алсыз, кароосуз калгандарга жийиркене сырттан көз кырын салып жүргөн мезгилде ажал жетип, ыйман менен алар көз жумушкан. Тилекке каршы, нечелеген аалымдар, тыңчыкмалар, өздөрүн ак сөөкпүз деп эсептеген уруу башчылары жана сопулар өз мезгилинин жолбашчысы болуп жүрүп, акыр аягында кайдыгерликке тушалып, ыймансыз өлүп кетишкен. Бул жашоонун аялуу сыры соңку көз ирмемдердеги ыймандын саламатчылыгында. Дегинкиси, өзүн өзү жактыруу жана бой көтөрүү жеткен бетпакчылык, акмакчылык!»*

Адамга баа берүү, эч кимди төмөн көрбөө тууралуу кеп салып жатып Бурсевий мырза буларды айткан:

«Момун мусулман диндеш биртуугандарына тыңсынып жогортон карабашы керек. Маселен, шайтанбашы Иблис топурактан жарытылган Адам Атанын дээриндеги асылдыкты аңдай албай, сокур болжолу менен салыштыруу жүргүзүп өзүн андан жогору койду. Жыйынтыкта, арам ою ойрондолуп, өзү түбөлүккө каргышка калды. Ушунун сыңары кимде-ким өзүн мусулмандан жогору койсо, демек, ал өз доорунун Иблиси. Кордук тарткан диндеши болсо Адамдын *(алейхис салам)* мартабасына ылайыктуу» (Бурсеви, IX, 79).

**Изгиликтин үлгүсү**

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«Оо, Жараткан Алла Таалам! Мени кембагал бойдон калтыр, кембагал бойдон жанымды ал, кыямат күнү кембагалдар тобу менен суракка ал!»* деп дуба кылат. Муну уккан Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун)* эмне үчүн кембагалчылыкты тилеп жатканын сурайт. Ошондо Пайгамбарыбыз жубайына мындай деп жооп берген:

*«– Анткени кембагалдар байларга караганда бейишке кырк жыл алдын киришет. Аиша кембагалды куру кол кайтарба, жарым курма болсо да бер! Аиша! Кыяматта Алла Таала сени Өзүнө жакындатсын үчүн колунда жокторду сүй, аларды бооруңа тарт!»* (Тирмизий, Зухд, 37/2352).

Демек, кандай гана жагдай болбосун, адамды сыйлай билүү, эч кимди кемсинтпөө, эл ичиндеги алсыздардын муңун угуп, муктаждыгын камсыздап жардам берүү Алла Таалага жакындоого себеп боло турган пайдалуу амал болуп эсептелээрин эстен чыгарбайлы.

***

Мусаб бин Сад *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Атам Сад кембагал сахабаларга караганда өзүнүн кандайдыр бир деңгээлде жогору тураарын каңкуулайт. Муну кулагы чалган Пайгамбарыбыз:

*«Силер ушу араңардагы кедей-кембагалдардын арты менен жакшылык көрүп, ырыскыңарды таап жүрөсүңөр»* деп ойго келгис акыйкатты жалпыбызга даршан этет (Бухарий, Жихад, 76; Насаий, Жихад, 43).

Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* эч кимге өйдөсүнгөн эмес. Тескерисинче, каралашаар тууганы жок кароосуз калган адамдарга колдон келген жардамын берип, жадагалса, Меккеден Мединага көчүп келген кембагал мусулмандардын урматына Алла Тааладан жардам, жеңиш сураган учурлары болгон (Табараний, Кабий, I, 292).

***

Хаббаб *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Менменсинген, кишини теңине албаган текебер бутпарастардан Акра бин Хабис менен Уйайна бин Хисн Алланын Элчисине келишти. Бул учурда Пайгамбарыбыз Билал, Сухайб, Аммар, Хаббаб өңдүү кедей-кембагалдар менен отурган эле. Алар бул жердеги кедей сахабаларды теңине албай, байлыгына, күчүнө маашырлана Пайгамбарыбызга:

– Биз менен башка жерде, өзүнчө жыйын курсаң жакшы болот. Биз үчүн өзгөчө жер даярдаганыңды көргөн араптар булардан жогору экендигибизди аңдап түшүнүшсүн. Өзүң билесиң, бизге арап урууларынан бир топ элчилер, өкүлдөр келишет. Эгер алар кулдар, жарды-жалчылар менен отурганыбызды көрүп калышса, уят болобуз. Ошондуктан биз келген кезде аларды жаныңа жолотпо. Маегибиз аяктаган соң кааласаң, алар менен отурбай эле кой – деген сунуш киргизишти.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ушул сүйлөшүү жыйынтык берип мусулман болуп калгысы бардыр деген илгери үмүт менен:

– *Болуптур* - деди.

– Болуптур, дегениң жетиштүү эмес! Бизге муну жазуу түрүндө баракка жазып бер! – дешет бутпарастар.

Ошентип, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Азирети Алини чакырып, барак ала келишин талап кылды. Алар келген кезде биз бурчта отурган элек. Аңгыча Жабраил периште Пайгамбарыбызга төмөнкү аяттарды алып келди:

«Эртеден кечке чейин Эгесине жалынып, Анын ырайымына умтулгандарды жаныңдан оолактатпа! Сен алар үчүн эч кандай жооп бербейсиң, алар да сен үчүн жооп беришпейт. Аларды өзүңдөн оолак тутуп, заалым болуп калбагын!

«Алла биздин арабыздан ошолорго гана ырайымын ылайык көрдүбү?» деши үчүн Биз аларды ушинтип сынайбыз. Алла Таала шүгүр кылуучуларды билбейби (билбейт деп ойлойсуңбу)?!

«Сенин жаныңа Биздин аяттарыбызга ыйман келтирген пенделер келген учурда мындай дегин:«–Силерге тынчтык болсун! Эгеңер мээримдүүлүк кылууну убада кылды...» (Анаам сүрөсү, 52-53-аяттар).

Бар ааламдын Мырзасы келишимди жаздыруу үчүн алып келинген баракты дароо бир четке таштады да, бизди жанына чакырды. Жанына басып барганыбызда ал бизге:

«...Салам силерге! Жараткан Алла (силерге) ырайымын, мээрин төгүүгө убада кылды...» деди.

Бул аят келгенден кийин мурункудай Пайгамбарыбыздын жанында жүрө берет элек. Ал каалаган кезде жаныбыздан туруп кетээр эле. Бул учурда:

«Күнү-түнү Жараткандын ыраазылыгын эңсеп, Ага жалынып дуба кылган заттар менен бирге болууда сабырдуу бол! Дүйнө турмушунун миң кубулма лаззаттарына каалгып кетпе, көзүңдү алардан эч айырба!...» (Кахф сүрөсү, 28-аят) деген аят түшүрүлдү. Бул аяттан кийин биз да ар бир кадамыбызга өтө кылдат көңүл бөлүп калдык. Алла Элчисин көпкө кармап, түйшөлтпөө үчүн биз анын жанынан сылыктык менен эрте туруп кетер элек» (Ибн Маажа, Зухд, 7; Табари, Тафсир, VII, 262-263).

Жогорудагы аят түшөөр замат Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кембагал сахабаларын издейт. Мечиттин арт жагында Алланы зикир кылып жатышканын көрүп:

*«Жаным чыгып кете электе үммөтүмдөн бул адамдар менен бирге сабырдуулукка буйурган Жараткан Аллага чексиз мактоо айтам! Эми жашоом да, өлүмүм да силер менен бирге!»* деген экен (Вахиди, 306-бет).

***

Адамды баалай билүү касиетин өөрчүткүсү келген мусулманга Абу Барза *(Алла ага ыраазы болсун)* баян эткен береги окуянын үлгү болорлук жайы бар:

«Ансар мусулмандары Алла Элчисинин пикирин укмайын же аны менен кеңешмейин бойго жеткен кыздарын өз алдынча күйөгө берчү эмес. Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде мурдатан Мединада жашап келген бир мусулманга кайрылат:

– *Сиздин бойго жеткен кызыңыз бар экен. Ошо кызыңыздын колун сурап турам.*

– Эң жакшы болот. Бул кайырлуу сунушту сөз жеткис шарапат деп билем! – дейт кыздын атасы кудуңдап.

–*Өзүм үчүн эмес, Жулайбиб үчүн жуучулукка түшүп жатам* (аты аталган сахаба анчейин сүйкүмү жок, кара түстүү сахаба эле).

– Аа, түшүнүктүү. Андай болсо байбичем менен бир кеңешип көрөйүн – деп үйүнө жөнөп кетет. Байбичесин четке чакырып кеңеше баштайт:

– Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* кызыбыздын колун сурап жатат.

– Оо, Кудай жалгагыр! Бул биз үчүн чоң шарапат!

– Оолукпа кемпир, өзүнө эмес, жанагы Жулайбиб аттуу кара сахабасы үчүн жуучу түшүп жатат – деген сөздү уккан байбичеси чалкасынан кетет:

– Кыздын колун Жулайбиб үчүн сурап жатат де. Кудай сактасын, ага кызымды бере албайм.

– Андай болсо абалды Алла Элчисине билдирейин – деп жөнөп калганда кеп учугун чала угуп калган кызы жакын басып келет. Энеси маселенин чоо-жайын өкүнүү менен кызына билдирет. Жүрөгү ыйманга көлкүгөн кыз:

– Алла Элчисинин тилегин четке кагып жатасыздарбы? Бул ишти Пайгамбарыма коюңуздар, ал мени зыянга түртпөйт деп ишенем! – деп талашка чекит койот. Оң жоопту уккан Алла Элчиси Жулайбибди үйлөндүрөт.

Арадан кыйла убакыт өтөт. Мусулмандар кошууну казаттан кайтат. Жеңиш менен жыйынтыкталган бул казатта Алла Таала Өзүнүн Элчисине көп олжону тартуу кылат. Жылып жаткан кошуунга Алла Элчиси кайрылат:

– *Катарыңар түгөлбү? Эч кимди жоготуп албадыкпы?*

Баары бири-бирин карап, эки жакка көз жүгүрткөндөн кийин:

– Катарыбыз толуктай көрүнөт, кам санабай жыла берсек болот – дешет.

– *Мен бул жерден Жулайбибди көрө албай турам, аны издегиле!*

Сахабалар согуш талаасын кезип аны издеп жөнөшөт. Көп өтпөй жети бутпарас каапырдын жанында шейит кеткен жеринен табышат.

Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* шейит кеткен кутман сахабанын жанына басып барат да:

– *Жети каапырды катары менен өлтүрүптүр. Акырында муну шейит кылышыптыр! Ал менден, мен анданмын!* – дейт. Инсандын артыкчылыгын баалай билген Алла Элчиси ушу акыркы айткан сөзүн эки же үч жолу кайталайт. Жол башчынын буйругу боюнча дароо мүрзө казылат. Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* Жулайбибди өз колу менен жерге берет».

Сахабалардан кийинки таабиин деп аталган таалайлуу муундун чыгаан өкүлү Сабир ал-Бунаний мындай деген:

«Ансар мусулмандарынын арасында Жулайбибдин аялынан өткөн кайрымдуу жан жок эле. Анткени Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ага:

*«Оо, Жараткан! Бул мусулман аялга көп жакшылык жана мол береке ыроолой көр! Аны турмушта кысталышта калтырба!»* деп ак батасын берген» (Ахмад, IV, 422, 425; Хайсами, IX, 367-368).

***

Марур бин Сувайд баян этет:

Мен Абу Зардын *(Алла ага ыраазы болсун)* жарашыктуу, нары кымбат баалуу кийим кийип жүргөнүн көрдүм. Бирок ошол эле жаңы, баалуу кийимди кызматкеринин үстүнөн да көрдүм. Жагдайды өз оозунан угайын деп мунун атайын сурадым. Абу Зар мага Азирети Пайгамбарыбыздын мезгилинде бир адамды зекип, жана энесинин айынан аны жаман сөздөр менен урушканын айтып берди. Бул араздашууну уккан Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ага мындай деп насаат айткан экен:

*«Сен алиге чейин караңгылык доордун мүнөзүн таштай албай жүргөн адам турбайсыңбы. Алар силердин кызматыңарды кылышат, ошол эле маалда алар менен туугансыңар. Алла Таала*

*аларды силердин карамагыңарга аманат кылган. Кимдин карамагында тууганы (кызматкери) болсо, ага өзү жегенден жедирип, өзү кийгенден кийгизсин. Дарамети жетпей турган иштерди аларга жүктөбөгүлө. Эгер жүктөй турган болсоңор өзүңөр колкабыш кылгыла!»* (Бухарий, Иман, 22, Ытк 15; Муслим, Айман, 40).

Кандай деңгээлде, кандай абалда болбосун, мусулмандар бири-бирин тууган деп билип, эч кимди эч убакта кордобошу керек.

***

Эл арасында эч ким деле маани бербеген жана текебер көрпенделерден кордук көрүп жүргөн, бирок Жаратkandын өзгөчө сүйкүмүнө татыган көптөгөн жандар бар. Булардын бири Увайс ал Караий эле. Бул тууралуу төмөнкү окуяга назар буралы:

Йеменден кошумча бөлүк келээр замат Азирети Умар ат бастырып барат да, Увайс бин Амир аттуу инсанды даректештирет. Натыйжада Увайс кошумча бөлүктүн арасында болуп чыгат. Ошентип экөөнүн ортосунда берегидей баарлашуу жүрөт.

– Сен Увайс бин Амирсиңби?

– Ооба, мен Увайсмын.

– Мурад уруусуна таандык Карандын урпагынан болосуңбу?

– Ооба.

– Сенде ала (пес) дарты бар эле. Учурда айыгып, бир тыйындын көлөмүндөй гана жери калды, туурабы?

– Ооба.

– Энең барбы?

– Ооба, бар.

– Азирети Пайгамбарым мага:

*«Увайс бин Амир силерге Йеменден кошумча бөлүк менен келет. Ал Мурад уруусуна таандык Карандын урпагынан болот. Ала дарты менен ооруса да, кийинчерээк айыгып, бир дирхамчалык жери калган. Ал энесине абдан күйүмдүү, жакшы карайт. Ал Аллага жалбарып дуба кыла турган болсо, Жараткан анын тилегин сөзсүз кабыл кылат. Мүмкүнчүлүк болуп калса, колдон чыгарбай анын батасын алып кал!»* деген. Кел тууган, мага ак батаңды берип кой!

Увайс Азирети Умардын өтүнүчүн жерге таштабай анын кечирилишин тилеп дуба кылат. Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун):*

– Кайда баргың келет?

– Куфага.

– Сени Куфанын акимине дайындап кат жиберейинби?

– Ушунчалык көңүл бурганыңызга ыраазымын! Мен эл ичинде, жарды-жакырлардын арасында болууну жакшы көрөм... деп мусулмандардын халифасына сылык жооп узатат... (Муслим, Фадаилус-сахаба, 225; Ахмад, I, 38; III, 180).

Башка бир булакта Азирети Пайгамбарыбыз Увайс бин Амирди «сахабадан кийинки муундун эң мыктысы» деп сыпаттаган. Ошентсе да, бул хадистен кабары жок адамдар аны төө кайтарган жөнөкөй бир малчы катары билип, айрымдар аны кемсинтип, келекелеген. Пайгамбарыбыз айтып кеткен маалымат элге кеңири тарагандан кийин бардыгынын ага болгон көз карашы өзгөргөн. Сый-урматтын ашкере артышы анын көңүлүн өйүгөндүктөн, Увайс ал-Караний атак-даңк дартынан сактануу үчүн Куфа шаарынан кетүүгө аргасыз болот. Жергиликтүү тургундар ошондон кийин гана анын баркын сезишет, бирок Увайсты кайра көрө алышпайт.

***

Амр бин Шурахбил бул маселеге боюнча өз оюн мындайча билдирген:

«Адамдын эчкини эмип жатканын көрсөм да, ага күлбөйм. Анын абалына түшүп калуудан корком».

Абдуллах бин Масуддун *(Алла ага ыраазы болсун)* сактыгын мынабу сөзүнөн баамдоого болот:

«Башка түшкөн балээ ооздон чыккан сөзгө байланыштуу. Иттин кейпин кийип калбайын деп итти шылдыңдагандан да корком» (Замахшари, VI, 19, Хужурат сүрөсүнүн 11-аятынын тафсирин караңыз).

***

Баяндамаларда айтылганына караганда күндөрдүн биринде Иса пайгамбар *(алейхис салам)* Исраил урпагынан абдан такыбаа деп эсептелген бир адам менен шаардын сыртына чыгат. Эл арасында кылымышкер, күнөөкөр деп таанылган пенде бул эки затты акмалап артынан ээрчип жөнөйт. Көп баскан пайгамбар менен салих инсан тыныгуу үчүн бир жерге отура кетишет. Акмалап келаткан кылымышкер мурдатан жасаган иштерине бушайман болуп, жүрөгү эзиле алардан узагыраак жерге көчүк басат да, мээримдүүлөрдүн Мээримдүүсү болгон Алла Таалага алакан жая мунажат кылат:

«– Атыңдан айланайын Алла Таалам! Мына бул улуу пайгамбарыңдын урматы үчүн мени кечир!»

Эл көзүнө ыкласман көрүнгөн пенде аны көрөөр замат теңине албай жогортон карайт. Ал да алакан жайып:

«– Оо, Жараткан! Эртең кыяматта мени тиги адамдын жанында суракка тарта көрбө!» деп дуба кылат.

Экинчи адам алаканын жүзүнө тартып тарта электе Алла Таала Азирети Исага төмөнкүдөй мазмундагы билдирүү жиберет:

«Эй, Иса! Кулдарыма айтып кой. Экөөнүн тең дубасын кабыл кылдым. Кетирген каталыгына чындап бушайман болгон жүрөгү дарттуу инсандын тилегин кабыл кылып, аны бейишке ылайыктуу деп таптым. Эл-журт ыкласман деп билген пендеме келе турган болсок, күнөөкөр кулум менен чогуу болгусу келбегендиктен аны бейишке кирүүчүлөргө кошподум!»

Кудайы каргышка жана азапка дуушар болгондордон тышкары, кандай гана себеп менен болбосун бирөө жарымга бой көтөрүү, же теңине албоо сыяктуу инсандын көңүлүн оорута турган аракеттерди жасоо Алла Тааланын каарын келтирген чоң жаңылыштык болуп эсептелет. Кимдин эмне үзүр таап, кандай жазага кириптер болоорун бир Алланын Өзү билет. Андан көрө биз өзүбүздүн кетирген кемчиликтерибизге, күнөөлөрүбүзгө тооба кылып, мээримдүү Алланын ырайымынан башпаанек издешибиз керек.

***

Деңиз жээктеп жүргөн Мухйиддин Ибн-и Арабий ийинине кумура көтөргөн бир жаш жигиттин шарап ичип жүргөнүн көрөт. Мастыкка бираз алдырып койгондуктанбы, айтор, жигит жанынан өтүп бараткан бир аялга тийишип калат. Болуп жаткандарды көз кыйыгы менен карап турган даңазалуу сопу:

«Адам деген жаамы макулуктун ичинде өзүн эң төмөн сезиши керек, сылык-сыпаа болушу керек. Демек, мен тиги тарбиясыз жигитке караганда алда канча жакшы болсом керек. Анткени мен шарап ичпейм, уят-сыйытсыз ишке барбайм» деп ойлоп койот ичинен.

Дал ошол маалда деңизден аянычтуу үн угулат:

– Чөгүп баратабыз! Жардамгаа! Жардамгаа!

Жаш жигит чөгүп бараткандардын үнүн угаар замат көз ачып жумганча ийининдеги кумураны таштай салып деңизге ыргыйт. Ыкчам сүзүп бир заматта суу түбүндө кала турган төрт адамды куткарып жээкке алып чыгат. «Жардамгаа!» деген үндү укканда эмне кылаарын билбей кайсалактап калган Мухйиддин Арабий эми гана акылынан өткөргөн ойдун анык жообун өз көзү менен көргөндөн кийин өзүн:

«– Эсиңе кел Мухйиддин! Сен теңсинбеген күнөөкөр жигит төрт адамды өлүмдөн куткарып калды. А сен эмнеге жарадың?! Чөгүп бараткан төрт адамдын бирөөн да куткара албадың!...» деп жемелеп алат.

Өмүр үчүн көрсөткөн күйүмдүүлүгү, мээримдүүлүгү себептүү Ибн Арабий жигитти өзүнө тартат. Ошентип ортодо жылуу мамиле пайда болот. Жаштыктын жалынына күйүп, өрт болуп өмүр кечирип жүргөн жигит ыклас коюп Ибн Арабийдин рухий тарбиясын алууга чын дилден бел байлайт.

Бул күндөрүн Ибн Арабий:

«Жылдызыбыз келишкен экен, мен жасаганды жасап жүрүп ал (сопучулукта) бир кыйла жолду арбытты. Ошентип экөөбүз жакын дос болуп калдык» деп эскерет.

Бул окуядан төмөнкүдөй ибарат алууга болот:

– Адамбаласы көңүлүнө төп келген адамды туурайт.

– Сүйгөн тарап сүйүлгөн тараптан өзүндөгү өзгөчөлүктөрдү көрө алса, ошондо достук жаралат.

– Өзүбүздөгү артыкчылыктар биз теңсинбеген адамдарда алда канча көп, алда канча жогорку деңгээлде болушу мүмкүн экенин эч качан унутпашыбыз керек. Алланын пенделерине жогортон кароо аныгында өзүбүздүн дээрсиз жана алсыз экенибиздин белгиси.

***

Тил илимин чемичкедей чаккан тилчи сапарга чыгып кемеге түшөт. Сапар учурунда илимдүүсүнгөн аалым кеменин айдоочусун кепке тартат. Аалымдын удаама-удаа сураган суроолоруна айдоочу «билбейм» деп жооп берет. Баш чайкаган аалым карапайым адамдан өзүн жогору сезип мактана кетет:

– Аттиң дей бер! Билим албасаң, бир нерселерди үйрөнбөсөң, караңгы болуп жүрүп өмүрүңдүн жарымы текке кетиптир!

Көңүлүндө кири жок айдоочу тилчинин көңүлгө оор тийген сөзүнө капа болсо да, салабаттуулук кылып унчукпайт. Аңгыча катуу бороон башталат. Бороон улам күчөп олтуруп кемени тоодой көтөрүлгөн толкундун түбүнө айдап барат. Бардык жүргүнчүлөрдүн үрөйү учуп, астыртан келме келтире баштаган кезде кеменин башкаруучусу бой көтөргөн тилчиден сурайт:

– Устат! Сүзгөндү билесиңби?

– Жок билбейм!..

Өкүнүү менен баш чайкаган кеменин башкаруучусу тилчиге буларды айтат:

– Тил илимин билбегеним үчүн өмүрүмдүн жарымы текке кеткен болсо, сүзгөндү билбегендигиңиз үчүн бүт өмүрүм текке кеткен экен деп эсептей бериңиз. Кеме бул бороонго туруштук бере албайт. Өзүңүздү куткара албашыңызга өкүнөм. Деңизде жол жүрүү үчүн тил илимине караганда сууда сүзүү илиминин дагы да пайдалуу, нары зарыл экенин билбейт белеңиз?...

Адампенде чектелүү берилген акыл-парасат, сезим-туюм, илим-билим менен бир инсандын абалын толук түшүнө албайт. Сырткы көрүнүшкө, көрүнөөдөгү абалга алданып жаңылыш бүтүм чыгарат. Ошол себептен эч кимди кемсинтпөө, төмөнсүтпөө керек. Маселенин аныгын Аллага табыштаган оң.

***

Жыйынтыктап айтканда, анык мусулман Алла Таала ыроологон жакшылыктарга манчыркап, башкаларды кемсинтпеши керек. Анткени бизге бул дүйнөдө берилген нематтар сынак учурунда окуучуга берилген суроолорго окшош. Маселен, окуучу эч убакта сынакта берилген суроолор менен мактана албайт, келген суроолорго жооп бергенден кийин коюлган жогорку баага гана сүйүнөт. Момун мусулман сыноо үчүн берилген мүмкүнчүлүктү жана жакшылыкты Жаратკандын ыраазылыгына төп келген нукта колдонуп акыретте пайдасы тийе турган баа (сооп) алганга жан үрөшү керек. Бул дүйнөдө кейкейип бой көтөрүүнүн, бирөөлөргө үстөмдүк кылып, бирөөлөрдү кемсинтип, кордоонун зыянынан башка эч кандай пайдасы жок.

Салаф аалымы Абу Хазим мындай деген:

«Сени Алла Таалага жакындата албаган бардык жакшылык (немат) баштын балээси».

Акыркы Пайгамбар Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* бүт ааламга ырайым-мээрим кылынып жиберилгенине карабастан, өзүнүн асыл сапатын билдирүүгө мажбур болгондо гана *«Муну мактануу үчүн айткан жокмун!»* деп, артынан кошумчалап, аны башка максат менен айтып жатканын түшүндүргөн.

Ааламдын ардагы, Жаратkандын сүйүктүү Элчиси, Пайгамбарлардын султаны Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* ушундай деп жаткан соң Алла берген нематтарга мас болуп башканы кемсинтүүгө кимдин дити барат, ким мактана алышы мүмкүн?!.

### **е. Эч кимдин көңүлүн оорутпоо жана эч кимге капа болбоо**

Чыныгы мусулман мээримдүү, зирек жана кыраакы болуп, эч кимди капа кылбоого тырышышы керек. Алла Элчиси өзүнүн купулуна толгон жанга «момун мусулман – бардык адамдар менен оңой тил табышып кете турган жана башкаларды түшүнө алган кыраакы инсан» деп аныктама берген. Бул аяр маселеге ишаарат жасаган Азирети Мавлана:

*«Жан сыздаткан тикен эмес, көңүл сүйүнткөн көк шибер бол!»* деп чакырык таштаган.

Чыныгы момун мусулман эң башта өзүн тамчы суудан жараткан жана түрдүү жакшылыктарды ыроологон Алла Тааланын каарына калып, Анын чалкар сүйүүсүнөн ажырап калуудан өтө сак болушу керек. Андан соң Исламды бизге мурастап кеткен даанышман

Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафага *(саллаллаху алейхи васаллам)* жакпаган жорук-жосундан оолак болууга жан үрөгөнүбүз абзел. Анткени Ыйык Куранда минтип буйрулган:

«Акыйкатта, Алланы жана Анын Элчисин капа кылгандарга Алла Таала эки дүйнөдө тең наалат айтат. Аларга кордук бере турган азап даярдалган» (Ахзаб сүрөсү, 57-аят).

Аятта өтмө мааниде нускалгандай, эң оболу динибиздин буйруктарын бүт жашообузга сиңиришибиз керек. Арам атпайдан жаа бою качып, Жаратканды наразы эмес, ыраазы кыла турган кул болушубуз керек. Бүтүндөй тирүүлүктү капа кылбагыдай абалда кылдат болууга аракет жасайлы. Мусулмандын абалын сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындайча сүрөттөгөн:

*«-Тилинен да, колунан да мусулман пенде жабыр тартпаган адам чыныгы мусулман. Нагыз мухажир – Алла Таала тыю салган нерселерди таштаган пенде»* (Бухарий, Иман 4, 5, Рикак 26; Муслим, Иман 64-65).

*«Кимде-ким тозоктон узак болуп, бейиштен орун алууну кааласа, Алла Таалага жана акыретке ишенген абалда өлүмдү тосуп алсын. Өзү кандай мамилени кааласа, башкаларга да ошондой жылуу мамилени көрсөтсүн»* (Муслим, Имара, 46; Насайи, Байат, 25).

Адамзааданын көңүлү «Назаргах-ы Илахий», башкача айтканда, Алла Таала назар сала турган назик, пакиза жай. Ошол себептен көңүлдү оорутуу чоң жаңылыштык.

Азирети Мавлана инсан көңүлүнүн барк-баасын мындайча түшүндүрөт:

*«Эгер кыраакы болсоң, жандүйнөдөн салынган Каабага тавааф (тооп) кыл! Топурактан тургузулган төрт бурчтуу Каабанын ак мааниси - бул жандүйнө! Улуу Жараткан Кудай Таала сага көзгө көрүнгөн Каабага тавааф кылууну, күнөөдөн арылуу, жандүйнөнү аруулоо милдетин жүктөгөн. Алла Тааланын назары түшчү жүрөктү оорутуп сыздатчу болсоң, Каабага жөө барганың бекер, тапкан соопторуң менен жүрөктү өйүтүп ооруткандын күнөөсүн жаба албашыңды эсиңе түйүп жүр!»*

*«Сен ийненин көзүнчөлүк да маани бербей жүргөн ошол кор жандүйнө Арыштан да жогору, Курсийден да, Лавхтан да, Калемден да!.. Башкалар кордосо да, сен аны кордобо! Ал ошол корлугу менен да жогору! Алла Таала кор жандүйнөгө да астейдил назар салат. Маанайы чөккөн жандын көңүлүн көтөргөн адам кандай гана бактылуу! Шагы сынган жүрөктү калыбына келтирүү Алла Тааланын даргөйүндө бир нече жакшылык иштен алдаканча жогору турат… Үнүңдү чыгарба! Ар бир клеткаңда эки жүздөн тилиң болсо да, жандүйнөнү толук түшүндүрө албайсың».*

Шейх Саади:

«Айтылуусу зарыл болгон кабардын көңүлдү оорутарын билсең, унчукпа, ийги жол менен башкалар айтсын» деп кеңеш берген.

Залкар аалымдардын бири Ферудидийн Аттар Пендиама аттуу чыгармасында мындай деген:

«Бирөөнүн шагын сындырып, бирөөнүн көңүлүн оорутуп коюп ага маашырланба. Кадыр-баркка жетем десең, ар дайым элге кызмат кыл. Жакшылыкка күчүң жетпесе, жамандык жасаба. Күндөрдүн биринде колу-бутуң байланып калбасын үчүн эч кимдин артынан сөз агытпа, эч кимди жамандаба».

Алланын сүйүктүү пенделери:

«Дүйнөдө бирөөнү кордоп, бирөөнүн көңүлүн ооруткан заалымдан өткөн бетпак жок. Кыйын күндө (кыяматта) ага эч ким жардам бербейт».

«Жайкалган жазда көз тойгузган көзөл көрүнүштөн куру калбоо үчүн күзүндө бак-дарактарды кыйбагын».

«Эч кимге катуу айтпа. Заар чачып катуу айтылган сөз – алоолоно жанган от»

«Айтылган сөз – атылган ок» деп нуска айтуу менен адамдын көңүлүнүн канчалык назик, канчалык азиз экендигин баса белгилешкен.

Козголгон бул маселеде айрыкча, канаты сынган куштай жардамга, мээримге муктаж болуп турган жетимдерге аяр мамиле жасоо зарыл.

«Абайла! Жетимдин көңүлүн оорутуп койбо! Сенден бир нерсе сураган жанга катуу айтпа!» (Духа сүрөсү, 9-10-аяттар).

«Динди жалган деген немени көрдүңбү? Ал жетимди капа кылып, жакырлардын курсагын тойгузууга (эч кимди) чакырбайт» (Маун сүрөсү, 1-3-аяттар) деп буйруган Алла Таала Ыйык Куранда.

Жараткан Алланын ыраазылыгына татыктуу болуу үчүн айлана-чөйрөдөгү жетимдерге, кембагалдарга жана жардамга зарыккан адамдарга көмөк көрсөтүп, алар менен жакындан алакада

болуп, зарыл чараларды көрүшүбүз керек. Жардам берип жаткан кезде чыныгы мусулмандык адеп менен сылык-сыпаа кайрылган жакшы. Тескерисинче, милдет кылганыбызды билгизип, же орой сүйлөп ансыз да муңга баткан жүрөгүн канатып коюу белсенген амалыбызды текке кетирет. Алла Таала бул жаатта жалпыбызга мындайча эскертүү берген:

«Эй, ыйман келтиргендер! Мал-мүлкүн эл көрсүн үчүн сарптаган, Аллага жана акырет күнүнө ишенбеген (адамга) окшоп, садакаңарды колко кылып, же ыза менен кайрымдуулугуңарды текке кетирип албагыла» (Бакара сүрөсү, 264-аят).

Адампендени кемсинтип шылдыңдоо, келекелөө, же көңүлүн оорутуу Жаратткан Алланын каарына калтырат. Ошондуктан олуя пенделер көңүл дегенде ээриген шам сыяктуу абалда болушкан. Пенденин Алла менен болгон байланышын эске алуу менен ага аяр мамиле кылышкан. Эгер ал Алланын даргөйүнөн орун тапкан сүйүктүү пенденин көңүлү болсо, ага кандай сылык мамиле кылышканын элестетүү кыйын го.

Азирети Мавлана бул жагдайды өзүнө таандык усулу менен мындайча түшүндүрөт:

«Көңүлдү оорунткан адам Аллага жакпаган жорукту жасап койгонунан дале болсо кабарсыз. Ал ошол көңүл булагынын суусу Хак дайрасына барып кошулаарын аңдай албады».

«Түркөйлүктөн, мурундун учунан узакты көрө албаган аңкоолуктан улам Алланын олуя пенделерин кордоп, алардын жүрөгүн ооруткубуз келет».

«Башка түшкөн балекет же апаат адамды оорукчан кылып коюшу ыктымал. Балээге кабылган адамга көпчүлүктүн боору ооруйт. Бирок акмакчылык башкаларды да азапка салып, көңүлдү калтыра турган жексур дарт».

«Акмактар түккө турбаган нерселерди урмат кылышат да, руху бийик, жандүйнөсү пакиза адамдарды капа кылышат».

«Ооруган көңүлгө, жабыркаган жандүйнөгө Ким байырлап алганын билип туруп, жүрөк каалгасынын алдында ахлаксыз ишке кантип бардың?!»

«Жаратканды эсте тутуп, көкүрөктө Аны аздектеп туткан бир инсандын, бир пайгамбардын, же бир олуянын көңүлүнө аяр мамиле жасаган коомду Алла Таала эч убакта бүлгүнгө учураткан эмес».

«Сен ачууга алдырып, жүрөгүнөн Улуу Жаратканга орун берген жандарды капа кылып, аларга заарыңды чачкан болсоң, ошол заарың тозок отуна май болуп чачырап акырында өзүңдү өрттөйт».

«Кежирлигиң, тизгинсиз ачууң бу дүйнөдө эле шерменделиңди чыгарып өрттөп салат. Анын кесири уланып олтуруп акыретте өзүңдү түбөлүк өрткө чулгайт».

Исламдын залкар акыны Юнус Эмре улуу шарапатка татыган инсан көңүлүн ооруткан мерездерге төмөнкү ыр саптары менен катуу эскертүү берген:

Жандүйнөсүн жараласаң пенденин,
Жайнамазга жыгылганың жарабайт.
Айткандарын уккун Юнус Эмренин,
Андай сыноо эч нерсеге карабайт.

Башка бир ырында мындай дейт:

Кайран көңүл күзгүдөй назик болот, сырдашым,
Кылдат карма күзгүнү, колдон түшүп сынбасын
Кимдин кандай экенин так өзүңдөй кабылда,
Келекелеп алсызды шылдыңдаба, жаңылба!

Бирөөгө катуу айтпоо, бирөөнү капа кылбоо түбүң түшкүр бул турмушта канчалык кыйын болгону менен эркти тизгиндеп калуу баары бир адамдын колундагы нерсе. Ошол эле маалда ойдуң-түзү, өйдө-ылдыйы, ысык-суугу болгон алп турмушта андан да кыйын дагы бир жагдай бар. Ал – эч кимге капа болбоо. Жогоруда айтканыбыздай, эрк менен жүрөккө ээ чыгуу өтө-өтө кыйын иш. Ошол себептен капа кылуу жолдун башы болсо, капа болбоо жолдун аягы. Бул экөөнүн ортосунда жүрүлө турган узак аралык бар. Бул жол майтарылбас кайратты, тайсалдабас туруктуулукту, арыбас мээнетти талап кылат.

Адамзаада эч кимдин көңүлүн оорутпоодон баштап, эч кимге капа болбоо артыкчылыгына алып барган татаал жолдон мүдүрүлбөй басып өтүү үчүн эзелтен иш жүзүндө ийгиликтүү аткарылып келген тасаввуфтук ыкманы колдонушу керек. Напсини теске салуу, жүрөктү арууулоо пендезаттын эң башкы максаты, негизги мүдөөсү болушу керек. Кайраттан жанбай, ушунчалык бериле, ынтызарлык

менен аракет кылган жандардын жүрөгү Алла Таала талап кылган «калби салим» [52] деңгээлине жетет. Кулпенде мунун арты менен ихсан жана муракаба абалына жетет. Бул мартабага жеткен пендеден төмөнкү үч өзгөчөлүктү даана көрүүгө болот:

1. Эч кимдин көңүлүн оорутпоо. Бул такыбаалардын абалы болуп, бул учурда жандүйнө напсинин азгырыктарынан алыстаган болот.

Мындай деңгээлге жеткен адамдын жүрөгү напсинин азгырыгынан арылып, жүрүм-турумдан адеп-ахлактуулук көрүнө баштайт.

2. Эч кимге капа болбоо. Бул жагдай жандүйнөсү ыйман нуру менен жаркыраган, көңүлү сүйүүгө көлкүгөн пенделердин абалы. Алар үчүн адамдардын алкышы же акаараты эч кандай мааниге ээ эмес.

3. Бул дүйнөлүк кызыкчылык менен акыреттик бакыттын бирөөсүн тандоо учурунда акыреттик бакытты тандап жалгыз Алланын ыраазылыгын көздөө касиети.

Сөзүбүздү корутундуласак, Алла Таала сынак жайга айланткан бул дүйнөдө ар бир адамдын алдына «напси» деген ашууну койуп, адам баласынан анын түркүн түстүү ашууларынан ийгиликтүү өтүп, Өзүнө жарык маанай менен кайтып келишин каалаган. Напси жакшылыкка да, жамандыкка да себеп болууга ийкемдүү. Андыктан ал теске салынган чакта акыреттик бакыт үчүн өзүнчө казына болсо, өзүнө баш ийген чакта адамды көзгө сайса көрүнгүс туңгуюкка жетелеп, тындым кылууну көздөгөн караөзгөй душман сыяктуу.

**Изгиликтин үлгүсү**

Айтылуу азанчылардын бири Абдуллах бин Мактум *(Алла ага ыраазы болсун)* кээде Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанына барып:

– Пайгамбарым! Алла Тааланын үйрөткөн нерселеринен мага да үйрөтүңүзчү! – деп суранаар эле. Пайгамбар болсо ал ак көңүл сахабанын шагын сындырбай бардык суроолоруна жооп берээр эле.

Күндөрдүн биринде Алла Элчиси Курайш уруусунун айрым билермандары менен чогуу олтурган болот. Кутман Пайгамбар «Ушулар ыйман келтирип, анан булардын арты менен башкалар да мусулман болсо экен» деген илгери үмүттө эле.

Аңгыча булардын жанына Умму Мактум келет. Динге дилгир бул сахабанын көзү азиз болгондуктан Пайгамбардын жанында кимдер олтурганын элес албай, дайымкы суранычын жолдойт. Көптөн күткөн мүмкүнчүлүктү пайдаланып калуу үчүн олуттуу маселени баштап олтурган маалда орунсуз суроонун берилиши Пайгамбарыбыздын маанайын түшүрөт. Көңүл бөлбөйт. Жүзүн буруп кетет. Суроонун жоопсуз калышына Абдулла капа болгонсуп калат. Ааламдагы тынымчалык убакытты көз жаздымында калтырбаган Алла Таала ошо замат төмөнкү аятты жиберет:

«Сокур киши келип калганы үчүн (Пайгамбар) кабагын бүркөп ага бурулду» (Абаса сүрөсү, 1-2-аяттар) (караңыз: Тирмизий, Тафсир, 80; Муватта, Куран, 8; Разий, XXXI, 50).

Ушул окуядан кийин Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абдулла бин Мактумду көрөр замат:

– *Мени Алла Таалама тартипке салдырткан киши, кандайсың!* – деп калчу экен (Вахиди, 471-бет).

***

Күндөрдүн биринде Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам):*

– *Жолдон узагыраак болгула!* – дейт. Сахабалар:

– Биз маселелерибизди жолдо туруп алып чечип жүрөбүз. Ошондуктан четтей албас бекенбиз – деп сунушту сумсаю менен кабыл алышат.

– *Четке чыга албасаңар, жолдун акысын кайтаргыла!*

– Жолдун акысын кантип кайтарабыз?

– *Арам нерсеге карабоо, ары-бери өткөндөргө жолтоо болбоо жана эч кимди капа кылбоо, саламга алик алуу, жамандыктан тосуп, жакшылыкка чакыруу* – дейт Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* (Бухарий, Мазалим, 22, Истизан, 2; Муслим, Либас, 114).

***

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде Жабир бин Абдулланын үйүнө бурулат. Ухудда шейит кеткен атасынан калган жети жетим карындашын багуу үчүн чоң жоопкерчиликти моюндап, турмуштун кыйынчылыгына кайыл боло жан үрөй жашап келаткан Жабирди Мухаммад Пайгамбар жакшы көрө турган. Жакшы көргөндүгүн тастыктоо үчүн үйүнө алып

барып, анын көңүлүн көтөрүп койгусу келет. Экөө чогуу үйгө барышат. Үй кызматкери меймандын алдына курманын жалбырагынан жасалган дасторконду жаят да, үч сындырым арпанын нанын койот. Нандын бир сындырымын меймандын алдына, бир сындырымын өзүнүн алдына койгон Пайгамбар нандын үчүнчү сындырымын экиге бөлүп койот.

– Нан менен кошуп жей турган башка татым жокпу?

– Жок эле. Бирок бираз сирке (уксус) бар – дейт үй кызматкери.

– Ошону берип койгула. Сирке абдан жакшы татым – дейт Пайгамбар *(алейхис салам)* (Муслим, Ашриба, 169).

Алланын Элчиси эч убакта алдына коюлган тамакты жактырбай, же тамактан бир кемчилик издеген эмес. Ал тамактын кемчилигин жар салуу аны жасаган адамдын көңүлүн оорутуп койорун жакшы билген. Эч кимдин көңүлүн оорутпоого жана эч кимге катуу айтпоого Алла Элчиси бар күчүн жумшап, сабырдуулугу, салабаттуулугу жана кыраакылыгы менен кыяматка чейинки эң сүйкүмдүү үлгүгө айланган.

***

Ислам тарыхындагы даңазалуу Худайбия келишими бекигенден бир күн өтө Салман Фариси, Сухайб-и Руми жана Билал Хабашилер баш болгон бир топ мусулмандын жанынан карамүртөз дин душманы Абу Суфян өтүп калат. Аны көргөн мусулмандар:

– Алланын кылычы дин душманын талкалай албады – дешет. Бул сөздү кулагы чалып калган Абу Бакр *(Алла ага ыраазы болсун):*

– Силер бул сөзүңөрдү Курайштын улугуна жана мырзасына карата айтып жатасыңарбы? – деп аларды зекип койот. Жүрөгү түтпөй жагдайды Алла Элчисине маалымдайт.

*– Абу Бакр сиздин бул сөзүңүзгө алар капа болуп жүрүшпөсүн. Эгер аларды ыза кылган болсоңуз, Алла Тааланы да ыза кылдым деп эсептей бериңиз* – деп Азирети Пайгамбар ага эскертүү берет.

Эми чындап кабатырланган Абу Бакр артка кайтып мусулмандарга барып, алардын көңүлүн алууга аракет жасайт:

– Диндеш биртуугандарым! Силер менин сөзүмө капа болгон жоксуңарбы?

– Эч кабатырланбаңыз, Алла сизди кечирсин! – деп баары тегиз ак пейилден таарынбаганын айтышат (Муслим, Фаилус-сахаба, 170).

Кутман сахабалардын бул изги мамилесинен эч кимди ыза кылбаган жана эч кимге таарынбаган артыкчылыкты көрө алабыз.

Феридуддин Аттар Панднаама аттуу чыгармасында мындай дейт:

«Сенден кечирим сурагандарды кечире бил! Көпчүлүктүн көңүлүн ооруткан карөзгөйдү Кудай сүйбөйт. Мындай жорук ыймандуу адамга жарашпайт».

***

Абдуллах бин Зубайрдын уулу Амир мээримдүү, боорукер жан болгон. Ал кайрымдуулук жасаганда эч кимге оор келбегидей ийги усул менен сооп тапчу экен. Жардамга муктаж инсандар намазга туруп, саждага баш койгон маалда байкап байкабагыдай деңгээлде буткийиминин жанына садаканы таштап өзүн таанытпай кетчү экен.

– Өзүңүз барбай, кайыр-садакаңызды башка бирөөлөрдөн жиберсеңиз болбойбу? – деген суроого ал:

– Жардам алган замандаш жиберилген адамга же мага жолугуп калат. Андай учурда ал адамдын уялганынан жер карап калышын каалабайм. Ошондуктан ушул ыкма менен кайрымдуулук ишин жүргүзүп келем – деп жооп берээр эле (Ибнул Жавзий, Сыфатус сахаба, II, 411).

***

Азирети Мавлана Маснави аттуу эмгегинде эч кимдин капа кылбоого ишаарат кыла, төмөнкү икаяны баяндаган:

«Сапар тартып бараткан кемеде жүгү да, буюм-тайымы да жок бир дервиш бар эле. Мүлдө жакшы мүнөздү тулку боюна сиңирген нагыз айкөл бул олуя алаканын жастанып уйкуга кетет. Дал ушул маалда кемеден бир кесе алтынын жоготкон адам чуу чыгарып, тинтүү жүргүзө баштайт. Тилекке каршы, жоголгон алтын эч кимден чыкпайт. Аңгыча көпчүлүктүн ичинен бир пенде уктап жаткан олуяны жаңсайт:

– Мына бу уктап жаткан кембагалды да текшерип көрөлү.

Алтындын ээси жаны жай алып уктап жаткан адамды ойготот. Душманын колго түшүргөнсүп ызырына:

– Бул кемеден бир кесе алтын жоголду. Жүргүнчүлөрдүн баарын тинтип чыктым. Кезек сага келди. Чепкениңди чеч! Бол бачым! Көпчүлүктүн алдында өзүңдүн ак экениңди далилде! – дейт.

Олуя пенде уктап жаткан жеринен орой ойготуп, эми куру доомат менен коколоп тургандарга зээни кейий Жаратканга мунажат кылат:

«Оо, Жараткан! Күнөөсүз кулуңа айып тагып жатышат. Абалымды Өзүң көрүп турасың!»

Чындыгында жоголгон алтындын ээси да, аны коштоп жүргөндөр да дервишке орой мамиле кылышкан эле. Дили пакиза инсанды сүйгөн Алла Таала анын ыза болушуна нааразы болот. Заматта Анын буйругу менен деңизден сансыз балык башын чыгарат. Жүргүнчүлөр ар бир балыктын оозунан чоң-чоң акак, каухар таштарды көрүшөт. Алла тарабынан берилген баасы бычылгыс бул акак таштарда эч кимдин акысы жок эле.

Олуя зат балыктардын оозунан бир нече акакты терип кеменин ортосуна ыргытат да, секирген бойдон тактта олтургансып абада каалгып калат. Кеме болсо жүрүшүнөн жазбай алдыга жыла берет.

– Силер бара бергиле, кеме силердики болсун! Мага Кудай Тааламдын ушунчалык назар салганы жетиштүү! Ал мени жазыксыз күнөөлөбөйт, жок жерден доомат койгондордун колуна таштабайт!

Адаттан тыш көрүнүшкө жүргүнчүлөрдүн оозу ачылат. Аңгыча бирөө суроо узатат:

– Эй, руху жарык пендезат! Бул улуу мартаба сага эмне үчүн ыйгарылды?

– Аллага болгон ыйманымдын табын суутпай, улууларга урмат көрсөтүп, кембагалдарга эч качан жамандык санаган жокмун. Араңарда көңүлү гүлдөй назик жакырлар барбы? Абаса сүрөсү алардын мартабасын көтөрүү үчүн жиберилген. Бул дүйнөдө Алла Тааладан башка түбөлүктүү акыйкат жок болгондуктан, алар кембагалчылыкка байыр алышкан».

Ошол себептен эч кимдин көңүлүн оорутпоого жана эч кимге оңой менен таарынбоого аракет кылуу зарыл. Алла Тааланын ар бир кулуна ыйгарган ар башка сыйы бар. Кимге эмне тартуулаганын биз билалбайбыз. Ошол билбестигибиздин айынан ачууга алдырып, бирөө жарымды капа кылып алышыбыз ыктымал. Андыктан бул сынак дүйнөдө мусулман пенде ар бир иште кыраакы болуп, Алла назар сала турган жүрөктү оорутуп коюдан сак болуусу кажет.

***

Маркум Сами устатыбыз Дарул-фунуундун укук (юридика) факультетин бүтүрөт. Анын мыкты адеп-ахлагын, дээринде уюп жаткан асылдыгын байкаган Алланын сүйүктүү пенделеринин бири:

«– Уулум сен жакшы кесиптик билимди алдың. Ошентсе да, сен нагыз илимди алууга аракет кыл! Сени тасаввуф мектебине каттап койолу. Ал жерден жандүйнө билимин жана акырет сырларын үйрөнөсүң!

Уулум, башка мектептерде кандай билим беришет, аны кантип үйрөтүшөт, андан кабарым жок. Бирок мен бир гана нерсени билем, бул сопулук багытта эң алгач эч кимди капа кылбоо, эң акырында эч кимге капа болбоо сабагы үйрөтүлөт» деп акыйкат багытка жетелеген.

Үлгүлүү жүрүм-туруму жана көптөгөн изги артыкчылыгы менен башка адамдардан айырмаланып турган Алланын достору (олуя пенделер) «эч кимдин көңүлүн оорутпоо» жана «эч кимге капа болбоо» жаатында да алдыда болушкан.

– Алланын сүйүктүү пенделери катардагы мусулмандардан кандай өзгөчөлүгү менен айырмаланат? – деген суроого Абу Абдуллах Салама олуялардын төмөнкү өзгөчөлүктөрүн санап берген:

– Алланын сүйүктүү достору катардагы момун мусулмандардан тилинин таттуулугу, адеп-ахлагынын бийиктиги, жүзүндөгү жылмаюсу жана кубаныч тартуулаган жарыктыгы, мамилесинин жана ибадатынын сылыктыгы жана тактыгы, напсини тизгиндей билген эрктүүлүгү, кемчиликтерди түшүнүү менен кабылдагандыгы, жакшы-жаман дебей баарына тегиз көрсөткөн боорукер мамилеси менен айырмаланат.

***

Жыйынтыктап айтканда, бул дүйнөдө да, акыретте да бейпилдикти самаган адам Алла Өзү кастарлаган кулпенделерди капа кылбоого жана эч кимге таарынбоого аракет кылышы керек.

Адамзааданын жүргөгү Алла Таала назар сала турган нары назик, нары асыл нерсе экенин эч убакта эстен чыгарбоо зарыл.

### 4. Жардам берүү

Жараткан Алла адамзааданы алсыз жаратканын маалымдайт [53]. Адамбаласынын балачагы да, улгайган курагы да алсыздыктын кучагында өтөрү баарыбызга маалым. Ошондуктан алабармандаган жаштыктын өткүрлүгүнө да, каруу күчкө толуп, кармаганын капшырып турган мезгилдерге да алданбашы керек. Анткени бул жалган алдыдагы бизди күтүп турган түбөлүктүү акыйкат өмүр үчүн жакшылык жасап кам көрүү майданы жана мезгили. Жаштык курак көз ачып жумганча өтүп кетет. Бирок адамзаада анын кызыгына батып, көзү тумандап кеткендиктен, түбөлүк жаш, түбөлүк күчтүү бойдон өмүр кечирем деп алдамчы сезимдин туткуну болуп жашап келет. Кимде-ким жаш чагында өз напсин тизгиндеп, күч-кудуреттүү кезинде алсыздарга жардам беген болсо, улгайган чакта анын үзүрүн көрөт. Андыктан мүмкүнчүлүк колдо турганда адамбаласы бири бирине көмөк көрсөтүп, жардам бериши керек. Мындай өз ара көмөк көрсөтүү – коом болуп жашоонун негизги бир талабы.

Адамдын адамга ар дайым жардам берип, жакшылыктын үстүндө жашашы бир жагынан Алла Тааланы ыраазы кылса, бир чети Исламдагы биртуугандыктын, ынтымак-ырашкерликин пайдубалын бекемдеген изгилик. Анткени алсыз, кароосуз жана жардамга муктаждарга жардам берүү – бул ыймандуулуктун нагыз белгиси. Алла Таала мындайча буйруйт:

«Жакшылыкта, такыбалыкта бири-бириңерге көмөктөшкүлө, күнөө жана душмандык жаатында бири-бириңерге көмөктөшпөгүлө! Алладан корккула, чындыгында, Алланын абазы катуу!» (Маида сүрөсү, 2-аят).

Момун мусулмандар кечиримдүү болуп, Жараткандын буйругуна моюн сунуп жана напси азгырыктарынан сактануу жаатында бири-бирине жардам бериши керек. Ошондой эле жакшылык жолдорун издеп, бири-бирин жакшылыкка үндөп, жарамдуу, пайдалуу амалдарды жасаганга бири-бирине дем бериши керек. Акыреттин камын чогуу-чараан көрүп, күнөөкөрлүктөн, өч алуудан жана зулумдуктан жаа бою качышы керек. Чагымчылыкты, бузукулукту жана кутумдукту, өз кызыкчылыгын көздөп эл-журтка зыян алып келүүнү максат кылган ынсапсызга эч качан жардам берилбеши керек.

Көмөк көрсөтүүнүн эң пайдалуусу акыйкатты, адилеттүүлүктү сунуш кылууда жана кыйынчылыкка кептелгендерди сабырдуулукка, кайрат кылууга чакырууда экенин Жараткан Алла Ыйык Куранда билдирип жана мындай ишти жасаган адамдар көп оор кыйынчылыктан оолак болушарын маалымдаган:

«Асрга (мезгилге) ант! Албетте инсан жоготууга учурайт. Бирок ыйман келтирип, салих амалдарды аткаргандар, бири-бирин адилеттүүлүккө жана сабырдуулукка чакыргандар бүлгүнгө учурбайт» (Аср сүрөсү, 1-3-аяттар).

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* калкка, эл ичиндеги алсыз, жакыр адамдарга жардам берүүдөн бөтөнчө ырахат алган ахлагы асыл жан болгон. Ал өзүнө Пайгамбарлык вазийпа жүктөлө электе эле жабыр тарткан адамдарга жардам берүүнү көздөгөн «Хилфул-фудул» уюмуна катышкан. Ал эми Пайгамбарлык милдет берилген соң «бул улуу аманатты татыктуу орундата алаар бекем» деп санааркап турганда ак тилек жубайы Азирети Хатижа энебиз:

«–Коркуп санааркаба! Кудай алдында касам этем, Жараткан Кудурет сени эч убакта уят кылбайт! Анткени Сен тууган-уругуңду коргойсуң, колунда жокторго кол кабыш кыласың, кембагалдарга жардам берип, эч кимдин колунан келбей турган жакшылыктарды кылып келесиң жана меймандос инсансың. Ак жолунда калкка жардамыңды аябайсың…» деп аны жубатууга аракет жасаган (Бухарий, Бад-ул-вахий, 1; Муслим, Иман 252).

Исламга чакыруу өнөктүгү башталагандан тарта үммөтүнө бейтаптардын ал-абалын сурап туруууну, жаназа намазына катышууну, чүчкүргөн жанга амандык тилөөнү, алсыздарга, кордук көрүп, жабыр тарткандарга жардам берүүнү, саламдашууну элге жаюну жана касам кылгандарга убаданы аткарууга аракет кылууну буйруган [54]. Айтканына кулак салып, диндешине жан дилден жардам бергиси келген момун мусулмандарга мындай сүйүнчүнү айткан:

*«Кулпенде диндешинен жардамын үзмөйүн Алла Таала (ал камкор) кулуна болгон жардамын токтотпойт»* (Муслим, Зикир, 37-37; Абу Давуд, Адаб 60; Тирмизий, Худуд 3).

*«Кимде-ким диндешинин муктаждыгын камсыз кылса, Алла Таала анын муктаждыгын орундатат. Кимде-ким мусулмандын дартына, кайгы-муңуна чара көрсө (көңүл айтып, кубантса), Алла Таала кыяматта аны бир кыйынчылыктан куткарат»* (Бухарий, Мазалим, 3; Муслим, Бирр, 58).

Ким каалабайт Жараткандын колдоосун..! Кудайдан корккон ар бир адам үчүн бул нерсе үлкөн мүмкүнчүлүк. Экинчиден, жардам алып жаткан тарап чындыгында колдоого абдан муктаж болуп, кыйын абалда турса, анда бул салих-жарамдуу амал кыяматта дагы да чоң үзүр-сооп алып келет. Негизинен бизден мукурап кыйын абалда калгандарга камкордук талап кылынат. Тескерисинче, диндешибиздин, мекендешибиздин жан кейитер оор абалына кайдыгер карап, колдон келип турган жардамды айоо акырет мындай турсун, бул дүйнөдө адамды жазага кириптер кылып коюшу ыктымал. Акыл парасаттуу инсан убалдан коркушу керек. Азирети Пайгамбарыбыз мындай кабар айткан:

*«Намыс тебеленип, абийр кордолгон жерде мусулманга жардам бербеген адамдын башына мүшкүл иш түшүп турса да Алла ага жардам бербейт. Намыс тебеленип, абийир кордолгон чакта мусулманга арка-жөлөк болгон адам зарыгып турган кезде Алла Таала ага жардам берет»* (Абу Давуд, Адаб, 36/4884).

Унаасына мингиси келгендерди атказып кою же жүгүн унаасына жүктөшүп кою сыяктуу анчейин маанисиз көрүнгөн иштер Жараткан Алла тарабынан кайыр-садака катары кабылданаарын Азирети Пайгамбарыбыз билдирген [55]. Бул нерсе Алла Тааланын пенделерине болгон чексиз мээриминин жана ырайымынын белгиси.

*«Кимде-ким Алланын жолунда жихадка бара турган жоокерди керектүү шаймандар менен камсыздай турган болсо, кудум жихадка барганчалык соопко ээгедер болот. Ошондой эле жихадка барган адамдын артында калган үй-бүлөсүнө камкордук көрүп, алардын муктаждыгын камсыздаган адам да жихадка барганчалык сооп табат»* (Бухарий, Жихад, 38; Муслим, Имара, 135-136).

Жакшы ишке бет алган жандарга жардам бергендер да сооп табат деп хадисте ачык айтылып жатат. Бул Жараткан Алланын берешендиги жана мээримдүүлүгү дегенден башка эч эч нерсе айта албайбыз.

Бири-бирине көмөктөшкөн момун мусулман жамааты манжалары бири-бирине айкалышкан кубаттуу эки колго окшош [56]. Жана ошондой эле момун мусулмандар бири-бирин жууп, тазалаган, биринин жаңылыштыгын экинчиси түздөп турган эки колго окшош. Бири экинчисинин кир экендигин, же одоно катачылыгын ашкерелөөгө барбайт, керисинче таза, жакшы экендигин көрсөтүүгө далаалат кылат. Азирети Пайгамбарыбыз бул жаатта кандай гана керемет сөздү айткан:

*«Мусулман мусулманга бир тууган. Ага заалымдык, жамандык кылбайт, жардамын үзбөйт жана аны баалай билет»* (Муслим, Бирр, 32).

Эгер мусулмандар бири-бирине арка-жөлөк болбой, ынтымакка, биримдикке умтулбаса, күч-кубат соолуйт, тик тура албай, тизелеп калышы ыктымал. Ошондуктан, чыныгы диндеш биртууган экендигин тастыктап, бир муштумга бириккенде гана көп жеңиштерди багынта алышат. Тарыхта мындай мисалда ого эле көп. Маселен, Фатих Султандын колу Истамбулдун чебине чыгып баратып: «Бүгүн шейит болуу кезеги бизде!» деп бири-бирине дем берүү менене анык жеңишке жете алышкан.

**Изгиликтин үлгүсү**

Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Турмуштун оор кыйынчылыгына кабылган бир пенде Азирети Пайгамбарыбызга келип жардам сурайт. Ааламдын Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* сахабаларын бул инсанга жардам берүүгө чакырат. Ар кимиси колунан келген жардамын беришет. Ошол күнү мусулман жамааттан ал адамга жардам бербеген адам калган эмес. Бул жакшылыкка көңүлү көлкүгөн Алланын Элчиси камкор сахабаларына мындай деген:

*«Кимде-ким бир жакшы өнөктүктү баштап, башкалар аны улантып кетсе, ошого жараша баштаган жакшылыгына ылайык сооп табат. Ошондой эле аны улантып кеткендердин сообуна теле сооп кошулуп берилет. Бирок улантуучулардын сообунан эч нерсе кемитилбейт!..*

*Кимде-ким бир жаман жорукту баштап, башкалар аны улантып кетсе, баштаган жамандыгына теле күнөөгө батат. Ошондой эле аны улантып кеткендердин күнөөсүндөй күнөө мойнуна жүктөлөн. Бирок улантуучулардын күнөөсүнөн эч нерсе кемитилбейт!..»* (Ибн Маажа, Мукаддима, 14).

***

Жарир бин Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Эртелеп Алла Элчисине бардык. Аңгыча айрымдары жолборс терисине окшогон ала-була кийим кийип, кийими жоктор эптеп абийирин жабуу үчүн таарды оронуп, кылыч байланып алган бир топ адам кирип келишти. Амандашкан соң өздөрүнүн Мудар уруусунан экениин айтышты. Алардын мындай кейиштүү абалын көргөн Азирети Пайгамбарыбыздын маанайы заматта чөккөнүн байкадык. Убакытты создуктурбай Билалды шашылыш азан айтууга буйруду. Намаз окулгандан кийин Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кутпа айтп мына бул аяттарды окуду:

«Эй, адамдар, силерди бир жандан жаратып, анан андан жуп кылып жана алардан көптөгөн эркек жана аялдарды жараткан Эгеңерден корккула! Албетте, Алла силерди көүрп багып турат!» (Ниса сүрөсү, 1-аят).

«Момундар! Алладан корккула! Ар бир жан эртеңкиге эмне даярдаганын жакшылап карасын?! Алладан корккула! Анткени Алла силердин эмне кылып жатканыңардан кабардар» (Хашр сүрөсү, 18-аят).

Алланын буйруктарын маалымдагандан кийин:

*«– Ар бир адам алтын- күмүшүнөн, кийим-кечесинен, бир кочуш болсо да буудайынан, курмасынан садака берсин. Жарым курма болсо да садака берсин!»* деп буйруду.

Ошол замат Ансар мусулмандарынан бирөө жардам өнөктүгүн баштап чоң капты араң көтөрүп келди. Аны көргөн ар бир сахаба үй-үйүнөн ар кандай зарыл азык-түлүктөрдү апкелип, кезек-кезеги менен ортого үйүп жатышты. Натыйжада кийим-кече бир үймөк, азык-түлүк өзүнчө бир үймөк болуп кетти. Жакшылык иш үчүн жан дилден жарышка түшкөн сахабаларынын ынтызарлыгына канааттанган Алла Элчисинин жүзүн жагымдуу жылмаю каптап кудум алтындай жаркып чыкты...» (Муслим, Зекет, 69).

Ааламдардын Сыймыгы *(саллаллаху алейхи васаллам)* окулган аяттар менен бай-кедей дебей мүлдө пендезат бир ата, бир эненин балдары экенин эскертип, момун мусулмандар бири-бирине жардам берип акыретке даярдык көрүшү керек экендигин билдирген. Акырында сахабалардын Мудар уруусунан келген жакыр адамдарга биртуугандык сезим менен жардам беришине абдан сүйүнгөн.

***

Эми Исламдагы биртуугандыкты туюнткан «исар» сезиминин кандай деңгээлде болушун даңазалаган көп мисалдын бирин айта кетели. Жабир *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кандайдыр бир казатка чыгардан алдын:

*«– Эй, мухажир жана ансар жамааты! Мал-мүлкү жана вууган-туушканы жок биртуугандарыңар бар. Унааңарды бөлүшүп, эки же үч киши менен чогуу мингиле»* деп буйручу.

Негизинен бир адам менен гана кезектеше мине турган менин жалгыз төөм боло турган. Ошого карабай мен эки (айрым бир риваятта үч) кишини алдым. Төөнүн ээси экендигиме карабай мен да алар сыяктуу кезек менен минүүгө жандилден ыраазы болдум» (Абу Давуд, Жихад, 34/2534).

***

Абу Саид ал-Худри *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

Азирети Пайгамбарыбыз менен узак сапарда жүргөн элек. Алдыбыздан төө минген бир адам чыга келди. Бир нерселерди үмүт кылгандай эки-жака алаңдап карап калды.

Окуяны көз кырынан качырбай баамдап турган Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«–Унаасы барлар мингичи жокторго ашыкча унаасынан берсин. Азык-түлүгү барлар ашыкча тамак-ашынан азыгы жокторго кайрылышсын»* деп буйруду.

Азирети Пайгамбарыбыз бул жерде керектүү нерселердин бир нече түрүн санады. Ошондо биз муктаждыктан ашыкча нерсени кармап турууга эч кимдин акысы жок экендигин түшүндүк (Муслим, Луката, 18; Абу Давуд, Зекет, 32).

***

Абу Муса ал-Ашарий *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Турмушта жетишпестиктен кыйналган бирөө-жарым кайрылган чакта Азирети Пайгамбарыбыз сахабаларына:

*«–Бул инсанга жардам бергиле, сооп табасыңар. Алла Таала Өзү каалаган нерсени Пайгамбарына айттырат»* деп буйручу (Бухарий, Зекет, 21, Адаб, 36, 37, Тавхид 31; Муслим, Бирр 145).

***

Азирети Алинин айтуусуна караганда, Алланын ардактуу Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кыл чайнашкан согуш күч алып турган маалда каршылашкан душмандын уюгуна чейин кирип барган учурлары болгон. Артындагы аскерлери агезде аны айланчыктап жан сактаган. Казаттан кайтканда же кандайдыр бир узак сапарга чыккан учурда чаалыгып-чарчап артта калгандарга жардам берүү үчүн топтун артынан бастырган.

Анын мындай камкордугун Жабир да тастыктаган:

«Алланын Элчиси узак сапарга чыкканда эң артта жүрүп алсырап кыйналгандарга жардам берип, аларды унаасына мингизип алчу, аларга ак батасын берчү» (Абу Давуд, Жихад, 94/2639).

***

Ааламдардын сыймыгы болгон Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*– Заалым болсо да, кордук көрсө да диндеш биртууганыңа жардам бер!* – дейт.

Кеп төркүнүн аңдай албаган бир адам суроо узатат:

– Оо, Алланын Элчиси! Кордук көргөн диндеш биртууганыма мейли жардам берейин, а эмне үчүн заалымга жардам беришим керек?

Даанышмандар даанышманы *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*– Анын заалымдыгына бөгөт бол, тосконго аракет кыл. Мына ушунуң менен ага жардам бере аласың* – деп буйруду (Бухарий, Мазалим, 4, Икрах 6; Тирмизий, Фитан 68).

***

Жундаб бин Жунада *(Алла ага ыраазы болсун)* Азирети Пайгамбарыбыз менен төмөнкү маселелер жаатында баарлашканын баян этет:

– Оо, Алланын Элчиси! Амалдардын кайсынысы дагы да бийик?

*– Алла Таалага ыйман келтирүү жана Анын жолунда жихадка чыгуу.*

– Кандай туткунду же кулду азаттыкка чыгаруу дагы да артыкча сооптуу?

*– Кожоюну үчүн эң барктуу жана баалуу болгонун.*

– Бул айтылгандарды аткара албасам эмне кылышым керек?

*– Анда, иш кылып жаткан адамга жардам бер же болбосо иш кыла албагандын ишин бүткөрүп бер* – деп буйруду.

– Пайгамбарым, булардын эч бирөөн аткарганга дараметим жетпесечи?

*– Анда, эч кимге зыяныңды тийгизбе. Бул өңүт өзүңдүн өзүңө кылган жакшылыгың болуп эсептелет* – деди Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* (Бухарий, Итк, 2; Муслим, Иман, 136).

***

Биртуугандардай болуп бири-бирине көмөк көрсөтүү жаатында үлгү көрсөтө алган Йемендик Ашари уруусун Азирети Пайгамбарыбыз төмөнкүчө мактаган:

*«Ашарилер казатта жүргөндө күлазыгы түгөнүп калса, же Мединадагы үй-бүлөсүнүн тамак-ашы азайган учурда жанында болгондун баарын чоң таардын бетине төгүшөт. Андан соң аны карапага салып, баары тегиз бөлүп алышат. Мына ошол себептен Ашарилер мендик, мен болсо алардын биримин»* (Бухарий, Ширкат, 1; Муслим, Фадаилус-сахаба, 167).

***

Жогоруда айтылган акыйкатты тунук акылы менен таамай аңдаган Азирети Алинин мына бу сөзү зор мааниге ээ:

«Мен билген эки баалуу немат бар. Алардын кайсынысы мен үчүн дагы да сүйкүмдүү экенин алигече ажырата албай келем. Биринчиси: жардамга муктаж болгон адам үмүт артып мага келип, чын дилден менден жардам сураса деген тилек.

Экинчиси: ал адамдын каалоосун Алла Таалам мен аркылуу жүзөгө ашырса же жеңилдетсе деген тилек. Опол тоодой алтын-күмүшүм болгончо, бир мусулмандын муктаждыгын камсыздайын деген боорукер сезимим болгону жакшы» (Али ал-Муттакий, VI, 598/17049).

***

Ыймандык жана ахлактык тайыздыктан улам муктаждарга жардам берүүгө тоскоол болуп келгенин Жараткан Алла Таала Ыйык Куранда мындайча маалымдайт:

«Ошентип намаз окугандарга азап! Алар намазды этибарга алышпайт. Алар элкөрсүн үчүн жасашат. Кичинекей гана жардамга да тоскоол болушат» (Маун сүрөсү, 4-7– аяттар).

Кутман сахабалар кичинекей же маанисиз көрүнгөн жардамдарды да текке кетирчү эмес. Бири-бирине кайрымдуу болууну, бири-бирине жардам берүүнү жакшы көрүшө турган.

Ибн Масуд *(Алла ага ыраазы болсун)* минтип эскерет:

«Биз Алла Элчисинин мезгилинде (Маун сүрөсүндө аты аталган) чака, карапа сыяктуу буюмдарды бирөөгө убактылуу берип турмайды жардам берип жатабыз деп эсептээр элек» (Абу Давуд, Зекет, 32/1657).

Тарых көрсөткөндөй, сахабалар өз ара кол кабыш кылууну сүйүшкөн жана жардам өнөктүгүнө бири-бирине дем берип, шыктандырып турушкан. Айрыкча жакын коңшулар майда-чүйдө нерселерди көп деле этибарга албай, кандай гана жагдай болбосун, жардам үчүн баары тегиз ашыккан асыл муун болгон экен.

***

Бир кайырчы Абдуллах бин Масудду *(Алла ага ыраазы болсун)* алкап-жалкап кайыр сурайт. Жашоодо дин Исламды туу туткан сахаба мүмкүнчүлүктү текке кетиргиси келбей, кайырчыны кепке тартат:

– Алла Тааладан башка кудайдын жок экендигине, Азирети Мухаммаддын Алланын Элчиси болгондугуна ишенесиңби?

– Ооба, ишенем!

– Рамазан айында орозо кармайсыңбы?

– Ооба, кармап келем!

– Муктаж жандын сураганга акысы бар. Мындай шартта сага жардам берүүгө биз милдеттүүбүз – деп, кайырчыга кийим-кечек берет. Кайырчынын жадыраган маанайына күбө болгон Абдулла бин Масуд береги хадисти айтат:

*« Мусулман мусулманга кийим кийгизсе, ошол кийим (же кийимдин бир бөлүгү) анын үстүндө турган мезгил ичинде кийимди кийгизген инсанды Алла Таала Өзү коргойт»* (Тирмизий, Кыямат, 41/2484).

***

«– Алла Таала эмне үчүн пайызды (үстөк акча, сүткорлук) арам кылган?» деген суроого Имам Жаафар Садык минтип жооп берген экен:

«– Эл-журт жардам берүү касиетинен айрылып калбасын жана бири-биринен жардамын аябасын деген максатта арам кылган» (Абу Нуайм, Хиля, III, 194).

Маселен, адамдар жеке кызыкчылык үчүн гана бири-бирине карызга акча бере турган болсо, анда жардам берүү, камкордук деген касиет орду түбү менен жок болот.

***

Имам Аазам Абу Ханифа ак көңүл, ишенимдүү жана кайрымдуулукту сүйгөн соодагер болгон. Кембагал же жакындан тааныган бирөө жардам сурап келсе, сатыла турган буюмду алган баасына берип болсо да, жадагалса жакыр кардарларга кирешесинен кайрым кылчу экен. Күндөрдүн биринде улгайган кемпир келип:

– Мен кембагал адаммын. Мынабул кийимди алган бааңа сатасыңбы? – дейт.

– Макул берейин, төрт дирхамга сатып алыңыз – дейт Имам Аазам.

– Улгайган адам менен шакаба чеккиң келип турабы, ыя?! – деп айтылган бааны шакаба иретинде кабыл алат.

– Апа, мунун эч кандай тамашасы жок. Мындан дагы бирөө бар болчу. Аны сатып алган баадан ашырып саттым, ошондо бул алган баадан да арзанга үтүшүп калды. Ала бериңиз коркпой эле! – дейт Имам Аазам.

Дагы бир жолу жакын тааныштарынан бирөө келип:

– Бир кийимдик кездеме керек эле – деп, кездеменин түсүн жана башка өзгөчөлүктөрүн айтат.

– Эгер кааласаңыз, бир нече күн күтүп туруңуз, келип калса, сиз үчүн алып койоюн – дейт Абу Ханифа.

Арадан бир апта өтпөй баягы адам дайындап кеткен кездеме келип түшөт. Көп күттүрбөй кездемени дайындаган адам да келип калат.

– Кудай буйруса, сиздин оюңуздагыдай кездемени таптык окшойт.

– Эми, баасы канча болду мунун?

– Бир дирхам (бир тыйын).

– Мени ушинтип мыскылдайт деп эч качан ойлогон эмес элем! – деп бааны уккандан кийин таарына түшөт.

– Кудай акы, сизди мыскылдаган жокмун. Эки кийимдик кездемени жыйырма динар бир дирхамга (жыйырма сом, бир тыйын) алдым. Бирөө келип мунун түгөйүн жыйырма динарга алып кетти. Экинчиси сизге калды. Мага келген баасына сата турган болсом, бир дирхамга сатып алышыңыз керек деп жакшылап түшүндүргөн соң кездемени колуна карматат.[57]

***

Елие Кедоурие аттуу тарыхчы Англиянын Жакынкы Чыгышка багытталган саясаты тууралуу бир нече томдон турган китеп жазган. 19-кылымдын акыркы жылдарында, Осмон дөөлөтүнүн жыгылышы жакындап калган кезде Чыгыш Анадолуда өтө коркунучтуу ачарчылык башталат. Мындай мүмкүнчүлүктөн пайдаланып калгысы келген Англия элди бийликке каршы чыгара алабызбы же жокпу деген маселени жеринден иликтеп келүү үчүн Осмон мамлекетине тыңчы жиберет. Бир топ мезгил бою эл аралаган тыңчынын көргөн-билгени жана жазгандары абдан ибараттуу эле. Тыңчы өз баяндамасында мына буларды маалымдаган:

«Бул мамлекетте ачарчылыктын бар экендиги анык, бирок ач көздүктү көрбөдүм. Кандай кырдаал жүз бербесин, карапайым калк бири-бирине жардам беришет экен. Элдин курсагы ач болгону менен ортодо ынтымак-ырашкерчилик бар экен. Азга канаат кылуу деген өзгөчө касиет бул элди кырылып кетүүдөн сактап кала алат деп ишенем. Ошол себептен мындай кубаттуу карым-катышты жана биримдикти ыдыратып, элди бийликке каршы алып чыга албайбыз!..»

Де Ла Мотрайе күндөлүгүнө мынабуларды жазып калтырган:

«Осмон дөөлөтүндө бирөө-жарымдын үйү өрттөнүп, бүт мүлкү күлгө айланып калган чакта да, башка коомдордогудай катын-калачтын күйүттүү муңун, бала-бакыранын ыйын укпайсың. Бар байлыгынын бүлгүнгө учураганына өкүнүшпөйт, тескерисинче, Жараткандын тагдырына муюп, моюн сунганын көрөсүң. Жакшылык кылууну жандан артык көргөн эл-журт дароо ага үйүн тургузуп алууга жеткидей акча-каражат жыйнап беришет. Көпчүлүк учурда үйгө жеткидей каражаттан тышкары мал да курап беришет экен».

Корнеилле Ле Бруйн болсо өз көзү менен көргөндөрүн мындайча эскерген:

«Түрктөрдүн жакшылык иштерди, кайрымдуулукту сүйгөн калк экенин танууга болбойт. Асыресе, бул жаатта хирстиандардан ашып түшөрүнөн күмөн санабайм. Осмон дөөлөтүндө тилемчи, кайырчы дегендердин жок деп айткыдай аз болушунун негизги себеби мына ушул жерде жатат.

...Жакырларга акча же байлык жагынан жардам бере албаган жарандар иштеп берип болсо да колдон келген жардамын беришет. Негизги деп эсептелген жолдор бузула турган болсо, ашар жолу менен чогуу-чараан бүткөрүшөт жана жол жээгине кыдырата курулган суу абиздерин толтурушат. Сел, кыян жүргөн учурларда арасатта калгандарды ары-бери өткөрүшөт жана мунун зыянын жоюнун чараларын көрүшөт. Осмон дөөлөтүнүн жаранадары кандай гана жакшылык иш жасабасын, андан эч кандай акы талап кылбайт, же бир нерсе күтпөйт. Акча берилген учурда жакшылыкты тек гана Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн жасаганын айтып бир тыйынын алышпайт».

Моураджеа Д'Охсондун Ислам коомчулугу тууралуу жасаган төмөнкү кызыктуу иликттөөлөрүнө көңүл буралы:

«Элдин бардык катмарындагы ата-энелер жана тууган-туушкандар турмуштун ар кайсы жаатында өздөрү биринчилерден болуп балдарына үлгү болушат.

Адамбаласындагы асыл сапаттарды, артыкча касиеттерди өркүндөткөн кайрымдуулук жана жакшылык өңдүү изгиликтердин арты менен өзүмчүлдүк, зыкымдык жана ачкөздүк сыяктуу терс мүнөздөр жок болот. Натыйжада кайрымдуулук сезими алардын көңүл түпкүрүнөн орун алат. Өзөктө угут болгондон кийин анын оожалып кетиши кеп эмес экен. Ошол себептен бирөөгө бир нерсе берип туруу, башкаларга жардам берүү сыяктуу жакшылыктар аларга кыйынчылык туудурбайт экен, тескерисинче алардын жакшылык ишке ашыкканы мени таң калтырбай койгон жок».

***

Жыйынтыктап айтканда, көптөгөн сырларга жана ибаратка жык толгон Кудайы мыйзамга ылайык коом болуп жашаган соң жардам берген тарап да, жардам алган тарап да руханий жана заттык өңүттөн бири-бирине муктаж болбой калбайт экен. Ошондуктан байлыгы барлар байлык менен текеберленип кадыр күтпөшү керек, бийлиги жана күчү барлар анысы менен сыймыктанып, маашырланып, жаман жолго колдонбошу керек. Тескерисинче, Алла Таала ыроологон бул

нематтарды адамзаттын пайдасына жумшап, акырети үчүн, шарапаттуу жай даярдоо үчүн сарпташы керек. Жакырларга, кембагалдарга сылык-сыпаа мамиле жасап, кайрымдуулугун кабыл эткени үчүн аларга ыраазылык билдириши керек. Анкени кайрымдуу инсан ошол жардамга муктаж инсандар аркылуу Жараткандын ыраазылыгын таап жатат. Бирөөгө жакшылык жасоодо аяр мамиле зор мааниге ээ экенин унутпашыбыз керек.

Ислам дини ар бир адамдын колунан келе турган кайрымдуулук, жакшылык жолдорун ачык-айкын көрсөткөн. Калыс көз менен карай турган болсок, жакшылык жасоо бай-кедей, күчтүү-алсыз, жаш-кары, аял-эркек дебей баарына тегиз буйрулган жана ар бир мусулман мүмкүнчүлүгүнө жараша жакшылык кыла алат. Бирок эң негизгиси – ниеттин калыстыгында, тазалыгында жана ыкласмандыкта.

### 5. Тынчтыкты жана бейпилдикти камсыз кылуу

Коом мыйзамдуулуктан тайып же, коомдо мыйзамдуулук толук кандуу иштей албаган доорлордо тасаввуф өкүлдөрүнүн, айрыкча Алланын сүйүктүү достору жана ыймандуу инсандардын бейпилдикке, тынчтыкка данакер болуп, жандүйнөсү жабыркаган жарандарга жол көрсөтүп, канаган жүрөктөргө дабаа боло келгендиги – бул тарыхый чындык. Алар коом ичиндеги кайдыгерлерди мени куткарып алаар бекен деп дабаагерди саргара күткөн оорулуу катары кабылдап, мээримдүүлүктү, боорукерликти жана кечиримдүүлүктү туу тутушкан.

Элдин тынчтыгын, коомдун бейпилдигин түптөөдө зекет-садака берүүнүн, кайрымдуулук уюмдарынын, булардын ичинен айрыкча кайрымдуулук фонддорунун маанилүү орду бар. Мусулмандардагы ынтымак, камкордук, жоомарттык, кечиримдүүлүк, жана биримдик сезими өз ара араздашууга, чатакташууга бөгөт болуп, момун мусулмандардын ынтымакта жана тынчтыкта жашашын камсыз кылат.

«Ислам» деген сөз Алла Таалага моюн сунуу, саламаттыкта, амандыкта жана тынчтыкта жашоо деген маанилерге келет. Демек Ислам – бул тынчтык, бейпилдик жана амандык. Адамдардын ортосундагы жеке араздашууларды, же коом ичиндеги келишпестиктерди жөнгө салып, эл-журтту тынчтык менен камсыз кылуу момун мусулмандын вазийпасы болуп саналат. Бул айтылган изгилик өз диндешин сүйүү, аларга жардам берүү жана биримдикти чыңоо аркылуу жүзөгө ашат. Эл ичинде болсун, үй-бүлөдө болсун ой-сезимдердин, түшүнүктөрдүн биримдигине кынапталган ынтымактуу жашоо болмоюн, адамзаада Алла Тааланын алдындагы пенделик вазийпасын толук өтөй албас.

Зыянкечти жана жер бетинде бузукулук кылгандарды Алла Таала эч убакта сүйгөн эмес, сүйбөйт дагы. Ошондой эле момун мусулман жер жүзүндө бузукулук жана зыянкечтик жок болгонго чейин талыкпай күрөшүүгө милдеттүү. Тынчтык жана бейпилдик үчүн аракет кылгандар Ыйык Куранда мактоого алынган:

«Алардын жашыруун сүйлөшкөнүнүн көбүндө эч кандай жакшылык жок. Бирок бир садака берүүнү же болбосо жакшылык кылууну, же адамдардын арасындагы мамилени оңдоону каалагандар андай эмес….» (Ниса, сүрөсү, 114-аят).

«…Тынчтык ар дайым пайдалуу…» (Ниса сүрөсү, 128-аят).

«Эгер эки ыймандуу коом бири-бири менен согуша турган болсо, аларды элдештиргиле. Эгер бири экинчисине зомбулук кыла турган болсо, анда Алланын эркине алар баш ийгенге чейин ынтымактан баш тарткан тарабы менен согушкула. Ал эми баш ийишсе, адилеттүүлүк менен элдештирип, акыйкат болгула! Чындыгында, Алла Таала адилеттүүлөрдү жакшы көрөт» (Хужурат сүрөсү, 9-аят).

«Момун мусулмандар бир тууган. Демек, биртуугандарыңарды элдештиргиле!...» (Хужурат сүрөсү, 10-аят).

Бул жагдайдын ушунчалык маанилүү экендигин ушундан билиңиз, мээрими, жакшылыгы чексиз болгон Алла Таала айыптууну кечирип, бейпилдикти камсыз кылгандардын сыйлыгын жеке Өзү кайтарарын сүйүнчүлөгөн:

«Бир жамандыктын жазасы ага тең келген жамандык. А кимде-ким кечиримдүү болуп, тынчтыкты орнотсо, анын сыйлыгы Алла Таалага таандык. Акыйкатта Ал заалымдарды сүйбөйт!» (Шуура сүрөсү, 40-аят).

Улуу Жараткан ынтымакты бекемдөө жана адамдарды элдештирүү маселесинде башка шылтоону мындай кой, «ушулардын ортосуна түшсөм, Кудай урсун!» деген касамды да шылтоо катары кабыл этпейт. Ал бул маселеде бизге мындай эскертүү берген:

«Өзүңөрдүн жакшылык кылуу, такыба болуу жана адамдарды жараштыруу үчүн берген антыңарга Алланын ысмын калкан кылбагыла! Алла Угуучу, Билүүчү» (Бакара сүрөсү, 224-аят).

Азирети Муса *(алейхис салам)* Жараткан Алла менен сүйлөшүүгө жөнөп жатып иниси Харунга *(алейхис салам)* мындай деп буйрук берет:

«...Менин ордума коомго жетекчи бол, аларды ынтымакка чакыр, бузукулардын жолуна түшүп кетпе!» (Аараф сүрөсү, 142-аят).

Ислам дини тынчтыкты, ынтымакты орнотуу үчүн көптөгөн насааттарды айтып, бир топ жакшы нерселерге буйруган. Маселен, адамдардын ортосундагы саламдашуу тынчтыктын, ынтымакчылыктын, ишенимдүүлүктүн жана достуктун жышааны, данакери. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* үммөтүн саламдашууну кеңири жеткирүүгө чакырган:

*«Биринчи болуп салам берген тарап – Алланын даргөйүндө эң барктуу жана Ага жакын адам»* (Абу Давуд, Адаб, 132-133/5197; Тирмизий, Истизан, 6).

Эки адамды жараштырып коюу куттуу хадисте садака катары кабылданаары айтылган [58]. Адамдарды жараштыруу ниетинде түпкүлүгүндө жок нерсени жагымдуу кабар катары айтууга же ынтымакчылык үчүн жалган айтууга бир гана жолу уруксат берилет. Ошондой эле кысталышта, чыгып кетүүгө мүмкүн болбогон кыйын кырдаалда гана коломтону сактап калуу максатында эркек аялга, аял эркекке чындыкка жатпаган нерсени да айта алат [59].

Алланын Элчиси күндөрдүн биринде сахабаларына кайрылат:

*– Силерге даража жагынан орозодон да, намаздан да, зекеттен да артык амал тууралуу маалымат берейинби?*

– Ооба, айтыңыз Пайгамбарым! – дешет сахабалар.

*– Ал амал араздашкандарды элдештирүү, жараштыруу. Ынтымакты ыдыратуу (диндин тамырын) кыркат!* деди Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* (Абу Давуд, Адаб, 50/4919).

Өткүр устаранын чачты түбүнөн шылыганы сыңары, ортодогу ынтымакты бузуу эки тарапты орду толгус зыянга учуратат. Тактап айтканда, ушакчылык, куйтулук, кутумдук, саткындык, караниеттик, көралбастык сыяктуу жаман сапаттар динди тамырынан кыркканчалык оор күнөө экени хадистен маалым болду. Ошол себептен Ислам дини көпкө таарынышып жүрүүнгө тыю салган. Тынчтыктын данакери саналган Алланын Элчиси таарынышууга карабай саламдаша берүүнү насаат кылган:

*«Диндешине үч күндөн ашык таарынуу момун мусулманга адал эмес. Үч күндөн өтсө ага жолугуп салам айтсын. Эгер ал алик алса, соопко эки тарап тең ортоктош болот. А эгер саламы жоопсуз калса, алик албаган тарап күнөөгө батат. Мындайда салам берген тарап таарынбаганын билдирген болуп эсептелет»* (Абу Давуд, Адаб, 47/4912).

Араздашкан адамдар бири-бири менен жарашканга чейин Алла Таала алардын аткарган амалдарын кабыл кылбайт жана күнөөлөрүн кечирбейт. Азирети Пайгамбарыбыз бул акыйкатты тастыктап мынабул хидисин айткан:

*«Аткарылган амалдар дүйшөмбү жана бейшемби күндөрү Алла Таалага сунушталат. Бири-бири менен чатакташа кеткен эки диндештен тышкары Аллага ширк кошпогон бардык пенделердин күнөөлөрү кечирилет. (Алла Таала периштелерге): «Жарашканга чейин мынабу эки адамдын ишин артка жылдыргыла!» деп буйруйт»* (Муслим, Бирр, 36; Абу Давуд, Адаб, 47).

Көкүрөктөгү кекти, өчтү жана душмандыкты ээритип, анын ордуна сүйүүнү, мээримдүүлүктү, жакшы тилекти жана ийги сезимдерди жайгаштыруу үчүн адамзаада напсин тазалап тарбиялашы керек жана жүрөктү жаман таасирлерден такай коргоо зарылдыгы бар. Бул айтылгандарды тасаввуфтук тарбия аркылуу гана жүзөгө ашырууга болот.

Ислам дини жеке жарандарга буйруган сыңары элдерди, улуттарды, ар кандай коомдорду, жамааттарды өз ара ынтымакта, тынчтыкта жана биримдикте жашаганга буйруйт. Ошондуктан дин Исламда тынчтык негизги ролду ойнойт. Тынчтыкты, ынтымакчылыкты камсыз кылуу үчүн көрүлгөн бардык чаралардан жыйынтык чыкпаганда, арга түгөнгөндө гана согушууга уруксат берилет. Мусулмандар Исламдын улуулугуна ылайык кандай гана көйгөй болбосун, аны тынчтык жолу менен чечүүнү каалашат, эч кимди, эч убакта согушууга мажбурлабайт. Жадагалса мүмкүнчүлүк болсо жоо

менен беттешүүгө саналуу мөөнөттөр калганда да дароо тынчтык келишимин кабылдашат. Анткени Алла Таала мындай деп буюрган:

«Эгер алар тынчтыкка келишсе, сен да тынчтыкка кел жана Аллага тобокел кыл. Шексиз, Ал Угуучу, Билүүчү» (Анфал сүрөсү, 61-аят).

Кутман Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«Душман менен согушууну арзуу кылбагыла, Алладан тынчтыкты тилегиле. Кокус алар менен беттешүүгө мажбур болсоңор, сабырдуу болуп, кайратыңардан жазбагыла. Бейиш кылычтардын көлөкөсүндө экенин билип койгула»* деп буйруган (Бухарий, Жихад, 112).

Достук мамилени түбөлүккө сактап калуу мүмкүн эмес. Тынчтык келишимин түзгөн элдин башына ар кандай мезгилде, ар кандай шартта ниети бузук бирөө келип келишимди бузуп салышы да табийгый нерсе. Көз карандысыз өлкө болгондон кийин андай чукул кырдаалдарга даяр боло жүргөн жакшы.

Ошол себептен мусулман журтчулугу бардык өңүттөн кубаттуу жана күчтүү болуп, Алла ыроологон улуу мүмкүнчүлүктөрдү адамзаттын, элдердин түбөлүктүү бейпилдиги, бак-таалайы жана коопсуздугу үчүн сарпташы керек. Мусулмандар мындай жол менен душмандын үшүн алат жана Алла Тааланын ыраазылыгына татый турган салих амалдарды орундатат.

**Изгиликтин үлгүсү**

Күндөрдүн биринде үйүндө олтурган Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Набавий Мечити тараптан чыккан чууну кулагы чалат. Көрсө окуя мындайча болот: Кааб бин Малик Ибн Аби Хадрат аттуу адамда аласасын доолайт. Ортодо түшүнбөстүк жаралып эки сахаба кыйкырышканга чейин барышат. Үммөтүнүн араздашканына жүрөгү канаган Алла Элчиси терезеден үн салат:

– *Ой, Кааб!*

– Сизди угуп жатам Пайгамбарым! – деп Кааб Алла Элчисине карай басат. Азирети Пайгамбар колу менен жаңсап, алаасаңдын жарымын койо тур дегендей ишаарат берет. Буйрукту айттырбай түшүнгөн сахаба:

– Айтканыңыздай болсун! – деп анын көңүлүн жайгарат. Каабдын ак көңүлдүгүнө маанайы көтөрүлө түшкөн калыс Пайгамбар Ибн Аби Хадатка буйруйт:

– *Сен эми бересеңден кутул!* (Бухарий, Салат, 71, 83; Муслим, Мусакат, 20).

***

Абдуррахмандын кызы Амра айым баян этет:

«Бир адам жыйым-терим маалында бирөөнүн багынын мөмөсүн дүңүнөн сатып алат. Үйүнө баргандан кийин таразга тартканда анысы болжолдогон салмакка жетпей калат. Бактын ээсине кайтып келип, жетпей калган өлчөмдү тартып берүүнү ага көнбөсө, келишимди жокко чыгарууну сунуш кылат. Ызырынган бакча ээси сунуштун экөөнөн тең баш тартып, касам ичип койот. Анын мындай оройлугуна капаланган кардардын энеси көйгөйдү Алла Элчисине билдирип, экөөнү мунасага келтирип берүүнү өтүнөт. Азирети Пайгамбарыбыз:

– *Ал жакшылык жасабаганга касам ичкен турбайбы!* – деп баш чайкап койот. Бул сөздү уккандан кийин Пайгамбардын купулуна толбогон ишти кылып койгонун аңдаган багбан атайы Алла Элчисине келип:

– Пайгамбарым! Сөзүңүздүн маңызын түшүндүм. Талабыңызды дароо орундатам! – деп сөз берип кетет» (Муватта, Буйу, 15; Бухарий, Сулх, 10; Муслим, Мусакат, 19).

***

Алланын Элчиси Бадр согушунда: *«–Артка кайтып кеткиле! Силер менен чабышкандан көрө башка кол менен чабышуу дагы да артык!»* деп салам айттырып Азирети Умарды *(Алла ага ыраазы болсун)* Курайш уруусуна элчиликке жиберет.

Хаким бин Хизам:

– Бул туура кадам! Муну дароо кабыл кылгыла! Кудайга ант, мындан кийин силерге ынсаптуу мамиле кылынбашы ыктымал! – деген оюн билдирет.

Ашынган карөзгөй Абу Жахил:

– Кудайга [60] касам ичем! Бизге мүмкүнчүлүк жаралган соң өчүбүздү алмайын артка кайтпайбыз! Алардын сазайын колуна карматабыз! – деп кесир сүйлөп, бутпарастарды айкашка үндөйт (Вакиди, I, 61-65).

***

Улуу Көчтүн алтынчы жылы Зилкаада айынын биринчи жекшембисинде Пайгамбар Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* миң төрт жүз сахаба менен умра (кичи ажылык) кылуу максатында Меккеге аттанат. Азирети Пайгамбарыбыз микат [61] аймагы деп эсептелген «Зулхулайфа»га барып, ихрамга кирип, умра кылууга ниет кылат.

Бирок мусулмандардын Меккени көздөй жолго чыкканын уккан мушриктер катуу тынчсызданат. Курайш билермандары өздөрүнчө жыйын өткөзүп, мусулмандарды Меккеге киргизбөөгө чечим чыгарат. Кырдаалга байланыштуу умрага келаткан мусулмандар Худайбияга келип токтошот.

Сахабалар чаңкоону кандырып жаткан кезде Хузаа уруусунун башчысы Будайл бир нече адам менен чыга келет. Меккеликтердин тынчсызданып, чабышка даярдык көрүп жаткандарынан кабар берет. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Будайлга өзүнүн келгендеги максатын билдирет:

*«Биз чабышууга келген жокпуз. Максатыбыз – Байтуллага (Каабага) зыярат кылуу, умра. Чабыш, айкаш Курайшка катуу таасир этиптир. Каалашса (ортобуздагы чабышууну таштоо үчүн) алар менен белгилүү мезгилге чейин тынчтык келишимин түзөлү. Бу учурда алар мени менен элдин ортосунан чегинишет. Эгер мени эл ээрчип кетсе, элдин артынан Курайш уруусу да Исламга кирсе болот. Эгер мен үстөмдүк кылалбасам, (Курайштыктар мени менен чабышуудан кутулуп) тынч жашай алышат. Эгер Курайш бу сунушумду кабылдабаса, мен бу дин жолунда башыман ажыраганга чейин күрөшүүгө ант берем. Алла Талам убадасын сөзсүз орундатат!»* (Бухарий, Шурут, 15).

Худайбияда бекитилген тынчтык келишими дин Исламдын тездик менен жайылышына чоң таасири болгон. Андыктан Алла Таала муну «Фатих-и Мубин – Айдан ачык, айкын жеңиш» деп сыпаттаган [62].

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Худайбиянын чоң жеңиш экендигин билдирген кезде сахабалардын арасынан бирөө:

– Ыйык Каабага зыярат кылалбай калдык, атайын курманчылыкка деп алып барган малыбызды Харам аймагында чала албадык. Мусулман болуп бизге баш калкалаган эки адам кайра бутпарастарга кайтарылды. Ушул кантип жеңиш болсун? – деп өзүнчө күбүрөнөт.

Анын бу сөзүн кулагы чалган Пайгамбарыбыз жооп иретинде мындай дейт:

*– Ооба! Бул келишим чоң ийгилик, зор жеңиш. Бутпарастар силердин Меккеге барышыңарга, ишиңерди бүтүрүп келишиңерге ыраазы болуп, жол коопсуздугун да өз мойнуна алышты. Алар силердин адеп-ахлагыңарды, жүрүм-турумуңарды көрүп азыркыга чейин каршы чыгып келген дин Ислам менен жакындан таанышат. Алла силерди ийгиликке жеткирип, барган жериңерден аман-соо жана мол киреше менен кайтасыңар. Бул, арийне, чоң жетишкендик, зор жеңиш»* [63].

***

Арадан эки жыл өтпөй мушриктер Худайбияда түзүлгөн тынчтык келишимин мыкаачылык менен бузушат. Тактап айтканда, мусулман деп эсептелген Бакр уруусун кырууга Хузаа уруусун тукурушат. Натыйжада кан төгүлүп, жүздөгөн адамдар шейит кетет.

Ошентип, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* сахабаларына жүрүшкө камылга көрүү буйугун берет. Жакын арада жашаган мусулмандарды Мединага чакырып, ал эми алыс кыйырда отурукташкан мусулмандарга алдын ала даярданып жолдон кошулууну буйрут. Пайгамбарыбыз өтө жашыруун аракет кылат. Мединадагы жашыруун иш-аракеттерден душманга шек алдырып койбоо үчүн Сирияга бир тайпа жөнөткөн Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* ар тарапка кылдат көзөмөл жүргүзөт. Ал Жараткан Алланын жардамы менен чоң жеңишке кан төгүүсүз жетүүнү жан көңүлдөн самайт. Пайгамбарыбыз мындай нары бийик, нары аруу максатты жүзөгө ашыруу үчүн стратегиялык мерчемди түзүп чыгат.

Алгач Пайгамбарыбыз сахабаларына жүрүш жасоо үчүн буйрук берсе да, кай жакка бара турганын жашырып, ниетин эч жар салбайт [64]. Алтургай эң жакын досу жана сырдашы Абу Бакирге *(Алла ага ыраазы болсун)* да айтпайт. Абу Бакир жүрүштүн кайда багытталаарын сураганда кызы Азирети Аиша:

– Билбейм. Балким Сулайм уруусуна, балким, Сакифтерге же болбосо Хавазиндерге барсаңыздар керек! – деп жооп берген экен [65]. Ошондой эле Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи*

*васаллам)* тынчтык жолу менен жеңишке жетүү үчүн Меккеге эч бир тыңчынын кабар жеткирүүсүнө мүмкүнчүлүк берген эмес. Азирети Пайгамбарыбыз ар тарапты көзөмөлгө алган соң алакан жая минтип дуба кылган экен:

*«Оо, Жараткан Алла Таалам! Барчу жерге жашыруун жеткенге чейин, Курайш уруусунун тыңчыларына Өзүң ээ чыгып, аларга эч нерсени көрсөтө да, угуза да көрбө. Курайш уруусунун көзүн байлап кой, мени күтүүсүздөн маңдайынан чыга келгенде гана көрүшсүн»* (Ибн Хишам, IV, 14).

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Мединадан жолго чыкканда Курайшка шек алдырбоо үчүн чет жакалардагы урууларга кайрылып, айлампа түрүндө жол жүрөт. Меккеге жакын калганда колду ар тарапка чачыратып түнкүсүн миңдеген жерге от жактырат. Бул ыкма бутпарастарды жүрөгүнүн үшүн алып улуу максаттын жүзөгө ашышын жеңилдетет [66].

Пайгамбарыбыз Зулхулайфага жеткенде да сапардын багытын жашыруун кармоо үчүн ихрамга кирүүнү кечеңдеткен [67].

Ааламдын Сыймыгы атанган ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* жалгыз Меккени каратууда гана эмес, башка казаттарда да жогорудагыдай нары жупуну, наты сырдуу кадамдарды таштаган. Булардын баары Алла Элчисинин согушту, чыр-чатакты канчалык жек көргөнүн, тынчтыкты, ынтымакчылыкты камсыз кылуу үчүн жоопкерчиликтүү, нары чегинбес аракеттерди жасаганын айгинелеп турат. Тынчтыкка болгон талпынуу адамдын мүнөзүнүн асылдыгынан, кыраакылыгынан жана рухий өнүттөн бышып-жетилгендигинен кабар берет.

***

Саад бин Муаз менен Саад бин Убаданын ортосунда түшүнбөөчүлүктөн улам араздашуу келип чыгат. Алла Элчиси бул эки сахабаны жараштырып кою максатында Саад бин Муазды жетелеп, Авс уруусунун айрым өкүлдөрүн ээрчитип Саад бин Убаданын үйүнө барат. Үй ээси меймандостугун көрсөтүп, коноктордү кучак жая тосуп алып сый тамагын берип узатат.

Арадан бир нече күн өткөндөн кийин Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* Саад бин Убаданы жана Хазраж уруусунун айрым өкүлдөрүн ээрчитип алып Саад бин Муаздын үйүнө барат. Келген меймандар Саад бин Муаздын үйүндө кеңири дидарлашып, сый тамакты жеп, батасын берип кайтышат (Ваакиди, II, 435).

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз аталган эки сахабаны жараштыруу аркылуу мусулман журтчулугуна элдештирүүнүн эң сонун үлгүсүн таасым көрсөткөн. Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат демекчи, мындай усулдун жана калыс ниеттин алдында таштай катыган жүрөктөр жибип, Кудайым буйруса ынтымакчылыктын учугу уланат деп ишенебиз.

Чыныгы момун мусулман – чөйрөсүндөгү таарынышкан тараптарды ушул сыяктуу изги усулдар менен жараштырган, сүйүүнү, биримдикти чыңоо үчүн жан үрөгөн инсан.

***

Абу Бакра *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* минбарда отурганын көрдүм. Жанында Азирети Хасан бар эле. Кутман Пайгамбарыбыз бир жамаатка карап, бир Хасанга карап: *«Алла Таалам неберем Хасан аркылуу мусулмандардын эки чоң түмөнүн (аскерин) жараштырат»* деп жаткан экен (Бухарий, Манакиб 2, Фадаилул-Асхаб 22).

Ак жолдун жол башчысы Азирети Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* момун мусулмандардын кыяматка чейин ынтымак-ырашкерликте, биримдикте жашашын, сак-саламат болушун жана көбөйүшүн арзуу кылган. Эл-журттун бейпилдиги үчүн өз үй-бүлсүнө милдет жүктөп, мусулмандарды тынчтыкка данакер болууга чакырган.

Кутман Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам):* «Менден кийин Пайгамбар башкаруусуна төп келген чыныгы жана мыкты халифалык отуз жылга созулат...» (Абу Давуд, Суннат, 8/4646; Ахмад, V, 50, 220, 221) деп айтканын тарых тастыктап Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун)* жыйырма тогуз жарым жыл, Азирети Хасан болсо алты ай халифалык милдетти аркалап, мусулман журтчулугун башкарышкан. Азирети Хасан мусулмандардын ортосундагы түшүнбөстүктү жою үчүн Муавияга кат жазат. Катта халифалыкка татыктуу жана акылуу болгонуна карабай мусулмандардын биримдиги, тынчтыгы үчүн бийликтен баш тартканын айткан. Ошентип, Азирети Пайгамбарыбыздын жогоруда айткан хадиси бир нече жылдан кийин жүзөгө ашып, эки чоң тайпанын элдешүүсүндө Азирети Хасан чоң рол ойногон.

***

Бул кызыктуу, нары ибараттуу окуяны Мукатил бин Хаййаан баян этет:

Азирети Пайгамбарыбыз менен жолугушууга келген Кинда уруусунун өкүлдөрүнүн арасында Умруул Кайс да бар эле. Арадан кыйла убакыт өткөндөн кийин бул уруунун көптөгөн өкүлдөрү динден кайтышат. Бирок Умруул Кайс Исламды тутунган бойдон кала берет.

Күндөрдүн биринде Умруул Кайс бир сахаба менен жер тилкесин талашып, араздашып калат. Талашты өз ара чечише албагандан кийин калыс чечип берүү өтүнүчү менен Азирети Пайгамбарга кайрылышат.

Маселени өз пайдасына чечергиси келген сахаба озуна даттанып кирет:

– Оо, Алланын Элчиси! Бул адам мага атамдан калган жер тилкени тартып алганы турат.

Умруул Кайс салабаттуулук менен:

– Ал менин жер тилкем, бүгүнкү күнгө чейин эгин эгип, түшүмүн жыйнап өзүм колдонуп жүрөм – дейт.

Алла Элчиси биринчи болуп сөз сүйлөгөн сахабага кайрылат:

*– Бул жер тилкесинин өзүңө таандык экендигин тастыктап, далилдеп бер. Болбосо экинчи тарапка касам ичүүнү сунуш кылам.*

– Пайгамбарым, андай кылсаңыз бул жалган касам ичип, жеримди алып кете берет!

*– Эгер далилдеп бере албасаң, каршы тараптын касам ичүүдөн башка жолу жок* – деди да, сөзүн улады:

*– Кимде-ким момун мусулман биртууганынын мүлкүн өзүнө ыйгарып алуу үчүн жок жерден (жалган) касам ичсе, өлгөндөн кийин Алланын каарына калат.*

Умруул Кайс дилгирлене сурайт:

– Пайгамбарым, айтыңызчы. Өзүнө гана таандык экенин билип туруп, өз акысын жалган доочуга берип койгон пендеге кандай сыйлык бар?

*– Бейиш бар!* – дейт Алланын Элчиси.

– Анда өзүңүз күбө болуңуз, мен өзүмдүн жер тилкемди бул кишиге бердим! – деп Умруул Кайс доо арызынан баш тартат. Бул окуядан көп өтпөй Алла Тааладан береги аят түшүрүлөт:

«Ортоңордогу мал-мүлк, байлыкты өз ара арам жолдор менен жебегиле жана күнөө экенин билип туруп бирөөлөрдүн байлыгынын бир бөлүгүн жеш үчүн акимдерге (сотторго, жетекчилерге) андан алып барбагыла!» (Бакара сүрөсү, 188-аят) (Муслим, Иман, 223-224; Вахиди, 55-б; Ибнул Асиир, Усдул Гааба, I, 137).

***

Сахабалардан кийинки «Таабиин» атанган залкар муундун өкүлү Саид бин Мусаййаб жанында отургандарга кайрылат:

– Силерге намаздан да, садака берүүдөн да жогору турган нерсе тууралуу кабар берейинби?

– Ооба, айтыңыз! – дешет баары жабыла.

«–Араздашкан эки адамды жараштырып, таарынышкандарды элдештиргиле. Ошондой эле ашыкча жек көрбөгүлө. Анткени жек көрүү (диний сезимдерди жана изги ахлакты) түп-тамырынан кыркып жок кылат» деди (Муватта, Хуснул Хулк, 7).

***

Жыйынтыктап айтканда, Алла Тааланын жакшылык коштогон буйругуна жандилден моюн сунган жана Азирети Пайгамбарыбыздын жолунан чыкпаган инсандар гана тынчтыкта жашаган бактылуу коомду кура алышат. Карт тарыхыбызда мунун көптөгөн мисалдары бар. Маселен, Истамбулга каршы жүрүш жасаган англис аскерлеринин арасында Сер Жеймс Портет да болгон. Бул инсан Ислам дининин жана түрк элинин душманы болгонуна карабай Осмон дөөлөтү тууралуу буларды айткан:

«Осмон дөөлөтүндө каракчылык, талап-тоноочулук, алдамчылык жана жанкечтилик сыяктуу кылмыштар такыр жат көрүнүш. Мейли согуш учурунда болсун, мейли тынч учурларда болсун, ээн талаадагы жолдор да өз үйүң сыяктуу коопсуз. Асыресе, негизги жолдор аркылуу Осмон дөөлөтүнүн мүлкү саналган кооз жерлеринен шаарларына, айыл-кыштактарына чейин ар убак кеңири жана тоскоолдуксуз кыдырып чыгууга болот. Бул мамлекетке көптөгөн соодагерлер, саякатчылар кирип-чыгып жүргөнүнө карабастан бир калыптан жазбай дайым тынч. Жагымсыз окуяларды кезиктирүү мүмкүн эмес».

Ислам дини – эки дүйнөдө тең адамзаттын бактылуугун камсыз кылган жападан жалгыз акыйкат дин. Андагы буйруктарды, өкүмдөрдү кынтыксыз тутунган жеке адам болсун, калдайган чоң коом болсун, сөзсүз Жаратkандын мээримине бөлөнүп, тынчтыкта, бейпилдикте өмүр кечирет. Анткени Алла Таала мындай деп буйруган:

«Эй, момундар! Баарыңар тегиз Исламга киргиле. Шайтандын жолдорунда жүрбөгүлө (ээрчигиле!). Чындыгында ал силер үчүн элдешкис душман!» (Бакара сүрөсү, 208-аят).

## 6. Биримдикти жана ынтымакты камсыз кылуу

Ислам дини момун мусулмандын адамгерчилик сапатын жогорку деңгээлге өнүктүрүү менен катар, коомдун бейпилдигин жана коопсуздугун камсыз кылуу үчүн кынтыксыз, нары асыл эрежелерди койгон. Ошондой эле диндеш биртуугандык деген ураандын астында биримдикти сүйүү, ынтымак менен чыңдоону буйруйт жана бүт адамзатты камкордукка, мекенчилдикке чакырат. Бул айтылгандарды тумушта иш жүзүндө жашап өткөн коомдор биримдиктин жана ынтымактын руху менен ширелишкен «Исламдын үлгүлүү изги маданиятын» курушкан.

Талаш-тартыштар, бөлүнүп-жарылуулар, чыр-чатактар, жеке кызыкчылык үчүн болгон күрөштөр жана баш ийбес тоңмоюндуктун кесепетинен келип чыккан башаламандык коом үчүн коркунучтуу илдет болуп эсептелет. Бөлүнүп-жарылуудан, талаш-тартыштан арылуу үчүн мусулмандын жашоо ыңгайы напси каалоолорун тизгиндей турган мыкты эрежеге негизделиши керек, асырес, биртуугандык сезим күчтүү болушу керек. Бул айтылгандар Азирети Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөтү жана дин Исламдын жаркын жүзү сагалган төрт халифа басып өткөн акыйкат жол менен жүрүлгөндө гана жүзөгө ашат. Алла Таала Ыйык Куранда мындай деп буйруйт:

«Баарыңар Алланын жибин (Исламды гана) кармангыла, бөлүнүп-жарылбагыла! Бири-бириңе душман болуп турган учурда жүрөгүңөрдү жылытканын, Анын жакшылыгы аркылуу биртууганга айланганыңарды эстегиле!» (Аали, Имран сүрөсү, 103-аят).

«Аллага жана Анын Элчисине баш ийгиле, коркунучка кабылбоо жана күч-кубаттан тайбоо үчүн өз ара чатакташпагыла (ынтымактуу болгула!). Сабырдуу болгула. Анткени Алла Таала сабырдуулар менен!» (Анфал сүрөсү, 46-аят).

Улуу Жараткан момун мусулмандарды бир дене сыяктуу ынтымакта жашоого буйруйт. Биримдик жана ынтымак тууралуу буйруктун мурунку пайгамбарларга да берилиши адамзаттын ар убак бөлүнүп-жарылууга жакын экенин жана бул кемчилик коомдун келечеги үчүн кооптуу дарт экенин эске салат.

Напси менен шайтан адам баласынын ачкарактык, кызганыч жана мансапкорлук сыяктуу жаман сезимдерин ээлiктирип, дүүлүктүрүп, ортого дайым от жагып келет. Эзели элдешкис бул эки душманыбыздын колундагы «бөлүп-жаруу» деген куралы чындыгында бүтүндү бүлүндүргөн күчтүү жарак. Ошол себептен мусулмандар ар дайым диндештик, бир туугандык сезимди жандуу тутуп, таарынычка жана араздашууга жол бербөөгө тырышышыбыз керек. Тынчтык, ынтымакчылык деген ырыстуу жол турганда уруш-талаш, же бөлүнүү сыяктуу Кудайга жакпаган ишке баруу чыныгы момун мусулманга жарашпаган жорук.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деп буйруган:

*«Момун мусулмандардын арасы кынала тыгыз, бекем курулган имараттар сыяктуу»* деп, эки колунун манжаларын бири-бирине кайчылаштыруу аркылуу биримдикти түшүндүрүп берген (Бухарий, Салат, 88, Мазалим, 5; Муслим, Бирр 65).

Башка хадисинде Пайгамбарыбыз Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Силерге ынтымакчылыкты, биримдикти, бөлүнүп-жарылуудан оолак болууну насааттап жатам. Анткени шайтан жалгызды жандайт, эки адамдан качат. Бейиштин чок ортосунан орун алууну самаган адам Ислам коомунан бөлүнбөсүн!»* (Тирмизий, Фитан, 7/2165; Ахмад, I, 26, V, 370-371).

*«Момун мусулмандар бири-бирин сүйүүдө, бири-бирине боор ооруда жана бири-бирин коргоодо бир дене сыяктуу. Маселен, дененин бир мүчөсү ооруп калса, башка мүчөлөрдүн да тынчы кетип, сыздап ооруйт»* (Бухарий, Адаб, 27; Муслим, Бирр, 66).

Азирети Пайгамбарыбыз коомдо кимдер мунафык (эки жүздүүлөрдү) экенин билген, бирок биримдикке доо кетирип албоо үчүн алардын ысмын Абу Хузайфадан *(Алла ага ыраазы болсун)*

башка өмүр бою эч кимге айткан эмес. Ошонун айынан эки жүздүүлөрдүн далай машакатын тарткан. Жадагалса кимдер мунафык экенин Алла Элчисинин вазири катары Исламга ак кызмат өтөгөн Азирети Умарга да билген эмес. Мындай шартта Азирети Умар Абу Хузайфаны көзөмөлгө ала турган. Маселен, жаназа окулган жерге Хузайфа келбей турган болсо, анын мунафык экендигин боолгоп, Азирети Умар да жаназа намазына келген эмес.

Башка өңүттөн ала турган болсок, мусулмандарды күнүнө беш маал жамаатка бириктирген намаз менен коомдун ортосунда тыгыз байланыш бар. Алла Таала намаз, орозо, ажылык, зекет жана курмандык чалуу сыяктуу ибадаттар менен мусулмандарды рухий өңүттөн биримдикке даярдап келет. Ыйык Куранда:

«Намазды толук окугула, зекетти бергиле жана рукууга баргандар менен чогуу ийилгиле (рукууга баргыла)» (Бакара сүрөсү, 43-аят) деп буйрулган.

Алланын сүйүктүү Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* намазда да мүмкүнчүлүктөн пайдаланып үммөтүн биримдикке чакырган:

*«Сапты түз кармагыла. Алдын, кийин турбагыла. Болбосо жүрөгүңөр да бири-биринен башкача болуп калат»* (Муслим, Салат, 122).

*«Саптарды түздөгүлө. Ийиниңерди бирдей кармагыла. Аралыкты толуктагыла. Сапты толуктоо үчүн колуңардан тарткан диндешиңерге жумшак мамиле кылгыла. Араңарга шайтан кирип алгыдай боштук калтырбагыла. Алла Таала сапка тыгыз тизилгендердин көңүлүн кубантат. Сапка тыгыз турбагандарга Алла Таала немат ыроолобойт»* (Абу Давуд, Салат, 93/666).

Намаздагы ачык, ийри-буйру саптар мусулман жамаатында биримдиктин, ынтымакчылыктын жана ынтызарлыктын жоктугунан кабар берет. Мындай абалда жүрөктөр жана сезимдер жиби үзүлгөн теспенин таштары сыңары башы оогон жакка чачылып, ар кайсы жакта кала берет. Мыйзамга, эрежеге жана тартипке баш ийип сапка кырка тизилген абалда чын ыклас менен намазды баштаган момун мусулмандарда көзгө көрүнбөгөн күч пайда болот, мындай рухий сүр душман жүрөгүнө коркунуч салат.

Азирети Мавлана мындай деп буйруйт:

«Сапарлаштарың менен алакаң тыгыз болсун. Анткени кербен канчалык көп, канчалык биримдикте болсо, каракчылардын үмүтүнүн үзүлгөнү ошо...»

Акылман кыргыз атам «Бөлүнгөндү бөрү жейт» деп тегин жерден айпаса керек.

Европалык элчилердин бири Осмон дөөлөтүнүн аскерлеринин Мажарстан талааларында жума намазын жандилден оргуштаган ыклас менен окушун көрүп таң калганын жашыра албай буларды айткан:

«Кол менен атайлап тегиз кылып тизип чыккансып сапка түз тизилген 50 000 киши алды жакта турган имамдын бир белгиси менен кол байлап, баары бир дене сыяктуу бүтүн абалга келишти. Андан соң дагы бир белгинин берилиши менен 50 000 киши тегиз саждага баш коюшту. Суктанаарлык биримдикке сугарылган бул чоң колго христиан аскерлери туруштук бере албаса керек?!»[68]

Жараткан Алла Таала:

«Акыйкатта, Алла Таала Өзүнүн жолунда бекем дубал өңдүү катар, тыгыз туруп салгылашкандарды жакшы көрөт» (Сафф сүрөсү, 4-аят).

Кутман Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* айтуусуна караганда момун мусулмандардын Алла Тааланын жибин (динине) бекем кармашы, бири-биринен бөлүнбөшү кайра эле Алла Тааланы ыраазы кылат [69]. Ошондой эле бир инсандын мусулман жамааты менен чогуу болушу анын жүрөгүнүн тазалыгынан, жагымсыз иш, жаман сезимдерден сактана алаарынан кабар берет [70].

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Ислам жамаатынан бөлүнүп, өз алдынча жашоону тандап, жалгыз жүрүп өлгөн пендени *«Мусулманча жашабай убакытты текке кетирип жүрүп жан берген наадандык доорунун адамына»* салыштырган (Муслим, Имаара, 53, 54; Ахмад, II, 306, 488).

Кутман Пайгамбарыбыздын хадистеринен баамдалгандай, мусулман журтчулугунда ынтымакчылык жок болсо, эл ичинен ырк кетсе, ар кимибиз ар түрдүү нерсени кыялданып өз алдынча жашоого бел байласак, Жараткан Алланын ыраазылыгынан куру калабыз, күч-кубаттан таябыз,

акыры жүрүп олтуруп тик тура албас абалга жетебиз. Ошондуктан береги куттуу хадистин маңызын ойлоп көрөлү:

«Жамаат – бул мээримдүүлүк, бөлүнүү – бул азап!» (Ахмад, IV, 278, 375; Хайсамий, V, 217).

**Изгиликтин үлгүсү**

Ирбаз бин Сариййа *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бизге абдан таасирлүү, абдан керектүү бир насаатты айтты. Муну уккандан кийин баарыбыздын жүрөгүбүз ичиркенип, көзүбүзгө жаш тегеренди. Биз:

– Оо, Алланын Элчиси! Бул насаатыңыз кудум дүйнөдөн көчүп бараткан жандын осуятына окшоп турат, бизге башка эмне айтасыз? – дедик. Ошондо Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«–Силерге Алланын алдында такыбаа болууну, Ага моюн сунуп, таазим кылууну буйруйм. Жетекчиликке Хабашстандык кул келген чакта да аны тыңдагыла жана баш ийгиле. Менден кийин бу дүйнөдө калып, көпкө жашагандар далай башаламандыкты көрүшөт. Ошондо силер менин сүннөтүмдү бек кармап, тууралыкты тутунган (рашид) халифалардын жолунан тайбагыла. Сүннөттөргө бекем болгула. Кийин ортого чыгарылган бидаттардан (иш-аракеттерден) өтө алыс болгула. Анткени бардык бидат – адашуу жана бузукулук (алып барат)»* (Абу Давуд, Суннат, 5/4607; Тирмизий, Илим, 16; Ибн Маажа, Мукаддима, 6).

***

Меккелик мушриктер Алла Элчиси менен Худайбияда кабыл алынган келишимди эки жыл өтпөй бузушат. Мусулмандарга каршы кутумдук уюштуруп, көп адамды өлтүрүп оор кылымышка барышат. Азирети Пайгамбар сунуштаган тынчтык келишимди да четке кагышат. Көп өтпөй эсине келген мушриктер Абу Суфянды Мединага элчиликке аттандырышат.

Илгери үмүт менен келген Абу Суфянга эч ким көңүл бурбайт. Аргасы кеткен дин душманы кызы Умму Хабибанын үйүнө барат. Алла Элчисинин жубайы атасы болгонуна карабастан мушриктин астынан төшөктү жулуп алып, сызга отургузат. Умму Хабибанын мындай аракетине таң калган Абу Суфян кызарып татарып:

– Кызым, мени төшөккө ылайык көрбөдүңбү, же мен төшөккө ылайык эмесминби? – деп какшык узатат.

Азирети Пайгамбардын сүйүүсүнө татып, ага майтарылбас сүйүү бапестеген Умму Хабиба эне мындай дейт:

– Бул төшөк Алланын ардактуу Элчисине таандык. Сен булганган мушрик катары буга отурууга ылайык эмессиң!

– Кызым, сен турмушка чыккандан кийин катуу өзгөрүптүрсүң!

– Ооба, Алла Таалам мага дин Исламды ыроолоду – деп ыймандын бүт нерседен жогору турган баалуулугун эсине салды.

Каңырыгы түтөп артка кайткан Абу Суфян зарыга күтүп алган Меккелик жоон топ мушриктерге мусулмандар менен тынчтык келишимин түзүүгө эч кандай мүмкүнчүлүктүн жок экендигин айтат:

– Мен жүрөктөрү бир жүрөккө байланган ажайып бир коомдун жанынан келе жатам. Пайдасы тийер деген үмүттө аял-эркек, улуу-кичүү дебей баары менен баарлашып чыктым. Тилекке каршы, оң жооп ала албадым!

Мына, мусулмандардагы биримдик, ынтымак ушундай бекем болгон. Жогорудагы мисалда айтылгандай: – Бир жүрөккө байланган, бир жүрөккө имерилген бүтүндөй бир коом...

– Тактап айтканда, Алла Элчисинин кут тамган жүрөгүнө байлануу жана жүрөгүбүздүн толтосунан ага орун берүү... Жараткан Алла Таала Ыйык Куранды анын жүрөгүнө түшүргөн...

***

Түштүк-чыгыш Анадолудагы бир уруунун башчысы болгон Идрис-и Битлистин улуу каган Явуз Султан Салим хан жетектеген Ислам биримдигине салымын кошуп, элин ээрчитип өз ыктыяры менен Осмон дөөлөтүнө кошулушу биримдикти даңазалоо үчүн мыкты мисалдардын бири.

Идрис-и Битлистин бул жааттагы аракети – акыйкатта көптөрдүн колунан келе бербеген эрдик эле. Явуз Султан Салим хан теги күрт болгон бул инсанды биримдикке кошкон салымы үчүн абдан урматтап, ыраазылыгын билдирген. Көңүлдү көтөргөн ыраазылыгы менен кошо, купулуна толгон

инсандарга бийлик берүү укугун ыйгарган. Аныгында Идрис мырза падышанын мындай үлкөн сыйына ылайыктуу жан эле.

Улуу каган тарабынан чоң-чоң укуктар ыйгарылганына карабастан, ага болгон урмат-сыйдан улам сыпайы гана алакада болгон Идрис-и Битлис Сафевилердин чыгыштагы аймактарга жана элдерге багытталган баскынчылыгын кан буугандай токтотуп, үммөттүн биримдигин камсыз кылгыдай чоң кадамдарды жасаган. Эл-журтту Осмон мамлекетине кошулуп, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарууга үндөгөн, ошону менен катар Шах Исмаил сыяктуу жакшылыкка моюн толгогондорду кылкылдаган аскери менен кошо чөгөлөтө алган.

Дал ушундай эле жигердүүлүктү Барбарос Хайреддин Паша да көрсөтө алган. Ал «Ислам биримдигин» жандандыруу үчүн кол астындагы Түштүк Африканы Осмон дөөлөтүнө кошкон. Осмон дөөлөтүнүн агездеги каганы Барбарос Хайреддин Пашанын ак ниетин оң баалап, аны улуу дөөлөттүн деңиз күчтөрүнүн башчысы кылып дайындайт. Деңиз күчтөрүнүн жаңы жетекчисинин иш дегенде ичкен ашын жерге койгон дилгирлиги менен Жер Ортолук деңиз кыска убакыттын ичинде Осмон мамлекетинин көлү болуп калат. Инд океанына чейин деңиз күчтөрү жиберилип, ал жактагы мусулмандарга жардам жөнөтүлө баштайт. Суданга жана Эфиопияга жүрүштөр жасалат. Өлкөнүн чеги түштүктөн орто Африкага чейин, түндүктөн Крымга, Москвага чейин кеңейет. Тебриз 1548-жылы төрт жолу каратылат. Ошентип өлкөнүн Чыгыш чекарасы Каспий деңизине чейин жетет.

Барбарос Хайреддин Паша кең мейкиндикти ээлеген Алжирди өз алдынча бийлеп жүрө берсе болмок. Бийик мансаптан баш тартып, өлкөнү чоң жетишкендиктердин кучагында өнүп-өсүп жаткан Осмон дөөлөтүнө кошууга бел байлашы үммөттүн биримдигин камсыздоону каалагандар үчүн тарыхта калган өлбөс-өчпөс өрнөк. Бул данакер кадам рухий өңүттөн анын жетиктигин, Ислам дининин жаркын келечегине болгон ынтызарлыгын жана көптү көрө билген көсөмдүгүн даңазалайт. Аны бул ишке шыктандырган береги түш анын тасаввуф жолундагы арбыткан арышынан кабар берет. Көргөн түшүн ал өзү айтып берген:

«Түшүмдө бир башкача инсанды көрдүм. Ал мага келип колума бир рика берди да: «– Эй, Хайреддин! Муну улуу дөөлөттүн каганы Султан Сулайманга алып барып тапшыр!» деп көздөн кайым болду. Колумдагы риканы ачтым. Бүктөлгөн ак кагаздан: «Силер сүйгөн дагы бир нерсе: Алла Тааладан келген жардам жана жакында болуучу жеңиш бар. Сен аны момундарга сүйүнчүлөгүн» (Сафф сүрөсү, 13-аят) деп жашыл сыя менен жазылган аятты окудум. Окуп туруп аны көзүмө, жүзүмө тийгизип, шүйкүм кылдым. Көп өтпөй: «Оо, Жараткан Алла Таалам! Сага чексиз мактоо айтам!» деп ойгондум».

Хайреддин паша эл башкарууда болсун, жеңиштерде болсун, тапшырманы так аткарган бий-даткаларга, аскер башчыларга жана саркерлерге ар дайым жылуу-жумшак мамиле кылган, алардын эмгегин баалап, оопалуулук көрсөткөн жана жакшылыктан үмүт кылып көптөрдү кечире билген айкөл пенде болгон. Мамлекеттик кызматтарды аркалаган азаматтардын ар тараптан мыкты өнүгүшү үчүн алгылыктуу чараларды көргөн. Мейли жетекчи болсун, мейли катардагы кызматкер болсун, буйрукту же окуяны жаңылыш түшүнүп кемчилик кетирген болсо, көпчүлүккө салып, же бетине айтып көңүлүн чөгөрбөстөн, маселени сүннөт усулу менен жайгарган. Ал муну менен жетекчини жетекчи бойдон, аскерди аскер бойдон кармап калган. Жана ошондой эле бөлүнүп-жарылууга себеп боло турган кандай гана окуя болбосун, аны заматта чечип, ниети бузуктардын карасантай оюнун ишке ашышына жол берген эмес.

Хайреддин паша биримдиктин, ынтымак-ырашкерликтин сакталып калышы үчүн өз доорунда опол тоодой салымын кошуп, диндештик сезимдерди өөрчүшүнө үлгү боло алган.

***

Жыйынтыктап айтканда, мусулмандардын бийлиги тавидке, ибадаттары биримдикке, өз ара мамилелери ынтымакчылыкка негизделген. Момун мусулмандар бир күндө эң аз кырк жолу: «Сага гана ибадат кылабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз» (Фатиха сүрөсү, 5-аят) деп колдун беш манжасы сыяктуу бөлүнбөс бир бүтүн экенин, биримдикте жол арбытаарын айтып Алла Таалага мунажат кылып келишет. А Алла Таала болсо бизге төмөнкү аят аркылуу эскертүү берет:

«Ачык далилдер берилгенине карабастан бөлүнүп-жарылып, каршылашкандардан болбогула. Мындайлар үчүн чоң азап бар!» (Аали Имран сүрөсү, 105-аят).

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* коштошуу кутпасында да, өмүрүнүн акыркы күндөрүндө да үммөтүнө биримдикти кайра-кайра эскертип, көзү өткөндөн кийин бөлүнүп

жарылбоону, чыр-чатактарга жол бербөөнү буйруган [71]. Анткени мээримдүүлүк, береке жана күч биримдикте. Алла Тааланын жакшылыгы жана жардамы жамаат болгон жерге жаайт. Жамааттан бөлүнүү тозоктун жолуна бет алган менен барабар [72].

Ошол себептен жүрөтүн тазаланышы, ниеттин агарышы үчүн Алла Таалага көп-көп жалбарып, дуба кылуу зарыл. Анткени жүрөктөрдүн ортосундагы таза сүйүү, тыгыз байланыш биз үчүн чоң немат болуп эсептелет. Абдуллах бин Масуддун *(Алла ага ыраазы болсун)* айтуусуна караганда, мына бул ыйык аят бири-бирин Алла үчүн сүйгөн момун мусулмандарга түшүрүлгөн: «(Алла Таала) алардын жүрөгүн бириктирип, ортого жылуулук берди. Сен жер бетиндегилердин баарын берсең да алардын жүрөгүн бириктире албас элең. Бирок Алла аларды жараштырып, ынтымакка алып келди. Албетте, Ал – Ызааттуу, Даанышман!» (Анфал сүрөсү, 63-аят) (Табарий, Тафсир, X, 48).

### 7. Кеңешүү

Баарыбызга белгилүү болгондой, бир маселе боюнча тийиштүү адамдар менен пикир алмашуу, көз карашын алуу кеңешүү дегенди билдирет. Алла Таала мындайча буйруйт:

«Ишиңер боюнча алар (момун мусулмандар) менен кеңеш кургула. (Бир ишке) бел байлаган учурда Алла Таалага тобокел кыл. Сөзсүз Алла Таала Өзүнө тобокел кылгандарды сүйөт» (Аали Имран сүрөсү, 159).

«Алардын иштери өз арасындагы кеңешүү менен (жүзөгө ашат)» (Шуара сүрөсү, 38-аят).

Демек, кеңешүү – бул мусулмандын маанилүү өзгөчөлүгү. Тарыхка кылчайып Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* турмушунун кайсы тарабына карабайлы, көптөгөн маселелерде мусулмандар менен ачык кеңешкенин көрөбүз. Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деген:

«Кеңешүүдө Алланын Элчисинен *(саллалаху алейхи васаллам)* ашкан демилгелүү адамды көрбөдүм» (Тирмизий, Жихад, 35/1714).

Негизинен кандай гана маселе болбосун, көпчүлүк тарабынан кеңири талкууланса, ошончолук жакшы пикирлер, жемиштүү натыйжа алып келе турган көз караштардын жаралары кашкайган чындык эмеспи. Бул чындыкты сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«Истихара окуган бүлгүнгө учурабайт, кеңешип иш кылган бушайман болбойт, үнөмдүү урунган жакырга айланбайт»* (Хайсами, II, 280) деген осуятын кыяматка чейин жашап өтө турган бүтүндөй үммөтүнө таштап кеткен.

Хасан Басрий кеңешүүнүн зарылдыгы тууралуу мындай деген: «Аллага ант болсун! Кайсыл гана иш болбосун, кеңешип иш кылгандар, албетте, алдыдагы натыйжалардын эң пайдалуусуна багыт алган боот. Анткени аятта: «Алардын иштери өз арасындагы кеңешүү менен» (Шуара сүрөсү, 38-аят) деп айтылган» (Бухарий, ал-Адабул муфрад, №258).

«Акылдан акыл жогору турат» деген бабалар кеби татыктуу, ылайыктуу инсандар менен кеңешүүнүн маанилүүлүгүнө басым жасайт. Азирети Мавлана мындай дейт:

«Бардык нерсени таамай түшүнгөн, аңдап-сезген акыл деле досторунан ажыраганы аз келгенсип жаасы сынган аскер сыяктуу шашкалактап калат».

Алланын ардактуу Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* тийиштүү маселелер боюнча аялдар менен дагы кеңешүүнү сунуш кылган:

*«Ттийиштүү жагдайлар тууралуу аялдар менен да кеңешкиле!»* (Ибн Асийр, Усдул Гааба, II, 15).

*«Өзү менен кеңешпей туруп жесирди, өз уруксатын албай туруп жаш кызды күйөөгө берүүгө болбойт»* (Муслим, Никах, 64).

*«Кыздар тууралуу маселеде энелери менен кеңешкиле!»* (Абу Давуд, Никах, 22-23).

Күйө менен жубайынын ортосундагы кеңешүүнүн зарылдыгы Ыйык Куранда баса белгиленген:

«Эгер ата-энеси ыраазылык менен кеңешип туруп наристени эмчектен чыгарууну каалашса, анда экөөнө тең күнөө жок» (Бакара сүрөсү, 233-аят).

Айрыкча жаштар көптү көргөн тажрыйбалуу инсандар менен кеңешкени дурус. Азирети Мавлананын төмөнкү сөзү бул нерсенин зарылдыгына токтолгонсуйт:

«Жаштар күзгүгө каранат. Бирок алардын анык жүзүн улгайган инсандар бир даана кыштын сапатынан көрө алышат».

Акылман ата-бабаларыбыз: «Карынын сөзүн капка сал!» деп бекеринен насаат айтпаса керек.

Кеңешүү адамдагы өзүмчүлдүк, мен-менсинүү сезимдерин сындырып, жасаган иштердин жыйынтыгына мактанууга бөгөт болот. Кеңешүүнү жактырбоо – бул өзүн башкалардан жогору койуу дегенди туюнтат, ошону менен катар текеберчилик жана көйрөңдүк дартын козута турган кооптуу вирус.

Кеңешти уюштурган тарап абалды ачык айтып ортого салышы керек. Анык жүзү билинбеген маселелерди талкуулоодо, балким, жаңылыш бүтүмдөр чыгып калышы ыктымал. Азирети Абу Бакр *(Алла ага ыраазы болсун):* «Сага жол көрсөткүсү келген жандан абалыңды жашырба, болбосо өзүңдү өзүң алдап коюшуң ыктымал» деп насаат айткан.

Кеңешүүдө алдын ала ойдон чыгарылган чечимдерге жана сактала келген кекчилдикке алдырбай, маселени ортого коюп жаткан тарапты калыс жана бейтарап турумдан тыңдоо зарыл. Айрыкча маселе тууралуу так жана чындык маалыматтар берилиши керек. Кеңеш сураган диндешин билип туруп жаңылыш жакка багыттагандарды Азирети Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* жек көрүү менен мындай деген:

*«Кимде-ким бир маселе тууралуу акыл сураган биртууганына (диндеши) жаңылыш жолду көрсөтүп кеңеш берсе, ага кыянат кылган болуп эсептелет»* (Бухарий, ал-Адабул муфрад, № 259).

Экинчи бир маанилүү маселе тууралуу айта турган болсок, акыл-кеңеш суралган адамдын сөзмөрлүгү, көрөгөчтүгү анын толук кандуу калыстыгына кепил боло албайт. Кеңешилген адам ошол эле маалда таат-ибадаттуу, адеп-ахлактуу жана ар кандай арам иштерден таза инсан болушу керек. Азирети Пайгамбарыбыздын хадиси бизди кылдаттыка чакырат:

*«Кеңеш суралган адам ишеничтүү (акыйкатты жашырып досуна кыянаттык кылбаган) адам болушу керек»* (Тирмизий, Адаб, 57/2822).

Бул жаатта Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деген:

«... Өз ишиң тууралуу Алла Тааладан корккон адамдар менен кеңеш!» (Ибн Абу Шайба, Мусаннаф, VIII, 147).

Фараондун жогорку кеңеши мансап жана бузукулуктун артынан чуркаган көрпенделерден куралган эле. Ошол себептен анын кеңешчилери Азирети Муса менен күрөшүү чечимин чыгарышкан (Шуара сүрөсү, 35-37-аяттарды карагыла). Бул кара ниет чечим акыры барып Фараонду түбүнө жетип, аны түбөлүк азапка дуушар кылган.

Кыйынчылыкка жана кысымга кабылып калуудан корккон пендени, жакшылыктан баш тарттырууну каалаган саранды, чоң максатка белсенген адамдын ынтызарлыгын өчүрө турган коркоокту, кези келсе, жеке кызыкчылыгын жогору койуудан кайра тартпаган шылуунду жана заалымдыкка ыктаган мээримсиз адамды маанилүү кеңештин мүчөлүгүнө кошпой койгон дурус.

Жусуп Баласагындын Куттуу билиминде төмөнкүдөй насаат айтылган:

«Эй, досум! Кеңешсең, жеке кызыкчылыгын ойлобогон калыс бирөө менен кеңеш!»

Кутман сахабалардын: «– Оо, Пайгамбарым! Курандан да, сүннөттөн да жообу табылбаган маселеге туш болсок, эмне кылалы?» деген суроосунда Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деп жооп берген:

*«–Андай маселенин жообун укукчулар жана салих момун мусулмандардан сурагыла же алардан кеңеш сурап көргүлө. Андай маселелерде жеке көз карашыңарга таянып амал кылбагыла!»* (Хайсами, I, 178).

Демек, мейли диний, мейли тиричилик маселесинде болсун, ылайыктуу, тажрыйбалуу инсандар менен кеңешүү эң туура жол.

**Изгиликтин үлгүсү**

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* сахабалары менен бирге Бадрдагы суунун башына келип, орукту кайсыл жерге куруу тууросында ансарлар менен кеңешет. Хубаб бин Мунзир *(Алла ага ыраазы болсун)* :

– Оо, Алланын Элчиси! Бул жер орукка ылайык эмес. Кайсы суу курайшка эң жакын болсо, орукту ошол жерге курганыбыз жакшы. Анан өзүбүздүкүнөн башка суу кудуктарын жаап салалы. Биз турган жердеги кудуктан чыккан сууну айланта тосуп, көлмө жасайлы – деген оюн ортого салат.

Бар ааламдын сыймыгы атанган Пайгамбарыбыз Хубабдын сунушун туура көрүп, кабылдайт (Ибни Хишам, II, 259-260; Ибни Саад, II, 15).

***

Бадр урушунда мусулмандар жоо колунан 70 адамды туткунга алышат. Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* туткундардын тагдыры тууралуу сахабалары менен кеңешет. Чогулган жыйында Азирети Абу Бакр *(Алла ага ыраазы болсун)* адам башына белгилүү бир өлчөмдө каражат алган соң эркин койо берүү керектигин айтса, Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* туткундарды тегиз кырып салууну сунуштайт. Акырында Азирети Абу Бакрдын пикири колдоо табат (Муслим, Жихад, 58; Тирмизий, Сиро, 18/1567; Ахмад, , 30-31, 383-384; Вакиди, I, 107; Ибн Саад, II, 22).

***

Ухуд согушунан алдын Алла Элчиси согуштук мерчем тууралуу мусулмандар менен кеңешет. Жыйында «Мединадан чыкпай коргонуу керекпи же шаардын кыйырына чыгып бутпарастар менен чабышуу керекпи?» деген эки сунуш ортого салынат. Азирети Пайгамбарыбыз өзү «Мединада коргонуу керек» деген пикирде эле.

Бирок Бадр казатына катышалбай калган көпчүлүк жаш эржүрөк жана Азирети алп-Хамза өңдөнгөн эрендер шаардан чыгып, жоо колу менен ээн талаада салгылашуу керектигин сунушташат. Ошентип, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* көпчүлүктүн пикирине макул болот.

Бул гана эмес Мединаны коргоо үчүн хандак казууда, Таифтеги курчоону алып салууда, Табук жүрүшүнөн кайтууда жана башка көптөгөн урунттуу учурларда Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* сахабалары менен кеңешкенин тарыхтан көрүүгө болот.

***

Худайбия келишими бекитилген соң Алланын Элчиси сахабаларына кайрылып:

– *Кана эмесе, малыңарды курмандыкка чалгыла! Чачыңарды алдыргыла!..* – деп буйрук берет.

Негедир эч бир сахаба бу буйрукту орундатуу үчүн ордунан копшолбойт. Алар бир маселенин сырын түшүнбөй, муңга чөгүп турушкан эле. Азирети Пайгамбарыбыз буйругун үч ирет кайталайт. Дале болсо ордунан эч ким кыймылдабайт. Бул, арийне, Алланын Элчисине каршы чыгуу эмес, Каабага зыярат кылуу арзуусу жана жаңы бекитилген келишим, балким, бир саамга күтө турсак бузулуп калар бекен деген үмүт эле. Ырас, жамы сахабалар бир күн мурун эле:

«Алла Элчисинин көңүлүндө кандай каалоо-максаты бар болсо, аны аткарууга жан дилимден ант берем» деп Пайгамбарыбызга жан дилден убада беришпеди беле.

Сахабалардын мындай кадамына Алланын Элчиси катуу муңканат. Түнөргөн Пайгамбарыбыз жубайы Умму Саламанын чатырына барат. Жагдайды Умму Салама менен кеңешет. Кутман энебиз Азирети Пайгамбарыбызды жубатып мындай кеңеш берет:

– Пайгамбарым, сиз сахабаларыңызга эч нерсе дебестен, курмандыкка малды оболу өзүңүз чалыңыз, чачыңызды алыңыз. Ошондо бул кадамыңыз алар үчүн оор келип, аргасыз сизди ээрчишет, аларды туура түшүнүңүз!

Ошентип, Азирети Пайгамбарыбыз чатырдан чыгып жубайынын айтканындай кадам шилтейт. Сахабалар Пайгамбарыбызды көрүп, келишимдин өзгөрбөстүгүн түшүнүп, бардыгы алып келген жандыктарын курмадыкка чалып, тегиз чач алдырышат. Буга күбө болуп турган Умму Салама *(Алла ага ыраазы болсун):*

– Мусулмандар атайы ала келген малдарын курмандыкка чалып жатканда бири-бирине зыян берип койбогой эле деп корктум. Анткени алар мал союда бири-бири менен жарышып жатышкан эле – дейт (Бухарий, Шурут, 15; Ахмед, IV, 326; Вакиди, II, 613).

***

Алла Таала биз, пенделерине кеңешүүнүн мыкты үлгүсүн Куранда маалымдаган:

«Азирети Сулайман падышанын жазган катын алган Саба элинин ханышасы Балкийс катты ачып таң калат. Ойлонуп олтурбай дароо эл билермандарын тез арада чогулууга буйрук кылат. Жыйналып келген аксакал, билермандарга кайрылып:

“–Эй, билгиндер! Мага абдан маанилүү (даражадагы) кат ташталыптыр! деди. –Бул кат Сулаймандан (келген) жана ал (бул катты) Мээримдүү жана Ырайымдуу болгон Алланын ысмы менен баштаган. Мырзалар! Мындай иште мага кеңеш бергиле! (Баарыңар билесиңер) силер жанымда болбосоңор, эч бир ишке чекчиндүү кадам жасай албайм.

Алар: – Биз деген күчтүү коом, каардуу согуштун устасыбыз. Бирок буйрук сенден; эми жакшылап ойлон, эмне буйрусаң (аткарабыз) – дешти.

“Каныша (бүтүмүн айтты): Өкүмдарлар бир мамлекетке кирди дегиче, ал жерди кыйратышат, калктын барктууларын кордошот. (Мүмкүн) алар да ошондой кылышар. Мен азыр аларга бир белек жөнөтүп көрөйүн, элчилер кандай (жыйынтык) менен кайтышар экен!” (Намл сүрөсү, 29-35аяттар).

Саба элинин ханышасы акырында Сулайманга *(алейхис салам)* моюн сунуп, ыймanga келет.

***

Азирети Умар улуу жүктү моюндаган журт атасы катары коомдук ар кандай маселелер тууралуу чечим чыгарардан алдын мусулмандар менен кеңешчү. Жаш болсун, кары болсун, бардык аалымдар (каарылар) Азирети Умардын чакырган жыйынына катышып, өз ой-пикирлерин айтчу (Бухарий, Тафсир, 7/5, 110/4; Итисам 2). Ал:

«Кеңешпей туруп кандайдыр бир ишке кадам таштоо ийгиликсиз натыйжа менен коштолот» дечү. Анын кеңешүүдөгү усулу мындай болгон:

Иралды мүмкүнчүлүгү жеткен жерге чейин мусулмандардын ошол көйгөй боюнча пикир алышып, андан соң Курайш билермандарынын, эң акырында болсо сахабалардын көз караштарын укчу экен. Ошентип көпчүлүктүн жардамы менен эң мыкты чечимди кабыл алышчу.

Ошону менен катар Азирети Умар айрым бир татаал маселелер тууралуу балдардын жана жаш уландардын да көз карашын угаар эле. Анткени ал өзү айткандай, жаштардын курч акылынан пайдалануу менен бирге келечектин ээлерин бир маселе тууралуу ой жүгүртүүгө тарбиялаган (Байхаки, ас-Сунанул кубра, X, 113).

***

Адилеттүүлүгү, мээримдүүлүгү жана кыраакылыгы менен Ислам тарыхында бешинчи халифа атанган Умар бин Абдулазиз мусулмандардын халифасы болуп дайындалаары менен ар дайым акыйкатты жана жакшылыкты эскерте турган адилеттик кеңешин түзгөн. Адилдик кеңеши ар кайсы жааттарда халифага эскертүү берип, оң натыйжа бере турган сунуштарды айтып турушкан. (крз. Байхаки, ас-Сунанул кубра, X, 113).

Ушундай эле кылдаттыкты, тактыкты жана дин аалымдары менен кеңешип чечим кабыл алган даанышмандыкты Осмон мамлекетинин тарыхынан да көрүүгө болот. Маселен Чалдыран жүрүшүнө чыгуунун зарылдыгын түшүнгөн Явуз Султан Салим хан Ибн Камал паашадан фатва-уруксат алуу үчүн үч күн бою күткөн.

***

Жыйынтыктап айтканда, «Кеңешип кескен бармак оорубайт». Кеңешүү ошол себептен Ислам дининин маанилүү негиздеринин жана Азирети Пайгамбарыбыздын изги сүннөттөрүнүн бири болуп эсептелет. Алсыз табиятта жаратылган адампенде ар дайым башкалардын акылына, кеңешине муктаж болуп келген жана муктаж боло берет. Кеңешүү адамбаласын жаңылыш багытка ооп кетүүдөн жана иш аягында бушайман болуудан сактайт. Мына ушуну аңдап сезген Сулайман пайгамбар уулуна:

«Уулум! Татыктуу бирөө менен кеңешпей туруп маанилүү иштер тууралуу эч убакта өз алдынча чечим чыгара көрбө! Кеңешсең, кайгырбайсың!» деген (крз. Байхаки, ас-Сунанул кубра, X, 113).

Тажрыйбалуулардын, билгиндердин жана улуулардын кеңешин, акыл-насаатын алгандан кийин кадам таштаган адам максатка ишенич менен бел байлагандыктан, ар убак иштин майын чыгарып, жемиштүү жыйынтыктарды алат. Кеңешүүнүн берекесин татат...

## 8. Тең салмактуулук жана жети өлчөп бир кесүү

Ислам диний болсун, дүнүйөлүк болсун, турмуштук болсун, айтор, бардык жаатта чектен чыкпай, шалаакылыкка да жол бербей, бүт нерсени талаптагыдай аткарууну жана Куран менен сүннөттүн негизинде ишке ашырууну талап кылат. Анткени адамбаласынын жандүйнө бейпилдигин камсыз кылуу Ислам дининин негизги максаты. Алла Таала Ыйык Куранда:

«Ошентип силерди (ашкерeликтен, адилетсиздиктен, шалаакылыктан оолак болууңарды көздөп) тең салмактагы үмөт кылдык...» (Бакара сүрөсү, 143-аят).

Алла Таала бүт ааламды, андагы макулук атпайды акыл жеткис ажайып тең салмакта жараткан. Куран-и Каримдеги Кудайы буйруктар мына ушул тең салмактуулукту коргоого багытталган. Демек, турмушта тең салматуулукту сактоонун эң ийги жолу – Алланын буйруктарына

кайдыгер карабоо, көрсөтүлгөн туура жолдон чыкпай өмүр кечирүү. Тескерисинче, белгиленген чекти көзгө илбей турган болсок, тең салмактуулук жоголуп, жашоо «аттиң» дедирген ар кандай каргашалуу окуялардын кучагында калаары шексиз.

«Алла Таала асманды бийиктетти жана чекти белгиледи. Андыктан ээнбаштык кылып, чектен чыгып кетүүдөн сак болгула!» (Рахман сүрөсү, 7-8-аяттар).

Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«Иштин эң жакшысы тең салмактуулукта»* деп айтуу менен үммөтүнө турмуштук эң зарыл жагдайды түшүндүргөн (Байхакий, Шуабул Иман, V, 261). Башка бир хадисинде минтип насат айткан:

*«Тең салмактуулукту сактагыла, амалыңарды мыкты шекилде аткарууга жана Аллага жакын болууга аракет кылгыла. Эртелеп туруп, кечке чейин иштегиле. Анан түндөн да бираз пайдалангыла [73]. Көздөгөн максатыңарга жетүү үчүн шашпай жана санааркабай кадам таштагыла»* (Бухарий, Рикак, 18).

*«Тең салмактуулук жана сергектик – абалдын жана жүрүм-турумдун түздүгү, пайгамбарлыктын жыйырма төрттөн бири»* (Абу Давуд, Адаб, 2/4776; Тирмизий, Бирр, 66/2010; Муватта, Шаар, 17).

Кай жерде кандай шартта болбосун, эреже сакталса, ал жерде сөзсүз тынчтык орнойт. Аят жана хадистерден маалым болгондой, бул дүйнө үчүн болсун, акырет үчүн болсун, бардык иште тең салмактуулукту сактагыла деген буйрук демейки нерсе эмес. Бул Алла Таала жана Анын Элчиси койгон мыйзам-эрежелердин бир бөлүгү. Буга кынтыксыз моюн сунулган чакта гана жеке адамдын да, коомдун да бейпилдиги кепилдикке алынат. Акыйкатта, бир нерсенин туруктуулугун, үзгүлтүксүз уланып турушун тең салмактуулук гана камсыз кыла алат. Белгиленген чек орунсуз бузулса, аягына чыгайын деп калган нерсенин баары текке кетет. Бир нерсени түптөө, куруу, аягына чыгаруу чоң жоопкерчиликти, сактыкты талап кылса, жоопчерчиликсиздик жана шалаакылык бүтүндү бүлдүрүп, жакшыны жараксыз абалга жеткирет. Ошол себептен ар дайым тең салмактуулукту сактоо зарылдык деп эсептелинген. Азирети Пайгамбарыбыз бул маселенин маанилүүлүгүнө басым жасоо иретинде: *«Сөзү менен да, иш-аракети менен да ашкере алкынып чектен чыккандар бүлгүнгө учурайт»* деп эскертүү берген (Муслим, Илим, 7).

Мусулман пенде айныгыс милдети саналган ибадаттарды жүзөгө ашырууда да белгиленген чектен тайбай, тең салмактуулукка маани бериши керек. Анткени куттуу хадисте минтип буйрулган:

*«Парз эмес ибадаттардан да күчүңөрдүн жетишинче орундаткыла. Анткени аз да болсо үзгүлтүксүз орундатылганы – чоң пайда»* (Ибн Маажа, Зухд, 28).

*«Кимде-ким намазда имамчылыкка өтө турган болсо, кыскараак окусун. Анткени жамаатта алсыздар, оорулуулар жана улгайган инсандар болушу мүмкүн. А өзүңөр жалгыз болсоңор, намазды каалашынча узакка созуп окусаңар болот»* (Бухарий, Илим, 28).

*«Араңардан Алла Тааладан катуу корккон да, такыбаалык жагынан да мен алдыдамын. Мен кээде орозо кармайм, кээде кармабайм. Кээде нафил намаз окуйм, кээде окубайм. Ошондой эле эс алам жана үйлөнөм»* (Бухарий, Никах, 1; Муслим, Никах, 5).

Демек, дин Исламда христианчыл рухбандык (монахтык, кечилдик, ибадаттан баш көтөрбөй үйлөнбөй өмүр кечирүү) деген нерсе жок. Адамдын жандүйнөсү рухий азыкка муктаж болгондой эле дене турпаттын да өз муктаждыгы бар экени баарыбызга маалым. Мына ушул муктаждык камсыздалбаган чакта адамдагы тең салмактуулук бузулат, андайда бейпил турмушту да, кеңири ибадат кылууну да элестетүү мүмкүн эмес.

Алла Таала кайрымдуулук кылууда да теңсалмактуулукту буюрган:

«Көп зыкым болбо, ошондой эле ашкере колу ачык боло бербе! Болбосо сынга кабылып, (жоготконуңа) өкүнүп каласың!» (Исра сүрөсү, 29-аят).

«Мээримдүү Алланын кулдары сарптаган чакта ысырапкорчулукка жол бербейт, зыкымдык да кылбайт. Экөөнүн ортосунда тең салмакта болушат» (Фуркан сүрөсү, 67-аят).

Кайрымдуулук маселесинде козголгон бул эки көйгөй адамды Алланын азабына кириптер кылат. Ысырапкорчулук – керексиз нерселерге ашыкча чыгым кылуу. Зыкымдык – эч нерсени сарптабай байлыкка ачкенедей жабышуу. Алла Таала бизди мындай терс сапатка тушалбай, нагыз жоомартыкты өздөштүрүүнү буйруган.

«...(Элчим! Жакшылык, соопчулук үчүн) Эмнени кайрым кылууну сенден сурашат. «Муктаждыктан ашыгын» бергиле деп айткын!» (Бакара сүрөсү, 219-аят).

Кайрымдуулук кылууда, садака берүүдө ашкере берешендик кылуу бала-бакыранын ач-жылаңач калтырып, башкаларга жалдыратып коюшу ыктымал.Ошондой эле ашкере колу ачыктыгы себептүү кыйын абалга дуушар болгон адам зекет, кайыр-садака сыяктуу заттык ибадаттарды аксатып, сооптуу иштерден көңүлү калышы да мүмкүн. Мындай абал инсан үчүн чоң жоготуу болуп эсептелет.

Айрым сахабалар кээде ыйман толкунуна туруштук бералбай колунда болгон мал-мүлкүн кайрым кылууну көздөшкөн. Мындай учурда Алла Элчиси жакшы ниет менен келген мусулмандын рухий жана турмуштук абалын иликтеп көрүп, кээде мал-мүлкүнүн жарымын, кээде үчтөн бирин, кээде аз гана бөлүгүн гана казынага төгүүгө уруксат берген. Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен Азирети Абу Бакр гана бул эреженин тышында эле.

Бир кездерде өз үлүшүнө түшкөн олжолордун берекеси артып Алла Элчиси эң бай деп эсептелген адамдардай эле көп мал-мүлкө ээ болуп калган. Улуу жол башчы *(саллаллаху алейхи васаллам)* ошондо негизги муктаждыгы жана береселери үчүн аз гана бөлүгүн алып калып, калган байлыгын толугу менен кайрым кылган. Керектен ашыкча байлык колдо турганда анын жаны эч убакта жай алган эмес, беш-алты теңгеси болсо да, кембагалдын колуна карматканга чейин тынчы кетип, санааркагыны санааркаган эле.

Абу Бакр бүт байлыгын алып келген учурда Пайгамбарыбыз аны артка кайтарган эмес. Анткени башкаларга салыштырмалуу анын рухий дымагы Пайгамбардын абалына кыйла жакын болгон эле. Ал мындай чоң өлчөмдөгү кайрымдуулуктан кийин турмуш запкысын чексе деле жүрөктөгү ыйманы сустайбагыдай, кылган ишине бушайман болбогудай деңгээлдеги ыкластуу момун мусулман эле.

Жогоруда айтканыбыздай, Алла Элчиси менен Азирети Абу Бакрдын бул жааттагы абалы өзгөчө макамга ээ болгон. А жалпы мусулмандар сооптуу, пайдалуу делген иштерде тең салмактуулукту колдон чыгарбаганы оң. Анткени кандай гана жакшылык болбосун, ниеттин аруулугу жана ыкластуулук зор мааниге ээ. Азирети Пайгамбарыбыз күндөрдүн биринде:

*– Кандай гана иш болбосун орто жолду тандагыла, туура жүргүлө, дурус болгула. Билип койгула, эч бириңер амалыңардын арты менен кутула албайсыңар* – деп кабар айтат. Жанында турган сахабалар суроо салышат:

– Пайгамбарым! Сиз да кутула албайсызбы?

*– (Ооба) мен да кутула албай калышым ыктымал. Бирок Алла Таала ырайым кылып, айкөлдүгү менен мени кечирип жиберсе, анда башка кеп!* – дейт (Муслим, Мунафикийн 76, 78. Бухарий, Рикак, 18, Марда 19).

Айрыкча, ибадатка келгенде ныксыраган тейдеги шалаакы аракет пендени акыретте кыйын абалга калтырса, ашкере катуу берилип, эстен тангыдай абалга жетүү аз гана убакыттан кийин адамды ибадаттан тажатып, жаңылыш жолдорго ыктап кетүүгө себеп болоору толук ыктымал. Натыйжада ибадаттагы ашыкча урунуп-кагынуу Алла Тааланын буйругун толук кандуу орундатууга бөгөт болот. Андыктан жолдун ортосунан жүрүп, ибадатты үзгүлтүккө учуратпоого милдеттүүбүз.

Ашкереликке жана шалаакылыкка ибадатта тыю салынгандан кийин башка маселелерге көңүлкош мамиле кылуу же чектен чыгып көөп кетүү такыр асти эмес. Ошондуктан жеп-ичүү, кийинүү жана тыныгуу сыяктуу муктаждыкты ишке ашырууда да тең салмактуулукту сактоо зарыл.

«Жегиле, ичкиле, бирок ысырап кылбагыла! Анткен Алла Таала ысырапкорлорду сүйбөйт» (Аараф сүрөсү, 31-аят).

Бул буйрукту этибарга албай, ар ким өз напсине карай иш кыла турган болсо, ден-соолук, мал-мүлк сыяктуу аманаттарга кыянат кылып, аларды талаптагыдай колдонбогондугун далилдейт.

Өз ара мамилелерде, сүйүү жана жаман көрүү сыяктуу сезимге баш ийген маселелерде тең салмактуулукту сактоо кажет. Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деп эскертүү берет:

*«Досуңду сүйсөң, чеги менен сүй, кокус күндөрдүн биринде душманыңа айланышы ыктымал. Душманыңды да чеги менен жаман көр, анткени күндөрдүн биринде доско айланып кетиши ыктымал»* (Тирмизий, Бирр, 60/1997).

Кыскасы, мусулман пенде сезимине, өзүнө, сөзүнө жана иш-аракетине ээ чыгып, тизгиндей билгенди мыкты өздөштүрүшү керек. Анткени тең салмактуулук – ийгиликтин пайдубалы.

Алла Таалага жага турган, Алла Таала сүйө турган асыл касиеттердин бири – жети өлчөп бир кесүү. Карт турмуштан сабак алган ата-бабаларыбыз «Жети өлчөп бир кес» деп эң зарыл турмуштук

зарылдыкты нускалаган экен. Ар бир иштин алдынан анын кимге, канчалык пайдалуу, канчалык пайдасыз экенин жана кимге залакасы тийээрин кылдат ойлонуу абзел. Болбосо жеке кызыкчылыкты көздөгөн адамзаада бу дүйнөдө болбосо да, акыретте сөзсүз бушайман болуп бармагын тиштейт.

Ислам дини тең салмактуулукка, чара көрүүгө жана сактыкка кылдат маани берет. Бир караганда анчейин маанисиздей көрүнгөн нерселер, натыйжада орду толгус жоготууларды алып келиши мүмкүн. Азирети Мавлананын Мажалис-и Саба аттуу чыгармасындагы берген мисалга көңүл бурбай коюга болбос:

«Бир даана буудайды көргөн байкуш чымчык тузак болуп жүрбөсүн деген сактык менен эки жакка элеңдеп жүз жолу карайт. Анын сактыгын ушундан билиңиз, ал ар дайым алдында турган жемден да кара жанын ойлойт».

Алланын Элчиси кыраакы сахабасын мактоо иретинде мындай деген:

*«Сенде Алла Таала сүйө турган эки өзгөчөлүк бар:*

*1. Мүнөзүң жумшак.*

*2. Ашыкпастан этияттап иш кыласың»* (Муслим, Иман, 25, 26; Абу Давуд, Адаб, 149; Тирмизий, Бирр, 66/2011).

Азирети Пайгамбарыбыз башка бир хадисинде: *«Сактык – Алла Тааладан, шашмалык – шайтандан»* деп буюрган (Тирмизий, Бирр, 66/2012).

Азирети Абу Бакрдын *(Алла ага ыраазы болсун)* Худайбия келишими жөнүндөгү төмөнкү көз карашы бул хадистин маңызын чечмелеп койгон:

«Исламда Худайбия жеңишинен чоң жеңиш болгон эмес. Бирок эл тайыз жана тар көзкараш менен карагандыктан буга каршы чыгышат. Алар Алла менен Пайгамбардын ортосундагы иште шашмалык кылат. Алла Таала алар сыяктуу шашпайт, Ал Өзү каалаган ишти маалы келмейин жүзөгө ашырбайт» (Вакиди, II, 610; Халаби, II, 721).

Ошону менен бирге пайдалуу, кайырлуу деп эсептелген иштерде шашылуу зарыл. Жакшылык ишке чечим чыгарууга жана аны баштоого ашыгуу керек, болбосо шашылуу керек деген чолок ой менен ишти чала-чарпыт бүтүргөнгө аракет кылуу чоң жаңылыштык.

«Ар бириңерге ажал келгенде:«(Оо, Улуу) Эгем, эгер менин өмүрүмдү бираз узартсаң мен кайрымдуулук иштерди көп кылган жакшы адамдардан болоор элем» деп айтканга (аттиң кылганга) жеткирбей Биз ыроологон ырыскылардан кайрымдуулук кылып калгыла!» (Мунафикун сүрөсү, 10-аят).

Кады Ияз мындай дейт:

«Акыретке пайдасы тийе турган амалдарга көңүлкош карап жай кыймылдоо туура эмес. Алла Таалага дагы да жакындоо, ыйманды күчөйтүү үчүн акыретке тийиштүү иштерди сүйө аткарып, кайраттуу, жигердүү болушубуз керек».

Ааламдардын Ээси Улууу Алла Таала мындай деп буйруган:

«...Жакшылыкта жарышкыла!» (Бакара сүрөсү, 148-аят).

«...Чындыгында, алар ар дайым жакшылык иштерге чуркап, ырайымыбыздан үмүт кылгандыктан Бизге кайрылып дуба кылышчу...» (Анбия сүрөсү, 90-аят).

Кеменгер бабалар мындай дептир:

«Шашкалактык менен жасалган иштин түбү ачуу болот. Тамак-ашты шашып ичүү да көп ооруга себеп болот. Ошондуктан турмуштук кандай гана жагдай болбосун майын чыгара жай иштеп көн. Бирок ибадатка шаш, мусулмандык вазийпаңды ынтызарлык менен орундат».

Муну менен катар карыздарды төлөө, маркумду жерге берүү жана перзенттерди үйлөндүрүү сыяктуу иштерде ашыгуу барча мусулмандын милдети.

**Изгиликтин үлгүсү**

– Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ар күнгө ар башкача маани бергенби? – деген суроого кутман энебиз Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деп жооп берген:

– Жок. Алла Элчиси үзгүлтүксүз, жай жааган жамгыр сыяктуу бир нукта ибадат кылаар эле (Бухарий, Савм, 64, Рикак 18; Муслим, Мусафирийн 217).

Маалым болгондой, Азирети Пайгамбарыбыз тең салмакты сактап, калыбынан жазбай, үзгүлтүккө учуратпай такай ибадат кылган экен. Пайгамбарыбыз аз болсо да, туруктуу амалдын дагы да пайдалуу экендигин айтчу экен.

***

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Арапа күнү көп сахабаны ээрчитип Арафаттан Муздалифага карай бет алат. Аңгыча арт жактан айрым адамдардын алдыга озуу үчүн төөнү кагып-теминип, камчылаганын кулагы чалат. Камчы жеген төөлөр биринен сала бири айкырып ызы-чууну жаратат. Тизгин тартып, шарт артка бурулган Алла Элчиси камчысы менен ишаарат кыла элди тынчтыкка чакырат: *«Жамаат! Тынчыраак болгула! Ашыксаңар сооп таба албайсыңар!»* (Бухарий, Хаж, 94; Муслим, Хаж, 268).

***

Пайгамбарыбыз Ислам динин «адам баласынын табиятына ылайык негизделген дин» катары мүнөздөп, мусулман баласы катары бизден ага карама-каршы келген аң-түшүнүктөрдөн жана жашоо ыңгайынан алыс болууну буйруган. Бул эреже ошол эле учурда ибадаттар үчүн да күчүн сактайт. Ислам дини боюнча, Алла Таалага ибадат кылуу өтө сооптуу иш. Ошондуктан Алла Таала ибадатты бизге айнығыс парз кылып жүктөгөн. Ошону менен бирге ибадат кылууда ашкереликке жол бербөө Исламдын эрежелеринен болуп эсептелет. Себеби ал адамдын табигый түзүлүшүнө карама-каршы келет. Муну мынабул окуя дагы бир ирет эске салат:

Күндөрдүн биринде үч сахаба «канткенде чыныгы мусулман боло алабыз?» деген суроонун жообун издешет. Бирок канааттандыра турган так, даана жооп таба албаган соң, акыркы Пайгамбарга барып, суроого жооп алмак болушат. Ошентип, Алла Элчичинин үйүнө барышат. Бирок Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* үйүндө жок болот. Үчөө ээрчишип баратып ар кимиси өз алдынча чечим чыгарышат. Биринчиси «мындан кийин түнкүсүн такыр уктабай таң атканча намаз окуйм» дейт. Экинчиси «мен дагы мындан кийин күнүгө орозо кармайм» дейт. Ал эми үчүнчүсү жубайы менен жакындашпоого, болгон күч-аракетти жумшап бүт өмүрүн ибадат кылууга арнаарын айтат.

Алардын сөзүн угуп калган Азирети Аиша Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* келгенден кийин баарын төкпөй-чачпай айтып берет. Кабарды угуп кабатырланган Алла Элчисинин маңдайындагы тамыры кызарып көөп чыгат. Дароо мечитке келип, жамаатка кайрылат: *«Араңарда Аллага жакын кул болуу үчүн мындан кийин түнүчүндө уктабай таң атканча намаз окуй тургандыгын, күн сайын орозо кармай тургандыгын жана жубайы менен кошулбай тургандыгын айткандар бар экен. Мен Алланын Элчиси катары түнүчүндө намаз окуйм, уктап эс алам. Кээ бир күндөрү орозо кармайм, кээ бир күндөрү кармабайм. Ошондой эле мен жубайым менен да болом. Менин сүннөтүм ушундай! Ким менин сүннөтүмдөн жүз үйрүсө, ал менден эмес!...»* (Бухарий, Никах, 1).

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул сөзү менен ашкереликке түшүп, инсандык табиятына карама-каршы иш кылууну самаган сахабаларына туура багыт көрсөтүп, мындай иштерге терс көз карашын билдирген.

***

Абдуллах бин Амр *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алла Таалага ант этем! Өлөөр-өлгөнчө күндүзүн орозо кармайм, түнчүндө такай ибадат кылам, эч уктабайм» деген сөзүмдү Азирети Пайгамбарыбыз угуп калыптыр. Ошол күндөрдө Пайгамбарым мага жолугуп калды:

– *Ушундай сөздөрдү сен айттыңбы?*

– Пайгамбарым, ата-энем ак жолуңдун курмандыгы болсун! Ооба, мен ошентип айткам.

– *Амр (мага кулак сал), буга сенин күчүң жетпейт. Мейли сен орозо карма, кечкурун оозуңду ач, укта, ибадаттыңды да орундат! Эсиңде болсун, сенде дене-турпатыңдын акысы бар, эки көзүңдүн акысы бар, жубайыңдын акысы бар, сенден кабар алганы келгендердин акысы бар. (Айрыкча) сенин мойнуңда балдарыңдын акысы бар. Ар бир айда үч күндөн орозо карма. Анткени ар бир жакшылыкка он эсе сооп жазылат. Бул болгон убактыңды орозо кармап өткөргөнгө барабар.*

– Пайгамбарым, мындан да көпкө күчүм жетет.

– *Андай болсо, бир күн кармап эки күн эс ал!*

– Чынын айтайын, мындан да көбүрөөк кармагым келет.

– *Анда бир күн орозо кармап, бир күн эс ал. Бул Давуд пайгамбардын (алейхис салам) орозосу. Ошондой эле орозолордун эң эле салмактуусу жана айрыкча үзүрлүүсү болуп эсептелет. Давуддун (алейхис салам) намазы Алла Тааланын даргөйүндө эң сүйкүмдүү намаз эле. Анткени ал түн жарымга чейин уктап, түндүн үчүнчү бөлүгүндө намаз үчүн туруп, алтынчы бөлүгүндө кайрадан*

*уктар эле. Ал бир күн орозо кармап, бир күн кармаган эмес. Душманга бетме-бет келгенде качкан эмес.*

– Пайгамбарым, андан да артыгына күчүм жетиши мүмкүн.

*– Мындан өткөнү (күчүң жетпейт) жок. Бардык убактысын орозо кармоого жумшаган адамдын орозосу жараксыз!* – деген сөзүн үч жолу кайталады.

Баамдап көрсөм, Алла Элчисинин эң алгачкы «бир айда үч күн орозо карма» деген сунушу мен үчүн үй-бүлөмдөн да, байлыгымдан да сүйкүмдүү, нары пайдалуу болмок экен.

Алла Элчиси кайра суроо узатты:

*– Куранды кандай тариздe хатм (окуп) кылып жүрөсүң?*

– Бир түндө бир жолу баштан-аяк окуп жүрөм.

*– Куранды бир айда бир жолу баштан-аяк окуганың жакшы.*

– Пайгамбарым! Мындан да ашыкча окуганга күчүм жетет.

*– Анда, жыйырма күндө баштан-аяк бир жолу окуп чык!*

– Пайгамбарым! Мындан да ашыкча окуганга күчүм жетет.

*– Анда, он күндө бир хатм кыл.*

– Пайгамбарым! Мындан да ашыкча окуганга күчүм жетет.

*– Анда, Куранды жети күндө баштан-аяк бир жолу окугун! Мындан ашыкча кетпе!* – деди. Ошентип мен жандалбас ура берип дараметим жетпей турган өлчөмдү тандап алыптырмын.

*– Балким, өмүрүң узун болоор, сен аны билбейсиң* – деди.

Акыйкатта мен Пайгамбарым айткандай, кыйла узак жашадым».

Абдуллах бин Амр жашы илгерилеп калганда: – Эх аттиң, Алла Элчиси койгон өлчөмдү тандап алсам болмок экен! – деп көп айтып калчу экен. Түндөсү жатып эс алуу үчүн өзүнө алган милдетке ылайык күндүзү Курандын жетиден бир бөлүгүн үй-бүлө мүчөлөрүнүн бирине окуп берээр эле. Алдан тайып бараткaнда бир нече күн оозун ачып орозону токтото турган. Анан Алла Элчисине берген сөздөн кайтпоо үчүн кармалбай калган күндөрдүн казасын толук бойдон кармаган (Бухарий, Савм, 55, 56, 57, Тахажжуд 7, Анбия 37, Никах 89; Муслим, Сиям, 181-193).

Демек, буйрулган таат-ибадаттарыбызды жанкөңүлдөн орундатуу үчүн Жараткан Алла аманат катары берген саламатчылыктын жана дене-турпаттын тең салмактуулугун сакташыбыз керек.

Күч-кубат барда нафил ибадаттарды көп-көп, үзгүлтүксүз орундата жүрүүнүн албан пайдасы бар. Маселен, машакаттуу узак жолдо, ооруган кезде же улгайып, кыймылдаганга ал келбей калган чакта нафил ибадаттарды орундата албай калышыбыз ыктымал. Алла Таала ушундай кездерде да бизге нафил ибадаттарды аткарганчалык сооптoрду жазып турат. Бул айтылгандарды Куранды чечмелеген тафсир аалымдары төмөнкү аяттан чыгарышкан:

«Ыйман келтирип, салих амалды аткаргандарга түгөнгүс, үзгүлтүксүз үзүр бар» (Тийн сүрөсү, 6-аят).

Эми Азирети Пайгамбарыбыздын хадистерине назар салалы:

*«Кулпенде сапарга чыкса, же ооруп калса, Алла Таала ага (сапарда эмес) үйдө жүргөн жана ден-соолугу чың кезде орундаткан ибадаттардын сообун жазат»* (Бухарий, Жихад, 134; Ахмад, IV, 410, 418).

*«Түнү ойгонуп намаз окууну адатка айландырган адам кокус уктап калып тахажжуд намазына туралбай калса, Алла Таала ага тахажжуд окугандын сообун жазат, ал эми уйкусу өзүнө садака болуп кала берет»* (Муватта, Салатул-лайл, 1).

***

Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* сахабаларына кыямат кайым тууралуу кеп салат. Бул сукбаттан катуу таасирленген мусулмандар бул жалганды, жашоонун кызыгын эстен, чыгарып эчкирип ыйлашат. Ошол сукбатка катышкандардын арасынан он киши Усман бин Мазундун үйүнө чогулат. Булардын арасынды Азирети Абу Бакр жана Азирети Али сыяктуу алдыңкы сахабалар да бар эле. Өз ара сүйлөшүүнүн натыйжасында кыяматтын капшабынан корккон сахабалар акыреттеги азаптан сактануу үчүн дүнүйө-байлыктан кечүү, өздөрүн бычтырып алуу, күндүзү орозо кармоо, таң атканча ибадат кылуу, эт жебөө, жубайы менен болгон карым-катышты азайтуу, атыр себинбөө жана зарылдык болбосо эшик-эликке көп чыкпоо, көп баспоо сыяктуу табийгый муктаждыктарды кескин түрдө чектөөгө чечим кылышат.

Алланын Элчиси бул кабарды угаары менен Усман бин Мазундун үйүнө жетип барат. Тилекке каршы, Усман үйдө жок болуп чыгат. «Келсе айтып коюңуз, жыйында катышкан кишилер менен чогуу келип мага жолуксун» маанисинде кабар таштайт. Көп өтпөй өз ара чечим кабыл алган он киши Пайгамбарга келишет. Алынган чечимдерди өздөрүнө бирден эсептеп берген Алла Элчиси:

*– Ушул маселелер тууралуу бир бүтүмгө келген турбайсыңарбы, туурабы?* – дейт.

– Пайгамбарым! Туура таптыңыз. Бул чечимди кабыл алууда жакшылыктан башка эч кандай максатыбыз жок – дешет аргасыз ийин куушура.

*– Силер эмес, Пайгамбарлык милдетти аркалаган мага андай буйрук берилген эмес. Мойнуңарда, албетте, напсиңерди акысы бар. Орозону кээде кармагыла, кээде кармабагыла. Түнү кээде уктап, кээде ибадат кылгыла. Маселен, мен кээде уктайм да, кээде ибадат кылам. Орозо кармаган күндөрүм болот, кармабаган күндөрүм да болот. Этти кадимкидей эле жей берем, ошондой эле жубайларым менен да мамиледе болом. Кимде-ким менин сүннөтүмдөн жүз үйрүсө, ал менден эмес* – деп турмуш менен динди кантип айкалыштыра жашаш керек экендигин түшүндүрүү үчүн өзүнүн жашоосун мисалга тартат. Андан соң кабар жеткендин баарын чогултуп жалпы элге кайрылат. Азирети Мухаммаддын мындан он төрт кылым мурдагы кайрылуусу анын үммөтү катары бизге да тийиштүү:

*«Айрымдарга эмне болгон? Жубайы менен кошулууну, жеп-ичүүнү, атыр себинүүнү, уктоону жана тыю салынбаган жагымдуу нерселерди өздөрүнө арам кылып алышыптыр. Мен силерге эч убакта кечил болууну жана рухбанчылыкты буйрубадым. Менин динимде эт жегенди такыр токтотуу, аялыңдан баш тартуу, турмуш-тиричиликке кол шилтеп чиркөөдөн чыкпай жатып алуу деген нерселер жок! Менин үммөтүмдүн саякаты орозо, рухбанчылыгы (такыбаалыгы) болсо жихад болуп эсептелет. Аллага ибадат кылгыла, Ага эч нерсени шерик кошпогула, ажылыкты, умраны орундаткыла, намазыңарды окугула, зекетиңерди бергиле, Рамазандагы орозону кармагыла. Башкалар (кийинки муундар) түз жолдо жүрсүн үчүн силер туура болгула. Ашкере чектен чыккандыгы себептүү силерден мурунку коомдор талкаланып, жок болуп кетишкен. Динди (жашоого мүмкүн болбогудай абалга келтирип) татаалдаштырып салышты, Алла аны чындап татаалдаштырып койду. Бүгүнкү күндө чиркөөдөгүлөр, монастрдагыларылар ошолордун калдыктары».*

Бул окуяга карата мынабул аят түшүрүлгөн:

«Эй, ыйман келтиргендер! Алла Таала адал кылып берген жакшы жана таза нерселерди өзүңөргө арам кылып албагыла, чектен чыкпагыла. Анткени Алла чектен чыккандарды сүйбөйт» (Маида сүрөсү, 87) (Вахиди, 207-208; Али ал-Каарий, ал-Миркат, I, 182-183).

***

Азирети Аиша (Аллла ага ыраазы болсун) бир аял менен баарлашып отурган маалда Алла Элчиси сырттан кирет да, келген коноктун ким экендиги сурайт. Аиша энебиз анын жөн-жайын, келген максатын жана намазды көп окуган ыкласман аял экендигин айтат. Азирети Пайгамбар дал ушул жерден өтө маанилүү бир маселени кутман энебизге айтып коюну туура көрөт:

*«–Аларды (анын көп намаз окуганын) саноонун кажети жок. Ар ким күчүнүн жетишинче намаз окуса, ошол жетиштүү. Чындыгында, силер тажамайын Алла тажабайт!»* (Бухарий, Иман, 32).

***

Абдуллах бин Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алла Элчиси элдин алдында сүйлөп жатып тик турган адамга көзү илинет. Кызыгы артып анын ким экендигин сурайт. Сахабадан бирөө:

– Пайгамбарым, ал жөөттөрдөн келген неме. Күндүн астында турууну, отурбоону, көлөкөгө турбоону, сүйлөбөөнү жана такай орозо кармоону өзүнө милет кылып алыптыр – дейт. Баш чайкаган Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*– Ага айтып койгула. Сүйлөсүн, көлөкөгө турсун, отурсун жана оозун ачсын!* – деп буйруйт (Бухарий, Айман, 31, Абу Давуд, Айман, 19).

Маалым болгондой, ибадатта болсун, напсини тизгиндөө, же күжүрмөн күрөштө болсун, тең салмактуулук талап кылынып жаткандан кийин башка жагдайларда албетте муну сактоо зарыл.

***

«Сактыкта кордук жок» дегендей, кандай гана иш болбосун, этият болуунун зарылдыгын баса белгилөө үчүн Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* төмөнкү окуяны баян эткен:

«Азирети Пайгамбар кийизде олтурган. Ошол маалда бир чычкан жарымы күйбөй калган чычаланы кийиздин үстүнө чейин тартып келди да, кишинин караанын көргөндө оозундагысын таштап качты. Кызарып турган чычала теңгечелик жерди күйгүзүп жиберди. Буга күбө болгон Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанындагы инсандарга ар дайымкысындай даанышмандык насаатын айтты:

*«Уктардан алдын чырагыңарды өчүргүлө. Шайтан ушундай зыяндуу иштерге жол баштап, силерди өрттөп жиберип жүрбөсүн»* (Абу Давуд, Адаб, 160-161/5247).

***

Момундардын энеси Сафия *(Алла ага ыраазы болсун)* тең салмактуулук жана сактык тууралуу башынан өткөн окуяны минтип баян эткен экен:

«Алла Элчиси итикафка кирген эле. Кечке жуук Пайгамбарымдан кабар алдым. Кобурашып бир топко олтуруп калдым. Үйгө кайтканымда күүгүм кирип калган эле. Алла Элчиси мени үйгө чейин жеткирип коюу үчүн чогуу чыкты. Жолдо баратканыбызда каршы тараптан ансар мусулмандарынан эки адам чыгып таанып-таанымагандай башкача карап өтө бергенде кыраакы Пайгамбар аларды токтотту. Ортодо төмөнкүдөй кыска баарлашуу жүрдү:

– *Бери карагыла, жанымдагы бул инсан жубайым Сафия!*

– Кам санабаңыз, Пайгамбар жагымсыз кадамга барат деп эч ким ойлобойт! Алла Таала Аруу жана Улуу!

– *Шайтан адамдын денесинде кан сыяктуу айланат. Жүрөгүңөргө бир жаман ой же шек салабы деп камтама болдум* – деди (Бухарий, итикаф, 11; Муслим, Салам, 23-25).

***

Азирети Пайгамбарыбыздын төмөнкү хадистерин окуп чыккан инсан мусулман баласы үчүн зарыл эрежелерди, өз ара мамиледеги эң керектүү жагдайларды айтып кеткенине күбө болот:

*«Эч кимиңер башкага курал кезебегиле. Силер эч нерсени билбейсиңер. Кокус шайтан азгырып курал колдонулуп кеткенин байкабай, мунун кесепетинен тозокко кулап кетип жүрбөгүлө»* (Бухарий, Фитан, 7; Муслим, Бирр, 126).

*«Пендезат тууганына темир (кылыч, ок атылуучу курал) кезечү болсо, мүдөөсүнөн кайтканга чейин периштелер ага наалат айтат»* (Муслим, Бирр, 125; Тирмизий, Фитан, 4).

*«Жанында ок (жебе, атылуучу курал) бар кезде мечитке кирген, же базарды аралаган адам мусулмандар зыян тартып калбасын үчүн октун учундагы темирди кармап жүрсүн»* (Бухарий, Салат, 66, Фитан 7; Муслим, Бирр 120-124).

Жабирдин *(Алла ага ыраазы болсун)* айтуусуна караганда, Азирети Пайгамбарыбыз кындан суурулган кылычты колмо кол кармап көрүүгө тыю салган (Абу Давуд, Жихад, 66; Тирмизий, Фитан, 5).

Маалым болгондой, бирөөгө курал кезөө, курал-жарак менен тамашалашуу сыяктуу жоруктар чындыгында өтө кооптуу, нары зыяндуу. Пайгамбарыбыз буга кескин түрдө тыю салган. Душмандын кол салуу коркунучу жок кезде, майрамдарда, базарда, же көпчүлүк болгон жерде курал алып жүрүүнү да туура көргөн эмес. Хадисте айтылгандай, жанында куралы барлар башкаларды жарадар кылып койбогудай абалда этияттап кармашы керек.

***

Мисирдеги вазирлик вазийпаны татыктуу аркалаган Амр бин Ас *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай чоң ийгиликке кантип жеткендигин сурагандарга минтип айткан экен: «Мени менен айланадагы ар бир адамдын ортосунда жип тартылгандай сезчүмүн. Абал курчуп, үзүлүп кеткидей болуп чыңалган кезде жипти бираз бошотуп койчумун. Ашыкча бошоңдоп кеткенин байкап калсам, мамилени бир топ бышытып алчумун. Мен ушундай ийги усул менен чоң өлкөнүн элин башкарууда жана өз мидетимди аткарууда чоң ийгиликтерге жете алдым».

***

Жыйынтыктап айтканда, ашкере катуу кетпей ортодо болуу жана тең салмактуулукту сактоо динибиз буйруган эң жакшы иштерден болуп эсептелет. Муну менен катар ашкере кашаңдык, көңүлкоштук, кенебестик, тоңмоюндук заттык жана рухий баалуулуктарды сактоодо жана динге ак

кызмат өтөөдө тең салмакты бузган, өз ара мамилелердеги ырааттуулукту аксатып, ынтамакты ыдыраткан зыяндуу жорук, кесепеттүү мүнөз болуп эсептелет.

Ошондуктан мусулман пенде тең салмактуулукту сактап, ар бир иште жети өлчөп бир кесип, тез бүткөрүлө турган маселелерде терең ойлонуп иш кылышы керек. Ал эми ибадатта жана сооптуу жакшылык иштерге бираз ашыккан дурус. Мусулман мында да белгиленген чектен ашып өзүн кыйнап албашы керек.

## 9. Белек берүү

Тартуу кылуу, белек алуу жандүйнөсү жаркыраган, кыраакы, кеңпейил момун мусулмандын изги сезимдердин жетеги менен бири-бирин сыйга бөлөп, кубаныч тартуулаган, берекелүү, салих амал болуп эсептелет. Ак пейилден чыккан тартуулар адамдардын ортосундагы сүйүүгө, биртуугандык сезимдерге күч-кубат берет жана Алла Тааланын ыраазылыгын табууга себеп болот.

Ааламдардын ардагы аталган Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* өз хадисинде мындай дейт:

*«Ортоңордогу сүйүү оожалсын үчүн бири-бириңрге белек бергиле!»* (Муватта, Хуснул-хулк, 16; Бухарий, ал-Адабул-муфрад, № 594; Мунавий, III, 271).

*«Бири-бириңерге белек бергиле. Анткени белек көңүлдөгү таарынычты жазат...»* (Тирмизий, Вала, 6/2130).

Анас бин Малик *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деп калчу экен:

«Айланайын балдарым! Бири-бириңе сый көрсөтүп, белек алышкыла. Анткени ортоңордогу байланышты чыңоодо мунун таасири күчтүү» (Бухарий, ал-Адабул-муфрад, № 595).

Белек берүү – жоомарттыктын, кең пейилдиктин, жакшы сезимдердин жемиши жана изги ахлактын жышааны. Мусулмандын жандүйнөсү таза, бай жана берешен болгондуктан белек берүүдөн ырахат алат. Бир адамды кубантып, бирөөнүн батасын алуу аны бейпилдикке жетелейт.

Алланын сүйүктүү Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* белек беришүүнү кубаттап, өзү да мүмкүнчүлүккө жараша жакшы нерсени бирөөгө белек кылып, берилген тартууларды кабыл кылган. Бул тууралуу Азирети Аиша эне *(Алла ага ыраазы болсун)* минтип эскерген:

«Алла Элчиси тартуу кылынган белекти кабыл кылчу, ошондой эле белек ээсин эч убакта куру калтырган эмес» (Бухарий, Хиба, 11).

Берилген нерсени Азирети Пайгамбарыбыз эң оболу кайыр-садака же белек экенин тактап алаар эле. Эгер садака болсо, артка кайтарып, жардамга муктаж сахабаларына жөнөткөн. Анткени Алла Элчисине да, үй-бүлөсүнө да кайыр-садаканы пайдаланууга тыю салынган. Ал эми берилип жаткан нерсе белек болчу болсо, аны сахабалары менен бөлүшпөй койгон эмес (Бухарий, Хиба, 5; Муслим, Зекет, 175).

Белек берүү жана тартуу кылынган нерсени кабыл кылуу адамды кадырлоонун, инсанды сүйүнтүүнүн бир белгиси. Ошол себептен белектин наркынан да аны тартуулап жаткан инсандын сезимдери зор мааниге ээ. Андыктан белектин чоң-кичинелигине эмес, берип жаткан тараптын жылуу мамилесине жана ниетине баа берүү абзел. Кутман Пайгамбарыбыздан бир хадис:

*«Оо, мусулман айымдар! Муштумдай койн эти болсо да аз дебестен (ниетиңерден кайтпастан) коңшуңарга бергиле!»* (Бухарий, Хиба, 1, Адаб, 30; Муслим, Зекет, 90).

*«Эгер шыйрак же болбосо далыны бышырып конокко чакырышса, сөзсүз барам. Эгер мага далы же шыйрак (белек) берилсе, сөзсүз кабыл кылам»* (Бухарий, Хиба, 2, Никах 73; Муслим, Никах 104).

Жер жүзүнө сүйүүнүн, агартуунун, теңдиктин жана ынтымакчылыктын жарчысы катары Пайгамбар болуп келген Алла Элчиси арпанын нанын жеп кетүүнү суранган кулдардын да сураннычын четке какпай конокко барган экен (Хайсами, IX, 20).

Демек, алганда да, бергенде да белекти эч качан төмөнсүтпөө зарыл. Айрыкча, мусулман пенде Ислам адебине ылайык өзүнүн дараметине жараша белек бергени дурус.

Мүмкүнчүлүк болсо, белек берген тарапка белек кайтаруу жакшы жөрөлгө. Бирок кандай берсе, ошондой кылып кайтарышым керек деп сокур намыска айдакталып адам өзүн кыйын абалга кептеп албашы керек. Хадисте мындай деп буйрулат:

*«Бирөө сизге белек берген болсо, ага белек кайтарганыңыз дурус. Эгер тартуу кылганга эч нерсе таппасаңыз, ага ак батаңызды берип коюңуз!»* (Ахмад, II, 96).

Белек беришүү жакынкы тууган, канатташ жашаган коңшудан тарта узактагыларга карай болушу керек. А мүмкүнчүлүк болуп турса, жакынкы тууган-урук, колу-коңшуну да, узактагыларды да кубантып белек берүү кандай гана жакшы нерсе.

Момундардын энеси Азирети Аиша (Алла ага ыраазы болсун) баян этет:

– Оо, Алланын Элчиси! Эки коңшумдун кайсынысына белек берсем болот? – деген суроомо Алла Элчиси мындай деп жооп берген:

*– Кайсынысынын каалгасы сага жакын (улагалаш) болсо, ошонусуна бер* (Бухарий, Шуфа, 3, Хиба 16, Адаб, 32).

Эске сала кетчү нерсе; Белек берүүдө эч ким, эч кандай жеке кызыкчылыкты көздөбөшү керек. Болгону Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн чын дилден чыгарып тартуу кылынышы абзел. Азирети Пайгамбарыбыз Алла Тааланын ыраазылыгы эске алынбастан, жеке кызыкчылыкты көздөп берилген белектерди кабыл кылууга тыю салган.

*«Бирөөнүн ишинин бүткөрүлүшүнө ортомчу болгондугу үчүн тартуу кылынган белекти кимде-ким кабыл кылган болсо, ал сүткорлуктун (фаиз) бир эшигинен кирген болуп эсептелет»* (Абу Давуд, Буйу, 82/3541).

*«Карыз бергениңер үчүн диндеш биртууганыңар силерге белек берчү болсо, аны кабыл кылбагыла. Унааңарга мингизгиси (жагынуу үчүн) келсе, минбегиле. Эгер мурдатан бири-бирине жардамдашып, белек алышып жүрүшкөнгөн болсо анда башка кеп»* (Ибн Маажа, Садакат, 19).

Абдуррахман бин Саад *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Азд уруусунан болгон Ибн Лутбийя аттуу адамды зекет жыйноочу кылып дайындайт. Вазийпасын орундаткан Ибн Лутбийя аткарган иштери тууралуу маалымат берүү үчүн Азирети Пайгамбарга келет да:

– Мынабу мүлк сизге, а булар болсо мага берилген белектер – дейт. Муну угаары менен Пайгамбардын маанайы чөгөт. Минбарга чыгып Алла Таалага чексиз алкыш айткандан кийин жамаатка кайрылат:

*«...Алла Таала мага ишенип берген айрым олуттуу иштерди жүргүзүүнү силерге тапшырып жүрөм. Бирөөлөр милдетин аяктаган соң: «–Булар сизге таандык, булар мага белек кылынды» деп келишти. Эгер анын сөзүндө чындык бар болсо, ошол белеги ата-энесинин үйүндө жүргөндө берилгенде кана!*

*Алла Таалага ант этем! Кимде-ким бир нерсени адилетсиздик менен алган болсо, кыяматта ошону мойнуна жүктөнүп Алланын алдына барат...»*

Алла Элчиси бул эскертүүсүн айткандан кийин эки колун тең жогору көтөрүп:

*«Оо, Жараткан! Чакырдымбы? (күбө болдуңбу?)»* дейт (Бухарий, Хиял, 15, Зекет 3, Хиба 17, Жихад 189, Айман, 3, Ахкам 24; Муслим, Имара, 26-27).

Өз милдетине кыянаттык кылып коюшу ыктымал деген ой менен кызматкерлердин белек алышына тыю салынган. Жадагалса зекет жана салык жыйноочу мамлекеттик кызматкерлердин алган белеги арам деп айтылган. Бул өкүм мамлекеттик башка кызматты аркалаган жарандар үчүн да өтүмдүү. Анткени шарията арам делинген параны напсиге азгырылып «белек» деп кабыл кылуу чоң күнөө болуп эсептелет. Абдуллах бин Амр *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деген:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* пара бергенге да, пара алганга да наалат айтты» (Абу Давуд, Акдия, 4/3580).

Бериле турган жана берилген белекти кайтарып алуу чоң жаңылыштык, нары адамгерчиликсиздиктин белгиси. Аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деп буюрган:

*«Берилген белекти жана көрсөтүлгөн сыйды кайтарып алуу адал эмес. Бирок баласына тартуу кылган нерсени ата кайтарып ала алат...»* (Абу Давуд, Буйу, 81/3539).

Ырас, мындай жорук адамдык касиетке сыйбай турган нерсе. Анткени мусулман пенде эч убакта жасаган жакшылыгына бушайман болбойт жана кандай гана жагдай болбосун, Алла Тааланын ыраазылыгын көздөп гана кадам таштайт.

Белек алышууда мынабул жагдайларга көңүл буруу абзел:

а. Адал жолдон табылган белекти албай кою туура эмес.

б. Арам жол менен табылган белекти албоо керек. Анткени арам байлыктын зекети болбойт. Белек берип жаткан адамдын туура жолго түшүшүнө себепкер болуу мүмкүнчүлүгү бар болсо, анда белекти алып жардамга өтө мукаж адамдарга берип салган жакшы.

в. Белектин кандай жол менен табылгандыгы белгисиз болсо, анын чоо-жайын иликтөөнүн кажети жок. Тартуу кылып жаткан адамдын шагын сындырып койбоо үчүн алып койгон жакшы.

**Изгиликтин үлгүсү**

Умардын уулу Абдулла *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Атам (Азирети Умар) саткылыкка коюлган атластан аземделе тигилген кийимди көрөт да, аны Алла Элчисине алып барат:

– Оо, Алланын Элчиси! Эгер туура көрсөңүз мынабуну сатып алыңыз. Жума күндөрү жана чет жакадан меймандар келгенде кийесиз – деген сунушун айтат.

Атластан тигилген кийимди көргөн Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*– Муну (акыреттен) насиби жоктор кийет* – дейт.

Бир топ убакыттан кийин Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* атластан тигилген бир кийимди атама белек кылат. Жагдайды түшүнө албаган атам Пайгамбарга кайрылууну туура көрөт:

– Оо, Алланы Элчиси! Сиз жибек кездеме тууралуу: «Муну (акыреттен) насиби жоктор кийет» деп айтпадыңыз беле. Эми мага жибектен тигилген кийимди тартуу кылганыңызды кандай түшүнсөк болот? Бул жерде бир сыр бардай.

*– Мен сага муну өзү кийсин деген максатта берген жокмун. Сатып акчасын керегиңе жумшарсың же болбосо жубайыңа кийгизип койорсуң деп жиберген элем* – дейт Алла Элчиси (Бухарий, Либас 30, Жума, 7, Ийдайн 1; Муслим, Либас 6; Муватта, Либас 18).

Жибек кездемеден кийим кийүү аялдарга уруксат, ал эми эркектерге арам кылынган. Хадистин мазмунуна ылайык, бир адамга жибектен тигилген кийим-кече белекке берилсе, көңүлдү оорутпай алып, аны жубайына же кызына берип койсо болот.

***

Анас бин Маликтин айтуусуна караганда, Грециянын өкүмдары Азирети Пайгамбарыбызга алтын жалатылган жип менен жээктелип тигилген жеңи узун атлас чепкен белек кылат. Жамааттын алдында Алла Элчиси аны кийип көрөт.

– Оо, Алланын Элчиси! Бул сизге асмандан жиберилдиби? – деп сурашат тамшангандар.

– Силерге жагып калды беймˀ? Кудуреттүү Аллага ант этем! Саад бин Муаздын бейиштеги жүз аарчыларынын бирөөсү эле мындан да жакшы, мындан да аземдүү!

Андан соң Алла Элчиси аны *«Эфиопиянын журт башчысы Нажашиге тартуу кыл!»* деп Азирети Жаафарга жиберет (Ахмад, III, 229; Ибн Асийр, Усдул-гааба, I, 324; Ибн Саад, I, 456, 457).

***

Күндөрдүн биринде Давуд пайгамбар *(алейхис салам):*

– Оо, Жараткан Алла Таалам! Сени кайсы жерден таба алам? – деп мунажат кылат. Алла Таала жооп катары:

*– Менден корккондуктан жүрөгү титиреген пенделердин жанынан таба аласың!* – дейт (Ибн Касийр, ал-Бидая, IX, 287).

Анын сыңарындай Азирети Пайгамбарыбыз эл ичиндеги жакыны жок кароосуздарга, улгайып жүрөгү назик болуп калгандарга, жакыр жашагандарга жана оор жоготууга учурап күйүт тарткандарга көңүл бурган. Коомчулуктун колдоого, жардамга, жадагалса жакшы сөзгө муктаж болуп турган катмарына ушунчалык жакын болгон. Бул абал напсини тазалап, текеберчиликти талкалоо жана өзүмчүлдүктөн арылууну каалаган момун мусулмандар үчүн абдан зарыл жана ийги усул.

Анас бин Малик *(Алла ага ыраазы болсун)* төмөнкү окуяны баян эткен:

«Захир аттуу чөлдө жашаган бир сахаба бар эле. Бул инсан Алла Элчисине келген сайын чөлдө бышкан жер-жемиштерден соогат ала келчү! Үйүнө кайткан кезде Алла Элчиси анын керектүү нерселер менен куржунун толтуруп берчү. Кээ-кээде:

*«Захир биздин чөлүбүз болсо, биз Захирдин шаарыбыз!»* деп калчу.

Сырткы көрүнүшүнөн Захир анчейин жылдыздуу эмес эле. Алла Элчиси негедир бул сахабаны бөтөнчө жакшы көрөөр эле.

Захир (базарда) бир жолу бир нерсе сатып жаткан. Кутман Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* артынан көрүнбөй келип колу менен Захирдин көзүн басып калат.

– Кимсиң сен! Кимсиң дейм! Койо бер мени! – деп чебелектеп бошонууга аракет жасайт. Көзүн бекиткен адамдын Алла Элчиси экендигин билгенден кийин жаны жай алып өзүн эркин койот.

*– Кул сатабыз, ала тургандар барбы?* – деп тамшалайт.

Захир арылбас муңу бардай үшкүрүнөт:

– Ээ, Пайгамбарым! Мен шүмүрөйүп тыйынга да арзыбасам керек.

*– Андай дебе Захир! Сен Алла Тааланын даргөйүндө эң барктуу жана кадырлуу инсансың!* (Ахмад, III, 161).

***

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* башка шаардан, чет жакадан келген элчилерди, өкүлдөрдү эч убакта белексиз кайтарган эмес. Сөзүбүз куру болбосун үчүн мисал бере кетели. Бахрейн элинен жыйырма адам Мединага баруу үчүн алдын ала Пайгамбарга кат жазышат. Оң жооп болгон соң Мединага келишет да, Алланын Элчиси менен дидарлашып, Ислам тууралуу көп нерселерди сурап үйрөнгөндөн кийин баары мусулман болушат. Ислам менен таанышууга келген он эки киши Абдулкайс тобунан болот.

Бахрейндик өкүлдөрдүн кайтаар маалы болгондо Абдулкайс тобунун ар бирине белек берилет. Топтун жетекчиси Абдуллах бин Авфка он эки жарым укиййа [74] күмүш тартуу кылынат (Ибн Саад, I, 315).

Мындан башка Бани Мурранын 13 кишилик өкүлүн Харис бин Авф жетектеп келет. Азирети Пайгамбарыбыз алардын ал-абалын сурайт:

*– Эл-журтуңардын абалы кандай?*

– Ант болсун! Биз кургакчылыктан жана ачарчылыктан кыйнала турган болдук. Жан-жаныбарларыбыздын күч-кубаты калбады. Ошондуктан биздин элге ак батаңызды берип койсоңуз! – деп өтүнүшөт.

Алла Элчиси: *«Оо, Жараткан! Аларды жамгыр менен сугар!»* деп дуба кылат.

Бани Мурра уруусунун өкүлдөрү Мединада бир нече күн болгондон кийин элге кайтууну эп көрүшөт. Коштошууга келишет. Алла Элчиси аларга Харис бин Авфты жолбашчы кылып дайындаган соң белектерди берүүнү буйруйт. Билал Хабаший меймандардын ар бирине ондон, Харис бин Авфка он эки укиййа күмүш таратат (Ибн Саад, I, 298; Ибн Асийр, Усдул Гааба, I, 410).

***

Бар ааламдын Сыймыгы болгон кутман Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* тартуу кылынган белектерди кабыл алганы өңдүү мүмкүнчүлүккө жараша доско да, душманга да, айрыкча эми гана там-туң басып калган жаш Ислам өлкөсүнө келген элчилерге, ар кайсы элдин, уруулардын өкүлдөрүнө белек берүүнү салтка айланткан. Жадагалса өмүрүнүн акыркы күндөрүндө катуу ооруп жатканда да өлкөгө келген бир элдин өкүлдөрүнө белек берип, сый менен кайтарууну буйруган [75]. Көзү өтөөрдө: *«Силер да мен сыяктуу келген өкүлдөргө белек бергиле!»* деп буюрган (Муслим, Васият, 20).

***

Мусулмандын көлкүгөн таза ыйманы, пакиза дили жалаң гана жакшы, жагымдуу, көрктүү нерселерди каалайт, самайт. Андыктан көңүлгө жакпаган жийиркеничтүү нерселерди белекке бербөө зарыл.

Күндөрдүн биринде бирөөлөр Азирети Пайгамбарыбызга келемиш белек кылат. Аиша энебиз абышкасынын келемишти такыр жебесин билгендиктен дал ошол маалда каалга черткен кайырчыга аны берсемби, бербесемби деген арсар ойдо калат. Эмне кылуу керектигин сураганда Алла Элчиси мындай деп жооп берген:

*«– Өзүңөр жебеген нерсени аларга бербегиле!»* (Ахмад, VI, 105, 123).

***

«Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Бани Саида уруусунун аймагында сахабалары менен бирге олтурган кезде Сахл бин Саадка *(Алла ага ыраазы болсун)* кайрылат:

*– Сахл! Бизге суу берчи?*

Сахл бир кесе сууну Пайгамбарга сунат. Ошентип Жараткан Алланын буйругуна ылайык Анын Элчисин жандай сүйгөн Сахл бул кесени өмүр бою сактаган экен. Бул жөнүндө Абу Хазим *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

«Сахл бул кесени бир күнү бизге алып келип көрсөттү. Биз андан суу ичтик. Андан кийин Умар бин Абдулазиз Сахлдан бул кесени өзүнө белекке беришин өтүнүптүр. Кутман сахаба кесени Умарга тартуулаган экен» (Бухарий, Ашриба, 30).

Окуядан байкалгандай, Жараткан Алланын сүйүктүү Элчисинин таалимин алган сахабалар өзү үчүн эң кымбат деп эсептелген таберик буюмдарын да жандилден белекке берген берешен болушкан. Болбосо, Пайгамбар суу ичкен кесенин баа жеткис кымбат экендигин алар дагы жакшы билишкен.

***

Фирас аттуу сахаба бар эле. Ал дагы Азирети Пайгамбарыбызга таандык бир буюмга ээ болууну абдан самайт. Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыздын үйүнө барат. Баарлашып олтуруп, алдындагы кеседен тамак ичип жатканын көрүп, ошол кесесин белек кылышын өтүнөт. Эч кимдин өтүнүчүн четке кагып көрбөгөн Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* кесесин Фираска белек кылат.

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* кээ кээде Фирастын үйүнө барып:

– Жанагы кесени алып келчи! – деп ардактуу Пайгамбарыбыз өзү даам сызган кесеге зам-зам толтуруп, суусуну кангыча жутуп, ашкан сууга бети-колун жууй турган (Ибн Хажар, ал-Исаба, 3, 202).

***

Ияз бин Химар *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Мен Алла Элчисине белек бердим. Ал менден:

– *Мусулман болдуңбу?* – деп сурады. Мусулман боло электигимди айтсам:

– *Мушриктердин белегин кабыл алууга мага тыю салынган!* – деп белегимди албады (Абу Давуд, Хараж, 35/3057).

Азирети Пайгамбарыбыз белекти четке кагуу менен Иязга мусулман болуунун зарылдыгын түшүндүрүүгө, эскертүүгө аракет кылган.

Бирок эл аралык карым-катыштарда абал башка эле. Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* миң, миллиондогон элдерди башкарып жаткан, эл-журтту ээрчитип кете ала турган падышалардын, кагандардын көңүлүн Исламга жибитүү үчүн алар тарабынан берилген белектерди кабыл кылган. Азирети Али муну мындайча тастыктайт:

«Кисра (падыша) Алла Элчисине белек жиберген. Пайгамбарыбыз кисранын белегин гана эмес, башка падышалардын тартуусун да кабыл кылган» (Тирмизий, Сиро, 23/1576).

***

Жыйынтыктап айтканда, белек алышуу Аалам Ардагынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүннөтү болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө бул сүннөттү жандантып, диндештик сезимдерди ойготуу, бири-бирибизге кол созуп, биримдикти бекемдөө зарылдыгы турат.

Өзүмчүлдүк, кызыкчылык жана дүнүйөкорлук терең тамыр жайып бараткан ушу заманда ак пейилден тартуу кылынган белек биринчиден Жаратканды ыраазы кылса, экинчиден пенде көңүлүн дин Исламга тартуу үчүн абдан таасирлүү каражат болуп эсептелет.

Эгер белек душманга берилсе, убакыттын өтүшү менен көкүрөктөгү кекти унуттуруп, душмандык сезимди жок кылат. Эгер белек берилген адам душмандыгы да, достугу да жок бирөө болсо, анын көңүлүн жылытып, өзүн жакындатат. Эгер белегиңиз доско берилген болсо, ортодогу достук дагы да чыңалат. Анткени Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* жаңыдан гана мусулман болгондорго Исламды сүйдүрүү үчүн согуш олжосунан жана башка белектерден көп-көп берген.

### 10. Меймандостук

Алла Тааланы жана Анын кадырман Элчисин ардактап сүйгөн, Курандын, сүннөттүн негизинде жашоону каалаган момун мусулман адамзатка сүйүү бапестеп, камкордук көрсөтөт. Айрыкча узак сапарда же өз мекенинен алыста жүргөн кезде кандайдыр бир себептерден улам жардамга муктаж болгон карыптарга колдоо көрсөтүп, көңүлүн сүйүнтүп коюга жандилден аракет кылышыбыз керек. Анткени түрдүү машакатка тушугуп зарыгып тургап көңүлгө медер болуу – пендени Алла Таалага жакындатар изги амалдын бири.

Асыресе, мейманчылап келген мусулманды кубануу менен тосуп алып, кандайдыр бир мүшкүл менен келген болсо, анысына ортоктош болуп жакшы сөздөрдү айтып, колдон келген сыйды көрсөтүп, жылуу маанайда узатуу менен касиеттүү динибиздин изги адеп, эрежелерин аткарган болобуз.

Ошол себептен мейманды жарык маанайда тосуп алып, татыктуу узатуу мусулмандыктын белгиси. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз өз хадисинде:

*«...Алла Таалага жана акыретке ыйман келтирген пенде келген мейманга сый көрсөтсүн...»* деп буюрган (Бухарий, Никах, 80, Адаб, 31, 85, Рикак, 23; Муслим, Иман 74, 75).

Конокко эшигин ачып, сый көрсөтүлгөн үйгө жакшылык, береке жаайт. Муну Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* төмөнкү хадиси менен тастыктаган:

*«Жакшылык менен береке төөнүн өркөчүнө бычак тийе электе конок тосулган үйгө жетет»* (Ибн Маажа, Атимма, 55).

Арап эли бодо мал катары негизинен төө кармашчу жана абдан меймандос калк болгондуктан конокко төө сойгондор да бар эле. Төө этинин эң таттуу жери өркөч деп билгендиктен үй ээси бычакты дароо өркөчкө жүгүртчү экен. Ардактуу Пайгамбарыбыз бул сонун мисал аркылуу үммөтүн меймандостукка үндөгөн.

Ошондой эле Азирети Пайгамбарыбыз конок тосууну каалабаган адамда жакшылык жок деген маанидеги эскертүүнү айткан [76]. Анткени муктаж болгон адамга эшик ачпоо «улул азим» пайгамбарларды ыза кылганга тете жексур иш.

Тарыхта баяндалгандай, Азирети Муса менен Кызыр *(алейхис салам)* узак сапарда жүрүп бир айылга кез келишет. Бирок айыл элинен бирөө да аларды мейман кылгысы келбейт. Бул жагдай эки улук заттын көңүлүнө катуу тийет [77].

Башка өңүттөн алып карай турган болсок, атанын, сапарда жүргөн меймандын жана кордук көргөн пенденин дубасынын шексиз кабыл болоору ачык маалымдалган [78]. Хадистеги бул абал кубанган инсандын ак батасына да, көңүлү калган инсандын каргышына да тийиштүү.

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* атайы конок үчүн үйдө төшөнчү даяр кармоону насаат кылып, бул маселеде ысырапкорчулуктан сак болууга чакырган [79].

Аалымдардын айтуусуна таянсак, үйгө келген мейманды каап аларынан чочулагандыктан, Алла Элчиси ит багууну туура көргөн эмес. Биз бул жерден Азирети Пайгамбарыбыздын меймандостугун жана конок тосууга канчалык деңгээлде маани бергенин аңдасак болот. Ал өз хадисинде мындай деген:

*«Келген конокту бир күн мейман кылуу ар бир мусулмандын мойнундагы милдети. Үйдүн алдына (токтоп) түнөп, таң атырган адамды (тамак берип) сыйлап кою үй ээсинин милдети. Кааласа карызынан кутулсун, кааласа (эшик ачпай) карыз бойдон калсын»* (Абу Давуд, Атима, 5/3750).

*«Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирген адам келген мейманга «жаизасыны» берсин!»* деп буйруйт.

Сөз төркүнүн түшүнө албаган сахабалар «жаизанын» кандай маанини туюнтаарын сураганда Азирети Пайгамбарыбыз аны мындайча чечмелеген:

– *Жаиза – конокту бир күн, бир түн сыйлоо. Негизи мейман болуу мөөнөтү үч күн. Конокту үч күндөн ашык сыйлоо садака болуп эсептелет* (Бухарий, Адаб, 31, 85; Муслим, Луката, 14).

Эми жогорудагы хадиске түшүндүрмө бере турган болсок, конокту бир күн, бир түн чебердик менен сыйлоо, мүмкүнчүлүктүн алкагында анын ыраазы кылуу – сүннөткө төп келген амал. Ал эми экинчи жана үчүнчү күндөрдө күнүмдүк турмушта үй-бүлө жеп-ичкен нерселер менен сыйлоо – адепке ылайык. Меймандын кешиги үй-бүлө үчүн берекелүү ырыскы экенин унутпайлы.

Адамгерчиликтин сересин багынткан Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бизди чакырбаган же тосуп албаган адамдарды да чакырып сыйлашыбыз керектигин буйруган [80]. Муну менен катар аялзаты күйөсү жок кезде үйгө бөтөн бирөөнү киргизбөөгө милдеттүү [81].

Үйгө келген конок жол жүрүп келгендиктен ачка болушу, же шашылыш кайра жөнөп кетиши ыктымал. Андыктан даяр даамдарды алдын ала дасторконго койгон жакшы. Андан кийин гана мейман үчүн тамак жасоого киришүү керек. Анткени келген мейманга колдон келген сыйды көргөзүү үй-бүлөнүн адамгерчиликтүүлүгүн далилдеп, баркын көтөрөт.

Мейман жөнөп баратканда үй ээси аны дарбазага чейин узатып чыгышы – бул сүннөт [82].

Конокко барган адам төмөнкү жагдайга абдан көңүл бурушу керек. Маселен, конокко кайсы күнү кайтаарын айтпай көпкө жашап калып татыктуу сыйын көрсөткөн үй ээсин кыжаалат кылып койбоого тийиш. Бул жаатта Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам):*

– *Мусулмандын диндешин күнөөгө баткыдай абалга калтырып (анын үйүндө) көпкө жашап калганы адал иш эмес* – дейт. Сахабалар суроо салышат:

– Оо, Алланын Элчиси! Адампенде өз диндешин кантип эле күнөөгө түртсүн?

Пайгамбардын жообу мындай болду:

*– Конокту сыйлоого дарманы жок адам менен чогуу жүрүп, туруу (ашыкча жүк болуу) – аны күнөөгө түрткөнү* (Муслим, Луката, 15, 16).

Ошондой эле конокко барган адам кирип баратканда үйдүн ичине жана үй ээсине тийиштүү шариятта кароого тыю салган жерлерге ашыкча тигилип көз жүгүртпөшү керек. Бул өкүм аялга да, эркекке да тийиштүү. Ыйык Куранда мындай деп айтылат:

«...Бири-бириңердин айбыңарды жана көмүскөдөгү абалыңарды изилдебегиле...» (Хужурат сүрөсү, 12-аят).

Мейман үйгө кирип чыкканда арам нерсеге кароодон көздү сактап, ашыкча каткырбоого, кыйкырып сүйлөбөөгө тийиш. Конок жабык турган сейф, сандык, шкаф, баштык жана жашыруун сакталган нерселерди ачпашы керек. Бул жорук Ислам дининин адеп-ахлагына каршы келип, аманатка кыянаттык деп эсептелет.

Конокко келген адамдын үй ээсинин уруксатысыз намазда имамчылыкка өтүшү да, үй ээсине таандык төшөк, диван сыяктуу өзгөчө орундарга сурабастан отуруп алышы да адепке сыйбайт [83]. Тактап айтканда, кандай гана жагдай болбосун, конок үй ээсине баш ийиши керек, жадагалса, уруксат алмайын нафил орозо да тутпашы керек [84]. Үй ээси да, келген мейман да динибиз буйруган адепти карманып, бири-бирине адамгерчиликтүүлүктү гана көрсөтүшү керек.

**Изгиликтин үлгүсү**

Алланын Ардактуу Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* конокту абдан урматтап, улук башын кичик кылып өзү кызмат кылган кичипейил инсан болгон. Конок тосоордо таза, жарашыктуу кийимдерди кийчү. Таза, тыкан кийинүүнү расмий конокторду кабыл алууга катыша турган адамдарга да буйруган. Маселен, Кинданын тобу келгенде Азирети Абу Бакр, Азирети Умар жана Азирети Али Йеменден келген жарашыктуу кийимдерди кийишкен (Ибн Саад, IV, 346).

Эл аралык карым-катыш эрежелердин иштешин (протокол) көзөмөлдөө, чет элден келген элчилерди, өкүлдөрдү тосуп алуу Азирети Абу Бакрдын милдети болгон. Ал куттуу Медина шаарына келген расмий адамдарды, конокторду тосуп алып, алдын ала бейрасмий жолугушууларды өткөрүп, Алла Элчисинин алдында адам өзүн кандай алып жүрүшү керек экендигин конокторго эскертчү. Савбан *(Алла ага ыраазы болсун)* меймандарга кызмат көрсөтсө, Азирети Билал *(Алла ага ыраазы болсун)* тамак-аш маселесине жоопкер эле. Келген коноктордун алдына кээде нан менен эт, кээде нан менен сүт азыктары коюлчу (Каттаний, I, 348).

Жаратылыш Нуруна *(саллаллаху алейхи васаллам)* мейманга келип, анын ыйманга сугарылган асыл адамгерчилигин, Пайгамбарлык дидарын, жанда жок кичипейилдигин, жан эргиткен сыйын көргөн адам өз журтуна кайтып жатып Мавлана сөзү менен айтканда:

«Аллага ант болсун! Мындан ары кайда барбайын, кайда болбоюн, түбөлүк сенин мейманыңмын. Мен жансыз элем, сенден тирилдим. Мен мындан ары сенин азаттыкка чыгарган кулуңмун. Каалгаңдын күзөтчүсүмүн. Бу дүйнө да, акырет да сенин шапаат дасторконуңдун коногу...» тили менен да, дили менен да ыраазылык билдирчү экен.

***

Азирети Пайгамбарыбыздын кандайча ач калганын сурагандарга Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деп жооп берген:

«Бул абал аны тегеректеп жүргөндөрдүн жана келген-кеткендин көптүгүнөн келип чыккан. Анткени Алланын Элчиси көбүнчө сахабалары жана ач калган кембагалдар менен чогуу отуруп тамактанган. Жараткан Алла Хайбар жеңишин тартуулагандан кийин мусулмандар бираз тоюнуп, кененчилик өкүм сүрө баштаган. Ошондой болсо да эл арасында айрым адамдар дале болсо жетишпестиктин айынан турмуштун кыйынчылыгын тартышкан» (Ибн Саад, I, 409).

***

Бир адам Азирети Пайгамбарыбызга мейман болуп барат. Бирок мейман ошол кезде Исламды кабыл ала элек эле. Дасторгонго сүт коюлат. Конок анын баарын ичип койот. Толтурулган чоң кесени дагы бошотот. Ошентип ал кеседеги сүттү жети жолу ичип түгөтөт. Багы бар экен, конок ошонун эртеси келме келтирип мусулман болот. Алла Элчиси дасторконго сүт алып келүүнү буйруйт. Конок бир кесе сүт ичет. Кесеге дагы сүт толтурулат. Бирок бул кез сүттү түгөтө албай койот. Ушул окуяга ишаарат кылган Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«Момун мусулман топук менен, каапыр болсо жети курсагы менен (тойбоочудай болуп) ичет»* деп буйруйт (Бухарий, Атимма, 12; Муслим, Ашриба, 186).

***

Азирети Ибрахим *(алейхис салам)* бөтөнчө меймандос пайгамбар эле. Ал конокту ылгачу эмес, бар нерсени аябай, меймандын көңүлүн тапканга абдан дилгир болгон. Ибрахим Пайгамбар конок келбей калган күндөрдө сыртка чыгып кадимкидей жол карап, өткөн-кеткен жолоочуларды сыйлоо үчүн үйүнө ээрчитип барчу экен. Ошондуктан эл-журт аны «Абуль-адяф-конок тосчулардын атасы» деп койоор эле.

Алла Таала Азирети Ибрахимдин меймандостугун үлгү катары бизге баян этет:

«Чындыгында Биздин элчилер-периштелер Ибрахимге (Исхак аттуу перзент табаарын) сүйүнчү кабар менен барып ага салам айтышты. Ал: «Салам (сиздерге да тынчык каалайм!)» деди да, заматта бир музоонун этин кууруп алып келди» (Худ сүрөсү, 69-аят).

«Сага Ибрахимдин сыйлуу коноктору жөнүндөгү кабар келдиби? Алар Ибрахимге «Тынчылык болсун!» дешти. Ал (Ибрахим да): «Чоочун инсандарга тынчтык (саламатчылык) болсун!» деди. Ал жубайынын жанына барды да, музоонун бышырылган этин алып келди. Аларга жакын коюп: «Тамактан албайсыңарбы?» деди» (Зарият сүрөсү, 24-27-аяттар).

Ибн Аббастын айтуусуна караганда, меймандос пайгамбарга келген бул коноктор Жабраил, Исрафил жана Микаил (алайхимус-салам) периштелер эле (Куртуби, XVII, 44).

Аятта айтылгандай, Ибрахим пайгамбар конокторду жылуу кабыл алган жана акырын сыртка чыгып жубайынын жардамы менен малды союп, бышырып, анан меймандарын татыктуу сыйлап узаткан.

***

Пайгамбарыбыз Азирети Мухаммад Мустафа бизге жакшылык кылгандан качкандарга, жадагалса, жамандык кылгандарга да меймандостукту көрсөтүүнү буйруган. Мунун мисалын Жусуп пайгамбардын асыл адамгерчилигинен көрүүгө болот. Алла Таала Ыйык Куранда мындай дейт:

«(Ачарчылык жылдары) Жусуптун бир туугандары келишип, анын алдына кириштi. Ошондо Жусуп аларды тааныды. Алар (болсо) аны таанышкан жок. Жусуп алардын жүктөрүн даярдаткан учурда аларга: «Мага аталаш бир тууган иниңерди ала келгиле. Чындыгында мен силерге толук өлчөп бергенимди жана меймандос адам экенимди көрүп турасыңар» деди» (Жусуп сүрөсү, 58-59-аяттар).

Бул айкөл пайгамбардын таржымалын окуган ар бир инсан эң оор жамандыкты жасаган бир туугандарынан өч албастан, тескерисинче, меймандостугун көрсөтүп, тажаганга чейин сыйлаган жогорку адамгерчиликке күбө болот.

Демек, меймандостук – бул пайгамбарларга таандык мүнөз. Жайбаракат тамактанып, чекченемге көңүл буруу зарыл. Курсак тойсо деле ашказанды зордоп жей берүү ысырапкерчиликке жатат. Муну менен бирге мейман тосууда же конокко барып калганда желе турган тамакта ысырапкерчилик жок. Ошентсе да, конок чакыруу же тосууда үй ээси эл көрсүндөн, башкача айтканда, куру намыстан, жеке кызыкчылыктан оолак болгону оң жана Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн тосушу керек.

***

Абу Зар (Алла аларга ыраазы болсун) Исламдан мурунку караңгылык доордо буттарга табынбай таза жүргөн инсандардын бири болгон. Ал өзүнүн кантип мусулман болгондугун айтуу менен меймандостуктун көңүлдү элжиреткен бир мисалын төмөнкүчө баян эткен:

«Мен Гыфар уруусунан элем. Меккеде бир адам өзүнүн Пайгамбар болгондугун айтып чыгыптыр – деген кабарды угуп калдым. Ошол кабарды уккандан тарта Исламга болгон бир жылуу сезимди Алла Таалам жандүйнөмө салган экен, азыгымды камдап, чаначыма суу толтуруп алып Меккеге карай жол тарттым. Бир топ жол жүргөндөн кийин Меккеге да жетип бардым. Бирок Алланын Элчисин тааныбагандыктан бирөө-жарымдан сурагандан бир чети кооптонуп, бир чети тартынып турдум. Каабага барып зам-замдан кангыча ичтим, чаңкоом да тарады, курсагым да тойду. Бир кыйла күтүп турдум. Бир маалда жаныма бир өспүрүм келди:

– Баамымда, сиз бул жерге узак жактан келген окшойсуз?

– Ооба! – дедим ага.

– Андай болсо бүгүнчө биздикине барып конок болунуз! – деп мени көндүрүп, үйүнө ээрчитип барды. Мекке калкынын ар кандай жалаасынан кооптондубу, айтор, эмне үчүн келгенимди да сураган

жок. Эртеси Алланын Элчисин табуу үчүн кайрадан Каабага бардым. Кечке чейин күттүм, эч кандай кабар ала албадым. Аңгыча Али келип мага суроо салды:

– Сиз алигече кайда барарыңызды чече элексизби?

– Ооба.

– Андай болсо бүгүн да биздикине конок болуңуз? – деп дилгирлигин билдирди.

Үйүнө барганыбыздан кийин гана сурады:

– Сизде чечилбеген кандай маселе бар? Бул жака эмне үчүн келдиңиз эле?

Эч кимге айтпоо жана жол көрсөтүү тууралуу убадасын алганымдан кийин:

– Бизге жеткен кабарларга караганда, ушул шаардан бир инсан өзүнүн Пайгамбар болгондугун жар салып жатыптыр! Аны менен жүз көрүшүп, баарлашуу үчүн келген элем – дедим жалдыраган абалда өзүмдү оңтойсуз сезип.

– Келгениң абдан жакшы болуптур! Ал инсан Алланын Элчиси жана чыныгы пайгамбар болот. Эрте менен тургандан кийин экөөбүз көчөгө чыгабыз, сен мени жакшылап көзөмөлдөшүң керек. Мен кирген үйгө сен да киресиң! Кооптуу бир нерселерди байкай турган болсом, бут кийимимди түздөмүш болуп дубалга жөлөнөм, сен болсо түз өтүп кетесиң – деди зирек бала.

Эртеси күнү кадырман Пайгамбарга бардык... Көпкө баарлаштык. Акыйкаттын анык жүзүн аңдаган соң кетенчиктеп убакытты создуктургум келген жок, дароо Исламды кабыл алдым. Менин мусулман болушум Алла Элчисин абдан кубантты. Ал мага мээримдүү жылмайып көпкө тигиле карап:

*– Абу Зар. Менин буйругумду алаарың менен коомуңду Исламга чакыра баштайсың. Азырынча өз элиңе кайта берсең болот!* деди кубанычтуу маанай менен (Бухарий, Манакибул-ансар, 33, Манакиб, 10; Ахмад, ,V 174; Хаким, III, 382-385; Ибн Саад, IV, 220-225).

***

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Меккеден Мединага көчүп баргандан кийин Абу Аюб ал-Ансаринин үйүндө жети ай мейман болот. Мединалык ар бир мусулман Дин Исламдын шарапаттуу жол башчысын мейман кылууну абдан каалаган. Улуу көсөм элдин ынтызарлыгын байкап, эч кимдин шагын сындырып албоо үчүн төө кылдат бүтүм чыгарат. Бул мезгил ичинде меймандос Абу Аюб ал-Ансари Пайгамбарлар Султанына буту-бутуна тийбей жандилден кызмат кылат.

Үйдүн үстүнкү кабатында жашашын канча өтүнсө да Пайгамбарыбыз:

– Ээ, Абу Аюб! Биз үчүн төмөнкү кабат жакшы, да жайлуу – деп төмөнкү кабатта жашай баштайт.

Абу Аюб *(Алла ага ыраазы болсун)* Кудайы конок саналган Алла Элчисине урмат-сыйын көрсөтүп, кызматын сүйүп аткарат. Ошентип, Абу Аюб үй-бүлөсү менен үйдүн үстүнкү кабатында жашап калат. Алар Пайгамбарыбыз жаткан жерге туш жатып калбоо үчүн дубалдын түбүнө кырка тизилип алып укташар эле. Бул Алланын акыркы Элчисине бапестеген алардагы сүйүү-урматтын белгиси эле.

Күндөрдүн биринде Абу Аюбдун чоподон жасалган карапасы сынып,суу жерге жайылат. Кут мейманга суу тамчылап, анын тынын албагай элек деп кыжаалат болгон Абу Аюб ошол замат тек жуурканы менен сууну кургактап кирет. Таң сөгүлүп, жерге жарык кирет. Абу Аюб Алланын Элчисинен *(саллаллаху алейхи васаллам)* үстүнкү кабатка жайгашууну дагы бир ирет суранат. Азирети Пайгамбарыбыз:

–Төмөнкү кабат мен үчүн дагы ыңгайлуу! - десе да Абу Аюб *(Алла ага ыраазы болсун!):*

– Сиз төмөнкү кабатта турган чакта (сизден жогоруга) экинчи кабатка чыга албайбыз! – деп көшөрүп туруп алат. Ошентип, Пайгамбарыбыз үй ээсинин көңүлүн кыя албай экинчи кабатка жайгашат (Муслим, Ашриба, 171; Ибн Хишам, II, 116).

Абу Аюб ал-Ансаринин үй-бүлөсү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен чогуу жашаган мезгил ичинде ардактуу меймандын көңүлүн калтырып албоо үчүн болгон аракетти көрүп, күн сайын жаңы тамак бышырып бере турган. Алла Элчисинен арткан тамакты таберик катары кабылдап, атайы анын колу тийген жерден жегенди ушунчалык жакшы көрүшкөн (Муслим, Ашриба, 170-171).

***

Меккелик мусулмандарды Мединалык тургундар жадырап-жайнап, жылуу маанайда тосуп алышат. Келген конокторду үйлөрүнө алып барып колдон келген сый-урматты көрсөтүү үчүн ортодо талаш чыгат. Акырында меймандарды алып кетүү үчүн чучукулак тартууга мажбур болушат (Бухарий, Жанаиз, 3; Манакибуль-Ансар, 46).

Ошентип, мухажир [85] бүлөлөр ансарлардын [86] үйлөрүндө туруп калышат. Боордоштук келишимин ак туткан сахабалар бирге иштеп, тапкан нанын тең бөлүшүп, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып ынтымактуу жашай башташат. Ансарлар жерлерин, бактарын, малын мухажирлер менен тең бөлүшүшөт.

Бул боордоштук бар мүлкүн Меккеде таштап Мединага көчүп барган мусулмандар менен аларды кучак жая тосуп алган ансарларга бири-бирине ар тараптан заттык жана рухий жактан жардам көрсөтүүлөрүнө демине дем, күчүнө күч кошкон. Ансарлар дин жолунда туулуп өскөн алтын топурагынан айдалган мухажирлердин муңун тең бөлүшүп, аларга бар күчү менен жардам берип, мусулмандардын ортосундагы биримдикти, ынтымактыкты бекемдөөгө жан үрөй аракет кылышкан.

***

Күндөрдүн биринде Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* ачарчылыктан улам бир адам келип жардам сурайт. Бар ааламдын сыймыгы болгон Пайгамбарыбыз жубайларынын бирине кабар салып, өзөк жалгаганга бир нерсе беришин өтүнөт.

«–Сени Пайгамбар кылып жиберген Аллага ант этип туруп айтам, үйдө суудан башка эч нерсе жок» деген жоопту алат. Абал бардык жубайларынын үйүндө бирдей болгондуктан, Алла Элчиси топтолуп турган мусулмандарга кайрылат:

– *Ким бүгүн мынабул боордошту чын көңүлдөн конок кылат?*

– Пайгамбарым! Мен конок кылам! деп Абу Талха *(Алла ага ыраазы болсун)* кембагалга жалооруй үйүнө алып барат да, жубайына кайрылат:

– Жанбиргем, Алла Элчисинин коногун сыйлайлы! Үйдө өзөк жалгаганга эмнең бар?

– Балдарга гана жетер тамак бар.

– Андай болсо балдарды алаксытып тур! Дасторконго келгиси келсе, уктатып кой. Конок үйгө кирген кезде чыракты бир шылтоо менен өчүрүп кой. Анан дастаркондо биз өзүбүз да жеп жаткандай үн чыгарып олтуралы.

Мейманды төрдөн орун алып жайгашкан соң жубайы күйөсүнүн айтканындай чыракты өчүрүп койот. Анан өздөрү да тамактанып жаткансып үн чыгарып олтурушат. Ошентип, конок курсагын тойгузуп, өздөрү эч нерсе жебей ач жатышат. Таң заарынан Абу Талха Пайгамбарыбызга барат. Пайгамбарыбыз меймандос сахабаны көрүп:

– *Кече кечиндеги коногуңарга көргөзгөн сыйыңарга Алла Таала ыраазы болду!* дейт (Бухарий, Тафсир, 59/6; Муслим, Ашриба, 172-173).

Бул шарапаттуу окуядан улам мынабул аят түшкөн деп баяндалат:

«Мурдатан Мединада жашап, көңүлгө ыйманды түнөк кылгандар алдын-ала орун даярдашып, көчүп келгендерди сүйүшөт. Аларга берилген нерселерге эч ким кызганбайт. Өздөрүнө жетишсиз болуп турса да, өзгөлөрдү жогору коюшат...» (Хашр сүрөсү, 9-аят) (Бухарий, Манакибул-ансар, 10, Тафсир, 59/6; Муслим, Ашриба, 172-173).

***

Абу Бакрдын уулу Абдуррахман (Алла аларга ыраазы болсун) төмөнкү окуяны баян этет:

«Асхабы Суффа чыныгы кедей адамдар эле. Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз мындай деди:

*«Эки кишиге жеткидей тамагы бар адам (асхабы суффадан) үч адамды; төрт адамга жеткидей тамагы бар адам аларга кошуп дагы бир же эки адамды үйүнө алып кетсин!»*

Атам асхабы суффадан үч адамды үйгө ээрчитип келди. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* болсо он кишини үйүнө алып барып сыйын көрсөттү....

Атам мага:

Азирети Пайгамбардын жанында болушум керек болуп жатат. Мен келгенге чейин конокторго дасторкон жайып, алардын курсагын тойгуз! – деп тапшырма берди да, Алла Элчисинин үйүн көздөй кетти. Атам кетээри менен коноктордун алдына тамак койдум да, – Тамакка караңыздар! – дедим.

Меймандардын бирөөсү:

– Бул үйдүн ээси кайда кетти?

– Тамактан ала бериңиздер!

– Үй ээси келгенге чейин эч нерседен ооз тийбейбиз!

– Тамак муздап калбасын, аз болсо да алып олтуруңуздар. Эгер атам тамакты жебегениңиздерди билип калса, мени урушат.

Канчалык суранганыма карабай тамакты жебей коюшту.

Атам Алла Элчиси менен чогуу тамактанып, куптанды жамаат менен окугандан кийин түн бироокумда үйгө келди. Конокторго тамакты жедире албагандыгым үчүн мага ачууланаарын билгендиктен жашынып калдым. Атам үйгө кирээри менен сураштырып кирди:

– Коноктор тамактандыбы?

Үйдөкүлөрдөн тамак жебегендиги тууралуу угаары менен:

– Абдуррахман! – деди. Күткөнүмдөй атамдын үнүнөн бираз ачууланганын байкадым. Унчукпадым. Мени дагы чакырды. Унчукпадым. Бул ирет:

– Уулум, укмаксанга салба! Эгер мени угуп жатсаң, Кудай акы бери чык! – деди.

Аргасыздан башымды көтөрө албай атамдын жанына бардым:

– Менин эч кандай күнөөм жок, ишенбесеңиз меймандардын өзүнөн сурап көрүңүз?

– Абдуррахман туура айтат, ал өз милдетин аткарды. Бирок биз тамакты жебей койдук – деди меймандардын улуурагы.

– Мени күттүңүздөрбү? Мен бүгүн ушу тамакты жебегенге ант эткем. Андыктан мен мындан жей албайм.

– Алла Өзү күбө, эгер үй ээси болуп туруп сиз жебесеңиз, биз да жебейбиз.

– Жараткан сиздерге жар болсун! Дасторгонго коюлган тамакты жебей койгонуздарга таң калып жатам. Ачууга алдырып шайтандын тукуругу менен ант этип жибериптирмин. Кана, «Бисмиллах», алыңыздар! – деп ысытылган тамакты атам өзү баштап берди. Ошентип меймандарга кошулуп атам да тамактанды. Алла алдында касам ичем! Жеген сайын тамагыбызга береке кирип, көбөйүп жатканына өз көзүм менен күбө болдум. Ошентип, кут меймандарыбыз да, биз да тойгуча жедик. Тамак болсо баягы жаңы алып келгенден дагы ашып-ташып турду (Бухарий, Мавакыт, 41, Манакиб, 25, Адаб, 87-88; Муслим, Ашриба, 176-177).

***

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Бадр урушунда мусулмандардын карамагына өткөн туткундарды атайын бир жайда кармаган эмес. Маселе бир жаңсыл болуп чечилгенче алардын курсагын тойгузуп, мейман катары сыйлап туруу үчүн сахабаларга бөлүп берген. Исламдын изги маданиятынын күзгүсү саналган сахабалар өз насибин душмандык кылып, каршылы чыгып, курал көтөрүп келип колго түшүп калган жарандарга берип, өздөрү болсо курма менен сууга топук кылып турушкан (Ибн Хишам, II, 288; Хайсами, VI, 86).

***

Дин Исламдын аруулугун, бийиктигин туура аңдап түшүнгөн арап эли Алла Элчисине өз өкүлдөрүн жөнүтүп, ишеним билдиришип Исламга кире башташат. Исламды үйрөнүү үчүн келген тайпаларды, өкүлдөрдү Алла Элчиси баш болуп татыктуу тосуп алып, татыктуу узатышат. Алла Элчиси тайпалардын Мединада бир канча күн туруусун суранып, алардын Куран-и Каримди жана диний негиздерди үйрөнүшүн, тажрыйба жүзүндө кантип ишке ашырылышын көрсөтүүнү, кыскача айтканда, Ислам менен жакындан таанышуусун камсыз кылган. Маселен, Абдул Кайс тайпасы келгенде аларды мейман кылып турууга ансар мусулмандарынан суранган эле. Аларга керектүү маалыматтарды, намаз үчүн зарыл сүрөлөрдү үйрөтүүнү тапшырган.

Эртең менен келгенде ансарлар кандай алака көрсөткөнүн сурайт. Меймандардын баары бир ооздон ыраазычылык билдиришет. Андан кийин Алланын Элчиси динди дагы да оңой үйрөтүү максатында меймандарды сахабаларга бирден-экиден таратат. Пайгамбарыбыз алардын ар бирин жеке кабылдап, жаттаган Тахийяат, Фатиха жана башка сүрөлөрдү текшерип, кандай маалыматтарды үйрөнгөнүн тактап турат. Алланын Элчиси сахабалардын аракетине да, Абдул Кайс уруусунун өкүлдөрүнүн ак динди үйрөнүүгө болгон ышкысына да абдан ыраазы болот (Ахмад, III, 402).

Ошентип, Ислам дини күн өткөн сайын бүтүндөй Арапстанга жайыла берет. Адамдар топ-топ болуп Исламга киришет. Медина күн сайын жаңы конокторго толуп-ташат. Алланын Элчиси келген меймандарды илбериңки кабылдап, болгон сыйын көрсөтүп, баарынын абалына, максатына жана үрп-

адатына жараша сукбат куруп, турган аймактардын абалы жөнүндө маалымат алып, талаптарын угуп, суроолоруна жооп берип, маселелерин чечип, көңүлгө бейпилдик, кубаныч тартуулайт.

Ушундай максат менен келип Мединада он күн же андан көпкө кала турган коноктор үчүн атайын мейманканалар курулат. Маселен Абдуррахман бин Авфтын үйү мейманкана катары пайдаланылат. Булактарда андан башка Рамла бинт-и ал-Харистин курмазарынын ичиндеги кең жана кооз имарат конок үйү катары курулган деп айтылат (Каттаний, I, 347).

***

Мындай изгиликтен Азирети Пайгамбарыбыздын жубайлары да четте калган эмес.. Алла Элчиси Исламды, аялдарга тийиштүү зарыл маселелерди үйрөтүүгө уруксат бергендиктен кутман энелерибиздин үйлөрүнөн ар дайым конок үзүлгөн эмес. Жараткан Алланын өзгөчө буйругу менен Азирети Мухаммадка жубай болгон таалайлуу энелерибиз келген аялдарды жылуу маанайда күзөтүшкөн [87].

***

Меймандостуктун ажайып үлгүсүн көрсөткөн берeги окуяга назар салалы:

Азирети Хасан, Азирети Хусайн жана Абдуллах бин Жафар (Алла аларга ыраазы болсун) ажыга барууну максат кылат. Мединадан Меккеге карай жол тартышат. Жолоочулар күл азыгын жоготуп алышат. Ошентип аба-ырайынын ысыктыгы, суунун, азыктын жоктугу жол азабын ого бетер арттырат. Токтогондо эмне, бир түп дарагы жок какыраган ээн чөлдө жай болсо да сапарын уланта беришет. Машакаттуу жолдо баратып узактан бир чатырдын караанын көрүшөт. Ичтен кудуңдаган жолоочулар чатырга жакындап барышат. Улгайган кемпирден башка жан кезикпейт. Үч сахаба абалды түшүндүрүшөт. Эрди кеберсип, өңү азып турган жолоочуларга боору ооруган кемпир:

– Тигине, жалгыз коюм бар. Ошону саап сүтүн ичкиле – дейт. Бир койдун сүтү үч адамга эки, үч ууртамдан гана тийет.

– Өзөк жалгаганга мындан башка эмнеңиз бар? – дейт жолоочулар.

Меймандос чөлдүк энен энелик мээрими менен:

– Мындан башка эч нерсебиз жок. Анда бул койду сойгула, силерге сонун кылып бышырып берейин – дейт. Ошентип берешен эненин колунан даам сызып, курсакты мыктылап тойгузган жолоочулар аттанып жатып ыраазылык билдиришет:

– Биз Курайш уруусунан болобуз. Кудай буйруп Мединага аман-соо кайтчу болсок, бул жакшылыгыңызды эч убакта унутпайбыз. Мединага барып калганда сөзсүз бизге жолугуңуз!

Үйдүн ээси күүгүмдө үйүнө кайтат. Койдун союлуп кеткенин угаары менен кемпирине ачууланат:

– Өмүрү таанығбаган немелерге койду эмнеге сойдурасың? Курайш уруусунан болгон үч адам экен дейсиң, аларды эми кайдан тапмак элең?!

Бул үй-бүлө турмуштун кыйынчылыгынан улам арадан биртоп мезгил өткөндөн кийин Медина шаарына көчүп барууга аргасыз болушат. Шаар сыртынан тезек терип, аны сатып күн өткөрүшөт. Күндөрдүн биринде шаар аралап бараткан кемпир-чалды Азирети Хасан көрүп калат. Пайгамбардын небереси жылуу маанайда амандык сурашат. Турмуштун запкысын көп көргөн, бир чети улгайып калган кемпир Хасанды тааный албайт. Бир кездерде жалгыз коюн союп бергендигин айтып, жакшылык кылганын эскерткенде гана кемпирдин жүзүн кубаныч чайып кайра баштан амандашат. «Жакшылыкка жакшылык» деген эрежеге ылайык Азирети Хасан абышка менен кемпирге алтын-күмүш тартуулап, алдына бир нече койду салып берет да, Хусайнга кабар берет. Ал да жалгыз коюн жолоочулардан аябаган жоомарт кемпирге баалуу белектерди, мал-жандыктарды ыйгарат.

Үчүнчү болуп кабар жетээри менен Азирети Жафар жетип барып абышка менен кемпирди үйүнө ээрчитип келип сыйын көрсөтүп, Хасан менен Хусайндын бергенинен эки эсе көп белек берет (Газалий, Кимя-и Саадат, 463-464-беттер).

***

Сан кылымды карыткан көөнө тарыхыбыз, изгиликке каныккан маданиятыбыз биз үчүн ар дайым сыймык. Илгертен ата-бабадан калган «Кудайы конок» түшүнүгү угуттуу улутубуздун мейманга канчалык деңгээлде маани бергенин, канчалык баалаганын далилдеп келет. Ата-бабаларыбыз келген мейманды конок кылуу үчүн эч нерсесин аябаган кеңпейил калк болушкан. 14-

кылымда Ислам ааламын кыдырып чыккан Тунисттик саякатчы Ибн Батута элибиздин жогоруда биз кеп кылган артыкчылыгына күбө болгон.

Ибн Батута бир топ жандоочулары менен Анадолу аймагына тизгин бурушат. Анадолунун Денизлисине баргандан кийинки окуяны минтип эскерген:

«Шаарга кирип эл жыйналган базарга баш багып калдык. Аңгыча биздин бөтөн жерден келгенибизди байкап калышканбы, айтор, дүкөндөн бир топ адам чыгып тизгинден алып, бекем кармап туруп алышты. Биз аларды түшүнө албай чочулап турсак, дагы бир нече адам келип аларды токтотуп, ортодо түшүнүксүз талаш жаралды. «Эки дөө кагышса, ортодо кара чымын өлөт» дегендей, түшүнүксүз бир маселе тууралуу эки тараптын келише албай жатканын көрүп корко баштадык. «Шаарды көзөмөлдөп турган каракчылар го, эми абалыбыз эмне болот экен?» деп заматта шаабайыбыз сууп, эч кайда жыла албай мостоюп туруп калдык.

Кудайдан болуп арап тилин билген бирөө пайда болду. Эмне максат менен бизди талашып жатканын сурасам, бул эки жамааттын биринчиси Ахи Синандын, экинчиси Ахи Думандын дервиштери экенин жана алар бизди мейман кылуу үчүн өз ара талашып жатканын айтты. Алардын ушунчалык бийик меймандостугуна айран таң калдык. Жакшы ниети бар экенин билген соң жүзүбүзгө кан жүгүрүп, терең дем алып, өз арабызда сүйлөшө баштадык. Акырында эки тарап тең чүчүкулак тартууну жакташып, ортолук тынчып калды. Чүчүкулактын жыйынтыгында эң оболу бизди Ахи Синандын дервиштери мейман кыла турган болушту.

Ошентип Ахи Синан өз жамааты менен келип бизди өздөрүнүн мейманканасына баштап барышты. Түрдүү дүйүм тамакты жеп курсакты тойгузгандан кийин бизди мончого алып барышты. Көпчүлүк устат деп урмат кылган инсандын илбериңки кызматына ким болбосун чынкөңүлдөн ыраазы болмок. Мончодон сергип чыккандан кийин кайрадан сый тамакка чакырышты. Сый тамактан кийин кубулжуган коңур үнү бар каарылар бизге Куран окуп беришти, алар менен чогуу Алланы зикир кылып өзүбүз да, жандүйнөбүз да укмуш эс алып калдык. Анын эртеси устат Ахи Думандын мечитине барып эстен кеткис сыйын көрүп кайттык [88].

***

Л. Х. Деламарре Осмон дөөлөтүнүн социалдык-маданий турмушу тууралуу мындайча эскерет:

«Истамбулдан тышкары качан, кайда саякатка чыкпайын мен бул элдин меймандостугуна, дилинин пакизалыгына жана терең адамгерчилигине күбө болдум. Кайсы түрктөн сурабайын, өз ишин токтотуп дароо мага жол көрсөтүп, керек болсо узак аралыкка чейин коштоп барган учурлары болгон. А тамак-ашка келгенде түрктөрдүн кеңпейилдигине сукtanбай койо албайсың, алар бышырган тамактын таттуулугун жеткире айтуу кыйын. Алардын бардык иш-аракетинен асыл адамгерчиликти жана кичипейилдикти көрүүгө болот».

Эми док. А. Брайердин эскерүүсүнө кезек берели:

«Осмон дөөлөтүнүн элинде Кудайы конокту сыйлоого өзүн милдеттүү деп сезген ажайып бир асыл рух бар. Маселен, үй ээси коногуна үйүнүн күн тийген, таза, ыңгайлуу бөлмөсүн даяр тутат. Келген мейманга жандилден кызмат кылат. Кокус мейман ооруп калчу болсо, өз чөнтөгүнөн каражат сарптап дарыгер чакырат. Анткени мейманды акчасынын жумшалышын булар айып катары билишет. Коноктун кайтаар кези келгенде алыстан атайы ат арытып, чакырыкты жерге таштабай келгендиги үчүн «Куттуу үйдөн кур чыкпайт!» деген салтка ылайык мейманга сарпай (белек) тартуулайт».

***

Жыйынтыктап айтканда, Жаратkандын ыраазылыгы үчүн көрсөтүлгөн меймандостук Алла Таалага жана акыретке болгон ишенимдин белгиси. Конокту сыйлоо бул дүйнөдө молчулукту жана берекени алып келсе, акырет үчүн таалайга себеп болор мааниси зор байлык. Ата-бабаларыбыз конокко сый көрсөтүүдөн эч нерсе кемибесин тажрыйба жүзүндө билгендиктен «Конок өз ырыскысы менен келет» деген сөздү калтырып кеткен. Мындай изги түшүнүк менен жашаган мусулмандар майда-барат кыйынчылыгына кайыл боло конокту кубануу менен тосуп алып, Алланын пенделерин сыйга бөлөп келе жатышат.

## 11. Адеп

Адеп Ислам дининин көз карашында абдан маанилүү жана кең алкактуу маселе. Ошондуктан «Ислам дини – адеп-ахлактын асыл жыйнагы» деп аныктама берсек деле болот. Анткени Алла

Таалага жана Анын ардактуу Элчисине моюн сунуу менен орундатылган бүтүндөй иш-аракеттер адеп элегинен өтөт. Тыю салынган жорук-жосундар болсо адеп-ахлакка караманча каршы келген нерселер экенин акыл-эстүү адамдын баары беш колдой билет.

Акылга салып таразалай турган болсок, Ыйык Куран айрыкча адеп-ахлак маселесине катуу басым жасаган. Жадагалса Курандагы тарыхый икаялар да адеп-ахлакты, жогорку маданияттуулукту, изги иш-аракеттерди даңазалоо максатында баяндалган. Ак таңдай олуя Азирети Мавлана бул жагдайды мындайча түшүндүрөт:

«Көзүңдү чоң ачып, Алла Тааланын Китебин баштан-аяк карап чык! Андагы ар бир аят, бүтүндөй Куран адеп-ахлакты гана таалим этет!»

Жаамы кулпендесин ахлактуулукка, сергектикке чакырган Алла Таала мунун карама-каршысы саналган жагымсыз иш-аракеттерди жасоого тыю салат!

«Чындыгында, Алла Таала – адилеттүүлүктү, жакшылыкты жана тууган-урукка кайрымдуу болууну буюруп, уятсыздыкты, каапырлыкты жана чектен ашууну тыют. Алла силерге (ушундай) насыят берет. Балким түшүнөөр» (Нахл сүрөсү, 90-аят).

Алла Таала башка бир аятта адепа-ахлактуу пенделерин кечирерин сүйүнчүлөгөн:

«Оор күнөөлөрдөн жана ыпластыктардан сактангандардын бир аз күнөөлөрү болсо да, аларга Эгеңдин кечирими шексиз кең» (Нажм сүрөсү, 32-аят).

Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* өз замандаштары саналган сахабаларга адептүүлүктүн эң жогорку сересин көрсөтүп, үйрөтүп, жаамы изги ахлакты мураска калтырып кеткен. Ошол себептен динибизде адам жашоосунун ар кайсы тармагына тийиштүү усулдары жана ахлактык эрежелери бар. Маалым болгондой, булардын айрымдары парз, айрымдары сүннөт, кээ бирлери болсо мубах. Булардын баары адамдык асыл касиетти сактоо аркылуу бул жалганда да, акыретте да бактылуу жашоону камсыз кылуу үчүн коюлган.

Адамзаада бир падышанын же колунда бийлиги бар бирөөнүн алдына киргенде сырттагыдай ээн-эркин боло албайт, жүргөн-турган жерине жараша адеп-ахлактуу, салабаттуу болууга аракет кылат. Жараткандын сүйүктүү пенделери Алланын кирпик ирмемчелик убакытты көз жаздымында калтырбай бүт ааламды, бүтүндөй адамзатты үзгүлтүксүз көзөмөлдөп турганын билгендиктен жүрүм-турумга, адепа-ахлакка өзгөчө маани беришет. Натыйжада адеп алардын бүт жашоосуна сиңет. Алар Алла Тааланын бүт нерсени көрүп, көзөмөлдөп, каттоого алып турганын даана көрүп, далилсиз сезген көсөмдүктү багынтышат. Башкача айтканда, алар:

«...Кайда болбогула Ал (Алла Таала) силер менен чогуу...» (Хадид сүрөсү, 4-аят) деген олуттуу сырдын жандырмагын аңдап, Алланын алдында тургандай сезип, ушундай астейдил сезимдин кучагында жашап өтүшөт.

Жараткан Алла:

«Алар намаздарын коргошот» (Ма-аариж сүрөсү, 34-аят).

«Алар намаздарын такай окушат» (Ма-аариж сүрөсү, 23-аят) деп маалымдаган.

Азирети Мавлана бул аяттарды өтмө мааниде мындайча чечмелейт:

«Кулпенде намаздагы сергектикти намаздан кийин да алып жүрөт. Ошентип ал бүт өмүрүн адеп-ахлак жана хушуу [89] менен, жандүйнөсүнүн жана тилинин пакизалыгын сактап өтөт. Бул чыныгы сүйүү ээлеринин жана Алланын сүйүүсүнө татыктуу болгон пенделердин (олуялардын) абалы...»

Адептүүлүк негизинен жеткилең ыймандын жемиши.

Адептүүлүк – айбанга тиешелүү сапаттардан арылуу, инсандык асыл сапаттарды сиңирүү жана аны өөрчүтүү. А чыныгы мусулмандык – нукура нарктуулуктун күзгүсү болгон Ислам адеби менен болуу. Чыныгы мусулмандык – жаамы жакшы сапаттын туруктуу ээси болуу. Чыныгы мусулмандык динге болгон дилгирлиги, ыкластуулугу, такыбаалыгы, адеп-ахлактагы туруктуулугу, ишеничтүүлүгү, боорукерлиги ж.б көптөгөн жакшы жактары менен башкаларга үлгү болуу... Бул айтылгандар «Алла Таалам мени көрүп турат» деген сезимдин кучагында жашоого байланыштуу.

Адептүүлүк – адепсиздердин адепсиздигине сабырдуу болуп, чыдай билүү.

Адеп – инсан руху менен көңүлүнүн көркү.

Адеп– ар бир иштин усулу. Изги усулсуз нагыз ийгиликке жетүү мүмкүн эмес. Анын сыңары адеп-ахлактагы кемчиликтер менен чыныгы инсан деген наамга татыктуу болуу да мүмкүн эмес. Анткени пенде дене-турпаты менен эмес, рухий бийик көрөңгөсү, жакшы жүрүм-туруму менен инсан.

Адеп – акылдын жана асыл сапаттардын сыртка чагылган көрүнүшү. Анткени дин, адеп жана адамгерчилик – акыл менен асыл сапаттардын каймагы.

Момун мусулмандын адеп-ахлагынын мыктылыгы ыйманынын өтө күчтүүлүгүнөн кабар берет[90]. Башкача айтканда, адеп ошол эле маалда кемелине келген күчтүү ыймандын күзгүсү.

Адеп-ахлак – бул инсанды заттык жана рухий апааттардан, балээлерден тосо турган калкан. Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун):* «Адеп– бул ар-намысты сактаган чеп» деген.

Адеп – адамзаадага турмушту жана өзү жашаган коомду, ата-журтту сүйдүргөн пакиза сезим. Буга көзү жеткен бабаларыбыз: «Адампенденин адеп-ахлактуу болушу бүт дүйнө байлыгынан да пайдалуу» дешкен.

Адеп – бул шайтан эң жаман көргөн нерсе. Ошол себептен перзентине адеп-ахлакты үйрөтпөгөн ата-эне ага шайтанды жана душмандарды сүйдүргөн болуп эсептелет.

Адамдын чектен чыкпай, инсандык наамга көлөкө түшүрө турган аракеттерден оолак болушу адеп-ахлак маселесиндеги эң негизги эреже болуп эсептелет. Ошол себептен кеменгер бабаларыбыз: «Аалымдардын жанында тилиңе, олуянын жанында жүрөгүңө, дасторкондо колуңа, мейманга барганда көзүңө сак бол!» деп нускалап кетишиптир.

Жогоруда адеп-ахлак – бул инсанды заттык жана рухий апааттардан, балээлерден тосо турган калкан деп айттык. Белгисиз акын буга ишаарат жасап мындай деген:

Адеп – бул таажы тура буйрулган Нур Жараткандан,
Аны кийсең алыс болдун балээ, кырсык, апааттардан.

Тасаввуфчулуктун үйү саналган текке жана дергахтардын дубалында мурдалары көркөм ариптер менен эскертүү иретинде «Эдеп я Ху!» деп жазылышынын сыры ушул жерде жатса керек.

Анас бин Малик *(Алла ага ыраазы болсун):* «Амалдагы адептүүлүк анын кабыл болоруна шарт түзөт жана ишаарат кылат» десе, Алланын сүйүктүү досторунун бири: «Ибадат адамды бейишке алып барат. Ибадат ичинде болсун, жөн учурлардан болсун, бийик адеп-ахлак жана таазим пендени Алла Таалага жакындатат» деген.

Ошол себептен адеп-ахлактын эң изгиси, эң бийиги диндеги адеп болуп эсептелет. Башкача айтканда, Алла Тааланын алдында адеп сактоо, тасаввуфтун түпкү максаты мына ушул жерде жатат. Бул максат руху чийки адамды ихсан (Алла Таала мени ар дайым көрүп турат) түшүнүгү менен баралына келтирип, Жараткан Аллага болгон сүйүү, сый, уялуу жана башка сезимдерге дем берет.

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун):*

«Кененчиликте да, кысталышта да, барчылыкта да, тарчылыкта да Алла Тааланын өкүмдөрүнө баш ийүү жана Ал тыю салган нерселерден оолак болуу адеп-ахлактын эң ийгиси» деген.

Ал эми Жараткандын дагы бир сүйүктүү кулпендеси, залкар олуя Азирети Мавлана мындай деген:

«–Ыйман деген эмне?» деп акылымдан сурадым. Акылым болсо жүрөгүмдүн кулагына: «–Ыйман–бул адептүүлүк....» деп шыбырады. Демек, адеби жок неме Алланын жакшылыгынан куру калат».

Алла Тааладан кийин Анын сүйүктүү жана акыркы Элчиси Азирети Мухаммад Мустафанын *(саллаллаху алейхи васаллам)* (сүннөтүнүн, хадистеринин) алдында адеп сакташыбыз керек. Бул тууралуу буйрук Хужурат сүрөсүндө берилген.

Ахлактуулук, адеп сактоо устатка, ата-энеге, момун-мусулмандарга жана башкаларга болуп уланып кете берет.

Суфян-и Саврий мындай деген:

«Изги ахлак Алла Тааланын каарын өчүрө алат. Үч түрдүү сапат бар. Ахлагы мыкты болгондор, чыныгы ахлактуу исандар менен чогуу жүргөндөр, бирөө-жарымдын көңүлүн оорутуп алуудан астейдил сактангандар көп жакшылыктын ээси болушат».

Азирети Пайгамбарыбыздын билдиргенине караганда: *«Алла Таала жагымсыз иш кылып, жаман сөз сүйлөгөн адамды жек көрөт»* (Тирмизий, Бирр, 62/2002).

Анткени Ыйык Куранда:

«Ырасында, момундардын ичинде чагымчылык, жалаа таркалуусун самагандарга бу дүйнөдө да, акыретте да куйкалаган азап бар...» (Нур сүрөсү, 19-аят) деп буйрулган.

Башта айтылгандай, уят-сыйыттын, адеп-ахлактын тайыздыгы – акылдын, ыймандын жана динге болгон ыкластын жетик эместигинин далили. Ошол себептен ким адепке салкын мамиле

жасаса, демек ал – Алла Тааланы эстебейт, коркпойт, Пайгамбарды тааныбайт, же такыр көңүлүн башка нерселер ээлеп алган. Тилекке каршы, мына ушундайлар чоң жоготуунун босогосунда турганын түшүнгүсү келбейт. Бул көйгөйдү жүрөгү менен кабыл алып белгисиз акын береги эки сапты айтыптыр:

Ата-энеден ажыраса, жетим дебе адамды,
Анык жетим – орой мүнөз билбейт адеп-ахлакты.

Адеп – бул изги ахлактын туу чокусу. Ошондой эле Алла Таала ыроологон нематтардын эң сулуусу да, эң баалуусу да адеп болуп эсептелет [91]. Асыресе кыяматта адеп-ахлак биздин пайдабызга жарап, таразаны оор басат [92]. Адеп-ахлактуулар Алла Тааланын сүйүүсүнө арзып, акыретте Пайгамбарыбызга эң жакын туруу бактысына ээ болушат [93]. Демек, изги адеп-ахлак адамдарды бейишке алып кирчү акжолтой жолдомо экендиги талашсыз [94].

**Изгиликтин үлгүсү**

Алланын Сүйүктүү Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* адамбаласынын эң назиги, эң сулуусу, ахлагы эң мыктысы жана эң сылыгы болгон [95]. Анын уяттуулугу, абийирдүүлүгү жанда жок эле. Сүйлөгөн сөзүндө, жасаган иштеринде кыпындай жагымсыз нерсе жок эле, андай нерсеге эч убакта көңүл бурган да эмес. Көчөдө, базарда жана эл чогулган жайларда көпчүлүктүн тынчын алып айкырып, бакырууну, жамандыкка жамандык менен жооп кайтарууну түк колдогон эмес. Бири-жарымдын айыбын көрсө да, ансайын эзип кордобоюн деген айкөл түшүнүк менен кетирилген кемчиликтерди кечирип, жеңил-желпи жаңылыштыктарды көрмөксөнгө салып койгон [96].

Анын: *«(Үммөтүм) адамзаттан бөтөнчө сулуу жүзү бар мен сыяктуу»* болсо экен деген аруу тилеги болгон (Абу Давуд, Либас, 25/4089).

***

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* жолдо баратып адеп-ахлактуу, абийирдүү тууганын жемелеп жаткан адамды кезиктирет. Ал ыймандуу тууганын:

– Эй, сен тим эле уяттуу, адептүү болуп алыптырсың да! Көзүңдү ач! Иштериң жүрбөй калды, бул сапаттардын сага зыяны эле тийип жатат! (Заманың бөрү болсо, бөрү бол, түлкү болсо, түлкү бол!) – деп жаткан эле. Адилеттүүлүккө көз жумуп койо албаган Алла Элчиси ортого түшөт:

*– Аны жайына кой! Анткени уяттуулук ыймандан* – деп нуска кеп айтат (Бухарий, Адаб, 77, Иман 16; Муслим, Иман, 57-59).

Кутман сахабалардын айтуусуна караганда, Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа жоолугун ылдый түшүрө салынган кыздан да уяттуу жана адептүү болгон экен (Бухарий, Адаб, 77).

***

Бир топ жөөт Азирети Пайгамбарыбызга келип:«ас-Саму алейкум» (Сага өлүм тилейбиз!) дешет. Жөөттөрдүн бул сөзүн угуп бузуку ниет менен келишкенин аңдаган Аиша эне ачууланып:

– Каргышың кара башыңа! Алланын наалаты жана азабы силерге тийсин! – дейт. Жөөттөрдүн жаман сөзүнө жубайынын маанайы чөккөнүн түшүнгөн Азирети Пайгамбарыбыз ага мындай дейт:

*– Кой Аиша, болду кыл эми! Буларга сылык-сыпаа мамиле кыл. Жаман айткандан, оройлуктан кач!*

– Эмне деп айтканын укпадыңызбы?

*– Сен менин эмне деп айтканымды уккан эмес окшойсуң? Айткан сөздөрүн өздөрүнө дал өзүндөй кылып кайтардым. Менин алар үчүн тилеген тилегим кабыл болот, алардын каргышы кабыл болбойт* (Бухарий, Адаб, 38).

***

Анас бин Малик *(Алла ага ыраазы болсун)* Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын адеп-ахлагына мындайча баа берген:

«Кутман Пайгамбарым *(саллаллаху алейхи васаллам)* бирөөгө акаарат кылуу мындай турсун, эч убакта оозунан жаман сөз чыккан эмес, оңой менен бирөөнү каргаган эмес. Кокус жаңылыштык кетирип койчу болсок, болгону: *«– Алла жакшылыгын жаадырсын! Ага эмне болуп калган ыя...»* деп гана койчу» (Бухарий, Адаб, 38, 44).

***

Сулайман бин Сурад *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алла Элчисинин жанында олтургам. Аңгыча эки адамдын ортосунда түшүнбөстүк чыгып, бири-бирине акаарат айтканга чейин жетип калышты. Алардын бири катуу ачуулангандыктан жүзү кызарып, мойнундагы тамырлары көөп чыкты. Окуяга күбө болгон Пайгамбар мындай деди:

*– Мен бир сөз билем, эгер аны тиги адам айта турган болсо, абалы жеңилдеп калат. Эгер ал: «Кудайы мээримден куулган шайтандан (жамандыгынан) Алла Таалага калкалайм!» десе, ачуусу тарап кетет.*

Муну уккан сахабалардын бир Алла Элчисинин кеңешин ачуулуу адамга жеткирди» (Бухарий, Бадул-халк, 11, Адаб, 44, 76; Муслим, Бирр 109; Абу Давуд, Адаб, 3).

***

Жөөттөрдүн аттуу-баштуулары сыйкырчылыкты жетик өздөштүргөн эки жүздүү жөөт Лабид бин Асамга көп акча сунуш кылуу менен Пайгамбарыбызды сыйкырлап жок кылууга шарт коюшат.

Лабид Пайгамбарыбыздын бир нече тал чачын алуунун жолун издейт. Акыры айласын таап, Алла Элчисинин чачынан бир канча тал алып, аны эки үч жеринен байлап, тескери дуба окуп дем салат. Бул чачтарды эркек курманын кургаган гүл чанагынын ичине салат да, аны узактагы кудуктун ичиндеги бир таштын түбүнө койуп, сыйкырлап салат. Көп өтпөй Алла Элчиси ооруп калат. Көзүнүн нуру начарлайт. Шайы кетип катуу кыйналат. Тамакка да табити тартпай калат.

Алла Таала сүйүктүү Элчисине бу сыйкырдын ким тарабынан кантип жасалганын жана кай жерге катылганын маалымдайт. Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* Азирети Али менен Аммарды Зарван кудугуна жөнөтөт. Кудуктун суусу кына боёгуна боёлуп, жанындагы курма дарактарынын баштары акка кара көө жаап, каранын отун тутандырган азгырык шайтандын ирeңине окшоп калган экен. Азирети Али менен Аммар кудуктун суусун бошотуп ичиндеги тепкич таштарын алып, сыйкырланган чачты таап чыгышат.

Бу учурда Жабраил периште Фалак жана Нас сүрөлөрүн алып келет. Ар бир аятты окуган сайын чачтын түйүнү бирден чечиле баштайт. Эң акыркы байлам чечилген соң Пайгамбарыбыз кадимкидей жанданып, куландан соо айыгып кетет. Табити да кадимкидей ачылат. Бар ааламга асыл ахлактын үлгүсү катары жиберилген Пайгамбар өз өмүрүнө зыян келтирген жөөт Лабидди жазаламак тургай, айыбын бетине айтып эскертүү берген да жок. Лабидди да, уруусу Зурайктан да эч кимди суракка тартпайт [97].

Жөөттөрдү жаман көрүп калган Азирети Аиша эне күйгөнүнөн:

– Пайгамбарым! Сизди караниеттик менен сыйкырлаган неменин бетин ачып, эл-журттун алдында шермендесин чыгарсаң боло? – дейт. Ошондо айкөлдүктүн атасы саналган Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* жубайына мына мындай ажайып жоопту айтат:

*– Алла Таалам мага шыпаа берди. Мен элге жамандыкты жайып, эч кимге зыян келтиргим келбейт* (Бухарий, Адаб, 56).

Маалым болгондой, Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* чоң дөөлөттү башкарган өлкө башчысы катары катаал чара көрүүгө күчү жетип турганына карабастан карөзгөй ниет менен жамандык жасаган жөөттү кечире билген, жадагалса, кандайдыр бир ишаарат менен болсо да айыбын бетине айткан эмес. Анткени кутман Пайгамбарыбыз мусулман болсун, каапыр болсун, эч кимге кылчалык жамандык кылган эмес. Баарына ушунчалык сылык кайрылып, эч убакта бийик адамгерчиликтен тайган эмес.

Азирети Пайгамбарыбыз бүт ааламга үлгү катары жиберилген. Башкача айтканда, адамбаласынын башына келе турган ар кандай окуя сөзсүз анын башынан да өткөн. Ошондой курч кырдаалдарга кандай алака (реакция) көрсөткөнүн өз турмушубузга үлгү катары үйрөнүп алсак болот. Мындай нерселер биз үчүн, албетте, зарылдык. Болбосо көрпенденин сыйкыры сыяктуу нерселерди Улуу Кудуреттин Ээси болгон Алла Таалам ага жакын жуутмак да эмес, анын анчалык кыйналышына жол бермек да эмес.

***

Жаратылыш Нуру *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир мусулмандагы жаңылыштыкты түзөтүүгө белсенген кезде эч качан анын айыбын ачык жар салган эмес. Тек гана көпчүлүккө кайрылган таризде жалпылап айтып койор эле. Тактап айтканда, айыпкердин керектүү ибаратты алышына таасирлүү шарт түзүп берген. Анын бул асыл сапаты тууралуу Азирети Аиша эне минтип эскерген:

«Азирети Пайгамбарым бир маселе тууралуу керектүү өкүм чыгарып, ал ишке уруксат берет. Ошондо бир топ адамдар ал иштен баш тартып, Пайгамбардын уруксатына, өкүмүнө этибар

беришпейт. Алардын кенебестиги тууралуу кабарды алары менен аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* жамаатты топтоп, Жараткан Аллага чексиз алкыш айткандан кийин кыскача кайрылуу жасайт:

*«Айрым адамдарга эмне болуп калган, мен жасаган иштен баш тартып жатышыптыр. Ант болсун, араңардан Алланы эң жакшы тааныган да, Андан татыктуу коркконуңар да менмин»* (Бухарий, Адаб, 72; Муслим, Фадааил, 127).

***

Мукатил (Алла аны ырайымына бөлөсүн) баяндаган мына бул окуя жаматтык сый-урматты, кадырбилгиликти, адеп-ахлакты насаат кылат:

Күнгө жума. Алла Элчиси асхаб-ы суффага барат. Чакан гана бөлмөдө дилмаек болуп жаткан. Азирети Пайгамбарыбыз негизи эле дин үчүн жан аябай күрөшкөн Бадр каармандарын жогору көрө турган. Ошол күнү Бадр каармандарынан беш-алты киши дилмаекке кечирээк келишет. Пайгамбардын берекелүү дилмаегин бүт дитин коюп угуп жаткан мусулмандардын эч бири сырттан киргендерге орун бошотушпайт. Бул жагдай Алла Элчисин кыжаалатка салат.

*«–Диндешине орун бошоткон жанга Алла Таала мээримин төксүн!»* деп бата кылары менен отургандардын көпчүлүгү босогодо тургандарга орун беришет. Ушул окуядан улам ошол жума күнү төмөнкү аят түшүрүлөт:

«Эй, ыймандуулар! Силерге «Жыйналыштарда орун бергиле» делсе, орун бергиле, Алла Таала силерге Бейиштен (орун) берет. Силерге: «Тургула!» деп айтылса, тургула! Алла Таала араңардагы ыймандуулардын жана илим берилгендердин даражаларын көтөрөт. Алла Таала силердин эмне кылып жатканыңардан кабардар» (Мужадала сүрөсү, 11-аят) (Вахиди, 431-432; Ибн Касийр, IV, 347).

***

Кутман сахабалардын адеп-ахлагы менен жоомарттыгын чагылдырган береги окуя абдан ибараттуу:

Кутумдук жүз берип, Азирети Умарга канжар урулат. Кансыраган Умар уулу Абдулланы чакырат да:

–... Момундардын энеси Азирет Аишага барып: “Умар сага салам айтты» дегин. Эсиңде болсун, “Момундардын эмири!» деп айтпа. Мен бүгүндөн тарда момундарга эмирлик кыла албай калдым. Анан «Умар бин Хаттаб эки досунун жанына жер жаздануу үчүн сизден уруксат сурап жатат» деген өтүнүчүмдү билдир! дейт.

Окуянын калганын Абдулла минтип эскерет:

«Барган соң уруксат алып ичкери кирсем, Азирети Аиша ыйлап жатыптыр. Келгенимдин себебин айтып түшүндүрдүм. Кыйлага дейре ойлонгон соң:

– Алла Элчисинин жанындагы бир кишилик жерди өзүм үчүн бөлдүргөн элем. Бирок бүгүн ал жерге Умарды койбосок болбос! деген жоопту айтты. (Азирети Мухаммад менен Абу Бакир Айша энебиздин бөлмөсүнө коюлат. Азирети Айша атасы жана өмүрлүк жолдошунун жанына жазданууну тилек кылып жүргөн болот).

Көз ачып жумганча үйгө жетип бардым. Атам тынчы кетип эки көзү эшикте калган экен. Мен бараарым менен:

– Эмне кабар? – деди, эки адамдын колдоосу менен тик турган абалда.

– Арзууңуз орундалды. Азирети Аиша уруксат берди.

– Аллага чексиз алкыш! Акыркы учурларда мындан артык маанилүү иш калган жок эле. Бул дагы жүзөгө аша турган болду. Көзүм жумулары менен мени ошол жайга көмгүлө. Бирок ал жерге барган соң дагы бир жолу уруксат сурагыла. Уруксат берилсе көмгүлө, берилбесе мусулмандардын көрүстөнүнө койгула! деп керээз айтты».

Акыры Умар да көз жумат. Шааниси кылынып, аруулап жуулган соң жаназасы окулат. Сөөктү көтөрүп Азирети Аишанын босогосуна жеткенде: “Умар уруксат сурап жатат!» деп акыркы ирет уруксат суралат.

– Ичкериге киргизгиле! деп айтылары менен бөлмөгө киргизип, эки кутмандын жанына коюлат (Бухарий, Асхабун-Наби 8, Жанаиз 96, Жихад 174, Тафсир, 59/5, Ахкам 43).

***

Давуд Тааи баян этет:

«Абу Ханифа менен жыйырма жыл чогуу жүрдүм. Бул мезгил ичинде мейли жалгыз болсун, мейли жанында бирөөлөр болсун, бул залкар аалымдын жылаңбаштанып, бутун сунуп отурганын тыныгуу учурунда да көрбөптүрмүн. Кызыгым артып мунун себебин өзүнөн сурадым:

– Устат, жалгыз отурганда бутту узатып отурбаганыңыздын себеби эмнеде.

Абу Ханифа мага мындай деп жооп берди:

– Алла Тааланын алдында адепти сактоо дагы да абзел иш».

***

Султан I Ахмад Хан өз мечитин алты мунаралуу кылып курдурган соң Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон сый-урматы себептүү Пайгамбар (Набавий) мечитине дагы бир мунара коштурган (Илбер Ортайлы, Османлыйы йениден кешфетмек, 150-бет).

***

Исламдын изги маданиятына сугарылган ата-бабаларыбыз адеп, ар-намыс жана абийир маселесинде бүт дүйнөнү таң калтыргыдай ажайып артыкчылыкты көрсөтө алышкан. Христианчылыкты катуу тутунган протестант агымынын өкүлү Саломон Швейгер аттуу белгилүү поп өзүнүн саякатнаамасында мусулмандар тууралуу буларды жазган:

«Мусулман баласы мончодо жалгыз жүрсө да кездеме менен белден ылдый оронуп алат экен. Чындыгында, булардагы адеп-ахлак суктанарлык! Биз адепти, уят-сыйытты жана абийирдүүлүктү бул варварлардан(!) үйрөнүшүбүз керек» (Илбер Ортайлы, Османлыйы йениден кешфетмек, 88-бет).

***

Жыйынтыктап айтканда, адеп-ахлак дин Исламдын өзөгүн түзгөн жана өзгөчө маани берген олуттуу жагдай болуп эсептелет. Алтын-күмүш уурдалып, тонолуп жок болот, а адеп болсо, бир эле маалда башкаларга да пайдасын тийгизген түбөлүктүү байлык. Ошол себептен мусулмандар адеп-ахлак эрежелерин жакшылап үйрөнүп, үйрөнгөнүн турмушта так колдонуп жана өзүнүн үлгүлүүлүгү менен аны башкаларга үйрөткөн жандуу өрнөк болушу керек.

Адепсиздик – бул пендени айбандан да төмөнгө түшүрүп, эки дүйнөдө тең шерменделиктин көөсүн жаба турган жаман сапат. Адепсиздик – түпсүз кудук, аягы, соңу жок. Ошентип адамбаласы абийирди сыйрып салып күн кечире берсе, ачкөз напсинин тойбос кумары үчүн жанталашып жүткүнө берсе, күндөрдүн биринде ахлаксыздыктын сормо сазына белчеден батканда, ойго келбес балекет башка «каңк!» дей түшкөндө гана аргасыздан бармак тиштейт. Жараткан тарабынан тыю салынган бул кесепеттүү жол заттык өңүттөн да, рухий өңүттөн да көрпендени жер менен жексен кылары талашсыз. Адеп-ахлаксыздыктын жайылышын каалаган адамдар акыры жүрүп өзүнүн бузулганы аз келгенсип, коомду да бузуп пенде эмес тоо көтөргүс күнөөгө батып, элдин убалына калат. А Кудайы азап болсо, сөз кудурети жеткис оор, нары жаман...

Азирети Мавлана олуя мындай дейт:

«Адептүүлүктөн тайбай өмүр кечирүүнү Алладан сурайлы. Анткени адепсиз Жараткандын жакшылыгынан куру калат. Ахлаксыздын зыяны өзү менен гана чектелбейт, бүт мейкиндикти өрткө каптатат.

Алла койгон Ак жолдон тайып, уят-сыйытсыз жоруктарды жасаган адам башкаларды да жолдон адаштырат. Мындай адам анык бузуку. Кимде-ким чектен чыгып, абийирди тепсендиде калтырган болсо, анын акыбети бушаймандыкка буулуу, арылбас «аттиң». Иблис-шайтан адепсиздиги, текеберлиги себептүү Жараткандын ырайымынан куулган».

«Эгер шайтандын башын жанчкың келсе, көзүңдү чоң ач, адепти сакта. Анткени адептүүлүк шайтанды талкалайт. Эгер пендезатта ыйман болбосо, аныгында ал адам эмес. Анткени адам менен айбандын айырмасы адеп-ахлакта».

Буга ылайык момун мусулмандар ар дайым адепке, жалпы ахлактык эрежелерге баш ийип, адамдык касиетти, изги сапаттарды өнүктүрүп, ыймандуулуктун жышаанын жыпар жыттуу гүл сыяктуу айланага чача билиши керек. Мейли Жараткандын алдында болсун, мейли пенденин алдында болсун, адептен, абийирдүүлүктөн тайбашы керек. Колуна, тилине, көзүнө, кулагына, жүрөгүнө, кыскасы Жараткан Алла мени көрүп турат деген сезим менен ар убак сак болууга тийиш.

Момун мусулманга тийиштүү дагы бир турмуштук зарылдык тууралуу айта кетпесек болбойт. Адампенде ар дайым тилин тарта билиш керек. Ошондой эле качан, кай жерде, кантип, эмне деп сүйлөрүн, кайсы учурларда унчукпай калуу керек экендигин билүүгө милдеттүү.

**а. Кеп (сүйлөө) адеби**

Ой жүгүртүү жана сүйлөө адамзааданы башка макулуктардан айырмалап турган артыкчылык болуп саналат. Бир адамдын сүйлөгөн кебинен эле анын акыл деңгээлин, дүйнө таанымын көрүүгө болот. Башкача айтканда, сөз – бул адамдын күзгүсү. Адамды адам кылган – тил. Пендезаттын бак-таалайы да, азап-кайсыгы да иралды тилге байланыштуу. Ошол себептен ойлонуп сүйлөп, тилге өтө сак болуп, жаактан жаңылып албоого кылдат болушубуз абзел.

Сүйлөгөндө Алла Таалага жана Азирети Пайгамбарыбызга урмат-сый көрсөтүлсө, мындай адеп-ахлак эң жогорку баага татыйт. Жараткан Алланы жана Анын Элчисин наарazы кылгыдай деңгээлде өтө төмөн кетип, өтө ыплас нерселерди оозануу момун мусулманга түк жарашпайт.

Алла Таала бизге эскертүү берген:

«Эй, ыймандуулар! Алланын жана Анын Элчисинин алдында алдыга жүткүнбөгүлө! Алладан корккула! Чындыгында Алла – Угуучу, Билүүчү.

Эй, ыймандуулар! Үнүңөрдү пайгамбардын үнүнөн бийик көтөрбөгүлө. Өз ара бири-бириңерге кыйкыргандай Пайгамбарга кыйкырып сүйлөбөгүлө! (Болбосо,) амалыңардын жокко чыкканын сезбей каласыңар» (Хужурат сүрөсү, 1-2-аяттар).

Аятта буйрулгандай, момун мусулман кандай гана жагдай болбосун, ченем-чегин билип, кандай гана маселе болбосун, Алла Тааланын жана Анын сүйүктүү Элчисинин өкүмү турганда өз алдынча өкүм койгонго жандалбас кылбашы керек. Ошондой эле зарылчылыгы жок кезде улуу жана илимдүү инсандардын алдында үндү бийик көтөрүп сүйлөө да адепсиздикке жатат.

Момун мусулман сөздү «Бисмиллах» менен баштап, Алла Таалага чексиз ыраазылык, алкыш айтышы керек. Мындай усул менен башталбаган сөздүн жана иштин берекеси болбой, ара-чолодо каларын Азирети Пайгамбарыбыз маалымдаган [98]. Алла Элчиси жадагалса жаш баланын оозунан чыккан алгачкы сөз Алланын улуктугун даңктаган сөз болсо деп арзуу кылган. Ошол себептен Абдулмуталлибден тараган бир наристенин тили чыгып калган болсо, ага: «Аллага мактоо! Ал эч качан Өзүнө уул алган эмес жана Өз бийлигинде шериги да жок. Аны басынтуудан коргоп калуу үчүн эч кандай коргоочунун да кереги жок» дегин. Аны дал ушинтип даңкта!» деп Исра сүрөсүнүн, 111-аяттын жети жолу кайталап үйрөтүп койоор эле (Абдурраззак, IV, 334; Ибн Абу Шайба, ал-Мусаннаф, I, 348).

Жаратканга жакпаган оопасыз сөзгө убакыт коротуудан оолак болгон жакшы. Анткени мындай жосун биринчи кезекте жүрөктү катытат. Жүрөгү катып калган Жараткандын назарынан калат.

Башка өңүттөн карай турган болсок, көп сүйлөгөн адам жалган-жашыкты аралаштырып же жаңылыш нерселерди сүйлөп салышы да толук ыктымал. Бул акыйкатты белгисиз акын минтип нускалаптыр:

Жаагы тынбас көрпендеге бир насаат:

«Көп сүйлөгөн адам дайым жаңылат!»

Сүйлөй турган адам оболу оюн жакшылап бир жерге жыйнап, айтар сөзүн белендеп алышы керек. Асыресе, айтыла турган сөзү кимге канчалык пайда, кимге зыян алып келээрин эске алышы керек. Пайда берсе сүйлөп, болбосо унчукпай калган дурус. Анткени пайдасыз сөз көбүнесе сүйлөгөн адамдын өзүнө да, башкаларга да зыянын тийгизет. Буга караганда унчукпай коюп зыянсыз жүргөн дагы да дурус эмеспи. Куттуу хадисте мындай деп айтылат:

*«Тилдин пайдасыз жана ыплас сөздөрдү сүйлөгөнү тууралуу Аллага даттанбаган бир да мүчө жок!»* (Хайсамий, X, 302).

Акыйкат бардык эле жерде айтыла бербейт. Сүйлөй турган жерде керектүү сөздү айтуу же кээде кырдаалга жараша унчукпай кою – бул сүннөт. Анткени жөнөкөй эле бир турмуштук сөз же бир маалымат натыйжада арам же макрух болуп калышы ыктымал. Азирети Пайгамбарыбыз өз хадисинде мындай деген:

*«Жакшылыкка чакыруу, жамандыктан тосуу жана Алла Тааланы улуктоодон башка адамбаласынын оозунан чыккан ар бир сөздүн пайдасы эмес, кесепети тийет»* (Тирмизий, Зухд, 63/2412).

Бирөөнү жамандаган жалакор, бирөөгө наалат айтып, каргыш жаадырган сабырсыз жана ыплас сөзүнө жараша жексур иштен башы чыкпаган адам момун мусулман боло албайт [99]. Алланын сүйүктүү достору бул жагдайга ишаарат кылып: «Жыландай болуп заар чачкандан сактан!» деп

эскертүү беришкен. Анткени кылыч жарасы айыгат, тил жарасы айыкпайт, заар тил көңүлдү жаралап, жүрөккө так калтырат. Тилдин таттуулугу акыйкатта өзүнчө бир улук немат. Тили ширин адам эч кимди капа кылгысы келбейт, жалаң жагымдуу сөз менен арбайт. «Жагымдуу сөз жыланды ийнинен чыгарат» деген накыл кеп ошондон калган. Ошол себептен, башта айтканыбыздай, бирөө-жарымдын көңүлүн оорутуудан сактанып, адамдын жандүйнөсүн багынтуу үчүн иралды айтар сөзүбүздү белендеп алышыбыз керек.

Адамзаада ооздон чыккан ар бир сөзүнө жооп берерин эгерим эстен чыгарбашы керек.

«Адам эмнени сүйлөбөсүн жанында көзөмөлдөп (жазып) турган периште даяр турат!» (Каф сүрөсү, 18-аят).

«Ооздон жаңылган турбайт!» деген макал да бекер жеринен чыкпаса керек. Андыктан ар бир адам тилин тыйып, сөзгө маани бере сүйлөшү керек.

Азирети Пайгамбарыбыздын бир хадиси:

*«Кулпенде ойлонбой айткан сөзү үчүн тозоктун чыгыш менен башытан да узак бир жерине ташталат»* (Бухарий, Рикак, 23).

Бул көйгөйдүн ушунчалык татаалдыгынан улам: «Балээнин баары ооздон чыккан сөздөн башталат» деп айтылган.

Мусулман менен каапырлыктын белгиси да тил менен айкын болот. Жүрөк менен кабылдап (тастыктап), тил менен ачык айткандан кийин гана балакатка жеткен, акыл-эстүү адамдын ыймандуу-ыймансыз (каапыр) экенин билүүгө болот. Бул өңүттөн карай турган болсок, сөздүн адамдын түбөлүк бак-таалайын же түбөлүк машакат-мүшкүлүн аныктай турганчалык деңгээлде маанилүү жана кудуреттүү экендигин көрөбүз.

Мусулман эч убакта өз дараметинен аша чоң сүйлөбөш, ар дайым Алланын Кудуретине пааналап жүрүшү керек. Анткени адамзаада ар бир айткан сөзүнүн өтөөсүнө чыга турганчалык кудуреттүү эмес, биздин дараметибиз чектелүү, чамабыз чакталуу. Ошондуктан келечек тууралуу кеп козголгондо «Кудай буйруса-иншаллах» деген сөздү айта жүрүү парз [100].

Экинчиден, «Эми мындан кийин бул жаңылыштыкты эч качан кайталабайм!» деп эч качан кескин түрдө убада берилбеши керек. Бул деген шайтанга жем таштаган менен барабар. Мындай маанидеги сөздү уккан шайтан ошол ишти дагы далай ирет жасатканга чейин пендени тооруп жүрө берет [101]. Андыктан адампенде үчүн эң абзели ойлонуп сүйлөө, зарылчылыгы жок болсо унчукпай кутулуу.

Кулпенденин сылык-сыпаа болушун каалаган Алла Таала кыйкырып, же тыңсынгандай таризде үндү бийик көтөрүп сүйлөөнү эгерим жактырбайт:

«... Үндүңдү баса сүйлө! (Кыйкырып сүйлөбө!) Эсиңде болсун, үндүн эң жаманы эшектин үнү» (Лукман сүрөсү, 19-аят).

Сүйлөп жатканда булганч, уят сөздөрдү айтууну Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* туура көргөн эмес. Андан көрө маанилеш башка сөздөр болсо, адеп-ахлакка ылайык келгенин колдонууну сунуш кылган.

Акыл-эстүү инсан туура сүйлөгөндү үйрөнүп, жалгандан жаа бою качышы керек. Алла Таала бул багытта мындайча буйруйт:

«Эй ыймандуулар! Амалыңар кабыл кылынып, күнөөңөр кечирилсин үчүн Алладан корккула жана туура сүйлөгүлө!..» (Ахзаб сүрөсү, 70-71-ааттар).

Акыреттеги саламаттык, бейпилдик жана жыргалчылык үчүн жалган, акаарат, бирөөгө жалаа жабуу, бирөөнү шылдыңдоо сыяктуу тил менен жасалган күнөөлөрдөн, бейпайда талаш-тартыштан, бирөөнүн көңүлүн оорутуп коюдан узак болушу керек. Инсан өзү билбеген маселе тууралуу так эмес имиштерди жайылтпашы керек, билгендерди тыңдай билиши керек. Анткени кулак болсун, көз болсун, көңүл болсун, булардын баарын Алла жоопко тартат [102]. Адамзааданы «аттиң» дедиртип тозокко түрткөн да сөөгү жок ушу кызыл тил[103].

Андыктан мусулман Ислами эрежеге ылайык эч кимдин сөзүн бөлбөй, эч кимдин жүргөгүн оорутпашы керек. «Мусулмандардын эң шарапаттуусу ким?» деген суроого Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деп жооп берген экен:

*«-Тилинен да, колунан да мусулман пенде жабыр тартпаган адам»* деп жооп берген (Бухарий, Иман 4, 5, Рикак 26; Муслим, Иман 64-65).

Мусулман пенде кечирим суроого түртө турган сөздү айтпашы керек [104]. Ар дайым чеги менен, жагымдуу, жылуу сөз сүйлөш керек.

«Кулдарыма айт! Сөздүн эң жакшысын сүйлөсүн!...» (Исра сүрөсү, 53-аят).

Анткени жанга жагымдуу, кулакка жугумдуу, көңүлдү кубанта турган жакшы сөз садака катары кабылданат. Адам муну менен тозоктон да кутулушу ыктымал [105].

Айтылчу ак сөздү өз орду жана убагында айтуу абзел. Эгер маалы келе электе айтылса, жок жерден жагымсыз жагдай жаралып калышы ыктымал. Азирети Абу Бакрдын бул насааты зор мааниге ээ:

«Кимге, качан, эмне деп атканыңды жана айтаарыңды жакшылап ойлон!»

Азирети Пайгамбарыбыз билимдүүсүнүп, же өзүн кыйын көрсөтүү максатында сөздү жасалма сүйлөө жана тыңсынып эл түшүнбөгөн сөздөрдү колдонуу Кудайы азаптын каалгасын чертээрин кабарлаган.

*«Угармандарды өзүнө тартуу үчүн көркөм сөз чебердигин үйрөнүп, сөздү ашыкча сүйлөгөн адамдын, парз болсун, нафил болсун, эч бир ибадатын Алла Таала кыяматта кабыл кылбайт!»* (Абу Давуд, Адаб, 86/5006).

*«Эй, Аббастын уулу! Элге түшүнүксүз нерселерди айтпа. Мындай жосун чыр-чатактын чыгышына өбөлгө болот»* (Дайлами, V, 359).

Ошондой эле үчүнчү кишини өгөйлөп эки адамдын бири-бири менен шыбырашканы ыңгайсыз абалды, таарынычты, кекти жараткан осол иштерден болот. Анткени үчүнчү адамдын капа болуп жаман ойго кетери шексиз [106].

Эми, бүгүнкү күндөгү эң көйгөйлүү делген маселеге өтөлү. Бүгүнкү күндө кийинүү жагынан аялдар эркектерден да өтүп кеткен абалга жетти. Кийинүү, жүрүм-турум, сүйлөө жана дегеле турмуштук ар кыл жагдайларла эркектин аялга, аялдын эркекке окшоп алышын арам деп эсептеп, буга Ислам дини тыю салган. Ошол себептен ар бир мусулман аталган бул маселелерде өтө кылдат болушу керек. Анткени бузуку түшүнүктүн бул кесепети бүгүн коомдун динге, ыйманга болгон ышкысын, ынтызарлыгын жана ыкласын алсыратып жатат.

Аялдар эркек менен баарлашкан учурда назданбастан, шыңкылдап күлбөстөн салабаттуу сүйлөшү керек. Болбосо жүрөгүндө дарты бар, напсиге ээ чыга албаган азоо эркектер акыл-эсин, кыялын тизгиндей албай жок жерден күнөөгө батат [107].

Исламда уяттуу деп эсептелген маселелер тууралуу жооп берүү же сабак өтүү учурунда сөздү кыйытып, каймана түрдө түшүндүрүү зарыл. Бул жаатта суроо салган адамды темага аралаштырбай: «Кокус бирөө жарым ушундай абалга тушугуп калса, мындай кылыш керек» деген усулду колдонуу эң ийкемдүү жол болуп эсептелет. Эл алдына чыгып Исламды түшүндүргөн же бир көйгөйдү талкуулаган устат эч убакта белгилүү бир адамды кезебеш керек, Азирети Пайгамбарыбыздын ыкмасына салып жалпыга ишааратtап айтышы керек.

Азирети Пайгамбарыбыз сүйлөгөндө болсун, иште болсун, өтө майдачыл болуп, чукуп, какшыктап сүйлөп, маанисиз нерсеге улам сөйкөнө берген адамдын акыретте азап тартарын маалымдаган [108].

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* ошондой эле куптан намазынан алдын уктап, анан бир кыйладан кийин туруп намаздан кийин жамаатка насаат айтууну туура көргөн эмес [109]. Анткени адамдын организми тынығып эс алууга муктаж. Тыныгуу канчалык кечиктирилсе, таңшоокумундагы ибадаттардын берекеси да, сөз жеткис лаззаты да азаят. Жараткан Алла Өзү сүйгөн пенделери тууралуу мындай деген:

«Алар таңдан алдын истигфар (кечирим) тилешет» (Зарият сүрөсү, 18-аят).

«(Түн бироокумда ибадат кылуу үчүн таттуу уйкуну кечип) төшөктөн турушат. Жараткандын азабынан корккондуктан, Анын ырайымынан үмүттөнө дуба кылышат. Биз берген ырысыкыдан жакшы жолдорго кайрымдуулук кылышат» (Сажда сүрөсү, 16-аят).

Дененин уйкуга болгон муктаждыгын эске албай түнү бир кыйлаган чейин пайдасыз нерселер менен алек болуп же пайдасыз нерсеге жаак талытып, анан ибадатка келгенде тахажжудка, жадагалса, багымдат намазына туралбай калуу мусулман үчүн чоң жоготуу болуп эсептелет. Эгер күн тартибинде куптан намазынан кийин пайдалуу кеп-кеңештер, жакшылыкка үндөгөн жыйналыштар же дилмаектер (сухбат) болсо, көпкө созбоо шарты менен аларга уруксат берилет.

Жарымы жалгандан турган бейпайда окуялар, баштан өткөн таржымалдар, беймаани сөздөр адамбаласынын рухий сергектигин солгундатат, өчүрөт. Ал эми чындыкка таянган ибараттуу икаялар, накыл кептер, Ислам, ыйман темасындагы баарлашуулар жандүйнөгө бейпилдик тартуулайт. Анда Алланын сүйүктүү достору жана залкар олуялардын сөз адеби тууралуу айткандарынан назарыңыздарга суналы:

«Көп сөз адамды унутчаак кылат» (Азирети Абу Бакр).

«Арсыздардын сөзүнө арданып жооп кайтарам деп убара болбо! Анткени арсыздан андан да төмөн, андан да жаман сөздөр чыгышы ыктымал» (Азирети Али).

«Колдон келсе, наадан, түркөй адам менен сүйлөшпө! Андайлардын тили уулуу болгондуктан көңүлүңдү оорутуп коюшу ыктымал» (Азирети Али).

«Сөзүңдү жеткирүү үчүн оболу башкаларды ук! Бирөөгө сүйлөө үчүн оболу өзүңдү угууга көндүр» (Азирети Мавлана).

«Максатын түшүндүрө албагандар сөздү узартышат» (Азирети Мавлана).

«Тамакты аз же ибадатты көп кыл; изгиликти сиңире бил, бирок аз сүйлө!» (Жусуп Баласагын).

«Көп тында, бирок аз сүйлө. Акылга салып сөз сүйлө, аны тажрыйба, билим менен шөкөттө» (Жусуп Баласагын).

«Эч кимге катуу айтпа! Анткени орой сөз – күйүп турган от. Эгер оозуңдан от чыга турган болсо, эң башта өзүң өрттөнөсүң» (Жусуп Баласагын).

«Ат жакшысы аз оттоп, көп жуушайт. Адам жакшысы аз сүйлөп, көп тыңдайт» (кыргыз макалы).

Жыйынтыктап айтканда, Алла Таалага жана акыретке ишенген адамдын оозунан жакшы, жагымдуу сөз чыгышы керек [110]. Болбосо унчукпаганы дурус. Азирети Пайгамбарыбыз мындай деп айткан:

*«Ким мага эки жаагынын ортосундагысы (тили) менен намысын жана абийирин сактоого сөз берсе, мен анын бейишке киришине кепил болуп берем»* (Бухарий, Рикак, 23).

**Изгиликтин үлгүсү**

Акыйкаттын, туура жолдун теңдешсиз үлгүлүү жол башчысы Азирети Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* зарылдыкты эске албаганда сообу жок ашыкча сөздү эч качан сүйлөгөн эмес. Мусулмандар үчүн пайдалуу деп эсептелген маселелерде, эл ынтымагын бекемдей турган кезеңде, ошондой эле түшүнбөстүктөрдү жайгаруу максатында ачылып акыйкатты даршан эткен. Сүйлөгөндө да Жаратканды даңктоону эч убакта жадынан чыгарган эмес. Эч ким эч убакта анын кыйкырып сүйлөгөнүн жана пайдасыз кепке кирип кеткенин көргөн эмес. Айтар сөзүн ар убак кыска, нуска сүйлөгөн жана жамааттын убактысына ар дайым көңүл бурган.

Жума жана айт намаздарында айтылчу кутпаларды түшүнүктүү, жеткиликтүү болсун үчүн кыска да эмес, узак да эмес, белгилүү убакыттын алкагында сүйлөгөн. Ошол себептен угармандардын баары ынтызарлык менен кулак салып, башына конуп алган канаттууну учуруп албагыдай деңгээлде сергек олтуруп, берилип угашкан. Тыңдап отурган сахабалар Ардактуу Пайгамбарыбыздын кут төгүлгөн оозунан чыккан насааттарды өз алдынча акыл менен талкуулап, жадагалса, жаттоо үчүн бири-бирине кайталап айтып беришчү экен.

Алла Элчиси көбүнесе аз сөз аркылуу көп нерсени түшүндүрүү усулу менен сүйлөгөн. Бирок бул ыкманы колдонууда албетте угармандардын аң-сезимин эске алган. Айрым бир бөтөн тилдерге таандык түшүнүксүз сөздөрдү түшүндүрүп, чечмелеп берген. Угарман жамааттын баары айтылган сөздөн, кеп оролундагы максаттан сабак алган.

Жүрөккө жагымдуу, нары таасирлүү сүйлөө жаатында Азирети Пайгамбарыбыз чебердин чебери эле. Сөзү так, даана эле, тили таттуу, бай эле. Асыресе анын тили жатык, сүйлөмү ушунчалык жөнөкөй болгондуктан, миңдеген адамдын ичинен түшүнбөй калдым деген даттануу эч кимден чыккан эмес.

Анастын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтуусуна караганда, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* сөзүнүн түшүнүктүү болуусу үчүн кээде айтканын үч жолу кайталар эле. Чогулган адамдарга жакындап барганда үч жолу салам айткан учурлары болгон (Бухарий, Илим, 30, Истизан, 13).

Азирети Аиша эне минтип эскерет:

«Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) сөзү ачык жана так болгондуктан көпчүлүк эл заматта түшүнөр эле» (Абу Давуд, Адаб, 18/4839).

«Алла Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) силер сыяктуу бат сүйлөп, көп сөздү жаадырып салчу эмес» (Бухарий, Манакиб, 23).

Элди жакшылыкка, асыресе Исламга чакырууда накыл кеп, асыл ой, даанышман сөздөр жана ибараттуу мисалдар менен сөздү сөзгө кынаптап жатык тилде сүйлөө – Пайгамбарыбыздын бизге калтырган усулу. Ал бүтүндөй адамзатты кучагына алган чалкыган мээрими менен жандүйнөгө илхам чачып жааган жагымдуу жамгыр сымал жалаң гана жакшылыкка, туура жолго, кутулууга жана изгиликке үндөгөн.

Аалам Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзү алып келген мыйзамдарды, жоболорду кашкайган ачык далилдер менен бекемдеп, анын маани-маңызын, максатын таамай түшүндүрүп берген. Берилген суроолорго түшүнүктүү, таамай жооп берген. Бир маселе тууралуу талаш жаралып калган учурда акылга шайкеш келген мисалдар, далилдер менен бышыктап, талаш чыгарган адамдын көңүлүндө кыпындай да түшүнбөстүк калбагыдай деңгээлде аңдатууга аракет жасаган.

Алла Элчиси деле пенде болгондуктан кадимкидей тамашалашкан учурлары болгон. Бирок анын тамашасынан ашкере чектен чыккандыкты, же акыйкатчылыкка жатпаган терс көрүнүштөрдү кездештирүү мүмкүн эмес эле. Баарлашкан учурда бет маңдай туруп алып баарлашкан.

***

Төөнүн үстүндө каалгый ойлуу бараткан Алла Элчиси сахабаларынын артында эле. Аңгыча Муаз бин Жабал жүрүшүн жайлатып Азирети Пайгамбарыбызга жакындайт:

– Оо, Алланын Элчиси. Макул көрсөңүз, сиз менен жанаша бастырсам болобу?

– *(Ооба, болот!) Жакындап бастыр.*

– Сиздин улуу жолуңузга жаным курман, оо, Алланын Элчиси! Бизди сизден оболу чакырып кетишин Жараткандан көптөн-көп суранып келем. Кудайым Өзү сактасын, эгер сиз бизден алдын көз жума турган болсоңуз, кайсы ибадаттарды аткаралы?

Азирети Пайгамбар анын бул суроосуна жооп берген жок. Муаз үчүн эң башкысы көңүлүн өйүп жүргөн суроого анын өз оозунан жооп алуу эле.

– Алла жолунда жихадка чыгалыбы?

– *Алла жолунда жихадка чыгуу жакшы нерсе, бирок андан да пайдалуу нерсе бар.*

– Орозо кармап, зекет берүүнү айтып жатасызбы?

– *Орозо кармап, зекет берүү деле жакшы нерсе.*

Көшөргөн Муаз адамбаласынын колунан келген бардык жакшылыктарды, изги амалдарды санап өттү. А Пайгамбарыбыз болсо дайымкысындай:

– *Адамзат үчүн андан да пайдалуусу бар* – деп сырдуу сүйлөп тура берди. Акырында чыдамы кеткендиктен суроону башкача берди:

– Ата-энем ак жолуңдун курмандыгы болсун! Айтчы Пайгамбарым! Адам үчүн ушу айтылгандардан башка эмне пайдалуу?

– *Жакшылык айтылбаса, унчукпоо* – деди Алла Элчиси.

– Биз айткан сөздөрүбүз үчүн суракка тартылабызбы?

Алла Элчиси Муаздын тизесине акырын нукуган соң мындай деди:

– *Муаз, Алла сага жакшылык ыроолосун! Пендени тозокко сүйрөгөн тилдин кесепетинен башка эмне бар дейсиң. Ким Аллага жана акырет күнүнө ишенсе, же пайдалуу нерсени сүйлөсүн, же унчукпасын. Зыяндуу кепти оозанбасын! Силер жакшы сөз айтып, анын үзүрүн көргүлө, зыян сөздөн оолак болуп, анык бейпилдикте болгула»* (Хиким, IV, 319/7774).

***

Кайра эле Муаз бин Жабал баяндаган төмөнкү окуя сүйлөө жана кеп маданиятынын өтө маанилүү жактарын камтып турат. Окуя кыскача мындай болгон:

Дымактуу Ислам жоокерлери менен Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Табук жүрүшүнө чыгат. Муаз бин Жабал жол ката Азирети Пайгамбарды ээрчип бастырат. Бир маалда анын төөсү мүдүрүлүп кетет. Буга ачууланган Муаз төөнүн чүлүгүн силкип, жемелеп катуу кыйкырат. Ачууга алдырган сахабанын чуусунан Алла Элчисинин төөсү үркөт. Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* жүзүндөгү пардасын ачып, эки жагын карап, Муаздан башка эч кимди көрө албайт. Ошондо Муаз менен Алла Элчисинин ортосунда берегидей баарлашуу жүрөт:

– *Муаз!*

– Кулагым сизде Пайгамбарым.

*– Мага жакындап бастыр.*

Мындай кең мүмкүнчүлүктү колдон чыгаргысы келбеген зирек сахаба суроо салат:

– Пайгамбарым! Уруксат берсеңиз, мени сар санаа кылып жүрөгүмдү өйүп жүргөн бир маселе тууралуу суроо берейин.

*– Каалаганыңды сура.*

– Пайгамбарым! Мени бейишке татыктуу кыла турган бир амалды айтыңыз. Башка эч нерсе сурабайм.

*– Азаматсың! Акыйкатта, өтө маанилүү нерсени сурадың. Бирок бул Алла кимге жакшылык буйруган болсо, ошол пенде үчүн абдан жеңил. Андыктан, Аллага жана акыретке ишенишиң керек, намаз окуйсуң, жалгыз Жаратканга гана кулчулук кыласың. Ага эч нерсени шерик кошпойсуң, өлгөнгө чейин ушул абалда болушуң керек!*

– Пайгамбарым! Дагы кайталап койо аласызбы? – деген өтүнүчү боюнча Азирети Пайгамбарыбыз бул хадисин дагы үч жолу кайталайт... (Ахмад, V, 245-246).

***

Азирети Иса *(алейхис салам)* жолдо баратса, алдынан бир чочко чыгат. Пайгамбар:

– Жолдон саламатта чыгып кет! – дейт. Жанындагы адамдар:

– Бул сөздү ушу чочкого айттыңызбы? – деп сураганда, ал (чочко деген сөздү айтуудан сактангандыгын түшүндүрүү үчүн):

– Мен тилимдин жаман сөзгө көнүп кетишинен корком! – деп сыпаа гана жооп узатат (Муватта, Калам, 4).

***

Күндөрдүн биринде Азирети Умар Азирети Абу Бакрдын тилин ары-бери тарткылап жатканын көрүп калат да, таң калгандан сурайт:

– Эй, Алла Элчисинин халифасы, сага эмне болду, эмне кылып жатасың?

– Мени бу жолго мынабу тилим түрткөн. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам): «Тилдин пайдасыз жана ыплас сөздөрдү сүйлөгөнү тууралуу Аллага даттанбаган бир да мүчө жок!»* деп айткан дейт (Хайсамий, X, 302).

***

Кубас би Ушайм *(Алла ага ыраазы болсун):*

– Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* экөөбүз Пил окуясы болгон жылы төрөлгөнбүз – дейт. Муну уккан Усман (Осмон) бин Аффан *(Алла ага ыраазы болсун):*

– (Ай жагынан) Пайгамбар улуубу же сен улуусуңбу? – деп сурайт.

Сүйлөө адебин мыкты өздөштүргөн бул кутман сахаба мындай деп жооп берген:

– Пайгамбар менден сөз менен жеткире албагыдай деңгээлде барктуу, нары жогору турат. Төрөлгөн айыбыз боюнча мен Пайгамбарымдан бир топ эскимин.... (Тирмизий, Манакиб, 2/3619).

***

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* өз хадисинде мындай деп айткан:

*«Бир адам: «Кудайга ант болсун! Кудай Таала паланчаны кечирбейт!» деп* (Жаратхандын эркиндеги ишке) *өз алдынча өкүм чыгарып койду. Алла Таала аны суракка тартты: «– Паланчаны кечирбейт деп касам ичкен сен кимсиң?! Мына, мен аны кечирдим, а сенин жасаган амалыңды абага сапырдым* (кабыл кылган жокмун)!» *деп буюрган* (Муслим, Бирр, 137).

Андыктан Алла Таала тууралуу, айрыкча хадисте айтылгандай, Жараткандын эркине таандык иш-аракеттер жөнүндө сөз кеткенде адампенде өтө этияттап сүйлөшү керек. Айрыкча, чектен чыгып оозду көптүрүп, тизгинди болушунча койо берүүдөн сак болуу кажет.

***

Азирети Пайгамбарыбыз баян этет:

*«Жөөт элинде жасаган иши, жүрүм-туруму бири-бирине карама-каршы келген эки адам бар эле. Бири жалаң ибадат менен жүрсө, экинчисинин күнөөдөн башы чыкчу эмес. Ибадаткөй пенде тиги күнөөкөргө жолукканда: «– Кайт ушу жолдон!» деп зекип, жемелеп калчу. Күндөрдүн бириде таза жүргөнү беркинисин күнөө кылып жаткан жеринен кармап алат да, «Болду жетишет. Кайт ушу жолдон» деп бучкактайт. Күнөөнүн үстүнөн кармалып калганына кыжыры келген адам:*

*– Менин жолумду тоспо. Кудай Тааланын Өзүнө калтыр. Же сен эмне мен үчүн жаралган текшерүүчүсүңбү? – деп кагып койот.*

*Арданган ибадаткөй ызырынып:*

*– Аллага ант болсун! Ал сени кечирбейт! – дейт.*

*Буга күбө болгон Алла экөөнүн тең дүйнөдөн алат. Кайра эле экөө чоң суракка чогуу барышат. Алла Таала ибадаткөй пендеден сурайт:*

*– Сен Менин колумдагыга (өзгөртөнгө) күчүң жетеби?!*

*Күнөөкөргө буйруйт:*

*– Бар, Менин ырайымым менен бейишке кир!*

*Андан соң периштелерге буйруйт:*

*– Муну отко (тозокко) салгыла!»*

Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* буга ишаарат кылып мындай деген:

«Пенде байкуш Алланын каарын келтирген жөнсүз сөздү айта койом деп бул дүйнөсүн да, акыретин да азап менен өткөрмөй болду» (Абу Давуд, Адаб, 43/4901).

Ошол себептен мусулман Алланын ыраазылыгына төп келе турган жакшылык иш күкүмчөлүк болсо да андан баш тартпашы керек. Ошол эле маалда Алланын каарын келтире турган иш-аракеттин баарынан жаа бою качуу керек. Бул жалганда жардыргыч зат жашырылган согуш талаасында бараткан сымал этияттап басып, абайлап сүйлөп, ар бир ишти кылдаттык менен жүзөгө ашыруу зарыл. Анткени Ыйык Куранда да, Пайгамбарыбыздын хадистеринде да бейишке бир карыш калган жерден жоготууга учурагандар, ошондой эле тозокко түшүүгө бир карыш калганда Жарткандын ырайымы менен бейишке чыгарылгандар тууралуу кабарлар бар. Алла Таала ажал жетип алкымдан алганча кулчулук милдеттерди үзгүлтүксүз, так жана чын ыкластан орундатууну буйруган:

«Сага якин (өлүм) келгенге чейин Жараткан Эгеңе кулчулук кыл!» (Хижр сүрөсү, 99-аят).

***

Кайс бин Бишр баян этет:

«Абу Дарда аяшатам болчу. Ошол себептен Абу Дарданын мусулмандык артыкчылын атам мындайча эскерген:

«Дамаскта Ибнул Ханзалийя аттуу Пайгамбарыбыздын бир сахабасы бар эле. Бала-бакырасы болуп туруп жалгыз жашаганга үйрөнгөн, эч ким менен деле көп ачылып сүйлөшө бербеген жан эле. Убактысынын көпчүлүгүн ибадат менен өткөрчү. Бала-бакырасына барганда деле зикир, тасбих менен алек болчу. Күндөрдүн биринде Абу Дарда болуп чогуу отурсак, Ибнул Ханзалилийя басып келди. Абу Дарда андан өтүндү:

– Биз үчүн пайдалуу, өзүңүзгө зыяны тийбей турган жакшы сөз айтыңыз, сиздин илимиңизден пайдаланып калалы.

Ибул Ханзилийя Азирети Пайгамбарыбыздын башынан өткөн бир окуяны жана анын хадистерин маалымдап берди. Ушул эле көрүнүш көп өтпөй дагы кайталанды. Мында да Абу Дарда өтө кыраакылык менен кайрылып, пайдалуу насааттарды уктук» (Абу Давуд, Либас, 25; Ахмад, IV, 179-180).

Карабайсызбы, сүйлөөнүн кандай гана изги адеби... Абу Дарда бул кутман сахабаны көргөн сайын жылуу маанайда учурашып, жагымдуу кайрылып жакшы насааттарды үйрөнүүгө ышкылуу болгон экен. Ибнул Ханзилийя болсо мусулмандардын суранычын аткарып Пайгамбарыбыздын даанышмандыкка сугарылган хадистерин, жалаң жакшылыкка багыттаган үлгүлүү жүрүм-туруму тууралуу айтып берүүдөн тажаган эмес. Бул изгилик, бул адеп баарыбыз үчүн айныгыс үлгү...

***

Абул Мулайх төмөнкү хадисти (башка бир ишенимдүү) сахабадан уккандыгын баян эткен:

«Мен Алла Элчисинин унаасына учкашып бараткам. Бир маалда унаа мүдүрүлүп кетти. Мен бир чети коркуп, бир чети ызырынгандыктан: «Көр шайтан!» деп жибериптирмин. Бул сөздү уккан Алла Элчиси мага мындай деп насаат айткан:

*«–Антип айтпай жүр. Болбосо шайтан чоңоюп олтуруп үйдөй болот да: «Өз күчүм менен аны жерге сулаттым!» дейт. Андыктан сен (мындай учурда): «Бисмиллаах» деп айт. Бул сөз шайтанды кумурскадай кичирейтип салат»* (Абу Давуд, Адаб, 77/4982).

***

Европалык жазуучу жана изилдөөчү Вигуер Осмон дөөлөтүнүн эли тууралуу көз карашын мындайча билдирген:

«...Баарлашкандарын көрсөң, сөздөрү куюлушуп таза сүйлөшөт. Жылмайганында адамды тартып турган өзүнчө бир күч бардай туюлат. Кыймыл-аракеттеринен салабаттуулук жана адеп-ахлак көрүнүп турат. Адамды барктап, сөзгө кезек бергени сырттан караган адамды таң калтырбай койбойт. Сүйлөгөн адам көбүнесе кыска, бирок маңыздуу сүйлөйт экен. А кулак салып олтургандарды карасаң, баары ынтаа коюп, берилүү менен тыңдаганына күбө болосуң. Айрыкча алардын оозунан ушакчылык, бөлүүчүлүк, жалаа же адеп-ахлакка терс келген уяттуу сөздөрдү дегеле укпайсың. Улуулардын жана карылардын алдында адеп сактап, озунуп сүйлөө аларда адепке жат көрүнүш болгондуктан, биздин акылыбызга сыйбагыдай сый-урмат көрсөтүп, ыйбаа кылып турушат экен. Осмон дөөлөтүнүн жарандары мындай изгилик менен адамды кадимкидей арбап алгыдай...»

***

Жыйынтыктап айтканда, тилдин артында бүтүндөй бир адамдын аялуу сыры жашырынып жатат. Сөзүндө адеби бар адамдын өзү да адептүү десек жаңылышпайбыз. Андыктан сүйлөө маданияттын өөрчүтүү үчүн динибиз буйруган изги ахлакты бек кармануу кажет. Башкача айтканда, мусулман пенде көркөм сөздүн туу чокусу саналган Ыйык Курандагы ахлактан өз үлүшүн алып, андагы кеп маданиятын иликтөөгө алып, үйрөнүүгө аракет кылышыбыз керек.

Башта айтылгандай, жакшы, орундуу сүйлөө үчүн иралды кунт коюп тыңдоону өздөштүрүү кажет. Көп тыңдап, аз сүйлөө үчүн Алла Таала адамга эки кулак, бир тил берген. Көп сүйлөө чындыгында кыска убакытта адамдын баркын кетирет. Ошол себептен аз болсо да саз сүйлөп, чектен чыкпай, керек болсо унчукпай кулак салып олтурууга көнүү зарыл. Анткени айтылган сөз атылган ок сыяктуу. Айтыла электе сен ага кожоюн болсоң, оздон чыгып кеткенден кийин ал сага өкүм жүргүзөт. Ошондо адамзаада өз сөзүнүн баш көтөргүс кулуна айланып калышы ыктымал. Пендезат айтылбай калган сөздү кези келгенде качан болсо да айтса болот, бирок айтылып кеткен сөзгө эч убакта жооп бербестен кутулуп кете албайт. Опол тоодой ийгилик алып келген жемиштүү сөздөр болгон сыңары, тоодон да барктуу, тоодон да бийик баштарды жуткан сөздөр бар экенин эч убакта унутпасак....

### б. Сүкүт жана ой чабыт

Сүкүт менен ой чабыт эриш аркактай бири-бирин толуктаган өтө маанилүү сапат. Өтө кымбат болгондуктан бул эки сапатты багынтуу кыйынга турат.

Ошол себептен Лукман Акимдин:

«Сабырдуулук менен сүкүттүн изги артыкчылыгына жараша булардан пайдалангандар да өтө аз» деп айтканы бар.

Сүкүт – бул аалымдардын көркү, наадандардын жамынчысы. Сүкүттүн кең мейкиндигине пааналаган адамдар көптөгөн коркунучтардан аман калып жүрүшөт. Айрыкча кызганычка алдыргандардын заар сөзүнөн оолак болушат. Куран-и Каримде минтип буйрулат:

«Мээримдүүнүн (Алла Тааланын) пенделери жер жүзүндө бейпилдикте жүрүшөт жана наадандар аларга тил тийгизсе: «Тынчтык!» деп коюшат» (Фуркан сүрөсү, 63-аят).

Алланын Ардактуу Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деп айткан:

*«Муктаждыкты толтуруу үчүн көмүскөдөн (жашыруун сактай билгиле) пайдалангыла. Анткени жакшылык тапкан ар бир инсанга ичкүйдүлүк (көралбастык) жасагандар болот»* (Суюти, Жамиус-сагийр, I, 34).

Тактап айтканда, пендезат көп сүйлөгөндөн көрө иш кылышы керек. Болбосо сүйлөгөндөн колу бошобогон кишиге кызгангандар четтен чыгары бышык.

Сүкүт менен ой чабыт адамды салабаттуу, сүрдүү жана айбаттуу кылып көрсөтөт. Ошондой эле сүкүт менен ой чабыттын жардамы аркылуу даанышмандыктын каалгансы ачылат, ааламдын сырдуу китебин баракталат, Куран-и Каримдин терең маани-маңызы чечмеленет жана жашоонун максаты дагы да ачык-айкын боло баштайт. Сүкүт менен ой чабыт – киши рухунун кош канаты. Аны менен учу-кыйырсыз улуу акыйкаттарга карай канат күүлөйт. Бул жагдайды Зия Паша мындай деп түшүндүргөн:

«Бул аалам кибетинин ар бир бетине нукура акыйкаттын сан миң сабагы катылып жатат. Ибарат алуу үчүн ой чабыттын дайрасы кандай гана улуу мектеп!»

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«Алла Таалам мага сүкүт чалууда ойго сүңгүү керек экендигин буйруду (Мен да силерге ушул ыкманы сунуш кылам)»* деп айткан [111].

Ибн Масуд *(Алла ага ыраазы болсун)* Куран менен жуурулуша жашаган мусумандын артыкчылыгын мындайча сүрөттөйт:

«...Көпчүлүк бири-бири менен сүйлөшүп ортодо сөз кайнап жаткан учурда Куранды жаттаган каары сүкүткө сүңгүп олтурушу керек. Ошондой эле каарылар муңдуу инсандай жашык, илимине жараша амал кылган салабаттуу болуп, ой чабытынын жемишин башкалар менен бөлүшө билген кеменгер болушу абзел...» (Абу Нуайм, Хиля, I, 130).

Сүкүттүн өзгөчө демин бүлгүнгө учуратып, жүрөктү чуру-чууга тумчуктуруу адамдык жеке касиетке доо кетирет жана Аллага жакындоону самаган момунду алгы максатынан алыстатат. Азирети Пайгамбарыбыз буга ишаарат кылып мындай деген:

*«Алла Таалага жана акыреттин бар экендигине ишенген адам же жакшы сөз сүйлөсүн, же унчукпасын!»* (Бухарий, Адаб, 31, 85, Рикак 23; Муслим, Иман 74, Луката 14).

Хадисте буйрулгандай, өз орду менен пайдалуу сөз сүйлөө же унчукпоо мусулмандан талап кылынган тартип, экинчиден бул ыйман деңгээлинин бийиктигинин далили. Ошондуктан момун мусулман сырткы абалдын таасирине кабылганда сүйлөө же унчукпоонун кайсынысы пайдалуу экенин Исламий эрежелердин алкагында аныктап, ошого жараша иш кылганы дурус. Эгер экөө тең бирдей деңгээлде болуп калса, анда унчукпоону тандап алган жакшы.

Өзүн чыныгы момун мусулман катары көргүсү келген инсан иралды пайдасыз сөздү таштап, сүкүткө сүңгүп, өзүн терең ойлонууга көндүрүшү керек. Мындай карасак, Алла Таала бүтүндөй макулукка өз муктаждыгына жараша ой жүгүртүү, же сезүү (интуиция) жөндөмүн ыроологон. Адам менен жин тайпасынан башка бардык макулуктун ой чабыт деңгээли өтө жөнөкөй. Маселен, ар кандай коркунучтарда жаныбардын музоосун же козусун чарк айланып коргоо, сүтүн ийип эмизгени сыяктуу...

Жараткандын чексиз кудурети, Анын ааламдагы теңдешсиз чебердиги тууралуу ой жүгүртүп, Аны жакындан таанууга умтулуу жана Кудай таанымдын ушундай ажайып толкуну менен нары пайдалуу, нары сооптуу амалдарды аткаруу үчүн адамзаадага акыл ыроолонгон.

Пендезат эс тартып, жетиштүү илим алгандан тарта сүкүткө канчалык сүңгүп, ой чабыты канчалык бийиктеген сайын жана акылы курчуп, түшүнүгү тереңдеген сайын Жараткан Алланын ыраазылыгына ошончолук татыктуу болот. Акыреттеги бак-таалайы ошончолук мол болот.

Сүкүт – чалкыган деңиз. Бул чалкыган деңизге бой таштап, ааламдагы сан миң акыйкаттар тууралуу терең ойлонуу адамзааданы бийиктикке чыгара турган эң негизги себеп. Башкача айтканда, акыйкатка жетүүнүн эң башкы себепкери, негизги тамыры – бул ой чабыт.

Жалпыга маалым болгондой, Куран-и Карим бар ааламдын жаратылуу максатын, анын ичинен адамдын бу дүйнөгө келишинин түпкү сырын баяндайт жана ааламдагы улуу мыйзамга, эреже-жоболорго ылайыктуу өмүр кечирүүнү ачык билдирген Кудайы Китеп.

Кураны Карим алгачкы аятынан акыркы аятына дейре адамзаадага ой чабыт таалимин берип, Жаратканга болгон кулчулук милдетти көңүл чордоруна орноштуруунун зарылдыгын кайталап келет. Ыйман мына ушундай өңүт менен нукура кемелине жетет. Момун пенде кай жерде болбосун ар убак Алланын ыраазылыгына дилгирленген кайратынан жанбаш керек.

Эгер Куранда ой жүгүртүү каалгасы жок болгондо, көптөгөн акыйкатты түшүнө албай, нечении минтип айта албай калмакпыз. Көп нерсе сыр бойдон калмак. Андыктан бул Ыйык Китептин чалкыган маани-маңызына ой толгоо дагы эчен арбын жакшылыктардын ачыкка чыгышына жол ачат.

Кичинекей бир урук же көчөт берекелүү топурактан жетилип кучак жеткис даракка айланат. Бул турмуштагы айныгыс чындык. Ошол сыңары акыл да ой чабыт дасторкону саналган Ыйык Курандан азыктанса, далай керемет акыйкаттардын түйүн-сырын чече алат.

Алла Таала мындай деп буйруйт:

«Алла асмандар менен жерди жана ал экөөнүн ортосундагыларды чындык менен белгилүү бир мөөнөткө (чейин өмүр сүрдүрүү) үчүн жаратты. (Адамдар жок дегенде) өздөрү тууралуу ой калчашпайбы?...» (Рум сүрөсү, 8-аят).

«Чындыгында асмандарда да, жерде да момундар үчүн белгилер бар. Силердин жаралууңарда да, жандыктардын таралуусунда да чындап ыйман келтиргенден үчүн ала турган сабак бар. Түн менен

күндүн алмашуусунда, Алла Тааланын асмандардан жамгыр жаадырып, өлгөн жерди ал аркылуу тирилткендигинде жана шамалды башкаруусунда акыл калчаган эл үчүн ала турган ибарат бар» (Жасия сүрөсү, 3-5-аяттар).

«Биз алгачкы жаратууга алсыздык кылыптырбызбы? Жок, бирок алар жаңы жаратуу жөнүндө шектенүүдө. Акыйкатта Биз инсанды жараттык жана анын көңүлүн азгырган нерселерди да билебиз. Биз ага күрөө тамырынан да жакыныраакпыз» (Каф сүрөсү, 15-16-аяттар).

Ыйык Курандан акыл калчап, ой жүгүртүүгө чакырган дагы көп мисалды кездештирүүгө болот. Алла Таала пенделеринин сергек ойлонгон, маселенин чоо-жайын иликтеген, дүйнө таанымы кенен, ой чабыты терең, кыраакы момун мусулман болушун каалайт. Кеменгер Пайгамбарыбыз үммөтүн ойлонууга, толгонууга шыктандырып, береги хадистерин айткан:

*«Алла жараткан (жандуу, жансыз) макулуктар тууралуу ой жүгүрткүлө...»* (Дайламий, II, 56; Хайсамий, I, 81).

*«Ой чабыт сыяктуу ибадат жок»* (Али ал-Маттакий, XVI, 121).

Эми сүкүт жана ой чабыттын артыкчылыгы, пайдасы тууралуу даанышман сахабалардын, атагы ааламга кеткен маркум олуя-аалымдардын асыл сөздөрүнө кезек берели.

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун):*

«Илимсиз ибадатта жана маанисине ой жүгүртпөй Куран окуунун пайдасы да, берекеси да аз болот».

Абу Дардах *(Алла ага ыраазы болсун):*

«Бир сааттык ой жүгүртүү кырк түн аткарылган нафил ибадаттан артык» (Дайламий, , 70-71, № 2397, 2400).

Юсуф Хамаданий:

«Ыйман ышкысынан инсандын аң-сезиминде ой чабыт (тафаккур) жаралганда Куран менен сүннөткө төп келген амал-аракеттер, изги жүрүм-турум жараян эте баштайт. Кандай болбосун момун мусулман амал менен ой чабытты айкалыштыруусу зарыл [112]»

Имам Газалий:

«Суроо» илимдин дээрлик баарында таанып билүүнүн ачкычы катары кабыл кылынат. Бир гана «Ладуний» деп аталган илимде суроо, каршы пикир, талаш-тартыш, талкуу деген нерсе жок. Булардын ордун кабылдоо, сүкүт, ой чабыт, сабыр жана моюн сунуу деген нерселер толуктайт. Ладуний илимди алган Алланын сүйүктүү кулдары (олуялар) таң алдында Жаратканга бапестелген ашыглык жана коркуу сезимдеринин кучагында зикир чалып, ой чабыттап Алланын ыраазылыгын издешет. Алланы жандан артык сүйгөн пенделер таңды зикирсиз, ой чабытсыз уйку менен өткөрүүнү чоң жоготуу деп билишет.

Билгин болууну самасаң сүкүтүң ой, карашың ибарат, турагың ибадат болсун. Анткени бул үч өзгөчөлүк билгиндердин белгиси»

Ибрахим Дасуки:

«Уулум! Кайым айтыш, сөз ташуу жана көз бойомочулук сыяктуу пайдасыз нерселерди таштап, сүкүттү сүйгөн адам бол! Ыктастуулукту танда! Кайра кайткыс бул жолдо салих амалдарды аткарганга жан үрө, напсиге асти моюн суна көрбө!».

Азирети Мавлана:

«Ооба, сүкүт деңизге, сүйлөө дарыяга окшош. Сени деңиз, башкача айтканда, рухий аалам издеп келет. А сен болсо тайыз дайрага бой таштап, колуң дүнүйөдөн, оозуң ушак-айыңдан бошобой жүрөт».

«Бул тирүүлүктөгү айың кептер чаң сыяктуу абада каалгып жандүйнө күзгүсүн басып калат. Сен эсиңе кел, тилди тыйып, керексиз жерде унчукпай тим олтурууну адеп кылып ал!»

«Сабырдуулук менен сүкүт Кудайы мээримдин каалгасын ачат. Алаамат же күбө издөөгө талпынышың сенин оорулуу экениңди айгинелеп турат. «Унчукпагыла! [113]» деген аяттагы буйрукту кабыл эт. Буйруса, мунун үзүрүн Улуу Алладан табасың».

«Ашыкча сөздү акмакка ташта. Анын ордуна жандүйнөңү багынтууга аракет кыл! Мансаптын артынан чуркабай, жакырларга көп жардам берип, Жаратканды ыраазылыгын ал. Айтканымды жүзөгө ашыр. Алла сени мактап, сага жар болсун. Көк асман да сенин инсандык мартабаңа суктана карасын».

«Унчукпоо чындыгында айтылган аз гана сөздү таасирлүү абалга келтирет. Тилсиз сөзүбүз менен ой-мүдөөбүздөгүнү дагы да ачык айта алабыз».

«Эмнең бар, баарын сүкүт мейкиндигине карай тарт! Чыныгы инсан болгуң келсе, унчукпа, сүйлөбө, менменсинүүдөн оолак бол!».

Эгер адам сүйлөгүсү келсе, сүкүттөн да баалуу асыл сөздөрдү айтышы керек. Эгер улуу сырга жана даанышман маңыздуу сөздөргө туруштук бере ала турган сырдаш дос таба албаса, тилин тишине катканы дурус. Анткени ар бир адамга акылы көтөрө алгыдай деңгээлде сүйлөө зарыл. Рухий айтымдарды түшүнө албаган жандүйнөсү тайкы адамдарга даанышмандык жана маарифаттан сөз козгоо – акыйкатка заалымдык кылууга жатат. Ошол себептен Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун ):*

«Адам түшүнө ала турган деңгээлде сүйлөгүлө!» деген (Бухарий, Илим, 49).

Кези келсе, унчукпай кою сонун жооп болуп кала берет. Анткени Ислам аалымдары:

«Акмакка бериле турган эң сонун жооп – бул унчукпоо» деп айтышкан.

Сөз берметин баалаган Азирети Мавлана мындай деген:

«Наадандардын алдына китеп сымал үнсүз тур!»

«Каргалар какылдай баштаганда булбулдар унчукпай калышы керек».

Илими мол, парасаты бийик канчалаган көсөмдөр бар, акыйкатты аңдап-түшүнө ала турган угармандар жок болгондуктан, алар дале болсо унчукпай келатышат. Алар көмүскөдөгү ажайып акыйкаттарга таң кала сүкүт деңизинде саякаттап жүрүшөт. Ал эми аз гана билген алакөөдөндөрдүн маңызсыз сөзүн оңой менен токтотуу кыйынга турат.

Сүйлөп жаткан тарапты тыңдай билүү адеби бул маселенин дагы бир маанилүү өңүтү болуп эсептелет. Анткени тындаганды билбеген адам жарытып сүйлөй да албайт. Ошондуктан «Катынды башынан, баланы жашынан» деген макалга ылайык, өспүрүмдөрдү жаштайынан тилди тизгиндей билүүгө үйрөтүшүбүз керек. Бала муну менен сүйлөө адебин үйрөнөт.

Саади Ширази:

«Кимде-ким ойлонбой туруп сүйлөсө, жаактан жаңылганы жаңылган».

Жусуп Баласагын:

«Оюңду бир жерге топтогон соң сөз каймагын калпып сүйлө. Суроого жооп бергенде кыска, бирок канааттангыдай таризде түшүндүр».

Азирети Али:

«Жаагыңды жап кылганга чейин сүйлөгөнгө караганда суроо берилгенге чейин унчукпай отурган жакшы».

Бирок акыйкат айтыла турган жерде, чындыкты билип туруп тымпыйып олтуруп алуу жок нерсени жобурагандай эле жагымсыз жорук. Акыйкат аяк асты кылынган жерде тайманбай чындыктын жүзүн ачуу пенденин милдети. Мындай кырдаалда унчукпай койсок, акыйкаттын убалына калабыз.

Абу Акил ал-Даккак мындай деген:

«Акыйкатты айтууга күчүң жетип турган чакта унчукпай койсоң, сен тилсиз шайтансың».

Заалым Хажжаж канкорлугу менен тарыхка өчпөс так калтырган. Хажжаж бийлик жүргүзүп турган катаал мезгилде да Хасан Басрий акыйкатты бетке айткандан кайра тартпаган кыраан болгон.

Кыскасын айтканда, керек учурда тилин тишине каталбаган адам ар дайым «аттиң!» деп бушайман жеп, кечирим сураганга аргасыз болот. Шейх Саади буга ишаарат кылып мындай деген:

«Мына бул эки нерсе акыл тайыздыгынын белгиси: Сүйлөй турган жерде унчукпай кою, унчукпай турган жерде сүйлөп жиберүү».

Ошол себептен ашкереликтен оолак болуп, сөздү да, сүкүттү да чеги менен пайдалануу зарыл. Башта айтканыбыздай, оболу ойду топтоп, айтыла турган сөздү алдын-ала белендеп, кыска жана нуска кеп айтуу абзел. Кажети жок кезде ой чабыттап сүкүткө сүңгүүдөн башка арга жок.

**Изгиликтин үлгүсү**

Пайгамбарлык милдет жакындаган сайын Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* тез-тез эле обочолонуп, кыйла убакыт ой деңизине сүңгүп кетип жатты. Кээ бир учурларда үйдөн чыгып, Мекке шаарынан алыстап, ээн жана тынч жерлерде жүрө турган болду. Жараткан Кудурет Меккедеги Хира үңкүрүн ага ыйык рухий мектеп кылып ачып берди. Үңкүрдө талыкпай ибадат кылар эле. Кайтып келатып оболу Каабага барып тооп кылып, анан үйүнө кайтчу. Коомдун бутпарастыгын

көрүп зээни кейип, алардан алыстап, тынч жайга оолактап, Жаратканды эстөөнү абдан арзуу кылар эле. Жалгызсырап жүргөн кезде чоң атасы Ибрахим пайгамбар сымал асман-жердин шаан-шөкөт, өкүм-өлүмүнө тереңден ой жүгүртүп, ибарат алуу жана Каабаны талбай кароо сыяктуу ой чабыт (сүкүт) таризинде ибадат кылар эле [114].

Хирадагы обочолонуу мезгилин адамзатка түбөлүктүүлүктүн нурун чачкан Ыйык Курандын Азирети Мухаммаддын пакиза жүрөгү аркылуу адамзаттың аң-сезимине ыроолонушун камсыз кылган даярдык доор деп билгенибиз оң. Муну кудум жогорку чыңалуудагы электр тогунун же чагылгандын жерге жайылуу жараянына салыштырууга болот.

Ошол күндөрдө аалам жана анын Кудуреттүү Жаратуучусу тууралуу ойлонгон Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүр бою муңайып, өмүр бою ойлуу өттү. Зарылчылыгы жок болсо, сүйлөбөйт эле. Сүкүтү көпкө созулчу. Бир маселе тууралуу сөз баштаса, жарым калтырбай толук түшүндүргөн. Нуска сөздү көп айтар эле [115].

***

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жүрөгүнүн сезимталдыгын, ой чабытка болгон ынтызарлыгын Азирети Аиша энебиз мындайча эскерген:

«Адаттагы түндөрдүн биринде Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өтүнүп калды:

– *Аиша, уруксат берсең бүгүнкү түндү Жараткан Алла Таалама арнагым келип турат.*

– Сиз жанымда болсоңуз, өзүмдү дүйнөдөгү эң бактылуу адам катары сезем. Сиз сүйгөн нерсени сүйүүнү милдетим деп билем – деп Пайгамбарымдын ибадат кылышына жандилден ыраазылыгымды билдирдим.

Көңүлү тынчыган соң туруп даарат алып келди да, намаз окуй баштады. Намазда ыйлап жатканын сезип уйкум ачылып кетти. Анын ыйлашында нары терең, нары олуттуу сыр жаткан. Ал ушунчалык берилип, ушунчалык көпкө ыйлагандыктан, нур тамылжыган жүзүн, куттуу сакалын, кийимин, жадагалса, жайнамаздын баш жагы көз жашка жуулуптур. Аңгыча Билал багымдатка азан айтып калды. Анын ыйлаганын көргөн азанчы:

– Пайгамбарым! Алла Таалам сиздин өтүмүшөтгү жана келечектеги күнөөлөрүңүздү кечирген. Ошого карабай көз жаш төгүп ыйлаганыңызды кандай түшүнсөк болот? – деп сураптыр. Ошондо Алла Элчиси:

– *Алла Таалага шүгүр келтирген кул болбой эле койоюнбу? Аллага ант болсун! Бүгүнкү түнү мага өтө олуттуу аяттар түшүрүлдү. Аны окуган соң, ал тууралуу ойлонбогондорго убал жок!* – деп айткандан кийин төмөнкү аятты окуптур:

«Асмандар менен жердин жаралуусунда жана түн менен күндүн алмашуусуда – акыл-эстүүлөр үчүн белгилер бар. Алар тик турганда да, отуруган да, жамбаштап жатканда да Алланы эстешет. Асмандардын жана жердин жаралуусу жөнүндө ой жүгүртүшүп: Оо, Жараткан! Сен муну максатсыз жаратпадың. Сен Аруусуң! Бизди тозок азабынан сактай көр! (дешет)» (Аали Имран сүрөсү, 190-191-аяттар) (Ибн Хиббан, II, 386; Аалусий, Руухул-мааний, IV, 157).

***

Азирети Пайгамбарыбыздын таң аткыча ойго сүңгүп, жалынып-жалбарып, дуба кылып чыкканын Абу Зар *(Алла ага ыраазы болсун)* мындайча эскерген:

«Түн. Алла Элчиси намазга турду. Ошол кечте таң атканча:

«Эгер аларды азаптай турган болсоң, шексиз алар Сенин кулдарың. Эгер аларды кечирсең, ырасында, Сен- (кудурети менен бүт нерсеге үстөмдүк кылган) Мартабалуусуң, (кеменгерлигиң менен бүт нерсени кынтыксыз жасаган) Даанышмансың!» (Маида сүрөсү, 118-аят) деп ушул аятты гана кайталады го жарыктык» (Насаий, Ифтитах, 79; Ахмад, V, 156).

Ааламдардын асыл Ардагы *(саллаллаху алейхи васаллам)* ошол кечте аяттын маани-маңызы тууралуу жана үммөтүнүн акыреттеги абалы жөнүндө ойлонуп, көз жаш төгүп Жаратканга жалбарган.

***

Лукман *(алейхис салам)* көбүнесе ээн жайда жалгыз калып сүкүт чалганды, ойго сүңгүгөндү жакшы көрчү экен.

– Эмне үчүн көп учурда жалгыз отурасыз? Жамаатка аралашып, эл менен дидарлашканыңыз жакшы эмеспи? – деген суроого Лукман *(алейхис салам)* минтип жооп берген экен:

– Узак убакыт жалгыз отуруу ой чабыт үчүн оңтойлуу учур. Ошондой эле узак убакыт ойго сүңгүү Жаратканга жакындаганга шарт түзөт» [116].

***

Бир адам Азирети Аббаска *(Алла ага ыраазы болсун)* жаман сөз айтып акаарат келтирет. Ибн Аббас болсо унчукпайт. Сөккөн адам анын ооз ачпаганына таң калат. Бул ирет эмне үчүн каршы жооп айтпаганын сурайт сылык гана. Ошондо жарыктык Ибн Аббас мындай деген экен:

– Сага каршы жооп берүүдөн мени тоскон үч түрдүү өзгөчөлүк бар. Биринчиси, Алланын Ыйык Китебинен бир аят уксам же окусам, аттиңай, ушу мен укканды бүт адамзат укса деп арзуу кылып келем.

Экинчиси, мусулман казынын же акимдин кандайдыр бир акыйкатты коргоп, адилеттүүлүк үчүн күч жумшаганын укканда кадимкидей сүйүнөм. Чын-чынына келгенде казы же аким менен менин эч кандай байланышым да, алакам да жок. (Тек гана Ислам баалуулугунун сакталганына, адилеттүүлүктүн жашап жатканына кубанам).

Үчүнчүсү, мусулмандар жашап турган аймактарга жамгыр жааганын укканда абдан кубанам. Аныгында ал аймактарда менин эгин аянтым да, оттоп жүргөн малым да жок. (Тек гана диндешимдин кубанычына тең ортокмун) (Хайсамий, IX, 284).

Бул окуядан Ислам дининин баа жеткис асыл дөөлөтүнө сугарылган Ибн Аббас Фуркан сүрөсүнүн 63-аятына ылайык амал кылганын көрүүгө болот:; «...Наадандар ага сөз ыргытканда (акаарат келтиргенде капа болбостон) «Тынчтык!» деп айтышат».

Ал каршылашкан тарапка жандүйнөсүнүн тили менен: «Менин ыймандан азыктанган көңүлүм бар туруп кантип сени капа кыла алам!..» деп айтса керек. Муну менен Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* наадандардын алдында көп баалуулуктарды камтыган китептей тунжуроонун айкын мисалын көрсөтө алган.

***

Сырдык сактай билүү тилди тарып, сүкүткө сүңгүй билүүнүн далили. Төмөндө баяндала турган окуя сыр сактоо өңүтүнөн да, Алланын Элчисине бапестелген сүйүү жана көрсөтүлгөн урматсый өңүтүнөн да маанилүү, нары ибараттуу:

Сабит ал-Бунанийдин айтуусуна караганда Анас бир Малик *(Алла ага ыраазы болсун)* ага буларды айтып берген:

«Күндөрдүн биринде жолго чыгып балдар менен чогуу ойноп жаткам. Аңгыча Алланын Элчиси жаныбызга басып келди да, ойноп жаткан балдарга салам берди. Анан мени жанына чакырып бир жерге барып келүүгө жумшады. Пайгамбарым айткан жакка жөнөдүм. Мен кайтып келгенге чейин ал көчө боюндагы дарактын көлөкөсүндө отуруптур. Үйгө кечирээк бардым. Санааркап отурган апам кайда жүргөнүмдү сурады:

– Алланын Элчиси бир иш боюнча мени бир жерге жөнөткөн болучу.

Апам кызыгып:

– Эмне иш болду экен?

– Бул Алла Элчиси үчүн сактала турган сыр.

– Андай болсо Алла Элчисинин сырын эч кимге айтпа!

Бул хадисти баян эткен Сабит *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

– Ошондо Анас мага: – Эгер ал сырды кимдир бирөөгө ача турган болсом, эң оболу сага ачар элем, Сабит! – деген экен» (Муслим, Фадаилус-сахаба, 145, 146).

***

Адилеттүүлүгү, мээнеткечтиги жана тартипти сактай билген көсөмдүгү менен Ислам тарыхында алтын тамгалар менен жазылып калган халифа Умар бин Абдулазиздин (Алла аны Өз ырайымына бөлөсүн) канчалык деңгээлде Алладан корккондугун, бул жашоодон тышкары эмнелерди ойлоп эзилгендигин төмөнкү окуя баян этет. Асыресе бүгүнкү күндө жалаң гана күнүмдүк көр оокаттын айынан түбөлүктүү анык жашоону, акыреттеги оор суракты, жан чыдагыс азапты эстен чыгарып бараткан замандаштарыбызга сабак болор деген максатта бул окуяны айтып өтүүнү туура көрдүк:

Мухаммад бин Кааб ал-Куразий баян этет:

«Мындан далай жыл илгери Умар бин Абдулазизге Мединада жолугуп калдым. Агезде ал баралына келип, болуп-толуп турган кырчындай жаш жигит эле. Арадан бир нече жыл өттү. Кийин бүткүл Ислам ааламына халифа болгонун угуп, амандашып койоюн деп барып калдым. Уруксат сурап

ичкери кирдим. Чынын айтсам, Умар бин Абдулазизди көрүп абдан таң калдым. Тилден калгансып телмире көзүмдү албай карай бериптирмин. Бир маалда ал:

– Ибн Кааб сага эмне болду? Бир нерсеге таң калгандай түрүң бар? – деди.

– Момундардын эмири! Ирециңиз купкуу болуп, кудум ооруп калгандай дене-турпатыңыз чөгүп кетиптир. Мурунку көрктүү, олбурлуу сөөлөт кайда? Сизди мындай абалда көргөнүмө абдан таң калып турам.

Халифа жылмайган тариздe баш чайкап мындай деди:

– Мен көз жумуп, жерге берилгенимден үч күндөн кийин мындан да жаман абалда көрсөң, ошондо анык таң калмаксың. Кумурскалар көздөрүмдү оюп, карегим эриниме куюлуп, оозу-мурдум канга, ириңге толуп калса керек. Ошондой абалда көргөнүңдө мени такыр тааный албасаң керек деп ойлойм. Кыямат, акырет деген акыйкат турганда кантип санааркабай койо алабыз? Кантип бейгам жашай алабыз? Эми кеп оролун башкага буралы. Андан көрө сен мага Азирети Пайгамбарыбыздын Ибн Аббас риваят кылган хадисин кайталап айтып берчи, жакшылык тапкыр...» (Хаким, IV, 300/7706).

***

Жунайд Багдадий бир күнү жоон топ адамдардын кыжылдашып бир жакты көздөй баратканын көрүп калат. Кызыгып:

– Ой, эл-журт! Кайда баратасыңар? – деп суроо салат .

– Баланча жерден бир аалым келген экен! Алла Тааланын бар экенин, жалгыз экенин ар түрдүү далилдер менен далилдейт экен! Мына ошол аалымдын сөзүнө кулак төшөө үчүн баратабыз. Кааласаң, жүр биз менен! – дешет.

Анда Жунайд олуя ууртунан жылмайып:

– Көрөр көз, угар кулак, туйар көөдөн үчүн ааламда Жаратткандын миң түрлүү далилдери бар. Жаратткан Кудай Тааланын жалгыздыгын, улуулугун, кудуретин далилдеген сан жеткис белги бар! Ырас, мына ушунун баарынан күмөнүңөр болсо, барсаңар болот! Биздин көөдөнүбүздө кыпындай да күмөн жок! – деген экен.

Саади Ширазий:

«Ариф-кыраакылар үчүн дарактын тек бир жалбырагы Улуу Жаратткан Алла Тааланы таанууга жетиштүү. Ал эми наадандар үчүн жер бетиндеги бак-дарактар тек бир жалбырак да эмес» дейт.

Анткени ааламдагы жандуу-жансыздын ар бири ар дайым бизге Жаратткандын улуулугун, аруулугун, кудурет чеберчилигин көрсөтүп турат. Жер-суу, ой-кыр, аска-зоолор, жан-жаныбарлар, сан түркүн кучкач-канаттуулар, булбулдардын сайрашы, ар жерде бири кызыл, бири көк, бири саргыл, бири сыя түс тартып жаратылышты көрккө бөлөгөн өсүмдүктөр дүйнөсү Жаратткан Алланын кудурет чеберчилигинин күзгүсү эмей эмне?

Андыктан адамзаада Алла Таала ыроологон акылды жүгүртүп, ой калчашы гана керек.

***

Сүкүт менен ой чабыттын зарылдыгы жана пайдалуулугу жөнүндө Мавляна олуя береги икаяны айткан:

«Бир шакирт терең ойго батууну каалап айлана-чөйрөгө өзүнчө көрк берген бир бакчага барат. Бакчадагы көз жоосун алган түркүн түстүү гүлдөрдүн, жаратылыштын ажарына ажар, көркүнө көрк кошуп турган жапжашыл бак-дарактардын алдында өзүнчө магдырап, жүрөгү опкоолжуйт. Көзүн жуумп, терең ойго чөмүлөт.

Бакчада эс алып жүргөн бир адам шакирттин жанынан өтүп баратып, анын уктап калгандыгын ойлойт. Шакиртти ийининен кармап:

– Эй, эмне уктап жатасың? Көзүңдү ач! Карачы, мобуреки гүл ачкан жүзүмдөрдү, бак-дарактарды, бири кызыл, бири сары, бири сыя түс гүлдөрдү, көк шибер чөптү карачы... Алла Тааланын ыраакымын, кудуретин карачы!.. – деп ойготкусу келет.

Ансыз да ойгоо турган шакирт ага:

– Ээ, таксыр! Жаратткан Алланын чексиз ыраакымынын эң чоң көрнөгү – бул жандүйнө. Андан башканын баары бул көрнөктүн көлөкөсү сыяктуу. Бак-дарактын арасынан бир дайра агып өтөт. Ал мөлтүр суунун бетинен эки жагында жайгашкан бак-дарактардын чагылышкан сүрөтүн көрөсүң...

Сууга чагылышкан бак-дарактар болгону сүрөт-көлөкө гана. Чыныгы бак-дарактар, гүлдөр жандүйнөдө өсүп жетилет. Себеби жандүйнө - бул Жараткан Кудуреттин назары түшчү жай. Алардын суу менен топурактан турган бу дүйнөдөгү көрүнүшү болгону сүрөт-көлөкө шекилдүү.

Эгер бу дүйнөдөгүлөр жандүйнөдөгү ошол бейпилдиктин көлөкөсү болбогондо, Жараткан Алла Таала утурумдук бу дүйнөнү «жалган» дебес эле!

Аали Имран сүрөсүнүн 185-аятында:

«...Бул дүйнө жашоосу – (мал-мүлк, мансап-бийлик, ойун-күлкү) азгырыктары менен гана чектелет» - деп айтылат.

Карама сокурлар, бу дүйнөнү «мына, бейиш!» дегендер – булар дайрадагы сүрөткө алдангандар.

Чыныгы бакча-гүлзарлардан, б.а., Жаратkандын сүйүктүү олуя пенделеринен алыс болгондор ошол куру кыялга алданып, терс жолдорго жетеленишет.

Күндөрдүн биринде алар ошол карама сокурлуктун терең уйкусунан ойгонушат. Бирок акыркы демде анын эч кандай пайдасы тийбейт.

Көз жумганга чейин ойгонуп, бул гүлзардын жыпар аңкыган жытын искеп, ырахат алган пенделер кандай гана бактылуу!... - деп жооп берет».

***

Жыйынтыктап айтканда, сүкүт да, ой чабыт (тафаккур) да ушу тапта мусулман баласы үчүн эң зарыл болуп турат. Көөдөндөгү ыймандын күчөшү, амалыбыздын бекемделип, үзгүлтүксүз уланышы жана бул олку-солку турмуша таба турган бейпилдигибиз ушу аталган изги сапаттарды ишке ашырууга байланыштуу. Анткени ой чабыт пендени чыныгы (тахкикий) ыйман дөөлөтүнө ээ кылып, жаратылуудагы максатка ылайык өмүр кечиришине өбөлгө түзөт.

Өз орду менен болгон сүкүт пенденин санаасын тынчытат, салабаттуулукка тарбиялайт, көөдөнгө көсөмдүктүн үрөөнүн чачып, Кудай буйруса, акыретте азаптан аман алып калат. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз өз хадисинде мындай деген:

*«Тилин тишине каткан (унчукпаган) жан кутулду дей бер»* (Тирмизий, Кыямат, 50/2501; Даримий, Рикак, 5).

Акырында айтарыбыз, сүкүт менен ой чабыттын санап бүткүс мол пайдасы бар. Андыктан ар бир мусулманды үстү мелмилдеп, тунжураганы менен түбүндө сан миң кызыкты, акыйкатты катып жаткан деңиз сымал сүкүттүн сырдуу мейкиндигине сүңгүп көрүүгө чакырабыз.

в. Ушак-айың (гыйбат)

Белгилүү болгондой, бирөөлөр тууралуу чын-жалганы аралаш терс айтылган кеп ушак-айың дегенди билдирет. Буга улай Исламда мусулман диндешин бирөөгө жамандоо, кемчилигин чукуу, анын артынан сөз агытуу сыяктуу жагымсыз аракеттер «гыйбат» деп аталат. Ошол себептен төмөндө бир гана маанини туюнткан гыйбат сөзүн да, ушак-айың сөзүн да колдонобуз.

Жараткан Алланын алдында адамзааданын канчалык деңгээлде абройлуу жана шарапаттуу экенин пендесинин айыбын, кемчилигин көзү жокто айтууну диний өңүттөн оор күнөө катары баалашынан баамдоого болот. Бул көрүнүш ошол эле учурда каарына караганда мээрими ташкындап турган Ырайымдуу Алла Тааланын күнөөкөр, айыпкер кулдарын канчалык деңгээлде коргоого алганын да айгинелейт.

Гыйбат кылууга тыю салынышынын себеби бир гана Алла Тааланын күнөөкөр пендесинин акы-укугун коргогусу келгендиги менен чектелбейт. Маселен, коомчулук болсун, бир үй-бүлө болсун, ынтымакка, биримдикке жана бейпил турмушка ар дайым муктаж. А ушак-айың болсо мына ошол баалуулуктарды талкалап жок кылат. Бизди өзүбүздөн да жакшы билген, жетик түшүнгөн Көрөгөч Алла Таала ушул өңүттү эске алуу менен гыйбат кылууга тыю салган.

Акыйкатта ушак-айың Исламдагы «бир туугандык!» деген ураанга жик түшүргөн, коом ынтымагын ыдыраткан, элдин биримдик рухун ууланткан, адамдын жүрөгүнө душмандыкты, кекчилдикти салган, сезимди өч алууга шыктандырган чоң күнөөлөрдүн бири болуп саналат. Ошого карабай көрпенде наадандыкка жетеленип, өз сөзүн чын көрүп, өзүн өзү сооротот. Аныгында гыйбат – акыйкатта бар кемчиликти, болгон иштти башкаларга жеткирүү. А чындыкка коошпогон сөз жалаа (ифтира) болуп эсептелет. Мына ушундай оркойгон кемчиликти этибарга албай көрпенденин акыйкатты айтып жатам деген чолок ой менен өзү-өзү сооротуп, жаңылыш жолдо каңгып жүрүшү кандай гана өкүнүчтүү, кандай гана кейиштүү кайдыгерлик!

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде сахабаларына суроо салат:

*– Гыйбаттын эмне экенин билесиңерби?*

– Алла Таала жана Анын Элчиси дагы да жакшы билет – дешет сахабалар бир ооздон.

*– Гыйбат – бул жагымсыз сөз менен диндешиңди эскерүүң.*

– Пайгамбарым, эгер чындап эле коюлган айып диндешимде бар болсочу? – деп сурады арадан бирөө. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*– Эгер сен айткан нерсе диндешиңде бар болсо, аны гыйбат кылган болосуң, ал эми жок жерден айып таккан болсоң, анда жалаа жапкан болосуң* – деди (Муслим, Бирр, 70; Абу Давуд, Адаб, 40/4874).

Ырасында, гыйбат өтө терең маселе. Бир мусулмандын дене түзүлүшү, жүрүм-туруму, дүнүйө-мүлкү, бала-бакырасы, тууган-уругу, буюм-тайымы, баскан-турганы, сүйлөгөнү, көнүмүш адаттары жана башка жагдайларды ага жакпагандай таризде мейли ооз эки болсун, мейли жазуу түрүндө болсун, ачыкка чыгаруу, жадагалса, каймана түрдө, көз, каш же колдун ишааратымenen түшүндүрүү, тууроо, ымдап, жаңсап айыбын ашкерелөө гыйбат болуп саналат. Кыскача айтканда, мусулмандын кандайдыр бир кемчилигин сөз жүзүндө болсун, кыймыл-аракет менен болсун башка адамга жеткирүү – бул гыйбат.

Бул айтылгандарды ишке ашырууда адамда жаман ниеттин болуп болбошу шарт эмес. Максатсыз, жөн гана зериккенден айтылган сөз же кыймыл-аракет да ушак-айың кылганга жатып, адамды күнөөгө батырат.

Тилдеги уулуу канжардан ушак-айың жаралат. Бул канжар жүрөктөгү сүйүү, боорукерлик, мээримдүүлүк жана биримдикти, аялуу сезимдерди жаралап өлтүрөт. Адамды адамга душман кылат. Ушак-айыңдын зыяндуулугун Фудайл бин Ияз минтип эскерет:

«Гыйбат кирген жерден ынтымак кетет».

Ушак-айың – напсиге жеңилүүнүн, көөдөндөгү сезимдердин куйтулугунун, ахлактын начардыгынын белгиси, ошондой эле арамза напсини семирткен оор күнөө. Анткени ал өзү сөз кылып, айыптап жаткан адамга караганда өзүн өйдө көрөт, тыңсынат. Башкача айтканда, «Өз башындагы төөнү көрбөй, бирөөнүн башындагы чөптү көрөт». Ошо замат (эгер тооба кылбаса) өзүнүн күнөөгө батып калганын элес албайт. Алла Элчисинин мынабу хадисин унутпоо керек:

*«Мусулман диндешин кордогону (басынтуу, теңсинбөө) адамга күнөө катары жетишүү»* (Муслим, Бирр, 32).

Айрыкча бирөөнү күнөөлөп, кескин түрдө сын таккан адамдар көп узабай дал ошол ката ишти өзү жасап коюп жүргөнүн карт тарыхтан да, күнүмдүк турмуштан да кездештирүүгө болот. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз мындай деген:

*«Күнөөгө баткан диндешин айыптаган адам ошо күнөөнү өзү жасамайын өлбөйт»* (Тирмизий, Кыямат, 53/2505).

Гыйбаттын тээ тереңинде текеберчилик, менменсинүү, Жараткандын пендесин теңсинбөөчүлүк, душмандык, кекчилдик сыяктуу көптөгөн жексур сапаттар жатат. Бул кейип ушакчынын жүрөгүндө эмнелер бар экендигин каңкуулап турат.

Ушак-айың – момун мусулмандардын ортосундагы ынтымакка от жаккан жана жаман ойлордун оожалткан уу. Бул жаатта Кутман Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* көптөгөн эскертүүлөрү бар:

*«Эч кимиң мага башкалар тууралуу сөз ташыбагыла! Анткени мен силердин алдыңарга (алдын ала бүтүмгө келген өкүмдөр менен эмес) таза жүрөгүм менен чыккым келет!»* (Абу Давуд, Адаб, 28/4860).

Гыйбат – бул адамзааданын оозун, жүрөгүн жана ич ааламын булгаган жаман күнөө. Азирети Аиша энебиз: «Мусулман тууганынын артынан сөз агытканы үчүн эмес, адал тамакты жегени үчүн оозун жууп жүргөндөргө таң калам!» деген.

Алла Таала адамдын ариет-аброюна доо кетирип, адам укугун тебелеген ушакчылыкты тыю үчүн төмөнкү аятты буюрган:

*«Эй, ыймандуулар! Ашкере шектенүүдөн арылгыла. Анткени, айрым шек саноолор – күнөө. Бири-бириңердин кемчилигиңерди чукубагыла жана бири-бириңерди ушактабагыла. Араңардан ким эле өлгөн бир тууганынын этин жешти жакшы көрсүн?! Силер аны жактырбайсыңар! Андыктан*

*Алладан корккула. Чындыгында, Алла – тооболорду Кабыл Кылуучу жана абдан Боорукер»* (Хужурат сүрөсү, 12-аят).

Алла Тааланын өтө терең маселени кыска жана нуска сүйлөм менен таамай жеткирип турганы, акыйкатта да, улуу чебердик. Ушакчылыктын чоң күнөө экенин акылга да, сезимге да таасир эте турган өзгөчө усул менен жетик түшүндүрүп койду. Бирөөнү артынан жамандоо адамгерчиликке, акылга сыйбаган, абийирди булгаган, динде тыю салынган ыплас жорук экенин төбө чачты тик тургузган жандуу элес менен ачык-айкын ортого койгон.

Аятта ушак-айыңдын «өлгөн бир тууганынын этин жегенди каалоо» деп сүрөттөлүшүнүн өзү эле мунун өтө оор күнөө экендигинин кадиксиз далили. Негизи эле адамдын эти арам жана тарп деп эсептелинет. Өлүп калган биртууганынын сасып, былжырап кеткен этин айрыкча, тамшануу менен жештин өзү мындай караганда акыл-эстин Теңирден тескери айланып, жырткычтан да төмөн деңгээлге түшүп калганын айгинелейт.

Мусулмандын жаны, ар-намысы, бедели жана мал-мүлкү ыйык, буларга эч кимдин кол тийгизгенге акысы жок [117]. Гыйбат кылып бир мусулмандын аброюна шек келтирүү анын жанына, ар-намысына жана мал-мүлкүнө кол салганга барабар. Ошондуктан эч ким эч кимди ушактаганга, артынан жамандаганга акысы жок. Ушакчылыкты көнүмүш адатка айлантып алгандарга Алла Таала эскертүү берген:

«Тили жана иш-аракети менен гыйбат кылуучуга азап болсун! Ал мал-дүнүйө топтоп, аны санады. Топтогон мал-дүнүйөсү өзүн түбөлүктүү кылат деп ойлойт. Жок! (Андай болбойт) ал сөзсүз «быркыратуучуга» ыргытылат. Сен «быркыратуучунун» эмне экенин билесиңби? Ал Алла Тааланын жагылган оту. Ал (денени көзөп өтүп) жүрөктөргө чейин жетет. Албетте, ал алардын үстүнө жабылат. Тартылган устундардын ичинде (болушат)» (Хумаза сүрөсү, 1-9-аяттар).

Жараткан Алла Таала ушак айтууга да, ушакка кулак салууга да тыю салган. Анткени ушакты унчукпай тыңдоо үстүртөн ага кошулгандыкты туюнтат. Чыныгы момун мусулман төмөнкү аяттагы өзгөчөлүккө татыктуу болушу керек:

«Алар пайдасыз сөздү уккан кезде андан жүз үйрүшөт...» (Касас сүрөсү, 55; Му-минуун сүрөсү, 3-аяттар).

Анткени момун мусулман деген жоопкерчиликти туу туткан, ыроолонгон ар бир жакшылык, мүмкүнчүлүк жана иш-аракети үчүн акыретте жооп берерин мыкты түшүнгөн инсан. Алла Таала кулдарына мындайча эскертүү берген:

«Билбей туруп бир нерсенин артынан ээрчибегин. Акыйкатта кулак, көз жана жүрөк, мунун баары жоопко тартылат» (Исра сүрөсү, 36-аят).

Бир жерде ушак-айың жайылып, мусулмандын аброюна доо кетип, ага каршы акаарат айтылган учурда акыйкатты билген инсан мусулманды коргоого алып, гыйбатты токтотууга тийиш. Мындай эрдикти өз маалында көрсөтө алган момун мусулманга Азирети Пайгамбарыбыз төмөнкүдөй сүйүнчү айткан:

*«Кимде-ким мунафыктан (эки жүздүү) мусулман диндешин коргосо, кыямат күнү Алла Таала ага тозок отунан этинин күйүп калышын коргой турган бир периште жиберет. Жаманатты кылуу максатында кимде-ким бир мусулманга жалаа жапкан болсо, Алла Таала аны кыямат күнү тозок көпүрөлөрүнүн биринин үстүнө (жазасын алып, күнөөдөн тазаланганга чейин) байлап койот»* (Абу Давуд, Адаб, 36/4883).

Айың кептен сак болууга чакырып Азирети Пайгамбарыбыз мындай деген:

*«Мусулман болгонун айтканы менен жүрөгүнөн ыйман түнөк таппаган пенделер! Мусулманды гыйбат кылбагыла, анын кемчилигин иликтебегиле! Кимде-ким мусулмандын кемчилигин чукуса, Алла ошонун айыбын ачыкка чыгарат. Алла кимдин кемчилигин иликтей турган болсо, үйүнүн ичинде болсо да, анын шермендесин чыгарат»* (Абу Давуд, Адаб, 35; Тирмизий, Бирр, 85; Ибн Касийр, Тафсир, IV, 229).

*«Адилетсиздик кылып мусулмандын аброюна тил тийгизүү, акыйкатта да, сүткорлуктун эң жаманы болуп эсептелет»* (Абу Давуд, Адаб, 35/4876).

Анткени сүткор башка бир инсандын мал-мүлкүнө сук колун салат. А гыйбатчы болсо, инсандын ар-намысына, беделине доо кетирип, абийирине шек келтирет.

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бирөөнү ушактап, бирөөгө жалаа жабуунун арты менен жетишилген булганыч ийгилик же мансап адамды жан чыдагыс азапка кириптер кылаарын маалымдаган:

*«Кимде-ким мусулманды гыйбат кылгандыгы жана анын ар-намысын тебелегендиги себептүү бир тиштем (заттык нерсе) жеген да болсо, ошончолук көлөмдөгү (азапты) Алла ага тозокто таттырат. Мусулманга жалаа жапкандыгы үчүн кимге (сыйлык катары) кийит кийгизилген болсо, Алла Таала ага ошол сыяктуу нерсени тозокто кийгизет...»* (Абу Давуд, Адаб, 35/4881).

Ушак-айың тараткан адам күнөөгө батканы аз келгенсип өзүнүн айыбын, кемчилигин түзөтүүдөн куру калат да, бардык жактан зыянга учурайт. Бул маселенин эң эле кейиштүү жагы, адамзат кыяматта күкүмчөлүк соопко да зар болот. Ушакчылардын бул дүйнөдө эптеп тапкан азыноолак сообу ошондой оор кезеңде жалган жалаадан, ушак-айыңдан жабыр тартып, зыянга учурагандарга алынып берилет. Эгер сообу жетишсиз болсо, ушактан жабыр тарткан адамдардын күнөөсү ага жүктөлөт [118]. Хасан Басрий:

«Ошончолук ушак айткың келип жатса, ата-энеңди ушакта!.. Сообуң эч болбосо акыретте ата-энеңе кетсин, алардын күнөөсүн көтөр!...» дептир.

Эми кеп оролун ушак-айыңдан жабыр таркан адамдын абалына буралы. Момун мусулман эч кимди гыйбат кылбоо шарты менен өзүнө жабылган жалааны, өзү жөнүндө айтылган чындыкка коошпогон сөздөрдү жана ушакты сабырдуулук менен көтөрүп, моралдык жактан зыянга учураткан баканоолордорду айкөлдүк кылып кечирсе, мыкты артыкчылыкты көрсөткөн болот [119]. Анткени ушак-айыңга жана жалган жалаага туруштук берүү руху бийик, кемелине келген инсандын гана белгиси.

Биринчи баскыч: Ушак-айың, жалган жалаага эч кандай жооп берилбеши керек. Унчукпоо кажет.

Экинчи баскыч: Унчукпоо зарыл. Мында өзүнүн күнөөсү ушакчыга жүктөлгөнүнө сүйүнсө болот. Бирок бул руху бийик инсандар үчүн кемчилик болуп эсептелет.

Үчүнчү баскыч: Акыретте таба турган соопко жана Жараткандын ырайымы менен кечирим кылынарына сүйүнүү абзел. Бирок ошол эле учурда ушакчы менен жалаакордун акыреттеги кейиштүү абалына сар санаа болуп, капалануу менен кабыл алуу керек. Бул баскычтагы кубаныч капалануудан ашып кетпеши керек.

Бирок бирөө тууралуу айтылган сөздөр кээ бир жагдайларда, айрым учурларда ушакка, гыйбатка жатпайт.

1. Кордук көргөн адам заалымга мыйзамдуу түрдө чара көргөнгө укугу да, дарамети да жете турган өкүмдар же сот сыяктуу жогорку даражадагы кызматкерге даттанганда: «Палан адам адилетсиздик кылып мени минтип кыйнап, мынчалык чыгымга учуратты...» сыяктуу өз дартын айтса болот.

2. Жабыр тарткан мусулман мыйзамдын же шарияттын негизинде фатва (өкүм) чыгаруучу жогорку органга барып: «Паланча уулу паланча мага зулумдук кылды. Андан кантип, кандай жолдор менен өз акымды кайтарып алсам болот» деген сыяктуу кеңеш сураса болот. Муктаждыктан улам болуп жаткандыктан бул эрежеге амал кылса болот. Бирок өз акысын мыйзамдуу жол менен кайтарып алуунун башка жолдору бар болсо, этияттык үчүн зулумдук кылган адамдын атын атабаганы дурус.

3. Мусулмандарды жамандыктан калкалоо, тосуу жана жакшы ниетте болуу. Бул жобонун төрт беренеси бар:

а. Хадис айтуучуларды (равилерди) жана күбөлөрдү толук айта албаган аалымдын маалыматын четке кагуу, кабыл кылбоо. Шариятта буга ижма менен уруксат берилген. Жадагалса, кези келсе, важип.

б. Куда-сөөк, орток, коңшу, соода-сатык кылуу же аманат таштоо тууралуу маселелерде тийиштүү адам тууралуу маалымат суралганда, болгонун болгондой айтуу, алымча-кошумчасыз так маалымат берүү кажет.

в. Мусулман пенде диний билим алууну каалаган окуучунун келечегин ойлоп ага төмөнкүдөй багыт берсе болот: Маселен, маалымат бере турган адам ошол окуучу окуй турган мугалимдин күнөөкөр жана бидатчы (динге бузуку эреже-жоболорду киргизүү) устаттан сабак алганына өз көзү менен күбө болушу керек. Ошондо гана анын илиминин булагындагы көйгөйлөрдү айта алат.

г. Тапшырылган тапшырманы так аткарбаган же ишке шалаакы мамиле кылган кызматкердин абалын жогорку макамдагы жетекчиге билдирүү.

4. Күнөөкөрлүгү жана битатчылыгы көпчүлүккө маалым болгон адам тууралуу сүйлөшүү. Бирок анын элге маалым болбогон көмүскөдөгү айыптарын айтуу (эгер муну айтуунун зарылчылыгы жок болсо) арам болуп эсептелет.

5. Бир адам чолок, аксак, дүлөй, сокур же ушул сыяктуу лакап ат менен таанымал болсо, аны түшүндүрүү же издеп жүргөн бирөөнгө жардам берүү максатында гана лакапты колдонууга болот. Лакап менен таанылган мындай адамдарды маселен, атасынын же чоң атасынын аты менен таанытуу мүмкүнчүлүгү бар чакта лакапты колдонбогон жакшы.

Эскерте кетчү нерсе, бирөөлөр тууралуу маалымат берүүгө уруксат кылынган мүмкүнчүлүктөрдү колдонууда аша чаап напси тизгинин койо бербөө керек. Мусулман пенде бирөөнү сындап же бирөө тууралуу маалымат айтуудан алдын тийиштүү маалыматты бергенге өзүнүн акысы барбы, же жокпу, ошону тактап алышы зарыл. Болбосо азоо напси түрдүү шылтоолорго такап, пенденин өзүн укуктуу, адилеттүү кылып көрсөтүү жолу менен гыйбат кылууга түртүшү мүмкүн. Мына ушул жагдай эң кооптуу болуп эсептелет.

**Изгиликтин үлгүсү**

Алланын ардактуу Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Миражга чыкканда ушакчылардын акыреттеги жүрөк титиреткен абалын өз көзү менен көрүп, бизге кабарлаган:

*«Мен Миражга чыкканымда жезден жасалган шиш тарак менен өз бетин, көзүн тытып жаткан чоң жамаатты көрдүм. Таң калганымдан Жабраилден сурадым:*

*– Жабраил! Булар кимдер?*

*–Булар (гыйбат, ушак таратуу менен) адамдардын этин жегендер жана алардын ар-намысы, абийири менен ойногондор – деп жооп берди* (Абу Давуд, Адаб, 35/4878).

***

Жабир *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алланын Эчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен чогуу баратбыз. Заматта ирип-чирип кеткен тарптын жыты бүт айлананы каптап, каңылжаарды жарып кетти. Ошо замат Азирети Пайгамбарыбыз бизге мындай деди:

*– Бул эмненин жыты экенин билесиңерби? Бул момун мусулманды гыйбат кылгандардын жыты»* (Ахмад, III, 351).

Бүгүнкү күндө бул жытты сезбей жүрүшүбүздүн бирден бир себеби жүрөктөрдүн карарып кирдегенинде.

***

Салман Фарисий эки сахаба менен сапарга чыгат. Кутман сахаба берки эки шеригине кызмат кылып, жардам берип, алардын тамагын жейт эле. Ошондой күндөрдүн биринде Салман (Алла агы ыраазы болсун) уктап калып шериктеринен калып калат. Алар ары-бери көз салып Салманды таба албагандан кийин бир топ жол жүрүшөт. Унаанын үстүндө чайпалып жүрүп олтуруп чарчашты көрүнөт, түш оой ылайыктуу жерди тандап чатыр тигип өргүп калышат. Өз ара сүйлөшүп олтуруп:

– Салман тигилген салкын чатырга паанектеп, бышкан тамактын үстүнө келгенден башка эч нерсе билбейт! – деп өз ара гыйбат кылып коюшат. Көп өтпөй артта калып кеткен Салман да жетип келет. Анын келишин анча жактыра бербеген берки экөө Салманды айран сурап келүү үчүн Алла Элчисине жумшашат. Кырма кесени көтөргөн Салман Алла Элчисине барат:

– Пайгамбарым! Шериктерим мени сизге жиберди. Жаныңызда айран болсо, сурап жатышат – деп сылык кайрылат.

Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* ага:

*– Шериктериң айранды эмне кылышат экен? Алар катыкты эбак ичип коюшкан!* – дейт. Салман кайтып барып Алла Элчисинин сөздөрүн айтат. Жагдайга түшүнө бербеген сапарлаштар артка кайтып Алла Элчисинин каалгасына келишет да, өздөрүн актап киришет:

– Оо, Алланын Элчиси! Сени акыйкаттык үчүн жиберген Жараткан Алланын алдында касам ичебиз! Биз жанагы жерде өргүүгө түшкөндөн бери эч нерсе жеген жокпуз.

Алла Элчиси:

– *Силер өз ара сүйлөшүп олтуруп Салманды катыктап жеп койдуңар* – дейт. Бул окуяга улай: «...Араңардан ким эле өлгөн бир тууганынын этин жешти жакшы көрсүн?!» (Хужарат сүрөсү, 12-аят) түшүрүлөт.

Ушул окуя тууралуу кабар берген башка булакта жогорку хадистин уландысы минтип айтылат:

*«– Мен тишиңердин кычыгынан тиги диндешиңердин этин көрүп турам»* дейт. Маселенин ток этер жерин түшүнгөн сахабалар ошо замат бушайман болуп Пайгамбардан өтүнүшөт:

– Пайгамбарым! Биздин кечирилишибизди тилеп, ак батаңды бер!

Ошондо Пайгамбарыбыз алар аркылуу бүтүндөй үммөтүнө кетирилген күнөөдөн арылуунун жолун үйрөткөн:

– *Кимди гыйбат кылган болсоңор, ошого барып сурангыла, силердин кечирилишиңер үчүн ошол дуба (истигфар) кылсын!* (Ибн Касийр, Тафсир, IV, 231).

***

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Адаттагы күндөрдүн биринде кызганычка алдырым койдумбу, айтор, өзүмдү кармана албай:

– Оо, Алланын Элчиси! Сафиянын пекенелиги сизге куп жарашат – деп жибериптирмин. Мен бул сөзүмдө Сафияны теңсинбегендей маани жатканы акыйкат эле.

Ошондо Пайгамбарым кадырман Сафияга жан тарткандан эмес, мен такыр элес албаган кейиштүү жагдайга ыза болуп мындай деди:

*– Аиша! Сен өтө оор сөздү айтып салдың. Эгер сенин бул сөзүң деңизге төгүлсө, бүтүндөй деңиз суусу бузулмак.*

Дагы бир жолу эч кандай жаман ниетим жок эле бир адамдын абалын түшүндүрүү үчүн аны туурап койдум. Бул ирет да Пайгамбарымдын ызага буулукканын байкадым. Ал мага мындай деди:

*– Дүйнөдөгү эң кымбат нерселер тартуу кылынса да бир адамды көңүлгө жакпаган тариздe тууроо аркылуу эскерүүдөн кескин түрдө баш тартмакмын»* (Абу Давуд, Адаб, 35/4875; Тирмизий, Кыямат, 51).

***

Алланын сүйүктүү Элчиси өмүрүнүн акыркы күндөрү оорусу күчөп төшөк тартып калат. Мусулман үммөтүнүн кадырман энелери, Пайгамбарыбыздын сүйүктүү жубайлары анын айланчыктап калышат. Өмүрлүк жолдошунун жаны кыйналып жатканына түтпөгөн Сафия эне өкүнүү менен:

– Оо, Алланын Элчиси! Сага келген ушул дарт мени сулатса, жакшы болбойт беле! – деп сыздайт.

Мындай күйүмдүүлүктү аялдык сезим менен кабылдаган берки жубайлары бири-бирине каш, көзүн ымдап Сафия энени жактырбагандай түр көрсөтүшөт. Алардын эмне кылып жатканын көзү менен көрбөсө да, көөдөнү менен туйган Алла Элчиси:

– *Оозуңарды чайкагыла!* – дейт. Жубайлары аң-таң боло:

– Эмне үчүн? – деп сурашат жабыла.

Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* энелерибизге:

*– Каш, көзүңөрдү ымдап Сафияны сындаганыңар үчүн... Аллага ант этем! Анын мага болгон сезими чындилден чыккан* – дейт (Ибн Хажар, ал-Исаба, IV, 348).

***

Итбан бин Малик *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«...Биздин үйгө келген соң Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* имамдыгы астында намаз окудук. Намаздан кийин арабыздан бирөө сурады:

– Малик бин Духшум көрүнбөйт да, кайда экен?

Четте олтурган бирөө жооп иретинде мындай деди:

– Ал Алла Элчисин жакшы көрбөгөн эки жүздүү адам (ошон үчүн келге жок).

Бул сөздү угар замат каны ичине тартылып өңү кубара түшкөн Алла Элчиси буларды айтты:

*– Антип айтпа! Алланын ыраазылыгын тилеп «Лаа илааха иллаллаах» деп айтканын уккан эмессиңби? Ыраазылыгынан үмүт кылып «Лаа илааха илаллаах» деген пендени Алла Таала тозокко арам кылган* (тозокко таштабайт)» (Бухарий, Салат 45, 46, Азан 4, 5, 153, 154; Муслим, Иман, 54, 55).

Алла Элчиси бул жерде момун мусулманды жаман ойдон, гыйбат кылуудан тосууга басым жасаган.

***

Көп кыйынчылыкты жараткан Табук жүрүшүндө болгон окуяны айтып берели:

Сахабалары менен чогуу олтурган Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам):*

– Кааб бин Малик эмне кылып жүрөт, кайда ал? – деп Каабды жоктоп калат. Бани Салима уруусунан бирөө элпектик кылып жооп кайтарат:

– Пайгамбарым. Ал асемдүү кийим-кечесин кийип алып, жарашыктуулугуна суктана ары-бери басып олтуруп Мединада калып калды.

Муаз бин Жабал ойлонбой сүйлөнгөн сөзгө ачуусу келип дагы бир нерселерди айткысы келген адамды зекип токтотуп койот да, чыныгы мусулмандык касиетти көрсөтүп:

– Оо, Алланын Элчиси! Биз Кааб бин Маликтин жакшы адам экендигин билебиз –дейт. Алланын Элчиси сүкүткө сүңгүп унчукпайт (Бухарий, Магазий, 79; Муслим, Тавба, 53).

Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* унчукпагандыгы менен Азирети Муазды жактап, момун мусулмандын гыйбат кылынышына тыю салган.

***

Өзүндөгү кемчиликти көрбөй башкалар тууралуу өйдө-төмөн сөз айтуунун кесепети тууралуу Мавлана Жалалиддийн ар-Румий төмөнкү икаяны баян эткен:

«Төрт мусулман индус мечитке барышат. Төртөө тең ниет кылып, такбир алып намазды баштап калышат. Алар дал ушул мезгилде өз кемчилигин, жаңылыштыгын моюнга алуу менен ыкласын коюп, сезимдери жашып турган абалда эле. Аңгыча мечиттин азанчысы сырттан кирип келет.

Намаз окуп жаткан индустардын бири намаз окуп жатканын унутта калтырып азанчыга кайрылат:

– Эй, азанчы. Азан айттыңбы же дагы убакыт барбы?

Жаны кашайган экинчи индус намазды элес албай:

– Өчүр доошуңду, сен сүйлөп жибердиң, намазың бузулду! – деп зекийт да, бейкапар намазын улантып кетет.

Элди намаздан алагды кылып мүшкүл жараткан берки экөөнө кыжырланган үчүнчү индус сабырын тизгиндей албай:

– Ой, тууган! Эмне эле аны кекетип жатасың? Сен деле сүйлөп жибербедиңби? Андан көрө насатты өзүңө айт! – деп калат.

Төртүнчү индус индус намаз окуп жатып ичинен кымыңдай:

– Кудайга шүгүр, намазды бузуп силер сыяктуу мен кудукка түшкөн жокмун. Намазымды токтотпогонум жакшы болду – дейт».

Ошентип бири-бирин сындаган үч пенде сүйлөп жиберип намазды бузса, өзүн такыбаа сезип Жаратканга багышталган намазда өз кызыкчылыгын ойлоп төртүнчү индустун да намазы текке кетет. Ар кимдин айыбын изилдеп, көпчүлүккө жар салууну жактыргандар негизинен көп өтпөй өздөрү адашып, күнөөлүүдөн да ашып түшөт. Өз айыбын сезе билген жан кандай гана бактылуу. Кимде-ким бирөөнүн айыбын көргөн болсо, ага аманат берилген болуп эсептелет. Каалаauthor, ал сырды сактап калат, кааласа, аманатка кыянат кылып элге жаят.

Сенин башыңда напсиге жетеленме мүнөздөр жана ахлаксыздык деген рухий дарт бардыр. Анда башыңа дары сүртүшүң керек. Ал кандай дары? Өз айыбыңды сезе билүү, өзүңдү күнөөлөй билүү, сендеги рухий дарттын дабаасы ушул. Көзүңө урунган мусулмандагы кемчилик сенде жок болушу ыктымал. Мындай учурда өзүңө ишенип, көөдөнүңдү көтөрбө! Келечекти бир Алланын Өзү билет. Балким, ошолорчулап күнөөгө сен да батышың ыктымал, сенин да артыңдан сөз ээрчип, элге жаманатты болушуң ыктымал! Андыктан этият бол!»

***

Суфян бин Хусайн баян этет:

«Ияздын жанында олтуруп белгилүү бир адамды жамандап койдум. Менин бул жоругума ачуусу келген Ияз:

– Сен ушул жылдагы Римдиктерге багытталган казатка катыштыңбы? – деп сурады. Барбаганымды айттым. Ошондо ал мага:

– Андай болсо, Римдеги каапырлар сенин кесепетиңден кутулуп кетишти, а мусулман диндештериң болсо бүлгүнгө учурады!.. деди».

***

Саади Ширази баян этет:

«Балачагымда такыбаалыкка жан үрөп, аз жеп, аз ичүүгө өзүмдү ашкере тарбиялап, көп ибадат кылууга үзүлүп түшөр элем. Адаттагы түндү атамдын жанында ибадат кылуу менен өткөрдүм. Эсимден кетпейт, ошол түнү күн чыкканга чейин көз ирмебей ибадат кылып, Куран окуп чыгыптырмын. Жаныбызда эч нерседен бейкапар бир топ адамдар уктап жаткан. Аларды көрүп ойго сүңгүдүм. Дилимдеги санаа тилимди сүйлөтүп жиберди:

– Ушу уктап жаткандардын жок дегенде бирөө жарымы баш көтөрүп, эч болбосо эки ирекет тахажжуд окуган жок, кудум өлүк сыяктуу мемиреп уктаганын көр.

Атам бул сөзүмдү угары менен башын кыйгачтатып мени карап кабагын бүркөдү да менин пикириме кошулбасын билдирип мындай деди:

– Ай уулум ай! Башкалардын артынан сөз агытуунун ордуна атаганат сен да ошолорчулап мемиреп уктасаң жакшы болбойт беле! Анткени сен жектеген жандар Кудайымдын ушу таптагы мээриминен, берекесинен куру калып жатышканы менен Кираман Катибийн периштелери аларга залал келчү эч нерсени жаза элек. А сен диндештериңди пас көрүп, гыйбат кылгандыгың үчүн амал дептериңе күнөө жазылды деди».

***

Ушакчылык дартына кабылган бир пенде кези келсе, өзү менен бир шаарда чогуу туруп Алланын сүйүүсүнө татыган олуя пендени да гыйбат кылгандан кайра тартчу эмес. Ошол себептен оозуна алы келбеген ушакчыны эч ким жакшы көрчү эмес. Бирок жандүйнөсү Жаратканга болгон сүйүүгө ташкындаган бул кутман инсан ушакчыны көрүп калганда жылуу маанайда амандашып, эң жакын адамындай көпкө сурашар эле. Айрыкча кийинки учурларда: «Менин сүйүктүү ортогум, кел, келе гой!» деп айтчу болот. Жылуу сөз жан эритет демекчи, олуянын бөтөнчө мамилеси ушакчыга таасир этет. Ошондон тарта ал:

«Мен бул адамды ар кимге жамандап, ар кандай жалаа жаап жүргөнүмө карабай мага адамча мамиле кылып жатат. Кой, мындан кийин бул киши тууралуу эч кимге ооз ачпай эле койоюн» деп ичинен бир чечимге келет.

Арадан айлар өтөт. Анда-санда олуяга зыяратка барып турат. Бирок эмнегедир кийинки мезгилдерде мурункудай жылуу мамилени көрбөй калат. Барган сайын кадыресе кабыл алып сыпайы узатат. Түшүнүксүз жагдайга гыйбатчынын башы катат. Акырында мунун себебин олуянын өзүнөн суроону туура көрөт:

– Таксыр, мурдагы жылуу мамилеңизди акыркы күндөрдө сагынчу болдук. Эмнегедир акыркы мезгилдерде арабыз сууп бараткандай туюлат. Эмне себептен мындай болуп жатканын түшүнсөк болобу?

«Темирди кызуусунда чап!» дегендей, маселенин ток этер жерин сааты чыгып турганда айткысы келет. Ич ааламы Исламдын баалуулугу менен шөкөттөлгөн кеменгер устат сөз баштайт:

– Мурдатан сиз менен биз соода-сатыкта орток элек. Өзүңүз байкагандай ал ортоктуктун токтогонуна бир кыйла болуп калды. Ошол себептен мамилебиз да кадыресе салтуу нукка түштү.

– Устат, түшүнсөм өлөйүн! Сиз кайсы орток келишим тууралуу айтып жатасыз? Чынын айтсам, менин эч нерседен кабарым жок болчу.

– Анын да туура. Сен мурдалары менин артымдан сөз агытып, ар кимге ар башкача ушактап, жамандап жүрчүсүң. Сенин көрсөткөн кордугуңа мен сабырдуулук кылып чыдап келдим. «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң» дегендей, түтөгөн сабырымдын үзүрү катары менин күнөөлөрүм сенин дептериңе, сенин сооторуң менин дептериме жазылып келген. Кеп төркүнүн эми түшүнгөндүрсүң. Экөөбүздүн ортобузда ушундай ортоктук бар эле. Мен тууралуу айың кепти оозанбай калганыңдан бери ортодогу ортоктук аягына чыккан...

Гыйбатчы пенде башын мыкчып терең ойго батат. Күнөөгө көмүлүп калган абийиринде бираз ачыркануу пайда болот:

– Чын эле гыйбатчынын абалы ошондойбу?

Бул суроого орошон олуя төмөнкү мисал менен жооп берет:

– Имам Шараний мындай деген: « Мен ушунчалык ушак айткым келгенде, эң оболу ата-энемди гыйбат кылмакмын. Анткени гыйбат кылган пенде кимди ушактаган болсо, сообу аргасыздан ошого жазылат. Анысы аз келгенсип, анын күнөөсүн гыйбатчынын мойнуна жүктөлөт».

Акыйкаттын кайда жатканын аңдаган көрпенде эсине келет. Жаратканды даңктап, такай зикир менен жүргөн олуянын алдында эч кимди ушактабаганга, эч кимге жалаа жаппаганга сөз берет...

***

Жыйынтыктап айтканда, гыйбат адамдын эң маанилүү акы-укугун тебелегендик, пендени акыретте азапка түрткөн оор күнөө болуп эсептелет. Көпчүлүк диндештерибиз өз ара жөн жай сүйлөшүп олтурганда капилетен ооздон жаңылып гыйбаттын сормо сазына түшүп кетишет. Анан да мунун күнөө экенин билген жандар көп учурда «акыйкатты айтып жатабыз!» деп өзүн-өзү сооротуп келишет. Гыйбаттын эң кооптуу тарабы дал ушул жерде жатат.

Ислам баалуулугун аңдап-түшүнө элек жандарга, напсинин алдында эркин жоготуп койгон наадандарга уккулуктуу обон сымал жагымдуу келген гыйбат адамзааданын эки дүйнөсүн тең кемирип жок кылуучу зыянуу мүнөз. Маселен, бул дүйнөдө бизге эң зарыл болгон сүйүү, урмат-сый, биримдик сезимдерин жана бул сезимдердин жемишин күлгө айлантат. Акыреттеги абал мындан сан миң эсе жаман. Анткени гыйбат акыретте бизге эң керек болгон соопту, эптеп жыйнаган жакшылыгыбыздын баарын жууп кетип, анын ордуна башкалардын күнөөлөрүн үйүп салат. Тилекке каршы, адамзаада жапжакшына баратып жаактан жаңылып, тилден мүдүрүлүп оор күнөөнүн оруна күн сайын, ал тургай саат сайын эле түшүп кеткенин байкабай, жадагалса гыйбатты көнүмүш адатка айлантып алганы өтө өкүнүчтүү. Акырында айтарым, айланайын калайык! Ушу ушакчылык, гыйбатчылык жана жалаа жабуу деген балекеттерден этият бололу, ооздон чыккан ар бир сөздү алдын-ала ойлонуп, таразалап сүйлөйлү!

Тилдин уулуу канжарынан Алла Таалам баарыбызды сактасын!

Оомийн!

## 12. Тазалык жана сыпаалык

Ислам – тазалыктын, пакизалыктын, аруулуктун, сыпаалыктын, кичипейилдиктин жана ак ниеттүүлүктүн дини. Тазалык дене-турпатты тышкы көрүнүшүн туюнтса, калган изги сапаттар кулк-мүнөздүн жана жүрүм-турумдун мыктылыгынан кабар берет. Алла Таала Ыйык Куранда:

«...Алла Таала тазалангандарды сүйөт!» деп маалымдаган (Бакара сүрөсү, 222-аят). Жараткан Алла бул буйругу менен момун мусулмандарды заттык жана рухий тазалыкка чакырат.

Ал эми тазалыктын аруу жүзү саналган Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам): «Алла Таала аруу, Ал аруулукту сүйөт»* деп буюрган (Тирмизий, Адаб, 41/2799).

Ислам дини тазалыкка, пакизалыкка жана сыпаалыкка негизделип курулган мыйзам-жоболорду жана жашоо ыңгайын алып келген. Ошол себептен ыймандуулуктун белгиси тазалыкта экендигин маалымдаган. Хадис жана укуктук китептердин дээрлик баары тазалык бөлүмү менен башталат. Айрым ибадаттарды аткаруу үчүн динибиздин маанилүү бир негизи катары дене-турпат жана турган жер сөзсүз түрдө таза болушу керек. Улуу заара менен кичүү заарадан кийинки, тактап айтканда, ажаткадагы тазалыкка басым жасалышы бул маселенин өтө маанилүү экендигинен кабар берет. Мусулман пенде кийим-кечени таза тутууга, ар кандай ыплас нерселерди жугузуп алуудан этият болууга милдеттендирилген. Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам):*

*«Пендезат даaратканада жакшылап тазаланбагандыктан кабыр азабына тушугат»* деген маанидеги хадисти айтуу менен үммөтүн тазалыкка кылдат мамиле кылууга үндөгөн (Ибн Маажа, Тахарат, 26).

Ислам дини мусулманга денени, кийимди, турак үйдү, айлана-чөйрөнү жана жүрөктү, жандүйнөнү таза, пакиза тутууну буйруйт, ошондой эле жүрүм-турумда болсо сыпаа, кичипейил болууга чакырат. Ошол себептен бардык ибадаттар үчүн негизги шарт катары башкы орунга тазалыкты койгон. Мындайча айтканда, Ислам дини ар бир инсандан мажбурий түрдө талап кылынган тазалыкты ибадаттын өзөгү катары кабыл алган. Динибиз бири-бирин бекемдеген мындай ийги усул менен тазаланып жаткан адамдын ошол эле маалда ибадатка камынып жатам деген аяр түшүнүктө болушун камсыз кылган.

Мусулманды даарат жана гусул даарат алууга чакырган көп аят, хадистер бар. Анткени даарат мейли медициналык, мейли рухий өңүттөн карабайлы, биз үчүн абдан пайдалуу. Жадагалса, ибадаттан тышкаркы убакыттарда да такай даарат менен жүрүүнүн жакшы жактары эскертилген. Үммөтүн рухий жана заттык тазалыкка үйрөтүү үчүн Азирети Пайгамбарыбыз:

*«Чыныгы мусулман гана такай даараттуу жүрөт»* деп айткан (Муватта, Тахарат, 6).

Ооздун тазалыгы Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзгөчө басым жасаган маселелердин бири болуп эсептелет. Азирети Пайгамбарыбыз бул үчүн айрыкча дааратган беш, он мүнөт алдын мисвак менен тишти тазалоого кеңеш берген. Азирети Аиша эненин бул жааттагы эскерүүсүнө назар салалы:

«Биз Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* мисвагы менен дааратына сууну жатардан алдын даярдап койоор элек. Анткени Алла Таала аны түндүн ар кайсы бөлүгүндө ойготчу. Ал турар замат мисвак менен тишин тазалап, даарат алып анан намаз окучу» (Муслим, Мусафирийн, 139).

«– Азирети Пайгамбарыбыз үйгө кирер замат эмне иш кылчу? – деген суроого Азирети Аиша энебиз:

– Мисвак менен тишин тазалачу – деп жооп берген» (Муслим, Тахарат, 43-44).

Мусулман дасторконго отурбастан алдын жана бата кылгандан кийин колду чайкоо менен өз ырыскысынын берекелүү болушуна салымын кошот [120].

Пенденин табияты талап кылгандай, тырмак алуу, сакал менен мурутту кыскартып туруу, тишти тазалоо сыяктуу сүннөттөрдү өз маалында сүйүп аткарууга милдеттүүбүз. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Пайгамбардын беш сүннөтү бар. Мунун бешөө тең адамдын табияты үчүн эң зарыл деп эсептелет: сүннөткө отуруу, (чурайдагы) жүндү кыруу, тырмак алуу, колтуктун астын тазалоо, мурутту кыскартуу»* (Бухарий, Либас, 63-64).

Мусулман пенде жашаган үйүн жана айлана-чөйрөсүн таза тутушу керек. Анткени мусулмандын үйүндө Алла Таалага ибадат кылынат. Андыктан периштелерди качырган жаман жыт, ыплас нерселер үйгө киргизилбеши керек. Периштелер тазалыкка жана жагымдуу жытка куштар, алар кир, чаң, дат баскан же көңүлдү айланткан жаман жыты бар жайларга жакын жолобойт. Ыпластык жана жагымсыз жыт шайтан менен карамүртөз жиндерди өзүнө тартат.

Мусулмандын чөйрөсү ибадат кылынган пакиза жай сымал ар дайым мизилдеп таза болот. Көңүлдү ирээнжите турган жаман көрүнүштү анык мусулмандын турагынан да, айланасынан да кездештирүү мүмкүн эмес. Өткөн-кеткендерге бөгөт болуп, ыңгайсыздыкты жараткан нерселерди жолдон алып таштоону ыймандуулуктун талабы катары билет. Жерге түкүрүүнүн мусулманчылыкта айып катары көрүлүшү Ислам дининин пакизалыгынан кабар берет.

Кыскасын айтканда, кандай гана жагдай болбосун ар дайым тазалыкка умтулган, аны иш жүзүнө ашыра билген инсан чыныгы мусулман болуп эсептелет. Мусулман заттык тазалык рухий тазалыкка таасир этээрин жакшы билет. Анткени аалымдар рухий өңүттөн адамдын аруулугуна, жакшылыкты, кайрымдуулукту мол жасашына, Жараткан Алла тарабынан токтоосуз кабылданар амалдарды көп орундатуусуна жана жүрөктүн «ихсан» деңгээлине жетишине заттык (сырткы) тазалыктын таасири күчтүү экендигин маалымдашкан.

Эми, сыпаалык тууралуу кепке кезек берели. Сыпаалык – бул мусулмандыктын белгиси. Бүткүл адамзатка эң таза динди, эң улуу маданиятты, изги адеп-ахлакты алып келген Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* сылыктыкта, сыпаалыкта жөнөкөйлүктө жана салабаттуулукта биз үчүн эң мыкты үлгү.

Көпчүлүк колдоого алган өз ара карым-катыштык жана ахлактык эрежелерди мусулман эч убакта бузбайт. Көпчүлүк этибар бербеген бул эрежелер мусулмандын жашоосун ырааттуу бир нукка салууну максат кылат.

Сыпаалык эрежелери ободу инсандын көкүрөгүнө уюп, башка адеп-ахлактардын коштоосунда кишинин кан-жанына, бүткүл жүрүм-турумуна сиңип, көңүл сүйүнтөр абалга келет. Чөйрө мындай абалдан албетте оң таасир алат. Эгер коом сыпаалыктан өз насибин алалса, бул аркылуу башка элдер менен болгондостук мамилелер оожалып, бейпилдик жана молчулук өкүм сүрөт. Аталган эрежелердин ичинен бир нечесин атай кетели:

Мусулман бирөөнүн алдына киреpде уруксат сурашы керек. Ыйык Куранда мындайча буйрулат:

«Эй, момундар! Өз үйүңөрдөн башка үйлөргө уруксат алмайынча жана үй ээсине салам бермейинче кирбегиле. Бул өзүңөр үчүн жакшы нерсе. Мүмкүн эсиңерге келерисиңер. Эгер үйдө эч ким жок болсо, (кирүүгө) уруксат бермейинче кирбегиле. Эгер силерге: «Кайткыла» деп айтылса, дароо кайтканыңар жакшы. Алла Таала эмне кылганыңарды жакшы Билүүчү!» (Нур сүрөсү, 27-28-аяттар).

«Эй момундар! Кол алдыңардагы кул-күңдөрүңөр жана бой жете элек балдарыңар таң намазынан алдын, чак түштө кийиминерди (чечип) койгон учурда жана куптан намазынан кийин бөлмөңөргө кирүү үчүн силерден үч жолу уруксат сурашсын. Мына ушул үч мезгил силер үчүн уяла турган убакыт. Бул мезгилдерден тышкары силерге да, аларга да айып эмес. Анткени силер бири-бириңерге кирип-чыгып турушуңар керек. Алла силерге Өз аяттарын ушундайча (ачык) баян кылат. Алла – Билүүчү, Даанышман!

Мурункулар сымал эр жеткен балдарыңар да (уктоочу бөлмөңөргө) уруксат сурап киришсин. Алла (Өз) аяттарын ушинтип ачык маалымдайт. Алла – толук Билүүчү жана Даанышман!» (Нур сүрөсү, 58-59-аяттар).

Бир адамга жолуккан кезде ага жылуу маанайда салам берүү жана берилген саламга татыктуу алик алуу зарыл. Үйгө киргенде эч ким жок болсо, адамдын өзүнө өзү салам беришинде пайдадан башка зыяны жок [121].

Алла Таала баскан-турганда жана сүйлөгөндө пенденин сыпаа болушун каалайт. Кыйкырып, өкүрүүнү, үндү болушунча бийик көтөрүп сүйлөөнү жаман нерсеге салыштыруу менен мындай жоруктан тыйган. Аятта мындай деп айтылган:

«Басканда токтоо бол, үнүңдү басаңдат. Анткени үндүн эң жаманы эшектин үнү» (Лукман сүрөсү, 19-аят).

Мусулман үндү акырын чыгарып, жайыраак сүйлөшү керек. Айрыкча, узактан кыйкырып улууларды чакырбашы керек.

«Эй, ыймандуулар! Үнүңөрдү пайгамбардын үнүнөн бийик көтөрбөгүлө. Өз ара бири-бириңерге кыйкыргандай пайгамбарга кыйкырып сүйлөбөгүлө! (Болбосо) амалыңардын текке кеткенин сезбей каласыңар. Чындыгында, бөлмөлөрдүн артынан сага кыйкыргандардын көбү акыл жүгүртпөгөн түшүнүксүз немелер» (Хужурат сүрөсү, 4-аят).

Кандай гана маселе болбосун, көңүлдү оорута турган орой сөздөн оолак болуп, колдон келишинче жакшы сөз айтып, жылуу сүйлөгөнгө аракет кылышыбыз керек [122]. Жалаң гана жакшылык, акыйкат, изгилик жана такыбаалык тууралуу сүйлөгөнгө көнүшүбүз керек [123].

Жамаат менен отурган учурда тартипти, салтты сактап, «орун берип коюңуздар» же «жол бериңиздер» деген өтүнүчтөргө оң жооп кылуу кажет [124]. Кандай гана жыйын болбосун, катышып отурган соң уруксат сурап, анан чыккан жакшы [125].

Мусулман пенде жакын адамдары менен тамашалашкан учурда да сыпаа, сезимтал болушу керек. Орой, оор тамаша, бей-жай сөз албетте байкоосуздан адамдын көңүлүн оорутуп коюшу ыктымал. Андыктан тамашалашуунун да чеги менен болгону жакшы.

**Изгиликтин үлгүсү**

Тазалык жана сыпаалык жагынан Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафадан *(саллаллаху алейхи васаллам)* өткөн жан жок эле. Анын сырткы көрүнүшү жандүйнөсүнүн арулугун тастыктап турчу.

Күндөрдүн биринде Алла Элчиси сахабалары менен жолдо бараткан. Аңгыча пенделик кылып бир адам жолго түкүрүп койот. Бул жагымсыз көрүнүш катуу таасир этти белем, заматта ачуусу жүзүнө чыгып токтоп калат. Жагдайды түшүнгөн сахабалар көз ачып жумганча түкүрүктү кум менен жаап салганда гана Алла Элчисинин көңүлү жайлап жолун улайт.

Азирети Пайгамбарыбыз кийим-кечени тыкан, жарашыктуу, таза кийүүнү буюруп, бырышып-тырышкан немелерди кийбөөгө чакырган. Ошондой эле ар убак чачын, сакалын тарап ирээтке келтирип, жадагалса, кулагынын астыңкы жумшагына чейин өстүргөн чачын кээ-кээде хына менен бойоп, анда-санда зайтундун майы менен майлап турган (Тирмизий, Шамаил, 18-27-беттер).

Тарыхый булактарда сүйүктүү Пайгамбарыбыздын түнкүсүн уктардан алдын көзүнө сурма койгондугу айтылат [126].

Жыпар жыттуу атыр жана башка нерселер Азирети Пайгамбарыбызга сүйдүрүлгөн үч нерсенин бири болуп эсептелет. Деги эле анын жашоосунда жагымдуу жыттын өзгөчө орду болгон.

Анас *(Алла ага ыраазы болсун)* Алла Элчисинде атыр куйган кичинекей гана шишеси болгондугун жана такай андан себинип жүргөндүгүн кабарлаган (Абу Давуд, Таражжул, 23/1757).

Муну менен бирге кийимди кийүү жана моюн-башты түздөп, ирээтке келтирүүгө көп убакыт бөлүүнү туура көргөн эмес. Ошондой эле ыймандын талабына ылайык таза, бирок жупуну кийим кийүү абзел экенин эскерткен [127]. Муну кутман Пайгамбарыбыздын тазалык үчүн колдонгон каражаттарынын жупунулугунан байкоого болот. Алла Элчисинде күзгү, тарак, кайчы, мисвак, көзгө сурма койгон кыл калем, атыр куйган шише сыяктуу өтө зарыл деп эсептелген шаймандар гана бар эле. Алла Элчиси кандай гана узак сапарга чыкпасын, аталган каражаттарды жанына ала жүргөн (Ибн Саад, I, 484).

***

Момун мусулмандагы тазалыкты жана илбериңки мамилени чагылдырган төмөнкү окуя баарыбыз үчүн зор мааниге ээ. Мугийра бин Шуба баян этет:

«Калаадан узакта жүргөнбүз. Алла Элчиси даарат алуу үчүн суу таба алар бекенбиз дегендей ишаарат кылды. Бизге жакын жерде жайгашкан чатырга барсам, бедуиндин жубайы бар экен.

– Эжеке, мени менен келген инсан Алланын Элчиси Мухаммад *(алейхис салам)* болот. Даарат алайын десе суу жок болуп жатат. Сиздерде суу болсо, бере аласызбы, даарат алып алалы?

– Ата-энем садага болуп кетсин Пайгамбарга! Аллага ант болсун! Көк асмандын астында, жер үстүндө жашап жүргөн адам атпайдын ичинен мен үчүн андан сүйүктүү инсан жок. Бираз суу бар, бирок чанач (арам) өлгөн жаныбардын терисинен жасалган эле. Алла Элчисин кирдетким келбейт.

Мен Пайгамбарыма барып жагдайды түшүндүрдүм. Ал мени кайра жиберди:

*– Барып андан сура, эгер терини ашаткан болсо, анда чанычы таза болот.*

Дароо барып чабандын аялынан теринин ашытылып ашатылбаганын сурадым. Ал мага терини өз колу менен ашатканын айтты. Мен ошентип Алла Элчисинин дааратына суу алып келгем...» (Ахмад, IV, 254).

***

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мечитте отурган. Аңгыча чач-сакалы өсүп, жүдөп-какаган бир адам сырттан кирип келет. Анын абалына кейиген Пайгамбар *(алейхис салам)* колу менен ишаарат кылып чач-сакалын ирээтке келтирп алууну буйруду (Муватта, Шаар, 7; Байхакий, Шуаб, V,. 225).

Алла Элчиси дагы бир жолу ушундай эле сакалы үпсөйүп, чачы саксайып жүргөн адамды көрүп:

*«– Эмне үчүн бул адам чачын жууп тарап албайт?»* деп санааркаганын билдирген.

Ошондой эле эл ичинен бирөөнүн кирдеп кеткен кийимин жуубай жүргөнүн көрүп:

*«– Бул адам кийим жууганга суу таба албай калганбы?»* деп айтуу менен мусулмандын ар дайым таза, тыкан болушу керек экендигин суроо аркылуу эске салган (Абу Давуд, Либас, 14/4062; Насаий, Зинат, 60).

Азирети Пайгамбарыбыз ушундай жагдайларда тазалыкка көңүл бурбаган адамдардын турмуш деңгээлин, убактысынын бар-жогун сурап, Жараткан Алла Таала ыроологон нематты жарашыктуу деңгээлде колдонуу зарыл экенин маалымдаган (Абу Давуд, Либас, 14/4063; Насаий, Зинат, 54; Ахмад, IV, 137).

***

Ата бин Яасар баян этет:

Көптөн бери кыскартылбагандыктан чач-сакалы үпсөйгөн бир адам мечитке кирет. Алла Элчиси аны көрөр замат колун жаңсап сыртка чыгып кетүүгө ишаарат кылгандай болду. Аныгында чачын, сакалын тарап, тыкандап алууну буйруган эле. Адам көп өтпөй түздөнүп кайрадан кирет. Алла Элчиси ошондо жалпы жамаатка мындай дейт:

*«Шайтан сыяктуу чач-сакалы саксайган абалда жүдөп жүргөнгө караганда бираз да болсо таранып келгениңер дагы да жакшы эмеспи?!»* (Муватта, Шаар, 7).

***

Алланын ардактуу Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* адамзат тарыхындагы эң мээримдүү, эң сыпаа, жүрөгү таза жана кеңпейил инсан болгон. Бала кезинде да эч ким менен чатакташып, урушуп-талашкан эмес экен. Бир жолу мүнөзү орой бир пенде:

– Эй, Мухаммад! Эй, Мухаммад! – деп эң жакын теңтушуна да оор келгидей таризде катуу кыйкырат. Жарыктык Пайгамбарым ошондо да жарык маанай менен:

*– Кулагым сизде, айта коюңуз, эмне каалооңуз бар?* – деп сыпаалыгынан жазган эмес [128].

***

Алланын сүйүктүү Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* абдан кичипейил, ашкере сыпаа жан болгондуктан келген контокторго өзү туруп кызмат кылган (Байхакий, Шуаб, VI, 518, VII, 436).

***

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун)* баян этет:

«Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* оң колун тазалык жана тамактануу үчүн колдонсо, сол колун дааратканадагы тазалык жана башка иштерге колдонгон» (Абу Давуд, Тахарат, 18/33).

***

Кадырман Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мүмкүнчүлүк алкагында ак түстөгү кийим кийүүнү жактырган жана ак түстү сунуш кылган:

*«Ак түстүү кийим кийгиле. Анткени ак түстүү кийим таза жана көзгө дагы да жагымдуу көрүнөт. Көзү өткөн маркумдарыңарды да ак кепинге орогула»* (Тирмизий, Адаб, 46/2810).

Азирети Пайгамбарыбыз бул жана башка сунуштары, буйруктары менен кийимди таза, тыкан кармоо шарт экендигине басым жасаган.

***

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кийимде пайда болгон жагымсыз жытка эч убакта кайдыгер караган эмес. Арапстандын аптаптуу ысыгында тердегенден улам кийип жүргөн чепкени жүн жана тер жыттанып калган. Ошондон улам чепкенин дароо жуудурган. Азирети Аиша энебиз анын мындай тазалыкка болгон дилгирлигин жана ар дайым жыты жагымдуу атыр себингенин кабарлаган (Абу Давуд, Либас, 19/4074).

Кутман сахабалар маңдай тер менен тиричилик өткөргөн мээнеткеч эле. Алар түшкө чейин иштеп, убакыт жакындап калганда соодагери соодасын, иштерманы ишин, дыйканы талаасын таштап, жума намазын окуу үчүн мечитке барышчу. Мусулмандар үйгө бурулбай иш үстүнөн түз мечитке келгендиктен денелери тер жыттанып жагымсыз жагдай жаралган. Мунун алдын алуу үчүн Азирети Пайгамбарыбыз:

*– Жума күнү жуунуп тазалангыла!* – деп буюрган (Бухарий, Жума, 16, Буйу, 15; Муслим, Жума, 6).

Муну менен эле чектелип калбастан жума күндүн жана жума намазынын артыкчылыгы, бул күнү алдын ала тазаланып, жуунуунун зарылдыгы тууралуу көптөгөн хадистеринде маалымдаган.

***

Азирети Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* аялдарга көрсөткөн сыпаа мамилесин чагылдырган төмөнкү мисал жалпыбыз үчүн ийги үлгү:

Бир сапарда Анжаша ысымдуу кызматкер кубулжута обон созуп төөлөрдүн жүрүшүн ылдамдатат [129]. Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* улам жортуп, ылдамдап бараткан төөлөрдүн үстүндөгү аялдардын назик денеси запкы тартып калышы мүмкүн экенин, аялзатын аздектөө керектигин эске алып, мырза катары сыпаа кайрылган:

*– Анжаша! Абайла, айнектер сынып калбасын!»* (Бухарий, Адаб, 95; Ахмад, III, 117).

***

Пайгамбарлар Султаны Азирети Мухаммаддын сылык-сыпаалыгы, назиктиги, Куран-и Каримден мурунку ыйык деп эсептелген китептерде да кабарланган. Абдуллах бин Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* күндөрдүн биринде Кааб ал-Ахбарга [130] «–Алланын Элчисинин сыпаттары Тооратта кандайча маалымдалган?» деп өтө маанилүү бир суроо салат:

Кааб ал-Ахбар ага мындай деп жооп берген:

«– Тооратта анын сыпаттары, өзгөчөлүктөрү тууралуу булар жазылган: Мухаммад бин Абдуллах Меккеде төрөлүп, Таабага (Мединага) көчөт. Дамаскка өкүм жүргүзөт. Жаман сөз айтпайт, базарда кыйкырып сүйлөбөйт. Жамандыкка жамандык менен жооп кайтарбайт, тескерисинче, айкөлдүк менен кечирет. Анын үммөтү барчылык болсун, жокчулук болсун, Аллага шүгүр келтиришет, Жаратканды даңкташат. Белине белдемчи тагынат. Колдорун жууп жүрүшөт (даарат алышат). Согушта катар тизилгендей намазда да сапка тизилишет. Мечиттеринен аарынын үнүндөй

(Куран жана зикир) аваздары жаңырып турат. Азан үндөрү абаны жарып, бийиктерге көтөрүлөт» (Даримий, Мукаддима, 2).

***

Эч кимге зыян тийгизбөө үчүн колдон келишинче кылдат, аяр болуу Ислам дини талап кылган асыл ахлак, изги маданият болуп эсептелет. Мээримдүүлүктүн, ырайымдуулуктун пайгамбары саналган Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул жаатка алгач өзү өтө кылдат көңүл бөлүп, жамы адамзадага үлгү болуп берген. Ал күндөрдүн биринде Азирети Умарга *(Алла ага ыраазы болсун):*

*«Эй, Умар! Сен күчтүү, олбурлуу адамсың. Хажар-ы Асвадка (Кара ташка) жетүү үчүн элди кысып, алсыздарга зыян келтире көрбө! Өзүң да ооруба, бирөөнү да оорутпа! Эл агымы азайып, мүмкүнчүлүк болуп калса, Хажар-ы асвадды өп, ал эми алыс болуп калсаң «колуңду сунуп өбүү» ишаратын кыл да, келме келтирип, Жаратканды даңктап өтүп кет!»* деген (Хайсами, III, 241; Ахмад, I, 28).

Азирети Пайгамбарыбыз дагы бир хадисинде мындай деп эскертүү берген:

*«Кимде-ким жума күнү адамдардын мойнун басып (кысып, зыян берип) алдыңкы сапка өтсө, ал тозокко салынган көпүрө болот»* (Ахмад, III, 437).

Бул эрежени мечитте жамаат менен чогуу намаз окуу учурунда да сактоо зарыл. Алды жактагы саптар тыгыз толуп турганына карабастан жамаатты түртүп алдыга умтулуу туура эмес. Эгер алдыңкы саптарда бош орун бар туруп, жамаат арткы саптарды толтурса, анда бул да туура эмес.

***

Абу Васл Баян этет:

«Абу Аюб Ал-Ансарийге жолугуп кол кысышып жылуу маанайда саламдаштым. Тырмагымдын өсүп калганын көрүп жактырбаган таризде мындай деди:

– Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай дегенин уккам: *«Силердин араңарда көктөгү кабарлар менен алек болгондор бар. Алардын жырткыч канаттуунун тырмагындай кылып өстүргөн тырмагынын астына кир, чаң сыяктуу булганыч нерсенин баары топтолуп калат»* (Ахмад, V, 427).

Исламды чын дилден сүйгөн мусулман сүннөткө отуруу, тырмак алуу, кырынуу сыяктуу табигый тазалыкка катуу көңүл бурушу керек. Бүгүнкү күндө мода деп жаналекетке түшкөндөрдүн тырмакты узундан-узун өстүргөн жаңылыш жоруктары адамдын табиятына түк коошпогон жийиркеничтүү, ыплас аракеттен башка эч нерсеге татыбайт.

***

Умар бин Хаттаб *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай деген:

«Жараткан Алланын ырыскыны мол бергенине жараша силер да өзүңөрдү жакшы карагыла, (таза, тыкан кийингиле). (Ысырапкорчулуктан оолак болуу шарты менен) ар бир адам кийген кийимине маани берсин» (Муватта, Либас, 3).

***

Мусулман пенде Алланын Үйү саналган мечиттерди көз карегиндей таза сактоого тийиш. Имам Бухарийдин тазалыкка канчалык деңгээлде маани бергендигин тастыктаган төмөнкү окуя биз үчүн абдан ибараттуу.

Мухаммад бин Мансур баян этет:

«Бухарий мечитке жык толгон мусулмандарга динбиздеги өзөктүү бир маселе тууралуу насаат айтып жаткан. Аңгыча алдыңкы сапта олтургандардын бири сакалына жабышып калган чөптү алып имам жакка ыргытты. Дал ошол маалда Бухарийге көз кыйыгымды салдым. Ал чөптү ыргыткан пендени бир тиктеп, жамаатты бир тиктеп ыңгайсыз абалда калды. Бир маалда даанышман имам жамаатка байкатпай кол созуп жерде жаткан чөптү алды да, чөнтөгүнө салып койду. Бухарийдин аны эмне кылары мен үчүн кызыктуу эле. Ошондуктан сыртка чыкканда имамдын артынан бастым. Ал элден далдоо жерге барып чөнтөгүндөгү баягы чөптү жолдун жээгине таштап, андан ары кетти» (Ибн Хажар, Хадюс-Саарий, II, 196).

***

Сыпаалык айрыкча бирөөгө жакшылык жасаганда да, кайрымдуулук кылганда да мусулман үчүн зор мааниге ээ. Маркум атам жана агаларым кайрымдуулук иштерде кичипейилдикке,

сыпаалыкка абдан көңүл бурушар эле. Сыпайыгерчиликтин белгиси катары зекет, же садака салган баштыктардын, акча салган конверттердин бетине:

«Кабыл кылганыңыз үчүн сизге ыраазылык билдиребиз!» деп жазып коюшчу.

Мындан башка, колунда жок диндештерибизге жана мекендештерибизге жардам салынган баштыкты берерде аны жакшылап ороп, эч кимдин көңүлү оорубагыдай кылып калыстык үчүн баарына бирдей салып, жылмаю менен ээсине тапшырышчу. Карап көрсөң, алган тарап кубанып, берген тарап жандүйнөсүн каптаган бейпилдикке магдырап олтурган болот. Мен бул жерде адамдын өзүнө жалаң гана пайда алып келген сыпалыкка жана жардамга муктаж инсандардын көңүлүн багынткан усулду чебердик менен жүзөгө ашыруунун зарылдыгына токтолгум келет.

***

*«Тазалык – ыймандын жарымы»* (Муслим, Тахарат, 1) деген куттуу хадисти абалтан калыптанып бүгүнкү күндө белгилүү илим тармагына айланган «хусн-и хат» көркөм жазуу өнөрү менен шөкөттөп жаздырып, үйлөрүнүн жана мечиттердин дубалынын көрүнөө жерине илүүнү Осмон дөөлөтүнүн эли салт катары карманышса, күнүмдүк турмушта бул маңыздуу хадисти жашоонун өзгөргүс эрежеси катары жүзөгө ашырып келишкен.

Мамлекеттин башкы курулушчусу Кожа Синин момун мусулмандардын бактылуу, бейпил турмушу үчүн, тазалыгы жана ыңгайлуулугу үчүн өмүрүнүн аягына чейин үлкөн дөөлөттүн төрт тарабына келишкен имараттарды, суу түтүктөрүн жана мончолорду курган. Ал алтын муун заттык өңүттөн да, рухий өңүттөн да тазалыкты татыктуу сакташкан. Анткени күнүмдүк турмуштагы тазалыктан динди, динди тазалыктан бөлүп кароого болбосун алар мыкты түшүнүшкөн.

Жогорудагыдай эле алгы максат менен айыл-кыштактарга чейин таза сууну жеткирип, мончолорду курууга жетишкен. Элибиз Ислам дининин баалуулугун сиңирип, аны жашоодо колдоно баштагандан тарта үйгө бут кийим менен кирүү айып катары баалана баштаган. Намаз окуган ар бир мусулмандын үйү таптаза. Үй ичинде жаныбарларды багуу, асыроо деген нерсе мусулмандарга өөн учурайт. Жадагалса, канаттууларды да үйдөн тышкары өзгөчө жайларда, капастарда кармашат.

Ушул улуу касиеттен улам болсо керек, Осмон мамлекетинин эли жалпы жонунан ал убакта күч-кубаттуулугу жана саламаттыкты сактоо жагынынын башкаларга үлгү болгудай бийик деңгээли менен белгилүү болгон. Батыштын тарыхчылары өздөрү мойнуна алып жүргөндөй, агездерде тазалыктан такыр артта калган Европанын бир гана шаарында гигенасыз ыплас турмуштун кесепетинен миңдеген майыптар, мунжулар жана ар кандай ооруларга кабылган бейтаптар бар эле.

Даңазалуу Лувр сарайында адал азык деген түшүнүктүн жашабаганы ал кездеги Европанын тазалык жаатындагы абалын аңдатуу үчүн жетиштүү далил. Орто кылымдарда Европалыктар кол чатырды жогорку кабаттагы үйлөрдүн балконунан көчөгө төгүлгөн кирдин суусунан жана күлтүктөн (гарошок) төгүлгөн сийдиктен коргонуу үчүн колдонгон. Бул сыяктуу мисалдарга карт тарых өзү күбө.

Эми Батыштык айрым тарыхчылардын Осмон дөөлөтүнүн тазалыкка жана өз ара карым-катыштарда сылыктыкка, сыпаалыкка канчалык деңгээлде маани бергени тууралуу көз караштарына кезек берели:

М. де Тевенот:

«Түрктөрдүн саламаттыгы мыкты, ооругандары деле аз санда. Биздеги бөйрөк ооруулары жана дагы көптөгөн коркунучтуу дарттардын эч бирин кездештирүү мүмкүн эмес, алардын аттарын да билишпейт. Менин оюмча, түрктөрдүн ден-соолугунун чың болушунун эң башкы себеби тез-тез жуунуп, өз маалында тамактанганында болсо керек. Анан менин көңүлүмдү бурган дагы бир маанилүү нерсе, түрдүү тамактарды жасап, бирок аз-аздан жешет экен. Христиандардай болуп алар бүт нерсени аралаштырып жей беришпейт».

Рикаут:

«Дасторконго отуруудан алдын жана тамактангандан кийин колду таза жууш түрк элиндеги айныгыс эреже-тартиптердин бири».

Ж. В. Таверниер:

«Осмон дөөлөтүнүн маданиятында дасторкондон турарың менен сөзсүз колуңду жууп, оозуңду чайкайсың. Тамактанып болгон соң тестиерлердин бири кумганга жылуу суу жана атыр самын алып келет. Даражалуу жерге конокко барсаң, же гүлдүн суусу, же атыр жыттуу башка суу менен кол чайкайсың. Адеп боюнча буларда саймалуу сүлгүнүн бир учун гана колдонуу абзел».

Ж. Р. Дурдент:

«Күн сайын беш убак намаз окуу жана бир нече ирет даарат алып туруу түрктөрдө жашоонун өзгөргүс эрежеси катары калыптанган. Алар муну шарапаты менен рухий өңүттөн аруланаарына бекем ишенишет».

Др. А. Брайер:

«Осмон дөөлөтүнүн ар бир жараны ар дайым өз маалында жуунуп, тазаланып турууга көнгөн. Алдан тайып калса деле бала-чакасынын жардамы менен жуунуп турат. Дүйнөдөн кайткандарынын сөөгү шарият өкүмүнө ылайык суугa алынбаса, жаназа намазы окулбаса, табытка салынбайт. Шарият буйруган эрежелерди толук кандуу аткаргандан кийин гана каадасын кылып жерге беришет. Ал эми Европалыктар болсо ооруп же улгайып ал-күчтөн тайганда тазалык дегенди такыр унутта калтырып коюшат. Өлгөн адамды жакындары үйдөгү эң начар кездемеге ороп, арыдан-бери табытка салышат. Балдары жана туугандары жадагалса сөөктү чала-чапкыт жууп койууну ойлоп да коюшпайт».

***

Осмон дөөлөтүнө караштуу элдин адеп-ахлак, сылык-сыпаалык жана тарбия-таалим жаатындагы багынткан деңгээлине ушу күнгө чейин эч бир улут, эч бир коом жете элек. Үй-бүлөдө болсун, коом менен байланышта болсун, тарыхка көз чаптырган инсан алардагы изги адеп-ахлакка чындыгында суктанбай койо албаса керек. Алар эч кимди улутка жана мазхапка бөлбөй, Кудай алдында, абийир алдында баарына тегиз карап, бөтөн дин, бөтөн маданиятты карманган мекендештерине сый мамиледе болгон. Үлгү болорлук мындай изгиликти санай берсек, оргуштап чыга берери шексиз.

Бул улуу дөөлөттүн эли Ислам динин бекем тутунгандыктан келишпөөчүлүктөн, кекчилдиктен арылуу үчүн жума жана айт күндөрүн таарынычтарды жазып, кечиришүү, элдешүү жана ынтымакты бекемдөөнүн күнүнө айлантып алышкан. Мээримдүүлүктүн белгиси катары өз ара мамилелерде кекчилдиктен алыс болуп, кечиримдүүлүктү тандаганын тарых тастыктап келет.

Акылман ата-бабаларыбыз көрсөтүп кеткен адеп-ахлактын, сыпаалыктын санап бүткүс мисалы бар. Ислам динине жуурулушкан Осмон дөөлөтүндө:

а. Европа элдериндегидей арсыздык, уятсыздык, мурдун балта кеспеген бетпактык жана көчө чыр-чатактарынын бири да жок эле. Көчөлөр кадимкидей тынч жана коопсуз эле. Көчөгө түкүргөн жанды кезиктирүү мүмкүн эмес эле.

б. Сүйлөп жаткан адамдын сөзүн бөлүүгө эч ким даабайт эле. Сөз алган инсан оор басырыктуу отуруп маңыздуу нерселерди сүйлөр эле. Бул ажайып көрүнүшкө таң калган Чарльз Макфарлане мындай деген экен:

«Бул калктын салабаттуулугуна, кеп маданиятынын жогорулугуна ким болбосун таң калбай коймок эмес! Менин оюмча, башка маданияттар булардан үлгү алууга тийиш!»

в. Жүрүм-туруму, өз ара-мамилелеринин кай жагына карек оодарба, башта айтылып келгендей, тыкандыкты, ахлактуулукту, кичи пейилдикти жана сыпаалыкты көрүүгө болот.

г. Улууларга жогорку деңгээлде урмат сый көрсөтүлөр эле.

д. Аялзатын сыйлоо менен бирге бөтөнчө сылык мамиле кылуу терең тамыр жайган салттардын бири эле. Алардын өз үй-бүлөсүнө таандык болбогон аялдарга да эне, тай эже, эже, кызым, карындаш деп кайрылганы коомдогу биримдикке, коопсуздукка жана сылыктыкка кашкайган далил боло алат.

Ушул жана башка жагдайларда адилет баасын берген Европалык тарыхчы, саякатчылардын көптөгөн көз караштары бар. Алардын айрымдарын айтпай кетсек болбос:

Ладий Кравен:

«Түрктөрдүн аялзатына болгон астейдил мамилеси бардык элдерге үлгү болушу керек деп ойлойм. Маселен, бир эркек мыйзам алдында өлүм жазасына тартыла турган болсо, болгон мал-мүлкү мамлекеттин карамагына алынат. Бирок анын жубайына мамлекеттин катардагы жараны катары жылуу мамиле кылынып, ага тийиштүү бардык буюм-тайымдар өзүнө калтырылат».

А. Брайер:

«...Негизинен Осмон дөөлөтү сыяктуу тынчтык өкүм сүргөн, бейпилдикте жашаган коомдорго назар сала турган болсок, алардын үстү-башы таза, тыкан. Жүрүм-туруму сыпайы, мээнеткечтикке бышкан жүзүнөн жылуулук, кайраттулук да, мээримдүүлүк да байкалат. А сүйлөгөн сөзүн тыңдасаң, кандай гана маңыздуу, кандай гана нуска сүйлөшөт».

***

Осмон дөөлөтүндө жогорку баага арзыган дагы бир үлгүлүү жагдай бар. Алар шейит кеткен эрлердин эмгегин жана үй-бүлөсүнүн ар-намысын сыйлагандыктан караңгы түндө атайын азык-түлүк салынган баштыктарды алардын босогосуна таштап коюшчу. Бул изгилик кечелек муун үчүн эң керектүү таалим.

Ошондой эле жакыр жашаган бүлөлөрдүн муктаждыгын камсыздоо максатында «Садака сандыгы» деген жардам өнөктүгүнүн ар бир аймакта жыл бою жүрүп турушу эч бир элде кездешпеген камкордук, нары сыпайылык болуп эсептелет.

***

Пенденин сыпайылык жана кичипейилдик сезимине илхам болор окуяны назарыңыздарга суналы:

«Өткөн бир замандара Иран өлкөсүндө аалымдар менен акындардан турган «Унчукпастар мажлиси» деген топ түзүлөт. Курамы отуз адамдан турган бул жамаат жаңы мүчө алчу да эмес, чыгарчу да эмес. Көп ойлонуу, аз жазуу жана аз сүйлөө бул жамаатка кошулуунун эң негизги шарты эле. Ошол чөлкөмдүн ыкласман аалымдарынын бири унчукпастар мажлисине катышууну абдан арзуу кылчу экен. Күндөрдүн биринде бул жамааттын ичинен бир пенденин одүйнө салганын уккан ыкласман аалым анын ордуна кирүү үчүн аалымдар жыйналган жерге барат. Жылуу маанайда тосуп алган кароолчуга саламдан башка эч нерсе айтпастан өз ысмын кагаз бетине жазып, өзгөчө маселе боюнча жыйынга чогулган мажлис мүчөлөрүнө жиберет.

Унчукпастар мажлиси жазуу түрүндө жиберилген өтүнүчтү көрүп өздөрүн туюкка камалгансып бираз ыңгайсыз сезишти. Анткени сунуш жиберген аалым чындыгында мажлиске татыктуу инсан эле. Бирок көзү өткөн мажлис мүчөсүнүн ордуна эми эле жаңы мүчө кабыл алынгандыктан бош орун жок эле.

Инсан көңүлүнүн назик экенин билген мажлис төрагасы чыныга толтура суу куюп дарбазада жооп күтүп турган аалымга жиберет. Кыраакы талапкер жагдайды дароо аңдайт. Ошо кезде чыныга бир тамчы суу куюлду дегиче ашып-ташмак. Эмнеси болсо да, бактысын дагы бир ирет сынап көрүүнү чечет. Дубал бойлото өстүрүлгөн кооз гүлдүн бир жалбырагын үзүп суунун үстүнө аярлап койт, суу ашпастан мурунку калыбында калат. Кароолчу чыныны ичкеридеги аалымдарга көтөрүп кирет. Мажлис мүчөлөрү бул сыпайы жоопко абдан таң калышат. Кеменгер пенделердин деңгээли, абалы башкача эле атаганат...

Ошентип, аалымдар жаңы талапкерди унчукпастар мажлисине мүчө катары кабыл алууга бирооздон макулдугун билдиришет. Төрага тизмеге жаңыдан катталган мүчөнүн ысмын каттайт. Кадырбилгилик кылып отуздун аягына дагы бир санды кошуп 300 деп жазат. Төрага муну менен ал даанышман аалымдын илими, эл арасындагы салмагынын артында мажлистин баркы дагы он эсеге артканын айткысы келген.

Тизмеге көз жүгүрткөн аалымга андагы сандык өзгөрүү жакпайт. Аз сүйлөөнү адатка айланткан аалымдарга эч нерсе айтпастан арткы санды сызып, 030 кылып жазып койот. Сыпаалыкты сүйгөн аалым унчукпастан мажлисине жаңыдан гана катталгандыктан өзүн отуз адамдын ичинде жок (0) эсептегендиктен ушундайга барат. Мындайча айтканда, ал бир жалбырак чыныдагы сууну эч убакта ашыра албасын түшүндүрүүгө аракет жасайт. Башка мүчөлөр өзүн 030 кылып каттаганын парасаттуулук катары баалап жаңы мүчөнү кучак жая, урматтоо менен тосуп алышат» [131].

***

Жыйынтыктап айтканда, мусулмандыктын белгиси тазалыкта жана сыпаалыкта. Тазалык адамга заттык жана рухий өңүттөн, диний өңүттөн, асыресе, ден-соолуктун чың болушу жагынан абадай эле зарыл нерсе. Маселен, тазалык болболсо ибадаттарды буйрулгандай так орундата албайбыз. Ошондуктан мусулман бул жашоодо пакиза жашап, өлүмдү ар дайым таза абалда тосуп алышы керек. Мусулман баласы көз жумса, аны аруулап сууга алуу, аппак таза бөз менен кепиндеп, таза жерге коюу тирүүлөрдүн мойнундагы парзы. Муну менен эле чектелбестен, анык кыйынчылыкты жараткан кыямат күнү кайрадан ошол көрүнөн таза абалда турушу үчүн ар дайым артынан Куран окуп, жакшылык жасап, сообун багыштоо зарыл.

Сыпаалык жана кыраакылык мусулмандын көркү жана артыкчылыгы. Бул изги сапаттар Жаратkандын «Сактансаң, сактайм!» деген амирине ылайык инсанды ар түрдүү коркунучтан жана жаңылуудан сактайт. Пендени элдин сүймөнчүлүгүнө ээ кылып, кадыр-баркка, урмат-сыйга жеткирет.

Акыр аягында Жараткан Алла Тааланын ыраазылыгына татыктуу кылып, рухий абалын өтө бийик мартабага көтөрөт. Ошондуктан баарыбыз дин Исламды туура аңдап, жетик түшүнүп, аны толук кандуу жүзөгө ашырып, турмуш менен айкалыштыра жашашыбыз керек.

[1] Олуя: Олуя сөзү араб тилиндеги «авлия» деген сөздөн келип чыккан. «Авлия» сөзү арабчада «дос, жакын» деген маанилерди туюнткан (вали) сөзүнүн көптүк түрү. Ал эми Ислам коомчулугунда «авлия» сөзү Ыйык Куран жана сүннөт менен жуурулуша жашоо аркылуу Алла Тааланын сүйүктүү кулуна айланган инсандарга карата айтылат. Олуя – бул айрым адамдар түшүнгөндөй көзү ачык же бакшы эмес.

[2] Самавий: «Сама» сөзү асман деген мааниге келет. Самавий – Көк асмандан келген деген-ди билдирет. Тактап айтканда түздөн-түз Алла Таала тарабынан келген деген мааниде.

[3] Самавий диндердин бири – христианчылык. Бүгүнкү күндө анын көптөгөн өкүлдөрү бар. Иса пайгамбар түпкүлүгүндө Алла Тааланын жалгыздыгын жар салган жана адамдын жандүйнөсүн аруулаган вазийпа менен келген пайгамбар болгон. Ошол себептен социалдык нормо катары бир нече гана ахлак эрежелерин алып келген. Кыйла убакыттан кийин «Тавхид» максатында жар салынган ишеним бул динди жактоочулардын колу менен «Теңир, Анын Уулу жана Ыйык Рух» деген бири-бирине караманча каршы келген үчилтик ишеним шекилинде бузулган. Ошентип Алла тарабынан ыроолонгон бул самавий дин нукуралыгын, асылдыгын сактай албай бүгүнкү күндө таанылгыс абалга келип олтурат.

Ал эми Азирети Муса (алейхис салам) алып келген тавхид ишенимине пайгамбардан кийинки жактоочулар өз ара мамилелерге карапайым адамдар тарабынан бир топ эрежелерди коюшкан. Натыйжада ашкере чалмакей абалга жетип акыйдалык өңүттөн да, мамилелер өңүтүнөн да түпкүлүгүнө эч бир шайкеш келбеген, баш-аягы билинбеген дайынсыз абалга жеткен десек жаңылышпайбыз. Жөөттөрдүн кайдыгерлигинен улам «Узайр (алейхис салам) Кудайдын баласы» деген тантырак ишеним киргизилген соң Тавхид ишенимине негизделген бул дин да нукуралыгынан тайып, бузулууга бет алган. Ошону менен катар жөөттөр жалпы адамзаттан өздөрүн артыкча көрүп, насилибиз асыл деп көкүрөк кагып Алланын адилеттүүлүгүнө шек келтирген. Бул эле эмес дагы көптөгөн акыйкаттарды бурмалоо менен чоң жаңылыштыртарды кетирген.

[4] Хужурат сүрөсү, 9-аят.

[5] **Минбар:**Такт сыяктуу бийик отургуч.

[6] Хайсами, I, 90

[7] караңыз: Бухарий, Шахадат 27, Хиял 10, Ахкам, 20; Муслим, Акдия 4.

[8] Анбия сүрөсү, 47-аят

[9] Балазури, Футхул-булдан, Бейрут-1987. 187-бет.

[10] Бабанзада Ахмад Наим, Ислам ахлакынын есаслары, Истамбул-1963. 86-бет.

[11] крз. Тирмизий, Зекет, 28; Суюту, ал-Жамиус-Сагийр, I, 108.

[12] Абу Давуд, Адаб, 37/4888.

[13] крз. Ибн-и Хишам, IV, 32; Вакиди, II, 835; Ибн-и Саад, II, 142-143.

[14] крз. Бухарий, Манакыб, 25; Муслим, Салат, 119.

[15] Исра сүрөсүнүн, 70; Тиин сүрөсүнүн, 4 – аятын караңыз.

[16] Ниса сүрөсүнүн 161-аятын окуңуз.

[17] Бакара сүрөсүнүн 275-279-аяттарын; Рум сүрөсүнүн 39-аяттарын окуңуз.

[18] караңыз: Бухарий, Васая, 23, Тыб 38, Худуд 44; Муслим, Иман 145.

[19] караңыз: Абу Давуд, Буйу, 4/3333; Тимизи, Буйу, 2; Ахмад, I, 393.

[20] караңыз: Ибн Маажа, Тижарат, 58; Хаким, IV, 353/7892.

[21] Бухарий, Магази, 58, Ахкам, 35; Насаи, Адабул-Кудат, 16; Ибни Хишам, IV, 53-57; Вакиди, II, 875-884

[22] Бакара сүрөсү, 153-аят.

[23] Мавла: Алла Тааланын 99 ысым-сыпатынын бири. Бул ысым ошол кездерде коргоочу, жардамчы, кожоюн, дос, кулуна азаттык берген бай жана башка ушул сыяктуу маанилерди туюнткан.

[24] Ибн Хажар, Хайратул хисан, 44-б; Мухаммед абу Захра, Абу Ханифа (арап тилинен түрк тилине которгон) Осман Кескиоглу, Коня-1973, 34-б.

[25] Аббасий дөөлөтүнүн экинчи халифасы (падышасы) Абу Жафар Мансур Имам Аазамга Багдаттын казылыгын сунуш кылат. Көптү көргөн көсөм аалым казылыкты кабылдоо менен падышанын зордукчул бийлигин колдоп, бийликтин кысымынан улам шариятка тийиштүү чечимдерди жаңылыш чыгарып алып жүрбөйүн деген ой менен сунушту четке кагат. Мындайды күтпөгөн Мансур Абу Ханифаны карматып балак урдуруп, зынданга салдырат. Анда-санда келип эгер Багдатка казы болуу сунушун кабыл кылса, зындандан дароо чыгарарын эсине салып турат. Алла Тааладан чындап корккон

Имам Аазам: «Анын жеке кызыкчылыгына жараша чечим чыгаргандан көрө зынданда жатканым жакшы» деп падышанын жанын кашайтат.

Акырында жашы илгерилеп, ден-соолугу начарлаган кезде зындандан чыгарылат. Жогоруда айтылгандай өмүрүнүн акырында маанилүү керээз калтырат. Башкача айтканда, Мансур тарабынан зомбулук менен каратылып алынган жерге көмүлүүнү каалабаганын айтат.

Атагы ааламга кеткен алп аалымдын жаназасына жаш-кары дебей өтө көп адам катышат. Анчалык көп сандагы адамдын бир жерге жыйналганын нечен тарыхты баштан өткөргөн карт Багдад эч убакта көргөн эмес эле. Жамаат тарап кеткенден кийин мамлекеттин падышасы Мансур Абу Ханифанын мүрзөсүнө барып ойлонуп көпкө олтурат.

[26] караңыз: Муслим, Бирр, 60; Тирмизий, Кыямат, 2; Ахмад, II, 235, 323, 372, 411.

[27] Негизинде чоң күнөө деп эсептелген арам иштер бул жерде айтылган нерселерден турбайт. Алланын Элчиси башка хадистеринде дагы көптөгөн чоң күнөөлөр тууралуу маалымат берип кеткен. Азирети Пайгамбарыбыз ар кайсы жерде, ар кандай жагдайларга карата, ар кандай кырдаалдарда жана ар башка адамдарга зарылдыкка жараша чоң күнөөлөрдүн түрлөрүн айтып кеткен

[28] Насаий, Зекет, 69.

[29] Куртубий, XVIII, 195; Раази, XXX, 41.

[30] Каасаани, Бадааиус-санааи фи-тартибиш-шараи, Бейрут-1982, IV, 24.

[31] Бухарий, Айман, 1; Муслим, Айман, 26.

[32] Абу Давуд, Адаб, 61, 106, 107.

[33] Бухарий, Акика, 1, 2; Муватта, Акика, 2, 3.

[34] Бир васк болжол менен 200 килограммга барабар.

[35] Бухарий, Васая, 32; Муслим, Жихад, 55. Хадисте айтылган «кызматкерлерим» сөзү Азирети Пайгамбарыбыздын эгин жайларын айдап, сээп, сугарып караган жана айлык акы алган адамдарды түшүндүрөт. Анткени айрым булактарда Алла Элчисинин курмазарын караган бир адамдын болгондугу айтылат (караңыз: Муслим, Мусакат, 99-100).

[36] Нававий, Шархул Сахихи Муслим, Мисир-1981, XII, 82.

[37] Хадисте айтылган «кумурска» сөзү адамдын эки ыптасына же болбосо денесинин кайсыдыр бир жерине чыккан жаранын аты жана аны айыктыруу жолу.

[38] Рухбандык: кечилдердин жашоо ыңгайы, монастыр жашоосу

[39] Ибн Хиббан, Сахих, Бейрут-1993, XIV, 86.

[40] Лукман сүрөсү, 15-аят.

[41] Рамазаноглу Махмуд Сами, Азирети Умарул-фарук (радыяллаху анх) 158-160-беттер. Истамбул.

[42] Ибн Хажар, Фатхул Бари, Фарул фикр, Фуат Абдулбаакий, X, 456; Суйути, ал-Жаамиус-сагийр, I, 146.

[43] Бухарий, Шүфа, 3, Хиба, 16, Адаб 32.

[44] Ахмад, III, 407.

[45] Ахмад, V, 176.

[46] Муслим, Иман, 73.

[47] Бухарий, Никах, 80, Адаб, 31, 85, Рикак, 23; Муслим, Иман, 74, 75.

[48] Муслим, Иман, 77.

[49] Хижр сүрөсү, 29-аят; Саад сүрөсү, 72-аят.

[50] Исра сүрөсү, 70-аят; Тийн сүрөсү, 4-аят.

[51] Муслим, Бирр, 28-34.

[52] Шектен, ширктен, каапырлыктан, күнөөкөрлүктөн арылып, Алла Таалага ар дайым бекем ыйман менен ишенген жүрөк. Алла Таала Ыйык Куранда мындай деп буйруйт: «Ал Күнү (кыяматтагы сурак күнү) мал-мүлк да, бала-бакыра да пайда бербейт. Алланын алдына арууланган жүрөк (калби салим) менен баргандар гана пайда табат» (Шуара сүрөсү, 88-89-аяттар).

[53] Ниса сүрөсүнүн 28-аятын окуңуз.

[54] Бухарий, Мазалим 5; Муслим, Либас 3.

[55] Бухарий, Сулх 11, Жихад 72, 128; Муслим, Зекет 56.

[56] Бухарий, Салат 88, Мазалим, 5; Муслим, Бирр 65.

[57] Хатиб Багдадий, Тарихул Багдад, Бейрут, Даарул Кутубул Араби, XIII, 362; Абу Захра, 34-35-б.

[58] Бухарий, Сулх 11, Жихад 72, 128; Муслим, Зекет 56.

[59] Караңыз: Бухарий, Сулх, 2; Муслим, Бирр, 101.

[60] Исламдан мурун араптар  Алланын бар экендигин кабылдашкан. Бирок алар Алладан башка кудайларга да сыйынгандыктан, тавхид ишениминен ого эле оолактап  калышкан. Ошондуктан алар да Алланын атын оозанып, Анын улуулугун билдирген сөздөр менен касам иче турган. Араптардын ширкке (Аллага орток кошуу) кадам таштоолорунун себеби, Аллага жакындоо, Алланын алдында жардам бере турган шапаатчы табуу же шарапат, улуктукка ээ болуу өңдүү ар түрдүү максаттар менен аша чаап, буттарга сыйынып кетишкендиктеринде жатат (Анкабут сүрөсү, 61; Зумар сүрөсү, 3-аяттар)

[61] **Микат:** Меккеге жакын ажылар ихрамга кире (ажылык озуйпасын орундатууну баштай) турган жер.

[62] Фатих сүрөсү, 1-аятка назар салыңыз.

[63] Халаби, Инсанул Уйун, Мисир-1384/1964, II, 715. караңыз: Абу Давуд, Жихад, 143-144/2736.

[64] Ибн Саад, II, 134

[65] Ибн Хишам, IV,  14.

[66] Хамидуллах, Ислам Пейгамбери, Истамбул-1995, II, 264-265.

[67] Неби Бозкурт, ДИА, «Мекке» гл. XXVIII, 557.

[68] Ахмед Эрсөз, Эйитимде депремли йыллар, Истамбул-1193, 70-бет.

[69] Муслим, Акдия, 10.

[70] Тирмизий, Илим, 7/2658; Ибн Маажа, Мукаддима, 8

[71] Бухарий, Хаж, 132, Илим 43, Магази 77, Дият 2, Адахи 5; Муслим, Иман 118-120, Касама 29.

[72] Тирмизий, Фитан, 7.

[73] Бул жерде Пайгамбарыбыз Мекке менен Мединанын климаттык шарттарына  (күндүзүн аба өтө эле ысык болгондуктан) ылайык түнү иштөөнү сунуш кылган.

[74] **Укиййа:** күмүштөн жасалган байыркы акча биримдиги. 1 укиййа болжол менен 128 грамм салмагында болот.

[75] Бухарий, Жизя, 6.

[76] Ахмад, IV, 155.

[77] Кахф сүрөсү, 77-аят.

[78] Абу Давуд, Витр, 29/1536; Тирмизий, Бирр 7, Даават, 47.

[79] Муслим, Либас, 41.

[80] Тирмизий, Бирр, 63/2006

[81] Бухарий, Никах, 84, 86; Муслим, Зекет, 84.

[82] Ибн Маажа, Атимма, 55.

[83] Муслим, Масажид, 290.

[84] Тирмизий, Савм, 70/789.

[85] Дин Исламды, ыйманды сактап калуу максатында Меккеден Мединага көчүп барган мусулмандар.

[86] Меккеден көчүп келген мусулмандарга жардам берген Мединалык мусулмандар.

[87] Бухарий, Иман, 32, Тахажжуд 18; Муслим, Мусафирийн 221.

[88] Ибн Батута, Рихлату ибн Батута, Бейрут, 305-306-беттер.

[89] Хушуу: Аллдан коркуу, Ага болгон сүйүүнүн толкуну менен Ага  кынтыксыз моюн сунуу; Бул сезимден пайда болгон рухий абал.

[90] Абу Давуд, Суннат, 15/4682.

[91] Ибн Маажа, Тыбб, 1.

[92] Абу Давуд, Адаб, 7/4799.

[93] Тирмизий, Бирр, 71/2018.

[94] Тирмизий, Бирр, 62/2004.

[95] Ибн Саад, I, 365.

[96] Тирмизий, Бирр, 69.

[97] Ибн Саад, II, 197; Бухарий, Тыбб, 47, 49; Муслим, Салам, 43; Насаий, Тахрим, 20; Ахмад, IV, 367, IV, 57; Айни, XXI, 282.

[98] Абу Давуд, Адаб, 18/4840; Ибн Маажа, Никах, 19.

[99] Тирмизий, Бирр, 48/1977; Ахмад, , 405, 416.

[100] Кахф сүрөсү, 23-24-аяттар.
[101] Суюти, ал-Жамиус-сагийр, I, 110.
[102] Исра сүрөсү, 36-аят.
[103] Тирмизий, Иман, 8/2616.
[104] Ибн Маажа, Зухд, 15.
[105] Муслим, Зекет, 68.
[106] Бухарий, Истизан, 47
[107] Ахзаб сүрөсү, 32-аят.
[108] Муслим, Илим, 7; Абу Давуд, Суннат, 5.
[109] Бухарий, Мавакит, 23; Муслим, Масажид, 236.
[110] Муслим, Иман, 77.
[111] Хадисти толук бойдон окуу үчүн Ибрахим Жанандын «Хадис ансиклопедиси»нин 16-томунун 252-беттеги 5838номурлуу хадисти карап чыгыңыз.
[112] Юсуф Хамаданий, Рутбатул Хаят.
[113] Аараф сүрөсү, 204; Ахкаф сүрөсү, 29-аяттар.
[114] Айни, Умдатул-кари шарху Сахихил-Бухарий, Бейрут, Идаратут-тыббатил-мунирийа, I, 61; XXIV, 128).
[115] Ибн Саад, I, 142.
[116] Тарсуста тарыхый бир мечитте Лукман *(алейхис салам)* итикафка кирип, ойго сүңгүгөн жер. Бүгүнкү күндө бул жайга зыяратчылар келип турушат.
[117] Бухарий, Илим 9, 37, Хаж 132; Муслим, Хаж 174, Кусама, 29, 30.
[118] Бухарий, Мазалим, 10, Рикак 48; Муслим, Бирр 59; Тирмизий, Кыямат 2; Ахмад, , 303, 324, 372.
[119] Абу Давуд, Адаб, 36/4887.
[120] Тирмизий, Атимма, 39/1846.
[121] Нур сүрөсү, 61-аят; Ниса сүрөсү, 86-аят.
[122] Исра сүрөсү, 53-аят.
[123] Мужадала сүрөсү, 9-аят.
[124] Мужадала сүрөсү, 11-аят.
[125] Нур сүрөсү, 62-аят.
[126] Алланын Элчиси сахабаларына сурма көздү жалтыратып, кирпиктерге пайдалуулугун айтып, Исмид тараптан өндүрүлгөн сурманы колдонууга кеңеш берген (Тирмизий, Либас, 23/1757).
[127] Абу Давуд, Таражжул, 1.
[128] Муслим, Нузур, 8; Абу Давуд, Айман, 21/3316; Тирмизий, Зухд, 50; Ахмад, IV, 239.
[129] Негизинен эле төө жаныбар кубулжуган мукам үндү укканда эргип кетет. Ошондуктан төөнү көп асыраган арап элинде төө баккандар ылдамыраак жүрүү үчүн обон созушат. Бул арап элинде «хида деп аталат.
[130] Кааб ал-Ахбар (Алла аны Өз ырайымына бөлөсүн) сахабалардан кийинки таабиин деп аталган муундун өкүлү болот. Ал Иудайизм динине тиешелүү маалыматтарды, кабарларды жакшы билген инсан болгон. Кааб ал-Ахбар Азирети Абу Бакр халифа болуп турган кезде мусулман болуп, улуу көчтүн 32-жылы көз жумган.
[131] Рыза Акдемир, Бир демет чичек, 76-78.